**Кыргыз Республикасынын билим жана илим министрлиги**

**Жалал-Абад мамлекеттик университети**

**Философия жана гуманитардык илимдер кафедрасы**

# Философия тарыхы

**(окуу куралы)**

**Жалал-Абад, 2009**

**ББК 87. 3**
**Т - 51**

**Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Философия жана гуманитардык илимдер кафедрасында талкууланып университеттин окуу-методикалык кеңешинде сунушталган**

**Рецензенттер: Ниязалиев Ш.М. – ф.и.д., профессор,**
**Сулайманов Э. – т.и.к., профессор**

**Философия (Окуу куралы). – Жалал-Абад, 2009. – 320 б.**

**Бул окуу куралы философия тарыхы боюнча жазылып байыркы мезгилдеги философиядан тартып азыркы учурга чейинки философиялык ойлордун өнүгүшү анализге алынат. Эмгекте философия тарыхынын өнүгүү эволюциясы системалуу, логикалык ырааттуулукта сүрөттөлүп берилет. Сунуш кылынган материалдар автор тарабынан көп жылдар бою лекциялар курсунда окулуп келген.**

**Окуу куралы жогорку окуу жайларынын студенттерине, аспиранттарга, мектеп окуучуларына жана жалпы эле философия илимине кызыккандарга арналат.**

**Жалал-Абад мамлекеттик университети**

# Киришме

Бул окуу куралы Байыркы Кытай, Индия, Грециядагы философиясынын калыптанышы, өнүгүшүн анализдөөдөн баштап, орто кылымдардагы философиянын пайда болуп, өнүгүү өзгөчөлүктөрүнө кеңири токтолот. Кайра жаралуу доорунун философиясы өзгөчө кылдаттык менен жазылып, анын философиялык ой жүгүртүүлөрдөгү орду ачык сүрөттөлүп берилет. Философия тарыхы көрсөткөндөй жаңы доор философиясы өзгөчө кеп кылууну талап кылат. Ошого байланыштуу бул доордогу философияга системалуу мамиле жасоо автордун негизги милдети болду. Натыйжада XVII-XVIII кылымдардагы философиянын тарыхый-философиялык эволюциядагы орду, анын негизги өкүлдөрү, алардын философияга арналган чыгармалары жөнүндө маалыматтар айтылып кетти. Немецтик классикалык философиянын негизги идеялары да ачык, системалуу берилгендигин белгилеп кетүү туура деп ойлойбуз.

Иликтөө көрсөткөндөй XIX-XX-кылымдардагы философиялык ой жүгүртүүнүн моделдери көп түрдүүлүгү менен мүнөздөлөт. Мында ар түрдүү маданияттын өз ара карым катнашы жана ал маданиятта адам баалуулуктарынын, адам жашоосунун маңызынын анализге алынышы мүнөздүү. Бул учурдагы философияны анализдөөдө диндик философия да өз ордун тапты.

Бул окуу куралы жөнөкөй тил менен жазылып байыркы мезгилден тартып азыркы күнгө чейин белгилүү болуп келген акылмандар жөнүндө кыскача маалыматты да берүүгө жетишти.

Окуу куралы жогорку окуу жайларынын «философия», «философия тарыхы» курсун окуган студенттерге, окуучуларга, аспиранттарга философияга кызыккан жаштарга сунушталат. Анткени жаштардын дүйнөтаанымынын калыптанышында философиялык ой жүгүртүүлөрдүн, ар бир этаптагы дүйнөкараштын таасири чоң болот. Салыштырмалуу анализдин негизинде сынчыл ой жүгүртүү ишмердүүлүктөрүнүн калыптаншына шек жок.

# Байыркы дүйнө философиясы

1. **Байыркы Индия философиясы**
2. **Байыркы Кытай философиясы**
3. **Античтик Греция философиясы**

Байыркы Индия философиясы элдик оозеки чыгармачылыктын негизинде келип чыккан, анын мисалы болуп Веды эсептелет. Веды – "билим", "ведачылык" дегенди билдирет. Бул б.з.ч. II миң жылдыктын орто ченинде көчмөн элдер – арийлер тарабынан Индияга алынып келинген. Веды – бул байыркы индустардын диний гимндердин, ритуал, миф жана социалдык мамилелеринин жыйындысы. Веданын курамы төмөндөгүлөр: Самхиттер, Брахмандар, Арамьяктар, Упинашаддар. 1-бөлүгү – Самхит-Ригведа – 1028 гимнди камтыйт, Ригведага Самаведа, Яджурведа, Атхарваведа камтылып турат. Ригведа жаратылыш күчтөрүнө сыйынуу духуна жык толгон. Жаратылыш кубулуштары ыйык-кудай катары эсептелген. Мындагы гимндер кудайлардын эрдигин, баатырдыгын күчтүүлүгүн даңктаган.

Веданын негизинде пайда болгон философиялык окуулар экиге бөлүнгөн: 1) ортодоксалдуу (Веданын авторитетин таанып жана аны менен талаш-тартышка барбагандар), 2) ортодоксалдуу эмес (Веданын авторитетин таанparam багандар). Отодоксалдуу (астика) философиялык системага төмөндөгүлөр кирет: санкхья, йога, вайшешика, нняя, миманса, веданта. Ортодоксалдуу эмес (настика) системага жайнизм, буддизм жана чарвак локаята.

**Жайнизм**. Джайнизм же жайнизм философиясы б.з.ч. VI-кылымда пайда болгон. «Джина» деген сөз «жеңүүчү» дегенди түшүндүргөн. Бул ат менен жайнизмдин негизги 24 окутуучусу аталган, анткени алар бардык жерде жеңишке жетишишкен. Ушундан улам окуусу да жайнизм деп аталган.

Жайнисттер кудайларга ишенишпейт, бирок өздөрүнүн окутуучуларын, насаатчыларын ыйык тутушат. Алардын оюу боюнча ар бир Жан (джива) көз карандылыкта туруп, джинага таянып чыныгы билимге, күчкө жана бакытка жетет.

Онтологияда жайнизм беш субстанциянын жашай тургандыгын белгилейт: материя (пудгала), убакыт (кала), мейкиндик (акаша), кыймыл шарты кыймылды пайда кылат (дхарма), тынчтыктын шарты (а-дхарма).

Материя төрт элементке ажырайт: жер, суу, от, аба. Бул элементтер атомдордон (ану) турат, алар өтө майда, ошондуктан сезимдер менен таанылбайт. Алар түзүлбөйт жана бузулбайт. Ар кандай эле буюм ушул элементтердин аралашмасынан турат. Ар түрдүү элементтердин атомдору татаал түзүлүштөрдү жаратат. Мейкиндик (акаша) – бул бардык жайылып жаткан субстанциялардын жайгашкан орду. Материя, дхарма жана а-дхарма мейкиндикте жашайт. Мейкиндикте Жан да жашайт. Убакыт – узактыктын зарыл шарты, эски менен жаңынын абалынын өзгөрүшү, айырмачылыгы.

Ар кандай буюм төмөндөгүдөй баскычтарды басып өтөт: башталыш, калыптануу, бузулуу жана аяктоо. Бардык буюмдар түрүн өзгөртөт, эски касиеттерин жоготуп жалпыларды алат. Мында жаңынын жана эскинин болушу бир субстанциянын өзгөрүүсүнүн маңызы. Өзгөрүү эки түрдө болот: форманын өзгөрүшү жана сапаттын өзгөрүшү.

Жайнисттердин оюу боюнча дүйнө эки түрдөгү материалдык түзүлүштөн турат: жандуу жана жансыз. Жандуу жандыктын жаны бар. Кээ бир учурда калыптанбаган жандар да бар, алар жерде, сууда, отто, абада жана өсүмдүктөрдө. Жөнөкөй калыпта турганда Жан материяга баш иет. Ушуга байланыштуу жайнисттер материя өзүнүн катмары боюнча ар түрдүү деп айтышат. Кээ бир жерде көрүүгө, туюуга гана болгон материя турса, анын каршысында туюлуп сезилбеген материя жатат. Ал карманын аракетинин механизмин шарттайт, карманын законунун натыйжасында жан бир телодон экинчисине өтүп турат.

Адамдардын жандын жана башка буюмдардын жаратылышын билбегендиги каардануугa, ачкөздүккө алып келет. Ошондуктан туура билимдин зарылдыгын белгилешет. Туура, чыныгы билимге жетиш үчүн окутуучулардын теорияларын окуп үйрөнүү зарыл, бул бошонууну алып келет. Бошонуунун негизги шарты болуп туура жүрүм-турум эсептелет. Ал 5 эрежени сактоону талап кылат: 1. ахимса – жашоого зыян келтирбөө; 2. сатья – жалган айтуудан айбыгуу; 3. астея – уурулуктан карmануу; 4. брохмачарья – өзүңдүн алсыз жагыңды көрсөтпөө; 5. апаригарха – ар кандай көз карандылыктан алыстоо.

Эң чоң күнөө болуп – химса (жандыктарга зыян келтирүү) эсептелет.

Туура жүрүм-турум адилеттикти, чындыкты, тазалыкты, ачкөздүктүн жоктугун жогору коет.

Гносеологияда жайнисттер аң сезим – жандын негизги маңызы деген ойго келишет.

Кийинчерээк жайнизмдин философиясы динге айланган. Бул кудайга ишенүүнү чакырбаган өзгөчө дин. Кудайдын ордуна жайнисттер боштондукка чыккан жанга табынышат. Жайнисттер боюнча ар бири өзүн сактоо мүмкүндүгүнө ээ, ошондуктан жайнизм күчтүүлөр менен эрктүүлөрдүн идеологиясы жана өзүнө өзү жардам берүүнүн дини.

**Буддизм.** Б.з.ч. VI-IV-кылымдардагы ортодоксалдуу эмес окуулардын ичинен буддизм өзгөчө бөлүнүп көрүнөт. Ал көптөгөн түрдүү концепцияларды ичине камтыган. Негиздөөчүсү Сиддхартха Гаутама болгон. Гаутаманын окуусундагы идея «ортоңку жол». Ал ортолуктан сырткары чет жакасы болорун айтат. Ошого барбоо керек дейт.

«Төрт жакшылык чындык» жана «сегиз ченемдүү жол» деп аталган идеясы чоң мааниге ээ. Биринчи идеясы төмөндөгүлөрдү белгилейт:

1. дүйнөдөгү жашоо азап-тозокко жык толгон.
2. ушул азап-тозоктун себеби бар
3. азап-тозокту токтотууга болот
4. азап-тозоктуу токтотууга алып келүүчү жол бар.

Биринчи «чындык» боюнча дүйнөдөгү жашоодо азап тозок бар. Төрөлүү, карылык, оору, өлүм, азап, кайгыруу, каалоо, иренжүү жер бетинде болот жана азап тозок болуп эсептелет. Азап-тозок кокустан эле болбостон ал бардык жерде бар, ал турсун канааттануунун булагы болуп да азап тозок эсептелет. Экинчи «чындык» боюнча азап тозоктун себеби бар. Азап-тозок – бул дүйнөдөгү төрөлүүнүн натыйжасы, анткени төрөлүү жер бетиндеги калыстыктын жоктугу менен байланыштуу. Биздин каалоолорубуз билбегендиктен улам келип чыгат. Дүйнө түзүлүшүн жана азап-тозоктун себебин билсек анда жерде калыстыктын жоктугу болмок эмес. Үчүнчү «чындык» азап-тозокту пайда кылат. Шартты жок кылсак азап тозок да жок болот. Азап-тозоктон бошонсо болот, ал үчүн бир шартты аткарыш керек. Эгер зарыл болгон шарттар аткарылса бошонуу абалына – нирванага келебиз. Бул каалоонун жок болушу жана аны менен кошо азап-тозок да жок болот. Нирвана – бул козголоң кылбоочулук, каршы болбоочулук. Будда өзү нирвана абалына келип, ойлонот да өзүнүн окуусун улантуу керек же керек эместиги жөнүндөгү суроону коет.

Төртүнчү «чындык» – азап тозоктон бошонуу жолун сүрөттөп көрсөтөт. Будданын окуусу нирванага кантип жетсе болот? деген суроого жооп берүү болуп саналат. Бул үчүн «сегиз ченемдеги жолду» басып өтүш керек, алар төмөндөгү этаптар:

1. Туура көз караштар – төрт жакшылык чындыкты туура түшүнүү.
2. Туура чечимге келүү – жашоону кайра түзүү жөнүндөгү катуу максат коюусу (ойлоосу).
3. Туура сүйлөө – сүйлөгөн сөздүн үстүнөн текшерүү жүргүзүү, жалган сүйлөө, жалаа, катуу сүйлөөдөн кармануу.
4. Туура жүрүм-турум – жандыктарды жок кылуудан, уурулуктан, сезимдерди туура эмес канааттандыруудан баш тартуу.
5. Туура жашоо образы – жашоо үчүн каражаттарды таза жол менен табуу.
6. Туура аракет кылуу - акылда жаман ойлордун жок болушуна жана жакшы идеяларын бекемдешине дайыма аракет жасоо.
7. Ойдун туура багытталышы – бардык буюмдар жаратылышы боюнча өтмө экендигин билүү ошондуктан буюмдарга байлануу, эгер алар жоголуп кетсе кайгыруу болбош керек.
8. 4 баскычты камтыган өзүңдү туура топтоштуруу:

   а) кубанууга кумардануу жана туура ойлом;

   б) ойду, кубанууну жана тынчтыкты аңдап билгенди пайда кылган кубаныч, тынчтык жана ички тынчтык;

   в) капарсыз ойдон өтүп козголоңсуздукка баруу жана телонун туюп сезүүдөн бошонуусу;

   г) бардык кубанычты сезүүдөн, козголоңсуздуктан аң сезимди бошотууга болгон аракет.

Буддизм боюнча ушундай жолдорду басып өткөн адам жан дүйнөсүнүн тынчтыгын камсыз кылат. Мындай абалга жеткен дүйнөдө кайра кирип сиңип кетпейт жана кайра төрөлүүгө, азапка дуушар болбойт.

Буддизмде жалпы себептик байланыштар закону да айтылат. Бардык нерселер кандайдыр бир нерсеге көз каранды жана өзү менен өзү такыр жок болуп кетпейт. Буддизм концепцияны Дхамма деп атайт. «Кимде ким себептик байланышты көрсө ал Дхамманы көрөт, аны көргөн себептик байланышты көрөт».

Экинчи дагы бир концепция – жалпы өзгөрүү жана туруксуздук жөнүндөгү окуу. Будда мындай дейт: түбөлүк болуп

сезилген – жок болот, жогору турган төмөндөйт; кайсы жерде жолугушуу болсо – ажырашуу болот, бардык төрөлгөндөр – өлөт. Дхарма – бул кээ бир субстрат, мамиле жана сапат. Дхарма – бытиенин өтмө элементтеринин агымы. Дхарма тынымсыз жаралат жана өлөт, алар бири-бири менен байланышкан жана биргелешип аракеттенет.

Үчүнчү концепция – Адам жөнүндөгү окуу. Адам бул – материалдык тело жана материалдык эмес акыл менен аң сезимдин жыйындысы. Бир нече физикалык элементтердин (жер, суу, от, аба) аралашмасы телону түзөт.

Психикалык абалдын айкалышы жан болуп эсептелет. Жан – бул өз алдынча субстанция эмес, ал бирин-бири алмаштырып турган психикалык абал болуп саналат.

Буддизмдеги дагы бир окуу – адамдар келип чыгышы боюнча тең укуктуу болору жөнүндөгү окуу. Жөнөкөй жашоодо жрецтер менен аскер адамдары жогорку баскычтагы социалдык катмар болсо, рухий жашоодо мындай бөлүштүрүү болбойт. Биринчи орунга адамдын «нравалык кызматы» коюлат. Будданын оюу боюнча брахмандар жаратылышы боюнча жөнөкөй адамдардан эч бир айырмачылыгы жок.

Буддизмдин эволюциялык процессинин натыйжасында бир нече мектептер пайда болот. Алардын негизгилери химаяны жана махаяна деп аталат. Б.з.ч. III-кылымда Индияда Ашока падышачылыгы турган мезгилде буддизм расмий идеология катары Маурья мезгилинде кабылданган. Орто кылымдарда буддизм дүйнөлүк диндердин бири катары Кытай, Япония, Бирма ж.б. таанылган.

**Чарвак-локаята.** Бул б.з.ч. VI-кылымдагы Байыркы Индиядагы материалисттик агымдардын бири катары белгилүү. Бул мектептин мифологиялык түзүүчүсү болуп Брахиспати эсептелет. Индияда «Чарвака» деген сөз материалист дегенди билдирет. «Локаята» – «элге таандык», «элде жайылган» дегенди билдирет да кадимки адамдардын көз карашы дегенди билдирген.

Локаятиктердин оюу боюнча акыл тело бар жерде байкалат, ошондуктан акыл телонун эң жөнөкөй атрибуту деп айтсак болот.

Чарвактардын оюу боюнча изилдөөнүн предмети болуп сезимдик жактан кабылданган дүйнө эсептелет.

Локаятиктердин көз карашында материалдык дүйнө төрт элементтен турат: аба, от, жер, суу. Ушул элементтердин комбинациясынан бардык обңектилер түзүлөт. Жандуу организмдер

да ушулардан пайда болуп, өлгөндөн кийин кайрадан ушул элементтерге айланат.

Өзгөчө түрдө комбинация болгон материалдык элементтер аң сезимге ээ болгон жандуу телону пайда кылат. Аң сезим кантип пайда болот? Жер, суу, аба, от өзүнчө турганда аң сезимге ээ эмес, алар чогуу телону жаратат, өзгөчө процесстин негизинде аң сезим пайда болгон. «Адам өлгөндө, эч кандай аң сезим калбайт».

Чарвактар Карма законуна каршы чыгышкан. Алар мындай суроо коюшкан: «Эгер жан бир телодон экинчисине өтсө, анда эмне себептен өткөн жашоосун эстей албайт?»

Телонун жашоосу кумардануу жана азап тозок менен байланышкан. Биз азап тозокту мүмкүн болушунча аз кылып, максималдуу ырахат алууга аракет жасайбыз. Азап тозоктон толук кутулуу бул – өлүмгө алып келет. Чарвактар боюнча кумардануу менен азап тозок алмашып турат. Азаптан кийин кубаныч келет.

**Санкхңя**. Бул эң кеңири таралган окуу. Негиздөөчүсү Капила (б.з.ч. VII-к. жашаган). Анын окуучулары – Асури, Панчашикха. «Санкхңя» термини «сан», «эсеп», «калыптанган билим» дегенди билдирет. Бул мектеп өз алдынча 7 реалдуулукту таануу максатын коет жана бактысыздык менен азап тозокту жок кылуу идеясы менен чыгат. Санкхья себептүүлүк жөнүндөгү окуу негизин түзгөн онтологиялык концепцияны сунуш кылат. Себепте натыйжа боло тургандыгы жөнүндөгү суроого оң мааниде жооп беришет.

Дүйнө өзү да натыйжа болуп эсептелет, ал негизге ээ. Аны алгачкы материя (пракрити) деп айтышат. Пракрити эки формада көрүнөт: вңякта (көрүнгөн) жана а-вңякта (көрүнбөгөн). Вьякта жана а-вьякта деген терминдер Упанишададан алынган. Санкхьяда вңякта – жаратылышты билдирет, ал эми а-вңякта – материалдуулук принциби, бардык буюмдарда болгон дүйнөнүн негизи дегендик. Жаратылыш (көрүнгөн) конкреттүү, түздөн түз кабылданган буюмдардын жыйындысы. Көрүнбөгөн (а-вңякта) – буюмдардын мүмкүн болгон түрлөрүнүн өзгөчө жайгашкан орду.

Санкхңяда – жараткан кудай четке кагылат. Үзгүлтүксүз кыймылда болгон түбөлүк материя гана бардык нерсенин башбашталмасы, башсебепчиси.

Санкхңя окуусунун өкүлдөрүнүн оюу боюнча пракрити үч гундан турат: саттва, раджас, тамас. Гундар – бул бир аркандын үч жиби. Аларды кабылдап биле албайбыз.

Саттва – пракритинин элементи катары жаратылышка канааттануу тартуулайт, ал жалтыраган, жеңилдеткен, тазалоочу, жеңил касиетке ээ. Раджас – кыймылдуу, ишкер, кыймылга келтирүүчү башталыш. Раджас отту пайда кылат, шамалды жаратат, акыл да тынч эмес абалда болот. Адам үчүн ал аң сезимдин жаратылышы. Тамас – саттва менен раджаска каршы турган пассивдүү карама-каршы башталыш. Ал акылдын өнүгүүсүнө каршы турат, адамды уйкуга тартат, жалкоолукту жаратат. Гундар белгилүү бир түскө каршы коюлган: саттва – акка, раджас – кызылга, тамас – карага.

Пракритиден сырткары пуруша («Мен») жашайт. Ал аң сезимде ээлик кылган дух, таза аң сезим. Пурушанын жашоосу жөнүндөгү ойду айтып, Санкхъя дуалисттик философияга айланган.

Ааламдын эволюциясы Пуруша менен пракританын байланышынан башталат. Пракритага пуруша таасирин тийгизет. Анын активдүүлүгү Пурушанын жетекчилигине байланыштуу.

Тааным теориясында санкхья таанымдын үч булагын айтат – кабылдоо, логикалык ой корутундуу жана ыйык жазуунун күбөлүгү.

Башка окуулар сыяктуу эле санкхья да азап тозокко кайрылып, анын үч түрүн көрсөтөт: 1) ички себептер (дене жана жан кайгысы, калтыратма, баш оору, коркуу ж.б.), 2) сырткы себептер (жыландын чагышы, ийне саюу, өлтүрүү ж.б.), 3) жогорку күчкө байланыштуу себептер (дух, көзгө көрүнүү ж.б.). Ар бир адам азап тозоктон бошонууга аракет жасайт бирок, ал иш жүзүндө мүмкүн эмес. Өлгөндө да андан кутула албайт. Анткени тагдыр муундан муунга кууп жүрүп олтурат. Ар бир адамга өзүнүн Менин аңдап билүүгө мүмкүндүк берилет жана өзүнүн жашоосунда азаптан бошонууга жете алат.

**Йога.** Байыркы Индиянын дүйнө таанымында йогага жеткен адамдын өзгөчө идеалы жөнүндө айтылат. «Йога» термини «кошулуу», «катышуу», «тартип», «терең ой», «топтоштуруу» дегенди билдирет. Йоганын түзүүчүсү болуп Патанджали эсептелет. Ал б.з.ч. II-кылымда жашап «Йога-сутра» деген чыгарманын автору болгон.

Патанджали түзгөн йоганын системасы төрт бөлүктөн турат. Биринчисинде (Санадхипада) йоганын жаратылышы, максаты жана формасы жөнүндө айтылып, йогага жетүүнүн түрдүү ыкмалары айтылат. Экинчи бөлүгүндө (Садханапада) топтоштурууга жетүүнүн каражаты, бактысыздыкта пайда кылып, рухий абал, азап тозоктун себеби, аны жок кылуунун жолдору айтылат. Үчүнчү бөлүгүндө

(Вибхутипада) йоганын ички абалы, жогорку күч жөнүндө айтылат. Төртүнчү бөлүгү (Кайвальяпада) азаптан бошонуунун жаратылышы жана формасы, трансценденттүү Мендин реалдуулугун сүрөттөп жазууга багытталган.

Теориялык жактан йога санкхьяга жакын. Жогорку кудай катары Иштвара айтылат. Таанып билүүдө анын үч булагы көрсөтүлөт: кабылдоо, жыйынтык, ыйык жазуунун күбөлөндүрүлүшү.

Йога мектеби психофизиологиялык машыгууларды сунуштоосу менен өзгөчө белгилүү болгон, ал бошонууга жетүүнүн жолу болуп саналат. Эгер санкхья бошонуунун жолун «калыптанган билим» деп көрсөтсө, йога акылдын ишмердигин ченөө менен бошонууга боло турганын айткан. Бул экөөнүн ортосундагы айырмачылык.

Йога философиясында, рухий маңыз – акыл (читта) жана индивидуалдык акыл – (акыл-манас) айырмаланат.

Адамда акыл-читта жана акыл-манас бириккен. Адам аларды айырмалай албайт.

Йога философиясы боюнча адамдын рухий жашоосунун абалы жана баскычы бар. Алар: кшипта, мудха, викшипта, эгакра, nируддха.

Кшипта – акыл бир обңектен экинчисине өтүп турган чакчалакей абал;

Мудха – акылдын ишкерсиз, кыймылсыз абалы;

Викшипта – салыштырмалуу акыл кыймылы абалы; Эгакра – акылдын кандайдыр бир обңектиге топтоштурулушу; Нируддха – ой жүгүртүүнүн ар кандай ишмердүүлүгүнүн токтотулушу. Акыркы эки баскыч, акылдын абалы – йогага алып келүүчү жол. Акыркы нируддха абалында эч нерсе таанылбайт, эч нерсе ойлонулбайт. Мында Мен ойдон бошонот, ушундай абалда туруп Мен өзүнүн абалында таза аң сезим маңызын берет. Йоганы пайдалануу өзүңдү тазалоонун башкача айтканда тело менен интеллекти тазалоонун эң жакшы жолу. Йоганы бир нече варианты бар: хатха-йога, карма-йога, бхакта-йога, раджа-йога, джанана-йога. Бул варианттардын бары «сегиз өлчөм жол» жөнүндөгү окууда биригишет. Бул жол төмөндөгүдөй кырдаалдарды камтыйт:

1. Яма – кармануу, жүгүндөө,

2. Нияма – оң маанидеги ыкмаларды ыйык көрүү,

3. Асана – туруктуу жана ыңгайлуу абалдарды жасоого үйрөнүү ыкмасы,

4. Пранаяма – дем алууну жөнгө салуу,

5.Тратьяхара – сезимдердин үстүнөн болгон акылдын текшерүүсү,

6. Дхарма – акылды каалаган обңектиге топтоо, буруу,
7. Дхьяна – обңектини тынч жана үзгүлтүксүз аңдоо,
8. Самади – акылды топтоштуруу.

Жогорудагы жолдордун негизинде Мен ачык болуп, ар кандай камкордуктан арылат. Ошентип йога системасы ойдун бошонуусун камсыз кылат. Йога боюнча кудай бар, ал – Шивара. Йога философиясында мен трансценденталдуу субңект, ал тело, акыл жана индивидуалдуу Менден айырмаланып турат.

**Вайшешика.** Вайшешика мектебинин негиздөөчүсү болуп Канада эсептелет. Ал б.з.ч. III-кылымда жашаган. Ал дербиштик турмуш өткөргөн жана жыйналып алынгандан кийин талаада калган жүгөрүнүн даны менен тамактанган. Өзүнүн ысмы – Улукта болгон. «Вайшешика» деген сөз кыргызча которгондо «өзгөчөлүк», «айырмачылык», «жекелик», «бөлүк», «башбашталма» дегенди билдирет.

Вайшешика адамдын алдына төмөндөгүдөй максат коет – индивидуалдуу Менди бошотуу. Мектептин өкүлдөрүнүн оюу боюнча ар кандай кайгы-муң жана оорунун себеби болуп билбегендик эсептелет. Бошонуу азаптын абсолюттук жактан токтотулушу, буга реалдуулукту туура түшүнүү аркылуу жетүүгө болот. Таанымдын эки булагы бар: кабылдоо жана логикалык жыйынтык.

Вайшешика системасында падартха деп аталган түшүнүк колдонулат. Бул байыркы грек философиясындагы «категория» терминине мааниси боюнча жакын. Падартха сөз аркылуу берилген обңект катары түшүнүлөт. Жети падартхага бардык кубулуштар кирген: дравья (субстанция), гуна (сапат), карма (аракет), саманья (жалпылык), вишеша (өзгөчөлүк), самавая (таандык болгондукка карата мамиле), абхава (бытие эмес). Бул падартхалардын ичинен субстанция гана обңективдүү, эч нерсеге көз каранды эмес, башка заттар субстанциянын көрүнүшү.

Вайшешикада субстанциянын тогуз түрү көрсөтүлөт: жер, суу, жарык, аба, эфир, убакыт, мейкиндик, жан, акыл. Жер, суу, жарык жана аба субстанциясы атомдордон турат, алар дүйнөнүн акыркы элементтери. Атомдор түбөлүк, эч ким тарабынан жаратылган эмес, жок болуп кетпейт. Атомдордун өзгөчө касиеттери бар, ар кандай даамга, түскө, жытка, температурага ээ, бирок формасы жана чоңдугу боюнча бирдей. Атомдордун башка кошулмаларга аралашуусу жансыз предметтерди жана жандуу жандыктарды пайда кылат.

Вайшешика окуусу циклдүүлүк идеясын айтат. Дүйнө пайда болот, өнүгөт жана ааламдык катастрофада өлүп жок болот, андан кийин бул процесс кайра кайталанып олтурат. Мында атомдор жок болбойт, дүйнөлүк катастрофа учурунда атомдордун байланышы үзүлөт, андан кийин алардын илешүүсү кайра башталат.

Вайшешикадагы маанилүү түшүнүк катары адришта (көзгө көрүнбөгөн, жашыруун, тагдыр). Ал башбашталма катары ар бир циклдин башатында турат жана хаос дүйнөсүнө тартипти алып келет.

Адришта адегенде материалдык күч катары элестетилген. Жогорку маңыздын (махчивара) жаратуучу жана талкалоочу эрки. Брахмага (дүйнөлүк жан) түбөлүк кайталанып туруучу циклди ишке ашырат.

Жан өлбөс, жок болбойт, ал дүйнөлүк катастрофа учурунда сакталып калат.

Бул окуулардан сырткары байыркы Индияда ньяя, миманса, веданта деп аталган окуулар да болгон.

## 2. Байыркы  Кытай философиясы

Кытай цивилизациясы дүйнөдөгү эң байыркылардан болуп саналат. Б.з.ч. III миң жылдыктын аягында алгачкы обүиналык түзүлүштөн кулчулук доорго өтүп таптык түзүлүштүн структурасы калыптанат жана мамлекет түзүлөт. Алгачкы катары эсептеген Ся династиясы 400 жылга жакын башкарат. Бул мезгилде малчылыктан сырткары дыйканчылык да чоң мааниге ээ боло баштайт. Техника, курал-жарак, ар кандай буюмдар колодон жасалган. Ушул мезгилде жазма да пайда болгон. Ся династиясынын ордуна Шан-Инь династиясы алмашат да б.з.ч. XVIII-XII-кылымдарда бийлик жүргүзөт. Бул бийликти XII-VIII-кылымдарда Батыш Чжоу алмаштырат. Ушул мезгилде Кытайда сугат системасы, кол өнөрчүлүк өндүрүшү, темирден буюмдарды жасоо зор өнүгүүгө жетишет. Акыркы эки династиянын башкарган мезгилинде борборлоштурулган башкаруу өнүгөт. Уруулук, рангалык система, ээлеп турган кызмат орунду мураска карата болгон менчиктин мамлекеттик формасы калыптанган. Мамлекеттин башында укумдан-тукумга калуучу монарх (ван) турган жана жерге, кулдарга болгон менчик ээси, ошондой эле жогорку жрец болгон. Андан кийинки иерархияда жер менчигине ээ болгон мамлекеттик аппараттагы аристократия турган.

Андан кийин дыйканчылык обүиналарга бириккен карапайым эл турган. Кулдар жана жаныбарлар социалдык иерархияга кирген эмес.

Бул мезгилде астрономия, математика, география, механика, медицина сыяктуу илимдер өнүккөн. Б.з.ч. 770-476 жж. Чуньцю, 475-221-жж. Чжанго мезгилинде кулчулук доордон феодализмге өтүү башталган.

Шан жана Чжоу доорунда диндик-мифологиялык дүйнө караш үстөмдүк кылган. Көп кудайга ишенүүчүлүк бекемделип, кудайлар – жаныбарлар, балыктар, жарым жаныбар, жарым адам түрүндө сүрөттөлгөн. Эң жогорку кудай катары Шан-ди эсептелип, ага башка кудайлар жана духтар баш ийген. Мындан сырткары арбактарга сыйынуу кеңири жайылган. Ушуга байланыштуу духтарга курмандык чалуу чоң мааниге ээ болгон. «Асмандын эркине» сыйынуу окуусу өнүккөн жана дүйнөдөгү бардык нерселер асмандын эркине баш иет деп эсептеген. Мамлекет башчылары жогорку императордун тукумдары катары эсептешкен. Мамлекет башчысы өзүн асмандын баласы катары санаган.

Мифологиялык дүйнө караш боюнча байыркы мезгилден баштап эле дүйнө туңгуюк, формасыз, хаос катары кабылданат. Андан кийин гана эки дух – Инь жана Ян пайда болуп асман менен жерди жараткан. Инь – аялзаттык байланыш, ал эми Янь болсо эркектик башталыш деп айтылган.

**Натурфилософия.** Философия тарыхы көрсөткөндөй башка мамлекеттердегидей эле Кытайда да философиянын илим катары калыптанышында көптөгөн мифологиялык образдар жана элестөөлөр колдонулган. Б.з.ч. I миңинчи жылдыктын башында Кытайда натурфилософиялык концепция пайда болот. Мифологиядан Инь жана Янь түшүнүктөрү кабылданат. Мында Янь – жарык башбашталма болуп, асман, түштүк, күн, күндүз, жашоо, күч, эркектик маңыз, так сандардын символу болгон. Инь – аялдык башбашталма, түндүк, караңгы, өлүм, жер, ай, алсыздык, жуп санды билдирген. Инь жана Янь бири бирине каршы турат жана көз каранды, бири экинчисине өтүп турат. Булардан сырткары эфир да жашайт, ал материалдык бөлүкчө – Циден турат. Инь менен Яндын эфирге таасир этүүсүнүн натыйжасында оор аялдык бөлүкчө Инь-ци жана жеңил эркектик бөлүкчө Янь-ци пайда болот. Бул бөлүкчөлөрдүн өз ара таасир этүүсү беш башбашталманы жаратат. Алар: суу, от, жыгач, металл, жер. Булардын ар бири туюмдарда чагылуучу өзгөчөлүктөргө жана сапаттарга ээ. Жогорудагы элементтердин ичинен жер өзгөчө бөлүнүп

көрсөтүлөт. Башбашталмалар бири бирине өтүп турат: дарак отту, от жерди, жер металды, металл сууну жаратат. Ал эми суу болсо кайрадан даракты жаратат.

Жогорудагы ой жүгүртүүлөрдүн негизинде ар түрдүү жаратылыш кубулуштары да түшүндүрүлгөн. Мисалы: «Жарык башбашталма Ян төмөндө жайгашып сыртка чыгуу мүмкүнчүлүгү жок; караңгы башталыш Инь аны басып жогору көтөрүлүүсүнө тоскоолдук кылып турат. Мындан жер титирөө пайда болот». Ал эми традициялуу кытай медицинасынын негизинде ден соолук Инь менен Яндын гармониясынан турары белгиленет. Гармониянын бузулушу ооруну жаратат.

Философиялык ой жүгүртүү боюнча гармония ар түрдүүлүктүн дал келүүсү катары сүрөттөнөт. Ал жаңы нерсени жаратат. Эгер гармония болбосо бардык нерсе чаржайыт болот, алмашылат. Адамдар өздөрүнүн табигый сапаттарын жоготот. Ошондуктан бул табигый сапаттарды сактап туруу үчүн ритуал түзүлгөн.

Натурфиолософиядагы негизги маселе катары асман менен адамдын ортосундагы мамиле, дүйнө түзүлүшүндөгү адамдын орду жөнүндөгү окуу эсептелген. «Тайпин цзин» деп аталган китептеги Юй-цзинин сөзү төмөндөгүчө берилет: «Асман – Яндын улуу күчү, жер – Индин улуу күчү. Адам башка жандыктар сыяктуу эле борборунда турат. Асман тынымсыз төмөн карай багытталат, анын турмуштук башталышы төмөн агат. Жер тынымсыз жогортон алып турат, анын жашоо башаты жогору жак менен биригет. Эки башталыш тең борбордо биригишет, ошондуктан адамдын ортодо болушу ага ыңгайлуу». Натурфилософтордун оюу боюнча асман менен жердин гармониясы – жашоонун булагы. Бул гармонияда баштоочу, жетектөөчү роль асманга таандык. Ушуга байланыштуу асманга сыйынуу чакырыгы пайда болгон. Бул идея Байыркы Кытай философиясында кеңири таралган.

Бирок асманга наарызычылык идеясы да болгон. Адамдардын жашоосундагы асмандын ролуна күмөн саноолор кездешет: «Жогорку асман эмне үчүн сен адамдарга мыкаачысың?, Эмне себептен алардын тамагынан ажыратып койдуң?, Эмнеге бардык жерде ачкачылык бар, эмнеге өз үйлөрүн таштап кеткендер көп?, Эмне үчүн жогорку асман адилетсиз?, Эмнеге жамандыкты жаратат?, Эмнеге жашоого болгон толук мүмкүнчүлүктөн ажыратып салды?» («Ши цзин»).

Б.з.ч. VI-III-кк. Кытайда зор өзгөрүүлөр жүрөт. Өндүргүч күчтөр өнүгөт, айыл чарбасы менен кол өнөрчүлүктө темирден жасалган

курал жарактар пайдаланылат, жерди иштетүүнүн ыкмалары жакшырат, жеке менчик пайда болот. Бирдиктүү Чжоу мамлекети иш жүзүндө талкаланат. Борборлоштуруу процессии токтойт, жергиликтүү башкаруучулар бири бири менен карама-каршылыкта турган. Бир нече жүз жылдан кийин Цинь династиясынын бийлиги башталат. Эң кызыктуусу Кытай (China) деген ат Цинь (Chin) деген аттан келип чыккан. Социалдык саясий процесстер маданияттын жана философиянын гүлдөп өнүгүшүнөн, ар түрдүү философиялык саясий жана этикалык мектептердин күрөшүнөн көрүнөт. Традицияда «жүз мектеп» жөнүндө айтылат.

Философиялык мектептердин ичинен негизгилери жөнүндө гана сөз кылууну тура көрдүк.

**Доасизм.** Бул философиянын негиздөөчүсү Лао-цзы (карыган окутуучу). Уламыш боюнча ал б.з.ч. 604-жылы туулган. Чжоу доорунда тарых жазуучу болуп эмгектенет. Анын негизги идеялары «Дао дэ цзин» деген китепте берилген. Бул окуунун борбордук түшүнүгү – Дао. Дао дүйнөнүн жалпы закон ченемдүүлүгү, бардык нерсенин башбашталмасы катары ой жүгүртүлгөн. «Адам жердин законуна баш иет, жер асмандын законуна, асман даонун законуна баш иет, ал эми дао болсо өзүнө өзү иет». Мында асмандын ролу жөнүндөгү традициялуу ойлом жогору коюлат, асман жаратылыштын бир бөлүгү катары түүшүндүрүлөт жана жерге каршы коюлат. Асман жеңил бөлүкчөлөр – Ян-циден түзүлөт жана даого байланыштуу өзгөрүлөт.

Дао – «асман менен жердин башаты», «бардык буюмдардын энеси». «Дао бирди жаратат, бир экини, эки үчтү, ал эми үч болсо бардык жандыктарды жаратат». Бул айтылганды кантип түшүнсө болот? «Бир» - бул алгач берилген хаос, «эки» - жарык жана караңгы башталмалардын бөлүнүшү, «үч» - бул башталыштардын гармониясы. Эки башталманын байланышы гармонияны жаратат, андан кийин бардык нерселер пайда болот.

Даосизмде даону таанып билүүнүн татаалдыгы бир нече жолу айтылат. «Аны карайм, көрүнбөйт, ошондуктан аны көрүнгүс деп айтам. Аны угам бирок укпайм, андыктан ал угулгус. Кармайым дейм кармалбайт, ошондуктан ал эң майда. Анын булагын билүүгө умтулуштун кереги жок, анткени ал бирдиктүү. Анын жогору жагы көрүнбөйт, анын төмөн жагы караңгы эмес. Ал чексиз, андыктан атын айтууга болбойт. Ал кайрадан бытие-эмеске айланат. Мына ошондуктан аны формасыз форма, жашоосуз образ дейбиз, ал ачык

эмес, туңгуюк. Аны менен жолугам, көрбөйм, артынан карайм, анын артын көрбөйм» («Дао дэ цзин»).

Дао көрүү сезиминде берилбейт, аны өңү жок, өңсүз дейбиз. Дао угуу сезиминде жок, ал үнсүз. Дао туюп сезилбейт, ал телосуз. Бул үч касиет кабылданбайт, ошондуктан аларды бир бүтүндүккө киргизебиз.

Сөз менен берилбеген дао бытие-эмес деп түшүнүлөт. Дао-бытие-эмес – бытиени жаратат. Даосизмде бардык предметтер бытие жана бытие-эместен турат деп айтылат. Бул айтылган ой төмөндөгүчө сүрөттөлөт: «Отуз сапча дөңгөлөккө биригет, дөңгөлөк менен сапча бириккен жерлерден сырткары боштук бар, мында дөңгөлөктү пайдалануу мүмкүнчүлүгү пайда болот. Чоподон идиш-аяк жасалат. Идиштин ичи бош, ошондуктан аны пайдалануу мүмкүнчүлүгү пайда болот. Эшик, терезелерди үй куруудa коюлат, ал эми үйдүн ичи бош, аны пайдалануу мүмкүнчүлүгү пайда болот. Ошондуктан предметтердин болушу пайда алып келет, жана андагы боштук пайдаланууга жарактуу кылат».

Даодон сырткары дэ да жашайт. Дао – бул дэ аркылуу конкреттештирилген жана материалдашкан башбашталма. «Дао буюмдарды жаратат, дэ аларды азыктандырат». Дао үзгүлтүксүз түгөнбөгөн жип сыяктуу түбөлүк жашайт, анын аракети чексиз. Даонун аракети жөнөкөй өзгөрүүлөргө гана алып келбестен, анын каршысына да айланат. Даосизм төмөндөгүдөй карама-каршы түшүнүктөргө кайрылат: жогору-төмөн, кайгы-муң, бакыт-бактысыздык, сулуулук-көрксүздүк, жакшылык-жамандык, жашоо-өлүм, бийик-жапыз, чоң-кичине, кожоюн-конок, эрте-кеч, адилеттүүлүк-амалкөйлүк, жеңил-оор, алды-арты, катуу-жумшак, күчтүү-алсыз, акылдуу-акылсыз, байыркы-азыркы, караңгы башталыш-жарык башталыш, бытие-бытие эмес ж.б.

Лао-цзынын оюу боюнча бул түшүнүктөр бири бирине каршы коюлат, тең жашайт жана бири-бирине өтөт.

Даосизмде сандык жана сапаттык байланыштарга чоң маани берилет «дарак чоң кучактан мурда эң кичине өсүштөн башталат; миңдеген километр аралыкка саякаттоо алгачкы кадамдан башталат».

Даосизм адамдын өз алдынча аракетин тааныйт. «Асман менен жер бардык жандыктарга өзүнүн жеке жашоосуна мүмкүнчүлүк берет». Бирок ошол эле учурда кимде ким даону сактабаса мөөнүтүнөн мурда өлөт. Ар түрдүү кырсыктардын себеби болуп коомдо даонун аракетинин бузулушу эсептелет. Табигый даонун ордуна адамдар адам даосун түзүштү бул төбөлдөрдүн кызыкчылыгы

үчүн кызмат кылып, карапайым калкка жамандыкты алып келет. Табигый даого кайрылып келүү зарыл. Ушуга байланыштуу кытай маданияты үчүн өткөнгө «алтын доор» катары кайрылуу мүнөздүү.

Тааным теориясында даосизм таанып билүү эч кандай мааниге ээ эмне деп билдирет. Адам канчалык көп билсе, ошончолук ал табигый даодон алыстайт. Ушуга байланыштуу мисалдар: «ким билсе – сүйлөбөйт; ким сүйлөсө – билбейт, ким аракеттенсе – талкалайт; ким алса – жоготот. Акылдуу, даанышман аракеттенбейт, ошондуктан талкалабайт, албайт, андыктан жоготпойт». «Ким билимдүү болуп, билбемиш болуп көрүнсө – ал баарынан бийик, ким билимсиз болуп билген болуп көрүнсө – ал оорулуу. Ким ооруп туруп, өзүн оорулуу сезбесе – ал оорулуу эмес».

Даосизмдин өнүгүүсүндө жаңы идеялар да сунушталат. Ян Чжу (болжол менен б.з.ч. 440-360-жж.) адам жашоосу жөнүндө ой жүгүртөт. Чжуан-цзы (б.з.ч. 369-286-жж.) даонун түбөлүктүүлүгү жөнүндө карама-каршылыктардын көз карандылыгы жана бири бирине өтүп турушу жөнүндө айтат. Анын оюу боюнча бардык жашап турган нерселер үзгүлтүксүз өзгөрүүдө. Анткени буюмдар дайыма өзгөрүү абалында, адамдар эч качан эмне экенин так аныктай алышпайт.

**Конфуцианство.** Конфуций (Кун-фу-цзы) байыркы кытайдагы конфуцианствонун негиздөөчүсү. (б.з.ч. 551-449-жж.). Ал Цзоуи шаарында (Лу падышачылыгы) туулган, аристократ үй-бүлөдөн чыккан. Жашынан атасынан ажырап жакыр турмушта жашаган. 22 жашында окуй баштайт жана келечекте белгилүү педагог жана ойчул болуп даңазаланган. Анын мектебинде этика, тил, саясат, адабият окутулган. 50 жашында гана Конфуций мамлекеттик ишмердүүлүккө киришкен. Сот иштери боюнча 3 ай Лу падышачылыгында кызмат өтөгөн. 13 жыл саякатта жүргөн. Окуулары анын ой-пикир, ой-жүгүртүүлөрүн топтоп, «Лун-юй» («Аңгемелешүүлөр жана пикирлер») деген эмгегин жазышкан.

Конфуций Байыркы Кытай философтору сыяктуу эле Асманды ыйык көрүү принцибин бекемдеген. Асман – жогорку күч, бирдиктүү, жогорку табигыйлыктан бийик турган табигый башкаруучу. Ал жер бетиндеги адилеттүүлүктү көзөмөлдөйт, социалдык тартиптерин коргоону өзүнө алат. Асман – тагдыр, жазмыш. Ал ар бир адамдын коомдогу ордун аныктайт, сыйлайт жана аны жазалайт. Конфуций асман алдында коркуу сезимине, жазалоочу күчүнө, тагдырдын кайталанбастыгына таяныч жасайт.

Конфуций жашап турган тартипке нааразы. Ошондуктан анын идеалы келечекте эмес – өткөн чакта. Ушул аспекте алып караганда анын «ысым жана ат оңдоо» идеясы көңүл бурууну талап кылат. Адамдар, алардын мамилелери өзгөрүүдө, бирок эски сөздөр, аттар колдонулуп келет, алардын мазмуну эчак өзгөрүлгөн. Адамды башкаруучу деп айтабыз, бирок ал мурдагы башкаруучу эмес. Адамды бала деп айтышат, бирок ал балалык милдетин толук аткарбайт. Эски жана жаңы аттардын мазмунунун айырмачылыгы четке кагылышы зарыл, ат, ысым «туура» болушу керек.

«Ысым оңдоо» Конфуцийде өткөнгө чакырык жасоо идеясы болуп эсептелет. Өткөндү кайрып коюу зарыл: «башкаруучу-башкаруучу, кызматкер-кызматкер, ата-ата, бала-бала» деген аты эле болбостон иш жүзүндө болуш керек. Нормадан баш тартуу ага кайра кайрылууну талап кылат. Жүрүш-туруш эрежелеринин негизинде башкаруу – Конфуцийдин этикалык саясий идеясынын борбордук пункту болуп эсептелет. Жакшылыктын негизинде башкаруу теориясын сунуш кылуу менен жазалоо жана айып салуу маселесин да караган. Закон менен айкалышта болгон жакшылык – Конфуций тарабынан түзүлгөн «мектептин» теориясынын негизги темасы. Коомдун жашоосунун жана аны жүрүш-туруш эрежелеринин негизинде башкаруу концепциясын Конфуций бекемдеген.

Конфуцийдин көз карашында өлкөдөгү тартиптин негизи болуп Ли эсептелет (Ли – ритуал, церемониал, жакшылык, баалоочулук). Ли – жүрүм-турум эрежелерин, моралдык императивди, социалдык ролду бөлүштүрүүдөгү тартип жана урматтоону камтыйт.

Конфуций адамдардын жүрүм-турумуу жөнүндөгү окууну иштеп чыгат. Анын этикасы өз ара түшүнүү (Шу), «алтын ортолук» (чжун юн) жана «адамды сүйүү» (жень) түшүнүктөрүнө таянат, булар туура жол (дао) деген идеяга биригет.

«Шу» түшүнүгүн төмөнкү мисалдан билүүгө болот. «Цзы-гун сурайт: Өмүр бою бир сөздү жетекчиликке алса болобу? Окутуучу жооп берет: «Ал сөз өз ара түшүнүү. Өзүңө каалабаганды башкаларга каалаба».

«Алтын ортолук» түшүнүгү боюнча ортодон чекеге чыкпоо жолу айтылат. Адамдын жашоосунда эки чет-жака бар, «тамактануу, ичип-жеш, эркек жана аял адамдын каалоо аракетинин негизги предмети. Өлүм, жоготуу, жокчулук, кайгыруу – адамдын жийиркенүүсүнүн негизги предмети. Каалоо жана жийиркенүү – адам жүрөгүнүн негизги эки кыры, чекеси, чеги».

«Адамды сүйүү» түшүнүгүнө байланыштуу Конфуций төмөндөгү беш сапат адамды сүйүүгө жатат: урматтоо, кең пейилдик, чынчылдык, күчтүүлүк, назиктик. Ата-энени урматтоо, улууларды урматтоо – «адамды сүйүүнүн» негизи. Эгер адам туруктуу, катуу, жөнөкөй, сөзгө сараң болсо, анда ал «адамды сүйүүгө» жакын.

Конфуций туруктуу жана туруксуз адамдарды карама-каршы коет. Туруктуу башкаруучу мораль жөнүндө ойлонот туруксуз адам мүмкүн болушунча жакшы, ыңгайлуу турмуш жөнүндө ой жүгүртөт. Биринчиси законду бузбоого  аракет кылса, экинчиси көбүрөөк пайда келтирүүнү ойлойт.

Конфуцианстводо зор мааниге ээ болгон идея – чжун (чыныгы берилген Адам) – башкаруучуга, ата-энеге, бир тууганга баш ийүү, урматтоо идеясы. Мында ата-энени урматтоо өзгөчө белгиленет. Алардагы ритуал боюнча ата-эненин көзү өткөндөн кийин бир нече жыл кайгыруу (траур) жана курмандык чалуу талап кылынган.

Конфуцианстводо мамлекетти башкаруу жана саясий турмуш маселелерине өзгөчө көңүл бурулат. Жакшы мамлекеттин жашоосу үчүн, мамлекеттеги тартипти камсыз кылуу үчүн биринчи кезекте байгерчилик болушу зарыл. «Мамлекетте жетиштүү тамак-аш, жетиштүү курал-жарак болсо гана эл башкаруучуга ишенет».

Конфуцийдин дагы бир көңүл бура турган окуусу адамдар жаратылышы боюнча бири-бирине жакын; адамдардын кыял жоругу боюнча бири-биринен алыс. Адамдар тубаса билимдерге ээ, андан сырткары окуу жана практиканын жүрүшүндө алынган башка билимдердин түрлөрү да бар. Окутуу жана турмуштук тажрыйба адамдарды өзгөртөт. «Бир гана өтө акылдуу жана өтө акылсыздар өзгөрбөйт». Конфуций тубаса билимди баарынан жогору койгон.

Конфуцийдин педагогикалык системасы боюнча окуп үйрөнүү сферасына «искусствонун» алты түрү кирет: ритуал, музыка, жаа атуу, жылкыны башкаруу, тарых жана математика. Конфуций тарыхты үйрөнүүгө чоң маани берген. Анын оюу боюнча «жаңыны таанып билүү үчүн өткөндү үйрөнүү керек». Сөз менен иш аракеттин биримдиги жөнүндө айтып, Конфуций окуп эле тим болбостон алган билимди практикада колдонуу зарылдыгын белгилейт.

Ошентип Конфуцийдин көз караштары Кытайдын андан кийинки рухий маданиятына жана саясий практикасына күчтүү таасирин тийгизген. Эки жарым миң жылдык ичинде Конфуцианство Кытайдагы үстөмдүк кылуучу идеология болуп калган. Бирок анын бардык эле идеялары практикалык жактан колдонууга ээ болгон эмес.

Ритуал нормаларын сактоо, «ысым оңдоо», традиция аркылуу жаңыны кабылдоо жана башкаларга өзгөчө көңүл бурулган.

Конфуцийдин окуусун улантуучулары болуп сегиз мектеп эсептелет. Алардын бирин негиздеген Мэн-цзы (б.з.ч. 372-289-жж.) болгон. Конфуций сыяктуу бул да көп саякаттаган жана өзүнүн окуусун жарыялоо менен мамлекет башкаруучуларга өзүнүн кызматын сунуш кылып да келген. Өмүрүнүн акыркы жылдарын өз окуучуларына арнаган. Дүйнөдөн өткөндөн кийин анын окуучулары «Мэн-цзы» трактатын жазып калтырышкан.

Дагы бир Конфуцийдин улантуучусу Сюнь-цзы (болжол менен б.з.ч. 313-238-жж.) болгон. Ал Чжао падышачылыгында туулган. Эң мыкты билимге ээ болгондугуна байланыштуу Ци, Цинь, Чжао мамлекеттерининин башкаруучулары кызматка чакырышкан. 50 жашка чыкканда Цзися академиясында насаатчы болуп калган жана Ланьлин уездинин начальниги болгон. Философиялык көз карашында ааламдын жетектөөчү ролун туу туткан жана Инь менен Яндын улуу өзгөрүшү деп билдирген.

**Моизм.** Бул окуунун негиздөөчүсү **Мо Ди** (болжол менен б.з.ч. 475-395-жж.) Лу падышачылыгындагы майда менчик ээсинин үй-бүлөсүндө туулган. Ал көп саякаттаган жана башкаруучуларга өз идеясын сунуш кылуу менен басып алуу согуштарынан баш тартууга чакырган. Ал Конфуцианствону окуп үйрөнүү менен кээ бир позициялар боюнча ага каршы турган. Анын көптөгөн окуучулары жана улантуучулары болгон. Асмандын ролу жөнүндөгү ой жүгүртүүлөр көңүл бурууну талап кылат. Анын оюнда Асман төрт жыл мезгилин жөнгө салат: жаз, күз, кыш, жай; алардын алмашуу тартибин жөнгө салуу үчүн кар жаадырат, жамгыр, өсүмдүк ж.б. Ал «асмандын эрки» принцибин четке кагып, «асмандын каалоосу» принцибин киргизкен. Бул принциптин маңызы эмнеде?

«Асман адилеттүүлүктү сүйөт жана адилетсиздикти жек көрөт. Чоң мамлекет кичинекей мамлекетке кол салышын, күчтүү үй-бүлө, алсыз үй-бүлөнү кордоосун, күчтүү күчсүздү тоноп кетүүсүн, амалкөй маңыроо адамды алдоосун, бай кедейге кордук көрсөтүшүн асман каалабайт. Адамдар бири-бирине жардам берүүсүн, билим берүүсүн, байлыгын бөлүшүүсүн каалайт». «Асмандын каалоосу» карапайым элге болгон сүйүүнү чагылдырган. Ошондуктан мамлекетти башкаруучулар асмандын каалоосун жетекчиликке алып адамдарды сүйүп, алар жөнүндө кам көрүүсү зарыл. Бирок иш жүзүндө андай

эмес, эл оор турмушта, карапайым калк үч оор турмушта. «Ачкачылыктагы адамдын тамагы жок, үшүгөндүн кийими жок, чарчагандар эс ала албайт. Ушул үч оорчулуктан адамдар катуу жапа чегүүдө». Мындан сырткары Мо-цзы мамлекеттеги жети кырсык жөнүндө айтат. Булардын негизинде өз ара ажырым жатат, ар кандай кызыкчылыктар «өз ара көрө албастыкты» жаратат.

Мо-цзы коомду калыпка салуучу адамдардын ортосундагы өз ара мамилеленин программасын сунуш кылат. Ал программа төмөндөгүдөй принциптердин комплексин камтыйт:

1. эң жалпы сүйүү,
2. басып алууларды четке кагуу (тануу),
3. биримдикти жогору коюу,
4. акылмандыкты жогору коюу,
5. чыгашадагы үнөм,
6. адамды акыркы сапарга узатуудагы үнөм,
7. музыка жана көңүл ачууларды чектөө,
8. асмандын эркин четке кагуу,
9. асмандын каалоосу,
10. рухту көрө билүү.

Мо-цзынын оюу боюнча коомдогу тартипсиздик адамдар бири-бирин сүйбөгөндүктөн келип чыгат. Жалпы сүйүү бардык адамдарга пайда алып келет. Жалпы сүйүү – бул бардык адамдар үчүн жогорку пайда. Адамдардын эң жогорку кызыкчылыгы бир жактуу сүйүү эмес жалпы сүйүү. Ошондуктан, сүйүү ар түрдүү, жалпысынан ал бирдиктүү жана окшош, бул адамдарга болгон сүйүү.

Саясий планда «жалпы сүйүү» бардык адамдарды саясий турмушка тең аралашууга укукту бекемдеген. Мындан Мо-цзынын көз караштарынын демократиялык багытта экендигин байкайбыз. Басып алууларды четке кагуу (тануу) жеке менчик укугун коргогон.

Сезимдик тажрыйба билимдин чыныгы, анык экендигинин булагы жана ченеми. Бирок бир эле сезимдик тааным жетишсиз. Тааным кубулуштардын себебин ачуу процессин, алардын ортосундагы окшоштук менен айырмачылыктардын, бөлүнүшүн түшүнүү. Сезимдик маалыматтар – изилдөөнүн булагы, анын натыйжасы болуп түшүнүктөр, ысымдар (ат) эсептелет. Ой жүгүртүүнүн жардамы менен (түшүнүк, ысым) чындык, реалдуулук сүрөттөлөт. Мо-цзынын оюу боюнча билимдер практикада колдонулуш керек жана ал адамдарга пайда алып келет. Билим адамдардын жашоосун оңдоо үчүн зарыл. Адамдарды тамак-аш менен

камсыз кылуу үчүн жерди иштетүүнү жакшы өздөштүрүш керек; эмгек куралдарына ээ болуш үчүн кол өнөрчүлүктү үйрөнүш керек; кийим кийиш үчүн токуучулукту өздөштүрүү зарыл.

Моизмдин улантуучулары – Сяньян, Сяньфу, Дэн Лин гносеология, логика маселелерине кайрылышкан жана алардын диалектикалык ой жүгүртүүлөрү байкалат. Алардын эмгегинде билим төмөндөгүчө бөлүнөт: жеке билимдер, угулган билимдер, ойломдун негизинде алынган билимдер жана ой жүгүртүүнүн натыйжасында пайда болгон билимдер. Алар буюм, бытие жана бытие-эмес, билим, акыл, себеп, зарылдык, мейкиндик жана убакыт, жалпы, жеке, бүтүн, окшоштук, айырмачылык, мамиле, аракет жана башка түшүнүктөргө аныктама беришкен.

**Минцзы, «Талаш-тартыштын мектеби».** Бул чындыкты издеген номиналисттер деп аталган мектеп б.з.ч. IV-III-кк. пайда болгон. Бул философиялык багыттын негизги идеясы төмөндөгүдөн көрүнөт. Коомдо өзгөрүү жүрөт, эски ысымдар жаңы мазмунга жооп бербей калат, натыйжада буюмдардын ысымы менен маңызынын ортосунда карама-каршы күрөш пайда болот. Инь Вэнь мындай дейт: «Ысымдар туура болгон учурда дүйнөдө тартип өкүм сүрөт; ысымдар маңызынан ажыраганда дүйнөдө баш аламандык пайда болот».

Буюмдар жана анын ысымдарынын дал келбегендиги – тартипсиздиктин жана социалдык башаламандыктын булагы. Ар кандай тартипсиздиктин себеби болуп форма менен айтылып жаткан аттардын дал келбестиги эсептелет. «Качандыр бир убакта туура болгон – маңызы боюнча туура эмес, жакшылык деп аталган өзүнүн жаратылышы боюнча – жамандык».

Бул мектептин өкүлдөрү сөздөрдүн маанисин анализдөө менен алектенишкен. Жалпылык менен жекеликтин, абсолюттук менен салыштырмалуулуктун өз ара мамилесин талкуугa алышкан. Алардын оюу боюнча сезимдик элестетүүлөргө караганда түшүнүк чындыкты терең чагылдырат.

Минцзы мектебинде эки багыт пайда болгон. Биринчиси (негизги өкүлү Хуэй Ши) предметтердин ортосундагы айырмачылыктар салыштырмалуу экендигине басым жасаган, экинчиси (негизги өкүлү Гунсунь Лун) буюмдардын арасындагы айырмачылыктарды абсолютташтырган.

Ошентип Байыркы Кытай философиясы философия тарыхында өзгөчө оригиналдуу ойлорду айтканы менен азыркы учурда да популярдуулугун сактап келүүдө.

## Античтик Греция философиясы

**Милет мектеби.** Грек философиясы алгач Иониянын колонияларында пайда болот. Бул маданияттын гүлдуп өсүшү, искусствонун өнүгүшү жана башка элдер менен болгон жандуу байланыштын болгондугун билдирет. Иония Египет менен маданий жана башка байланыштарда болуп турган. Иониялык философтор Фалес, Пифагор Египетте да болушкан. Анткени Египет байыркы мезгилде илимдин, айрыкча, математиканын бешиги болгон. Акыркы мезгилдеги изилдөөлөргө кайрыла турган болсок Египеттин илимий жактан өнүгүүсү грек философторунун дүйнө таанымына да таасирин тийгизген.

Гректердин географиялык горизонтунун кеңейиши коомдук ички турмуштун өнүгүшүнө алып келет. Соода ишинин, өнөр жайдын өнүгүшү, калктын ири соода борборлоруна агылып келиши саясий, социалдык жактан өзгөрүүлөргө алып келет. Натыйжада коомдук турмуштун эски формасы жаңысы менен алмашат. Ушундай өзгөрүүлөрдүн башатында «жети акылман» деп аталган алгачкы грек акылмандары турат. Алардын катарында Милеттик Фалес да турган.

**Фалес** – грек философиясынын баштоочусу, башкача айтканда, «милет мектеби» деп аталган философиянын негиздөөчүсү. Грек акылмандуулугунун баштоочусу болгон бул философ жөнүндө тарыхый маалыматтар аз. Крез менен Солондун замандашы деп айтышат. Болжол менен б.з.ч. 625-жылы төрөлүп VI кылымдын орто ченинде дүйнөдөн кайткан. Фалес алгачкы философ катары гана эсептелбестен алгачкы илимпоз, мамлекеттик ишмер да болуп саналат. Ал Крез менен чогуу Кирге каршы жортуулга чыккан жана падышага өзүнүн кеңешин берип турган.

Аристотелдин окуучусу Эвдем гректердин астрономиясы менен математикасынын тарыхын жазып жатып Фалес жөнүндө мындай дейт: «Фалес өзүнүн математикалык жана астрономиялык таанып билүүлөрүн Египеттен өздөштүргөн». Фалестин мындай таанып билүүлөрүнүн далили болуп күндүн тутулушу жөнүндөгү алдын ала божомолдоосу эсептелет. Ал б.з.ч. 585-жылы 28-майда болгон. Фалес мындай кубулуштун болоорун эмпирикалык таанып билүүнүн жана мезгил мезгили менен болуп турган күн тутулууну байкоонун

негизинде айткан. Эвдемдин айтуусу боюнча бул эмпирикалык билимди Фалес Египеттен өздөштүргөн.

Диоген Лаэрцийдин оюу боюнча Фалес 200 дөн ашык ырдын автору. Ошондой эле бир ири эмгекти калтырган («О равнодействиях и солнцестояниях»). Ал эми Феофраст боюнча Фалес өзүнөн кийин «Деңизде сүзүүчүлөр үчүн астрономиялык көрсөтмөлөр» деп аталган бир гана чыгарманы калтырып кеткен.

Бирок тилекке каршы, Фалестин астрономиясы жана математикасы жөнүндө так маалыматтар калган эмес. Анын философиясы бизге эки көз караште жеткен: 1. бардык нерсе суудан жаралган, башкача айтканда, башбашталма болуп суу эсептелет, жер суунун үсүтүндө калкып жүрөт. 2. бардык нерсе кудайларга толгон: бардык нерседе демондор (ибирис) жана жан бар.

Ошентип, Фалестин дүйнөтаанымында анимистик, демондук дүйнөтуюм кездешет жана алгачкы философиялык монизм негизделет. Бардык реалдуулукту бир, жалгыз стихиялык башбашталмага алып келет.

Фалес мындай дейт – «жер суунун үстүндө турат». Жер – башбашталма. Мындай элестетүү табигый көрүнүш. Ага төмөндөгүдөй учкул ой таандык: «Баарынан эмне кыйын? – Өзүңдү аңдап билүү». «Баарынан эмне жеңил? – Башкаларга кеңеш берүү». «Баарынан эмне жагымдуу? – Эмнени кааласаң ошого жетүү». «Баарынан мурда эмне чарчатат? – Текебердик». «Эмне жаман? – Тарбиясыздык».

**Анаксимандр.** Фалестин окуучусу Анаксимандр (болжол менен б.з.ч. 610-546-жж.) милет мектебинин экинчи өкүлү. Ал алгачкы географиялык картаны түзгөн. Анаксимандр жердин үстүңкү катмары океандар менен капталып турарын көрсөткөн.

Диоген Лаэрцийдин оюу боюнча Анаксимандр биринчи астрономиялык сфераны түзгөн. Ал космография менен алектенген жана Ферекид менен катар алгачкы грек прозаиги жана алгачкы философ-жазуучусу болгон. Анаксимандр дүйнө чексиз, көп деген идеяны айткан жана асмандын кыймылын илимий жол менен түшүндүрүүгө аракет жасаган, жер чексиз аныкталбаган мейкиндикте турат. Апейрон – белгисиз, аныкталбаган «физис» (буюм, нерсе). Анаксимандр боюнча апейрондон бардык нерсе жаралат жана тынымсыз, түбөлүк кыймыл процессинде баары чечилет. Ал мындай дейт: «Бул башталыш суу да эмес, кандайдыр бир кубулуш да эмес, ал аныкталбаган табигый буюм, андан бардык асман телолору пайда

болот жана андан дүйнө түзүлөт». Бул башбашталманын жаратылышы жөнүндө көп талаш-тартыш жүргөн. Кээ бирлердин оюу боюнча апейрон жөнөкөй гана «аралашма», андан ар кандай кубулуш пайда болот жана ал көптөгөн элементтердин аралашмасы болуп эсептелет. Кээ бир изилдөөчүлөр апейронду «аныкталбаган же сапатка ээ болбогон материя» дешкен. Чындыгында эле Анаксимандрдын «апейрону» суу да эмес, от да эмес, аба да эмес. Бирок ошол мезгилдеги адамдардын оюу боюнча ал – стихиялуу, буюмдук, нерселик башталма.

Анаксимандрдин апейронун Аристотель абадан, оттон, суудан айырмаланган башталыш деп мүнөздөйт. Ал ушулардын ортосундагы «абадан жеңил, оттон тыгыз» нерсе.

Ошондуктан төмөндөгүдөй жыйынтыкка келсек болот: апейрон убакытта жана мейкиндикте башаты жок жана чексиз, ал «баарын камтып турат», «картайбайт», «өлбөйт», «баарын башкарат» жана ошондой эле ыйык жана телого ээ, ага түбөлүк кыймыл тартууланган.

Дүйнөнүн борборунда аба менен курчалган жер турат. Ал ылдый кулабайт, өзүнүн тең салмактуулугун сактап, кыймылсыз турат. Анаксимандрдын көз алдына ал цилиндр формасында элестетилген. Алгач ал суюк абалда болгон, акырындык менен күндүн жылуулугунун таасири менен кургап катуу абалга өткөн. Нымдуулугунун бир бөлүгү калып деңизди түзгөн, бир бөлүгү кургап абага кошулуп шамал менен аба агымын пайда кылат. Ал күн, аба, жылдыздардын айланып туруусуна шарт түзөт. Алгачкы жаныбарлар суу жаныбарлары болгон, адам балык сымал жандык болгон, качан гана кургак жер пайда болгондо суу жаныбарларынан жерде жашоочу жандыктар пайда болгон.

Ошентип, Анаксимандрдын философиясында бирдиктүү субстанция болуп апейрон эсептелет. Чексиз субстанция жөнүндөгү идея биринчи жолу калыптанат. Философиялык ачылыштар сыяктуу эле бул идея проблема болуп саналган. Ал бир нече проблемаларды ичине камтыган.

**Анаксимен.** Милет мектебинин акыркы өкүлү болуп Анаксимен эсептелет. Анаксимандрдын таасири анын көз карашынан ачык байкалат. Бардык нерселердин башталмасы катары Анаксимен абаны эсептейт. Аба – жер менен эфирдин ортосунда, суу менен оттун ортосундагы «ортолук». Бул – буу же туман, ал кээде ачык, жарык болот, кээде караңгы, жамгыр болот. Аба от болот, шамал – булут,

суу, жер, таш болот. Коюлган, уюган аба жерди пайда кылат. Аба ажырап отко айланат.

**Пифагор жана пифагорчулар.** Пифагор б.з.ч. VI-кылымда жашаган. Пифагордук философия б.з.ч. V-кылымда пайда болуп б.з. III-кылымына чейин созулат. Б.з.ч. IV-кылымдын экинчи жарымында пифагордук философия платонизм тарабынан сиңирилип алынат, мектептин өзү мистикалык секта жана диндик уюм катары сакталып калат. Б.з.ч. II-кылымдан баштап пифагорчулук кайрадан жанданат, бирок бул «жаңы пифагорчулук», маңызы боюнча жаңы окуу болуп калат. Ал Платон, Аристотель жана стоиктерди чогултууга (жараштырууга) аракет жасаган окуу болгон.

Пифагор Самос аралынан чыккан Миссархтын уулу болгон. Пифагор көп саякаттаган. Анаксимандрдын окуусу менен тааныш болгон. Б.з.ч. 530-жылдары (болжол менен) Пифагор Грециядагы маданий борбор болгон Кротонго келет, ушул жерде ал өзүнүн уюмун түзөт. Пифагор диндик реформатор, мистик, моралист, саясий уюштургуч, окумуштуу, философ катары белгилүү болгон. Анын уюму чиркөө менен, философиялык мектеп жана саясий гетерия менен байланышта болгон. Ал б.з.ч. V-кылымда өлгөн. Ал өлгөндөн кийин уюмдун саясий ишмердүүлүгү токтогон эмес, б.з.ч. IV-кылымда пифагорчулардын негизги борбору болуп Талент шаары эсептелет. Уюмдун мүчөлөрү мамлекетти башкаруучулардан агартуучулук менен гумандуулукту, адамды сүйүү, улууну урматтоо ж.б. талап кылышкан.

Пифагор биринчи жолу «философия» деген терминди пайдаланган жана өзүн философ деп атаган. Математикалык дүйнө түшүндүрүүсүндө ал геометрияга чоң маани берген. Анын атын алып жүргөн теорема баарыбызга маалым. Пифагорчулар боюнча он башбашталма бар. Алар:

- чек жана чексиздик
- эсепсиздик жана эсеп
- бирдик жана көптүк
- оң жана сол
- эркек жана аял
- тынчтык жана кыймыл
- түз жана ийри
- жарык жана караңгы
- жакшылык жана жамандык
- квадрат жана узун созулган төрт бурчтук

Дүйнө чоңдуктардан, чектен жана чексиздиктен пайда болот. Дүйнө чексиз боштуктан турат, ал бирдиктүү жана кыймылдуу, борборунда от турат. Өзүнө апейронду тартып боштукту жаратат. Борбордук отту Филолай «Гастия» деп атаган. Анын тегерегинде улуу он тело жайгашкан. Космос телолору борбордук телодон пайда болот.

Пифагорчулар жер өз огунда айланып тура тургандыгы жөнүндөгү божомолду айтышкан. Филолайга чейинки пифагорчулар жердин тоголок формада экендигин айтышат. Күндүн тутулушун айдын күн менен жердин ортосунан өтүшү катары түшүндүрүшкөн. Жыл мезгилдеринин алмашышын жердин күнгө карата эңкейип турган абалы катары кабылдашкан.

Филолай дүйнө бүтүндүгүн 3 бөлүккө бөлөт: кудайлык Олимп, жогорку чөйрө кыймылсыз жылдыз асманды курчайт; космос-планета, күн, айдын кыймылын туура, бир калыпта кармап туруучу жай, уран же асман. Үчүнчү, асман алдындагы чөйрө – өзгөрүлмө тартипке салынбаган кыймыл.

Пифагорчулардын философиясы дуалисттик болуп эсептелет. Ал гармониянын жашоосун карама-каршылык менен айкалыштырат. «Космос» жашагандан кийин гармония да жашайт.

**Гераклит.** Б.з.ч. VI-кылымдагы дагы бир ойчул Гераклит болуп эсептелет. Ал Иониянын саясий жактан алсырай баштаган доорунда Эфесте жашаган. Гераклит көпчүлүк учурун жалгыз өткөргөн. Ал демократияга каршы турган гражданин болгон. Көпчүлүктүн бийлигине каршы болсо: «мен үчүн бир – он миң, эгер ал эң жакшы болсо» - деген. «Закон – бирөөнүн кеңешине макул болуу». Аристократиялык бийликти жактап, Гераклит бийлик көп санда болгон «жакшыларга» таандык, ал эми көпчүлүк «жамандар» алыс болуш керек. Муну жалпы жыргалчылык жана жогорку адилеттүүлүк талап кылат деген. Теңсиздик Гераклиттин оюу боюнча жалпы табигый көрүнүш, көпчүлүктүн эгалитардык аракети, умтулуусу кылмышка жана өлүмгө тете.

Гераклит өзүнөн кийин ар кандай ат менен аталып жүргөн чыгармасын калтырып кеткен. Ал 3 бөлүккө бөлүнгөн. Анда философиялык, саясий жана диндик көз караштары чагылдырылган.

Дионистин оюу боюнча Гераклиттин чыгармасы кыска афоризмдерден турган. Гераклит өзүнүн оюн табышмактуу кээде парадоксалдуу формада берген. Кыска афоризмдерде ал карама-каршы, бирин-бири жокко чыгарган түшүнүк жана образдарды

аралаштырууга өтө кызыккан. Анын чыгармачылыгы Гераклит «темный» деген атты ыйгарууга алып келген.

Гераклиттин ой жүгүртүүсү интуитивдүү мүнөзгө ээ. Ал Милет мектебинин физикасы менен, Фалес, Гекатей, Пифагор, Ксенофан менен тааныш болгон. Анын оюу боюнча философ кеңири билимдүү адам болуш керек.

Гераклиттин философиясынын биринчи абалы болуп жалпы өзгөрүү же кыймыл закону эсептелет: «все течет» («панта рей»), «все движется и ничто не пребывает» - бул бардык бар нерселердин жалпы закону. Баары убакытта өзгөрөт. Асман кыймылда, стихия да кыймылда, жандуу жандыктардын мууну бирин экинчисине алмаштырат. Ааламдын кыймылында өзгөрбөс, кыймылдабас, эч нерсе жок. Анын оюу төмөндөгүдөн көрүнөт: «Нельзя войти дважды в одну и ту же струю, нельзя дважды коснуться одного и того же тела: наши тела текут, как ручьи». Биз дем алган аба сыяктуу буюмдар алмашып турат. Өзгөрүү, пайда болуу, жок болуу бытие эместен бытиеге өтүүнүн табышмактуу жолу. Мурда болбогон нерсе (эч нерсе эмес) пайда болот. Мында бытие эместен бытиеге өтүүдө парадокс келип чыгат: ал адам акылы менен жете алынбаган карама-каршылык.

Гераклит боюнча өзгөрүү, кыймыл бытиенин чыныгы формасы. Шартсыз өзгөрбөгөн, кыймылсыз эч нерсе жок. Бирөөнүн өлүмү бул экинчинин төрөлүшү дегенди билдирет. Күн жана түн, кыш жана жай, ачкачылык жана токчулук, оору жана ден соолук биринен экинчисине өтүп турат.

Баары пайда болот, кыймылдайт, өзгөрөт. Аны Гераклит «түбөлүк кыймылдуу» от деп түшүндүрөт. От – кыймылдуу, жогорку стихия деп билсе болот. «Бардык буюмдар отко өзгөрөт, айланат жана от бардык буюмдарга айланат». От ченеми менен күйүп, ченеми менен өчүп турат.

Кубулуштардын жалпы агымында жеке формалар жаралат жана кайра жок болот, бирок жалпы маанилер өзгөрүүсүз кала берет: «баары агат, бары өзгөрөт, бирок бүтүндүктүн түзүлүшү өзгөрүүсүз кала берет. Жашоонун кыймылында күн менен түндүн, жыл мезгилдеринин алмашуусунда, жашоо менен өлүмдүн алмашуусунда, жалпы эле бытиенин айлануусунда закон ченемдүү эреже бар, ченем бар, мыйзам бар, «ой жүгүртүү»» бар же «баарында болгон» сөз бар.

Гераклиттин «Бирдиктүү» деп аталган окуусунда ага баары кирет жана ал «акылдуу» деп аталат. Жогорку адамдык акылмандык бул акылдуу ойду таанып билүү дегенди билдирет. Ал баары аркылуу

баарын башкарат. Бул дүйнөнү башкарган акыл Гераклитте атайын атка ээ болгон. Анны «Логос» же «Сөз» деп атаган.

Дүйнөдөгү бардык нерсе ушул сөз боюнча пайда болот. Ал бардык буюмдардын жалпы закону, адамдар баш ийиш керек, андан бардык адам закондору дем, күч алат.

«Чыныгы сөз» баары бирдиктүү, бирдиктүү нерсе акыл эстүү жана жогорку күчкө ээ деп билдирет.

Кайрадан башбашталма жөнүндөгү окууга кайрылсак Гераклит отту субстрат катары алганы белгилүү. Гераклиттин оюу боюнча от өчүп сууну жаратат, суу деңизди пайда кылат, дүйнөнүн жашоосунун маңызы, суудан кургактык пайда болот. Бул «төмөнгө карай жол» - асмандык от жерге карай жылат. Буга кайра тескери жол дал келет. Ал жол «жогору карай жол» деп аталган жер сууга сиңип жок болот, суу асманга көтөрүлөт, катуу куюн буу түрүндө болот, ал отко айланат. Кубулуштардын мындай айлануусунда белгилүү бир ченем сакталат башкача айтканда жердин, суунун, таза оттун саны өзгөрүүсүз калат. Суу жер менен оттон канча сарптаса, ошончону кайра алып турат. Эгерде кубулуштардын айлануусунда термелүү болсо, ал ритмикалык мүнөзгө ээ жана бүткүл дүйнөлүк кыймылдуу тең салмактуулукту буза албайт. Бул карма-каршылыктын гармониясы болуп саналат.

Асмандан сырткары жакта таза от бар, анын нурлары асманга бекилген идиште чогулат жана жерге карай багытталган. Бул идиштерде ачык жылтылдак булут чогулган. Ал эртең менен жана кечинде күйөт. Ошентип жалпы законго баш ийген күн ар күн сайын жаңыланып турат. Ал ченеми менен күйүп, ченеми менен өчүп турат.

Адам да асман сыяктуу элементтерден турат. Анда от, суу, жер бар, ошондой эле айлануу жүрөт. От, суу, жер болот жана тескерисинче Гераклит боюнча жанга да ушул ар эле мүнөздүү, өлгөн Рух – суу болот, өлгөн суу – жер болот, жерден суу пайда болот, суудан – жан пайда болот.

Ошентип, Гераклиттин философиясы өз мезгилинин эң бир белгилүү окуусу болуп калган. Ал тез таркап, көп философторго таасирин тийгизген. Анын монизминен сырткары карама-каршылыктын биримдиги жөнүндөгү идеясы да кеңири белгилүү болгон.

**Элей мектеби.** Элей мектебинин негиздөөчүсү катары Ксенофан эсептелет. Калыптануусу б.з.ч. VI-кылымга таандык. Анын улантуучулары Парменид, Зенон болгон. Ксенофан Пифагордун замандашы болгон жана б.з.ч. VI-кылымдагы башка диндик

кыймылдын өкүлү эле. Ал Кичи Азиядагы Иониялык колония болгон Колофондо төрөлгөн. 25 жашында ал шаарды таштап көп жылдар бою тентип жүргөн. Б.з.ч. V-кылымда өтө карыган убагында дүйнөдөн кайтат.

Ал эпикалык, элегиялык, сатирикалык, дидактикалык поэтикалык чыгармалары менен белгилүү. Феофрастын маалыматы боюнча ал Анаксимандрдын угуучусу болгон жана анын көз карашынын таасири ачык көрүнөт. Бирок ал физик эмес, тескерисинче нравалык диндик идеалдарды поэтикалык формада жайылткан. Ал антропоморфтук политеизмге каршы чыккан. Бул анын окуусунун негизин түзөт. Ал мифологиялык политеизмге, жалпы мифологиялык дүйнө таанымга каршы чыккан. Ал Гомер менен Гесиодко каршы чыгып кудайларга кандай жол менен адамдык образ берилет деп суроо коет. Ар кандай эле эл өзүнө окшоштуруп кудайды жаратат, мисалы фракиялыктар сары өңдүү, көк көздүү кудайды жаратат, эфиоптордо – кара, мурду коңкогой келген кудай элестетилет. Бирок чыныгы кудай пайда болбойт, жок болбойт. Кудайдын төрөлүшү жөнүндө айтуу абийирдүүлүккө жатпайт.

Ксенофандын окуусун пантеисттик монизм деп түшүнсө болот. «Баары бирдиктүү» жана ал «бирдиктүүлүк кудай болуп саналат». Бул анын бардык окуусунун жыйындысы. Чыныгы кудай бирдиктүү, түбөлүктүү, чексиз башталыш. Ал баарын көрөт, жөнгө салат. Экинчи жагынан ал бардык нерсени түшүндүрөт. Ал асмандын бардык буюмдардык биримдиги деп белгиленет.

Дүйнө чексиз жогорку – аба жана төмөнкү – жер катары таанылат. Жер тереңдиги жана жайылып жатышы боюнча чексиз, бардык тарапка созулуп жатат. Жер жана суудан баары пайда болот, алар бирдиктүү, аба менен күндүн отторунун таасири менен ажыратылган.

Ошентип Ксенофанда өтө тыкан түрдөгү философиялык окуу жок болгонуна карабастан элей философиясына программа сунуш кыла алган. Аны Парменид уланткан.

Пармениддин философиялык чыгармачылыгы б.з.ч. V-кылымдын биринчи жарымына таандык. Ал пифагорчулар менен да тыгыз байланышта болгон. Парменид философиялык көз карашын өзүнүн поэмасында чагылдырат. Ал эки бөлүктөн турган: 1. чыныгы бытие жөнүндө, 2. жашоо жөнүндө.

Пармениддин окуусу боюнча таанымдын эки жолу бар, бытие-эмес жөнүндө айтууга болбойт, анткени кичине болсо да ал бар; эгерде ал башка мазмунга ээ болсо анда ал эч кандай барлык болуп

эсептелбейт. Парменид боюнча дүйнө бөлүнгүс, өзгөрүлбөс жана таанылбас сфера, сезимдик кабылдоо бул бирдиктүү бытие ажыратылып кабылданат, ал көптөгөн, өзгөрүлмө кыймылдуу буюм болуп кабылданат, ал жок болот жана кайра пайда болот. Ошондуктан, кубулуш дүйнөсү бытие жана бытие-эмести өзүнө кошуп турат. Бытие-эмес бул жалган көрүнүш, бирок бул көрүнүш бирдиктүү бытиени көптөгөн буюмдарга ажыратат, мейкиндиктеги боштукка бөлөт, аны убакытка ажыратат.

**Зенон.** Пармениддин идеяларын Зенон уланткан (б.з.ч. 490-430-жж.). Зенон оюунун оригиналдуулугун анын диалектикасынан көрүүгө болот. Ал акылга сезимдерди каршы койгон тенденцияны андан ары уланткан. Зенон Пармениддин каршыларынын тезисин анализдеп келип бардык тезистер карама-каршылыкка алып келерин айтат. Зенондун замандаштарынын айтуусу боюнча Зенондун чыгармалары 40 апорийлерди камтыган.

Зенондун оюу боюнча бытие бирдиктүү. Эгерде бытиени көптүк деп айтсак, анда карама-каршылыкка туш болобуз: анткени ал бир эле мезгилде чоңдукка ээ болбогон өтө майда болуш керек жана чексиз чоңдукка ээ болгон өтө чоң болушу зарыл. Бытие чоңдукка ээ болбойт, анткени ал бирдик болуп эсептелет. Эгер ал бирдик болсо, анда ал бөлүнбөйт, чоңдукка ээ эмес. Натыйжада бирдиктин суммасы эч нерсе эмес болуп чыгат. Экинчи жагынан, ар кандай буюм чодукка ээ деп айтсак, анда анын ар бир бөлүгү чоңдукка ээ болот. Ошондуктан, ар кандай буюм чексиз чоңдукка ээ (чексиз чоңдуктун суммасы).

Зенондун кыймылга байланыштуу апориялары кеңири белгилүү. Анын мазмуну төмөндөгүчө: кыймылдагы тело белгилүү бир аралыкка кыймылдайт. Бирок ар кандай аралык чексиз бөлүнөт, кыймылдагы тело зарылчылыкка байланыштуу ал аралыктын жарымын өтүш керек, андан кийин гана калган экинчи бөлүгүн өтөт. Бирок ошол жарым аралыктын жарымын, акыркы жарымдын дагы жарымын (акыркы аралыкка чейин) өтүш керек. Ошондуктан аралыктын жарымы саны боюнча чексиз, бул апория («дихотамия») боюнча тело эч качан оордунан жылбайт, максатка жетпейт, анткени аралыктын бөлүнүшү чексиз жүрө берет.

Зенондун экинчи апориясы «Ахиллес». Бул апория төмөндөгүдөн көрүнөт: ташбаканы кууп жетиши үчүн кууп кетип жаткан старт башталган чекке барыш керек бул убакта качып кетип жаткан бул чектен бир топ аралыкка жылып кетет, кууп бара жаткан ошол чекти

өткөндө качып кетип жаткан жай жүрсө да ордунда турбай жылып турат. «Ошентип ар бир жолу бул аралык улам аз калып отурат, качып кетип жаткан кандай гана болбосун кандайдыр бир аралыкты басып өтөт, анткени ал кыймылда. Натыйжада чоңдуктун чексиз бөлүнүшүнө байланыштуу аралык чексиз бөлүнүп отурат да Ахиллес ташбаканы кууп жете албайт.

«Жаа» деп аталган апорияда жаанын учуусунун траекториясы каралат жана ар бир убакыт жаа тынч абалында турат. Натыйжада жаанын кыймылы тынч абалдын суммасы катары эсептелет. Ошондуктан учуп бара жаткан жаа тынч, кыймылсыз абалда болот. Апорияларда кыймылдын мүмкүн эмести айтылат.

**Эпикур.** Материалисттик перипатетиканын негизги жүзү античтик философиянын өкүлү болгон Эпикур жана анын окуучуларынын ишмердүүлүгүнөн даана көрүнөт. Эпикурдун окуусу аркылуу Левкипп менен Демокриттин атомистик окуусу экинчи жолу жаралуу мүнөзүнө ээ болот. Эпикур жана эпикурчулар дүйнөнүн материалдуулугун жана таанып билүүгө боло тургандыгын далилдөөгө аракет жасашкан. К.Маркс өзүнүн доктордук диссертациясында Эпикур менен Демокриттин натурфилософиясын изилдеп, айырмачылыгын аныктап, Эпикурду эң белгилүү грек агартуучусу деген жыйынтыкка келген.

Эпикурдун өмүр таржымалына кайрыла турган болсок б.з.ч. 341-340-жылдары Самос аралында төрөлгөн. Бул арал Пифагордун, Мелисстин, Аристархтын да кичи мекени болуп эсептелген. Эпикур өтө бай болгон жана анчалык белгилүү эмес үй-бүлөдөн чыккан. Анын атасы көркөм чыгарманы окутуучу кесипти аркалаган. Эпикур он сегиз жашка чыкканда Афинага келип орношуп калган.

Анын алгачкы окутуучусу болуп Самос аралындагы Памфилий эсептелет, ал эми Афинага келгенде Ксенократтан окуган. Бирок ал өзүн билимди өз алдынча алган адам катары эсептөөчү. Демокрит, Платон, Аристотелге карата өтө жакшы ойлорду анчалык айта берген эмес. Бирок ал чыгармачыл, энергиялуу инсан катары өзүнө көп адамдарды тарткан, ал өзүнүн мектебин адегенда Лесбос аралынын Митилен шаарында, андан кийин Лампсакта негиздеген. Митиленде ал Гермарх менен достошууга жетишет, ал эми Лампсакта Метродор, Полиэн, Леонтий, Колот жана башкалар менен достошот. Ушундан кийин ал Афинага келет. Ал жерде Эпикур үй-жайы менен бакты сатып алып, ага өзүнүн окуучулары менен жайгашат. Ал жерде баарыбызга белгилүү «Эпикурдун багы» жаралат. Ага кире берише

төмөндөгүчө белгиленип жазылган: «Конок, сага бул жерде жакшы болот: бул жердеги канааттануу – эң жогорку жыргалчылык».

Бирок Эпикурдун мектеби Аристотелдин же Платондун мектеби сыяктуу өтө белгилүү болбогон. Анын багы пикирлештердин, санаалаштардын биримдиги болгон. Саясий турмушка аралашпаган пикирлештерди чогултуп турган бак бойдон калган.

Эпикур 300 дөн ашык китептин автору болгон. Алардын ичинен «Жаратылыш жөнүндө», «Атомдор жана боштук жөнүндө», «Физиктерге карата кыскача макул эместик жөнүндө», «Критерий же канон жөнүндө», «Жашоо образы жөнүндө», «Түпкү максат жөнүндө» деген чыгармаларынын аталыштары гана сакталып калган. «Буюмдардын жаратылышы жөнүндө» деген чыгармасы Эпикурчулук жөнүндө кеңири маалымат берет. Эпикурдун оюу боюнча философия менен алектенүү бакытка карай жол болуп эсептелет. Жаратылышты үйрөнгүсү келген адам таанымга муктаж болот. Аны Эпикур «Каноника» деп атаган. Ошондуктан анын тааным теориясынын негизинде критерий же канон жөнүндөгү («канон» - ченем, үлгү, критерий) окуу жатат.

Эпикур боюнча чындыктын негизги жана алгачкы критерийи катары туюмдар эсептелет. Ал Геродотко жазган катында «Биз бардык нерседе туюмдарга таянышыбыз керек» деген ойду таандык кылат. Эпикур боюнча акыл толугу менен туюмдарга көз каранды, өзгөчө өзүнө гана тиешелүү предмети болгон акыл жок, ал туюмдарга гана таянат. Туюмдар эс тутумга көз каранды эмес. Туюмдар экинчи бир туюмдарды тана албайт. Бул жерде Эпикурдун оюн эки жактуу анализдөө келип чыгат. Биринчиден, туюмдар биздин сырткы дүйнө жөнүндөгү билимдерди алуубуздун бирден бир булагы деп айта алабыз. Экинчиден туюмдар өзү да критерийге муктаж. Андай критерий болуп практика эсептелери маалым. Эпикур муну ачык айтып бере албаган.

Эпикур канон жөнүндөгү окуусунда чындыктын критерийи болуп туюмдар (айстхэсейс), алдын ала сүйүнүү (пролепсис) жана чыдамдуулук (патхэ) эсептелет. Бул критерийлердин ичинен туюмдардан башкасы негизги мааниге ээ эмес. Ошондуктан Эпикурдун тааным теориясы сенсуализмди жогору койгондугу менен айырмаланып турат.

Эпикурдун дүйнө таанымында жалпы дүйнө караштык окуу чоң мааниге ээ. Ал дүйнө жаралышы, асман, астрономиялык жана метеорологиялык кубулуштар жөнүндө айтып келип, күндүн чыгышы

жана батышы, айдын фазасы, күн менен түндүн алмашышы жөнүндө айтат. Анын көңүлүнүн борборунда аба ырайын алдын ала айтуу, булуттун пайда болушу, чагылган, күн күркүрөө, жер титирөө, шамал, кардын жаашы, муздун тоңушу жөнүндө маселелер турган.

Эпикур Левкипп менен Демокриттин окуусун улантып, аалам түбөлүктүү, ал азыр кандай болсо, түбөлүк ушундай болгон жана болот деген жыйынтыкка келген.

Эпикур ааламды эң жөнөкөй түшүндүргөн. Анын оюу боюнча жөн гана телолор, боштук жана телолордун туруктуу жашап өзгөрүлмө-өтмө касиеттери жашайт. Телолордун жашап тургандыгын туюмдар билдирет. Туюмдар телолордун касиеттерин да билдирет. Телолордун туруктуу касиети болуп алардын формасы, чоңдугу, салмагы эсептелет. Боштукту кыймыл аркылуу билүүгө болот.

Телолор өзү жөнөкөй же татаал болушат, мында татаал телолор жөнөкөй телолордон турат, ал эми жөнөкөй телолор жөнөкөй, анткени алар бөлүнгүс. Алар атомдор. Атомдор бекем жана бөлүнгүс, анткени атомдор абсолюттук тыгыздыкка ээ, боштук жок.

Эпикур боюнча атомдор чоңдугу, формасы жана салмагы боюнча айырмаланышат. Атомдун чоңдугу чектелген, аны көрүүгө мүмкүн эмес. Атомдордун формасынын саны чексиз эмес, эсепсиз көп эмес. Бул жерде Эпикурдун кыйыр түрдөгү Демокрит жана Левкипп менен болгон полемикасы байкалат.

Эпикур бытиенин бытие-эмеске өтүүсүн жана анын тескерисин таануу менен бардык өзгөрүүлөр жана алмашуулар атомдордун мейкиндиктеги аралашуусу деп түшүнгөн.

Кыймылдын булагы атомдордун өзүндө. Атомдор өзүнүн салмагынын аракетинин астында туңгуюк болгон боштукта кулоо касиетине ээ. Салмагы боюнча айырмаланса дагы бардык атомдор бирдей ылдамдыкта кыймылдайт. Эпикур боюнча атомдор түз сызык боюнча кыймылда жүрүп отуруп кыйшаюу, кулоо абалына да дуушар болот. К.Маркс өзүнүн «Демокриттин натурфилософиясы менен Эпикурдун натурфилософиясынын ортосундагы айырмачылыктар жөнүндө» деген доктордук диссертациясында атомдордун түз кыймылынан кыйшаюусу жөнүндөгү окуусун жогору баалаган.

Эпикур боюнча жан телого ээ, боштуктан сырткары телосуз нерсе жок, ал эми жан болсо активдүү болуп эсептелет, боштук болбойт. Жан өзгөчө түрдөгү атомдордон турат. Аба менен оттун атомдору дем алган сыяктуу эле, организмге жан таралган. Акыл (анимус) – жандын (анима) жыйындысы, чогулушу.

Этикалык көз карашында этика илиминин негизги максаты болуп адамдарды бактылуу болууга үйрөтүү дегенди билдирет. Эпикур гедонист катары табигый жана жасалма керектөөлөрдү баса белгилейт. Ал адамдын ой пикирин изилдеп коркунучтун үч түрүн белгилейт: асман кубулуштарынын алдындагы коркунуч; кудай алдындагы коркунуч, өлүм алдындагы коркунуч.

Эпикур өлүм алдындагы коркунучту четке кагуу максатын көздөп андан коркпоонун эки себебин көрсөтөт. Биринчиси, эч кандай жандын тиги дүйнөсү жок, жан да өлөт. Экинчиден, өлүм менен жашоо эч качан кезигишпейт. Биз жашап турганда өлүм жок, биз өлгөндө жашоо жок. Анын оюу боюнча өлүм бул бытиеден бытие-эмеске өтүү.

Ошентип Эпикур адамдын өз алдынчалыгын, өз алдынча аракеттерин жогору койгон. Көрө албастык, жек көрүү сыяктуу терс эмоциядан Адам качышы зарыл деп белгилейт. Адам коому болсо атомардык адамдардын өз ара келишиминин негизинде калыптанган. Ал келишимдин негизги максаты – бири-бирине зыян келтирбөө жана бири-бирине чыдамкайлык менен мамиле жасоо жана зыянды четке кагуу. Ар бир адам адилеттүүлүк жөнүндө бирдей ой жүгүртөт.

Эпикур өлгөндөн кийин анын жолун жолдоочуларын, мектебин Гермарх башкарган. Анын мектеби бир нече кылым жашаган.

**Атомисттер.** Атомизмдин негизги идеялары Левкипп тарабынан айтылып, системага салынган. Ал Милет шаарынан чыккан жана Зенондун окуучусу болгон деген маалыматтар болгон. Левкипп б.з.ч. V-кылымдын орто ченинде Милетте төрөлгөн. Левкипптин чыгармалары: «Чоң дүйнөтүзүлүшү» «Акыл жөнүндө». Ал эми Демокрит болсо аны андан ары өнүктүргөн.

**Демокрит** (б.з.ч. 460-370-жж.) – байыркы грек философ-материалисти, ар тараптан өнүккөн инсан. Энциклопедиялык мүнөздөгү акылман окумуштуу катары Байыркы Грециядагы атомистик илимдин негиз салуучусу жана Левкипптин окуучусу. Илимди алдына максат кылып коюп Египетке, Вавилонияга, Персияга, Аравияга, Индияга, Эфиопияга ж.б. өлкөлөргө барып, кыдырып чыккан. Кийинки убактагы окумуштуулардын айтуусу боюнча, байыркы грек ойчулдарынын ичинен биринчи энциклопедиялык мүнөздөгү акылман адам жана ааламды, бүтүндөй дүйнөнү түшүнүп билүүдө материалисттик көз караште болуп, материалисттик багытка негиз салып, анын биринчи баштоочусу болгон. Демокриттен баштап, философиялык илим материалисттик

жана идеалисттик көз караштагы багыттарды өзүнө камтып өнүгө баштайт, ал материалисттик багыттын биринчи баштоочусу, анын негиз салуучусу.

Демокриттин материалисттик илиминин негизинде атомистик окуу жатат, ошондуктан ал атомистик окуунун да негиз салуучусу. Демокриттин оюу боюнча ааламдагы, бүтүндөй дүйнөдөгү болгон нерселердин, жашоо-тиричиликтин негизинде атом жатат. Ошону менен катар «боштукту» да атом катары карап нерселердин негизинде атом жана боштук жатат деп түшүнгөн.

Демокриттин айтуусу боюнча, атомдор эч бөлүнбөйт, алар материянын бөлүнгүс негизи. Атом бөлүнөт деген нерселер эң кичине майда бөлүктөргө бөлүнүп олтуруп, жок болуп кетет дегендикке жатат. Ошондуктан атомдор эң кичине майда бөлүкчөдөн турат да, бардык нерселердин негизин түзөт. Атомдор ар дайым кыймылда болот, ошого байланыштуу кыймыл атомдун ажырагыс бөлүгү, атом түбөлүк кыймылда болот.

Атомдор бири-биринен өздөрүнүн сырткы түзүлүшү чоңдугу, өзүнүн орду жана жайгашуу катары боюнча айырмаланып турушат. Атомдор, Демокриттин оюу боюнча, баш аламан, ар тарапты көздөй жулкунуп, силкинип, тынбай, эң чоң ылдамдыкта, бардык тарапты көздөй «куюндай» болгон түбөлүк кыймылда болушат. Демокрит, жаратылышты диалектикалык мүнөздө түшүнгөн, анткени, ал Ааламдын «үстү», «асты», «ортосу», «чети», «түгөнүүсү» жок деп эсептеген. Бул анын оюунун философиялык тереңдиги.

Атомдор кагылышып, «жармашышып» жана ажырашышып турушат. Ар түрдүү атомдордун биригүүсү (үймөлөктөнүп чогулушу), табияттын көп, ар түрдүү болуп пайда болушуна алып келет жана анын эч нерседен эч нерсе пайда болбостугун күбөлөндүрөт. Ар кандай нерселердин, кубулуштардын бири-биринен айырмасы атомдордун бири-бирине болгон өз ара байланышына жараша болот.

Демокриттин түшүнүгү боюнча атомдордун кыймылына эч кандай сырткы күчтүн таасири жок деп эсептеген. Аалам ар түрдүү дүйнө жаратылышына бай. Ар түрдүү ааламдагы жаратылыш атомдордун «куюндай» болуп кыймылда болуп, алардын боштукта кагылышуусунан пайда болот деп түшүндүргөн. Бардык жандуулар жансыздардан кыймылда болгон атомдору аркылуу айырмаланышат, анткени, жандуулар ат сыяктуу тынбаган атомдордон пайда болушат, алар жандуу. Адамдар айбанаттардан өзгөчө жайгашкан жандуу атомдордун дененин атомдору менен алмашып туруусу менен

айырмаланат. Жан дененин өлүшү менен кошо өлөт, дене өлгөндө аны жандын атомдору ааламга тарап, таштап кетет.

Кудайлар, – деген Демокрит, – бул тоголок, оттой күйгөн атомдордун өзгөчө бирикмелери: алар жөнөкөй, жеңил урап жок болбойт, бирок бары бир түбөлүк эмес. Алар адамдарга белги берип турат, жагымдуу же жагымсыз таасирлерин тийгизип турушат.

Демокриттин философиялык көз карашы, анын атомисттик илими Байыркы Грек философиясынын уландысы болгон, кийинки муундарга, өзгөчө Европада философия илиминин өрчүшүнө өзүнүн чоң таасирин тийгизген. Анын философиялык көз карашы ушул күнгө чейин өзүнүн илимий мазмунун жоготкон жок, анткени анын атомистикалык илими азыркы мезгилдеги табиятты изилдеп жаткан жаш окумуштууларга материалисттик, диалектикалык көз караштa болуусуна чоң жардамын көрсөтүп турат.

Ошентип, Левкипп атомистик материализмдин системасын акыл күчүнүн жардамы менен түзгөн. Анын окуучусу Демокрит көп саякаттаган. Ал жаратылыш, жылдыздар, адамдар, жан, от, таш ж.б. жөнүндө чыгармаларды жазып калтырган.

Атомисттердин оюу боюнча бытие бирдиктүү, ал чексиз сандагы атомдордон турат: көзгө көрүнбөгөн, эң майда, бoштукта жайгашкан бөлүкчөлөрдөн турат.

Атомдор пайда болбойт жана жок болбойт, алар түбөлүктүү жана өзгөрүлбөс. Мисалы алманы бычак менен кессек, бычак алмадан боштукту таап, ал аркылуу алманы кесебиз. Эгер алмада боштук болбосо, анда ал катуу болмок жана бөлүнбөс болор эле. Атомдор да ушундай. Атомдорго эч кандай таасир эте албайбыз: ал ысыбайт, муздабайт, кургак же нымдуу, кара же ак болбойт.

Атомдор белгилүү бир формага ээ: алар шар түрүндө, бурчтук, ийрейген, илмек формасында болот. Атомдор формасы жагынан эле айырмаланбастан салмагы, чоңдугу боюнча да айырмаланат. Атомдор түбөлүк кыймылда. Атомдор түбөлүктүү жана өзгөрүлбөс, ал эми буюмдар өтмө жана өзгөрүлмөлүү.

**Киниктер.** Кинизмдин негиздөөчүсү Антисфен (болжол менен б.з.ч. 445-360-жж.) болгон. Ал Сократтан айырмаланып дүйнөдө жекелик гана жашайт, жалпылык жок дейт. «Атты (жылкы) мен көрөм, ал эми аттуулукту көрбөйм» деген. Ошондуктан чыныгы билим жекеликке гана карата колдонулат. Антисфен боюнча жан (психея) материалдуу жана формасы бар.

Антисфендин көңүлүнүн борборунда этикалык маселелер турган. Анын оюу боюнча адамдын бактысы курчап турган дүйнөгө көз каранды эмес. Изгилик – бул автархия, ал инсандын автономиясын билдирет. Ийгиликке канаттануу, канаттанууну алуу башкаларга көз карандылыкка дуушар кылат. Ал мындай дейт: «Кумардангандын ордуна акылдан адашкан жакшы». Сезимдик кумардануууну (ачкачылык, чаңкоо, сексуалдык керектөө) негизинен канаттандыруу керек. Бирок, эгерде аларды максат, кумардануу, канааттануу катары эсептесе, анда адам өзүнүн көз карандысыздыгынан айрылат. Мындай учурда изгиликке зыян келтирилип, жамандык салтанат курат.

Киниктер өз доорундагы мыйзамга, моралга, искусствого, үй-бүлөгө каршы чыгышкан. Антисфендин негизги максаты, идеалы болуп жаратылышка, «табигый» адамга, коомдун кысымга алынбаган идеалдарына кайра кайтуу болуп эсептелген. Анын оюу боюнча эмгек жыргалчылык катары эсептелген мезгилге, эркин сүйүүгө, алтын жок болгон доорго, башкача айтканда «алтын доорго» кайра кайтыш керек. Тап жана улут болбогон коомго келишибиз керек деген. Антисфен чыныгы кедейлик менен эмгекти сүйүүчүлүктү даңктаган. Изгилик, анын оюу боюнча айлакерлик менен жаралган сөздөрдөн эмес, иш аракеттен көрүнөт.

Дагы бир көрүнүктүү киник болуп Синоптон чыккан Диоген эсептелет. Ал күндөрдүн бир күнүндө ачык-жарыкта эле чыракты күйгүзүп алып бардык жерде каңгып жүргөнүн көрүшкөн. Андан себебин сураса «адамды издеп жүрөм» деп жооп берген экен. Ал адам дегенди өзүнүн алдына максат коюп, ошону менен жашаган адамды айткан. Диоген өзүнүн негизги милдети катары адамдын кайталангыс жана өзүнө гана тиешелүү жаратылышын билүү жана табуу деп түшүнгөн. Ал үчүн математика, физика, астрономия, музыка пайдасыз, метафизикалык ойлор маңызсыз. Ошондуктан комфорттон баш тартууну жайылткан. Кимде ким көп сандаган керектөөлөрдөн эркин болсо, анда ал эркин адам. Анын ойлору төмөндөгүлөрдөн көрүнөт: «Эч кимден коркпой, эч нерседен уялбай жашоо – кубанычты алып келет жана жашоону толук кандуу кылат». Диоген Лаэртскийдин айтуусу боюнча Диоген мындай деген: «Ал үйлөнөм деп үйлөнбөй койгондорду, саякатка чыгам деп чыкпай калгандарды, мамлекеттик ишмердүүлүккө өзүн арнайм деп, бирок ага барбагандарды, балдарды тарбиялайм деп, бирок аны жасабагандарды, төрөлөргө кызмат кылууга даяр болуп, бирок алар менен мамилеге да барбагандарды мактап-жактаган». Диоген

«өнүккөн бай мамлекетте, мартабалуу үй-бүлөдө изгилик жашабайт» - деп айткан.

Диогендин окуучусу Кратет болгон. Анын оюу боюнча байлык жана даңк – баалуулук эмес; акылман үчүн ал – жамандык; жакшылык – «кедейлик», жокчулук. Булардын идеяларын Менипп, Бион, Керкид уланткан.

Кинизмде «Үч пил» деп аталган окуу айтылат, алар: аскесис, апайдеусиа жана аутаркейа. Байыркы грек сөзү аскесис – көнүгүү, практикалык үйрөнүү, тажрыйба, жашоо образы, ойдун образы, багыт дегенди билдирет. «Эгер кимде ким изгилик жолундагы адам болгусу келсе телосун гимнастика менен көнүктүрүш керек, рухун билим жана тарбия менен чыңдашы зарыл», - деп айтышат. Мындай көнүгүүсүз жашоодо эч кандай ийгилик болбойт. Аскесис азыркы учурдагы «аскетизм» терминине жакын. Кинизмде аскесис – бул максималдуу жөнөкөйлүк, керектөөлөрдү чектөө, үйсүздүк, жылаң аяк жүрүү, суукка, ачкачылыкка, суусоого көнүгүү, жасалма керектөөлөрдөн баш тартуу дегенди билдирет. Киниктер өздөрү да эң жөнөкөй жүрүшкөн: кыска кийим жылаңач денеге кийилген, жылаң аяк басып жүрүшкөн. Алардын «куржуну» болуп баштык жана аса таяк болгон. Чачтары таралбай, сакалы өскөн бойдон жүрүү жашоо образынын негизи болгон, алар алгачкы обүиналык доордогу отту пайдаланбаган адамдардын жашоосун баалашкан. Алар адамдарга отту алып келип берген Прометейди сындап, идеал катары Гераклды тутушкан.

Киниктер байлыкка каршы турушкан. Алар байлыкты моралга каршы турат дешкен. Кедейлик адамды философия менен алектенүүгө түрткү берерин айтышат.

Апайдеусиа деп аталган окуусу билимсиздик, тарбиясыздык жөнүндө айтып келип, билимсиздик анчалык деле кемчилик эмес дешет. Алар илим менен билимди баалай алышкан эмес. Киниктердин акылы теориялык эмес, практикалык мүнөздө: ал күнүмдүк турмуштук аң-сезим, турмуштук акылмандык менен байланыштуу. Философиянын милдети – кандай жашоо керектигин үйрөтүү. Антисфен үчүн философия – бул «өзүң менен өзүң аңгемелешүү», «өзүң менен өзүң жалгыздыкта калууга үйрөнүү» болуп эсептелет. Жакшы жашоо – бул бай жашоо дегенге жатпайт. Философияга карата жол – бул кедейлик.

Аутаркейа, автаркия көз карандысыздык, өзүнө-өзү канааттануу, өзүнө-өзү каниет кылуу дегендик. Автаркия да киниктин үй-бүлөдөн эле эмес мамлекеттен да көз каранды эместик дегенди билдирет.

Антисфен боюнча жакшы адамды жамандан айырмалай албай калганда мамлекет жок болот. Диогендин ой жүгүртүүсүндө бирден бир чыныгы мамлекет болуп бүткүл дүйнө эсептелет. Ал өзүн «дүйнөнүн гражданы» деп эсептеген (космополит). «Ал каяктан?» деген суроого, мындай дейт: «Мен дүйнөнүн гражданымын» деп жооп берген. Мамлекетке, полиске кайдыгер кароо менен киниктер башкаруунун тирандык (катаал башкаруу) формасына каршы болушкан.

Ошентип жогоруда үч идеясында эң жогорку баалуулук болгон эркиндик турат. Анткени алар эркиндикти баарынан жогору коюшкан. Бул үчүн алар ачка жана суукта жүрүшкөн. Эркиндик жана көз карандысыздык эң негизги баалуулук. Бакыт, бактылуу болуу киниктер үчүн да баалуулук. Бакыт – бул ички дүйнөнүн тынчтыгы, жашоонун толуктугу жана кубанычы. Кимде кимдин руху түн да, күн да тынчтыкты билбесе анда ал – бактысыздык. Рухтагы тынчтык адилеттүүлүктү жаратат. Адилеттүү болсоң бактылуу болосуң.

Кинизмдик традиция б.з.ч. II-III-кк. Мелеагранын сатираларынан жана эпиграммаларынан кездешет.

**Скептицизм.** «Скептицизм» термини байыркы грек сөзү «скепсис» дегенден келип чыгат жана карап чыгуу, байкоо, талдоо, солкулдоо дегенди билдирет. Ал гносеологиянын бир багыты катары ар кандай эле билим чындыкка дал келбейт деп билдирет. Скептицизм толук жана толук эмес, чектелген жана мээлүүн болушу мүмкүн. Толук скептицизм ар кандай чыныгы билимди четке кагат, толук эмес скептицизм кандайдыр бир белгилүү болгон чыныгы билимдин мүмкүндүгүн танат.

Чектелген скептицизм эки карама каршы ой жүгүртүүдөн бирөө чындык эмес деп белгилейт. Мээлүүн скептицизм пробабализм (латынча probabalis – «мүмкүн болгон», «чындыкка окшогон») деп аталат.

Скептицизмди агностицизмдин бир түрү деп айтса болот. Байыркы доордо агностицизм скептицизм формасында өнүккөн. Скептицизмдин негиздөөчүсү Пиррон (болжол менен б.з.ч. 360-275, 270-жж.) болгон. Анын окуучулары Тимон, Аркесилад, Карнеад, Энезидем, Агриппа, Секст Эмпирик ж.б. болгон.

Пиррондун көңүлүнүн борборунда бакыт жөнүндө проблема турган. Кантип бактылуу боло алат? Бул проблеманы чечүү үчүн төмөндөгү үч суроого жооп берүү зарыл: Бизди курчап турган нерсе

эмне? Бизди курчап турган нерселерге кандай мамиле жасаш керек? Бул мамиледе эмнеге көңүл буруш керек?

Биринчи суроого жооп берип жатып өзүнө чейинки өнүккөн философияны жыйынтыктап, бардык философтор иш жүзүндө бири бирине каршы турушкан дейт. Биз дүйнө деген эмне экенин, аны түзгөн буюмдар, андагы болуп жаткан процесстер жөнүндө биле албайбыз деген ойду айтат. «Сен өлүп калган жоксуңбу?» деген суроого Пиррон «билбейм» деп жооп берет. Дүйнөдө бардык нерсе салыштырмалуу, бардык буюмдар бирдей жана бирдей эмес туруктуу жана туруксуз, башкача айтканда таанып биле албайбыз. Пиррондун камырабастыгы, кайгыланбагандыгы атараксия деген ат менен белгилүү. Бул Эпикурдун атараксиясына окшош. Эпикур атараксияга билим жана агартуучулук аркылуу баруу керектигин айтса, Пиррон атараксияга карай жол – бул билимден баш тартуу деп түшүнгөн.

Пиррондун окуучусу Тимон (б.з.ч. 320-230-жж.) болгон. Ал жаш кезинде бийчи болгон. Кийинчерээк анын кызыгуусу өзгөрүлүп, Стильпондун, кийинчерээк Пиррондун окуучусу болуп калган. Тимон бир эле философ-скептик болбостон, антифилософ да болгон. Ал отузга жакын комедиянын, алтымыштай трагедиянын автору. Бирок булар Тимондун убагында эле жоголо баштаган, анткени ал өзү чыгармалары жөнүндө камкордук көрбөгөн. Ал өзүнүн антифилософиялык көз карашын сатиралык ырларында, «силласында» билдирген. Бул жагынан ал киниктерге жакын болгон. Анын «силласынан» фрагменттер гана сакталып калган. Анын «силласы» үч бөлүктөн турган, биринчи бөлүгүндө «Илиадага» пародия жасайт башкача айтканда, философтордун ортосундагы сөз чабуулу айтылат. Сөз чабуулунда жеңүүчү катары Пиррон чыгат деп айтат. «Силланын» экинчи жана үчүнчү бөлүгү Тимон менен Ксенофандын диалогу түрүндө жазылган. Тимон боюнча Пиррондон башка философтордун баары «аянычтуу софисттер», алардын философиясы «жугуштуу» болгон кур сөз гана болуп саналат.

Карнеад чындыктын абсолюттук критерийи жок дейт жана «чындыкка жакын болгон» мүмкүндүккө гана канаатанууга боло турганы менен чектелет.

Скептиктер 10 «тропту» калыптандырышкан, анда чындыкка жетүүнүн мүмкүндүгүнө күмөн саноо чагылдырылат. Бул «троптордун» жалпы мүнөздөмөсүн Энезидем чагылдырып берген. Ал эми Агриппа (б.з. I-к.) болсо кандайдыр бир нерсени далилдөөгө аракет кылса үч кырдаалга дуушар болот: 1) анын далили чексиздикке

кирип кетет, 2) же ал айлампага түшөт, 3) же гипотезалык булак катары кабылданат.

Жыйынтыктап айтканда жогорудагы ойлорго карабастан скептицизм оң мааниге ээ болгон маселелерди да койгон. Алар: билим жана чындык проблемасы, философиялык плюрализм. Скептицизмдин жетишкендиги болуп догматизмге каршы болгондугу.

**Платон** (б.з.ч. 427-347-жж.) **б**айыркы Грек өлкөсүндөгү философ-идеалист, Сократтын окуучусу обңективдүү идеалисттик көз караштын негиз салуучусу, 30дан ашык илимий эмгектердин автору. Платон Сократтын мектебинде философиялык маалымат алып, Сократтын көз карашында тарбияланып, анын негизги идеясын уланткан. Платон афиналык бай аристократтын үй бүлөсүндө туулган, мындай социалдык абалы анын келечектеги көз карашында өз изин калтырган. Афинада грек элинин легендарлуу баатыры Академиянын атынан аталган бактын ичинде өзүнүн «Академия» деп аталган философиялык мектебин түзгөн. Бул мектеп ошол мезгилдеги идеалисттик көз караштагы философтордун борбору болуп калган. Платон өзүнүн көз карашы боюнча ошол байыркы грек өлкөсүнүн кул ээлөөчүлөрүнүн өтө реакциячыл тобунун кызыкчылыгын жактап, алардын көз карашын чагылдырып, бир философиялык системага келтирген эмгектерди жараткан. Идеалисттик көз карашына карабай, ал дүйнөдөгү эң гениалдуу окумуштуу-философтордун бири болуп саналат. Платондон баштап философияда идеалисттик көз караш өз башатын баштайт. Философияда идеалисттик багыт Платондун ысмы менен байланыштуу.

Платондун обңективдүү-идеалисттик көз карашы анын «Пир», «Театет», «Федон», «Мамлекет», «Протагор», «Парменид», «Софист», «Политик». ж.б. чыгармаларында кеңири орун алган. Бул чыгармаларында жалпы эле материалисттик көз карашка каршы болбостон, Байыркы Грециядагы материалисттик көз караштын негиз салуучулары – Демокрит менен Гераклит да Платон тарабынан жек көрүүчүлүк менен сындалып, аларды кудайсыздар деп атап күнөөлөгөн. Анткени, Демокрит материалисттик-философиялык көз караштын негиз салуучусу болгон, ал эми Гераклит ушул көз караштын ар тараптан бекемдеп, далилдеген. Эгерде Платон идеалисттик философиялык көз караштын башаты болуп, негиз салуучусу болсо, ал эми Демокрит өзүнүн атомистик окуусу аркылуу, Платондон мурун материалисттик көз караштын башаты болуп, материалисттик көз караштын негиз салуучусу болгон, Гераклит

болсо ошол көз караштын бекемдөөчүсү болгон. Кылымдар бою келе жаткан философиялык-материалисттик жана идеалисттик көз караштар, ошол Байыркы Грецияда башталып, Демокриттин жана Платондун жолу, көз карашы, багыты (линия Демокрита и линия Платона) делип, илимде аталып калган. Бул эки философиялык карама каршы көз караштар бирин бири сындап, көптөгөн муундарды тарбиялап, илимге өз салымдарын кошуп келе жатышат.

Платон Сократтын оюн улантып, диалектика деген – баарыдан мурун, суроо коюп жана ага жооп берип, философиялык маселелерди чечүүнүн зарыл курамы экендигин баса көрсөткөн. Платондун диалектикасы, Сократтын методу менен тыгыз байланышта болуп, жандуу пикирлешип, ар ким өз оюн далилдөөнүн куралы экендигин көрсөтүшкөн. Бул Платондун философия илимине кошкон чоң салымы.

Бирок Платондун философиялык окуусунун негизин түзгөн маселе анын ою боюнча биз көрүп, сезип турган аалам, дүйнө «материя» менен «идеянын» ортосунан жаралган. Бирок материя биринчи же болбосо өзүнчө эмес, биринчи себепчи, жаратуучу – бул «идея». «Идеялар» түбөлүктүү «ааламдан тышкары», алар пайда болбойт, өлүшпөйт, түбөлүктүү, убакытка, мейкиндикке көз карандысыз. Биз көрүп, сезип турган нерселер, убактылуу, ченемдүү, мейкиндиктен жана убакыттан көз каранды. Реалдуу бытиенин, кыймылдаткычы – бул «идея». Идея биринчи, материя экинчи орунда турат. Бул жашап турган дүйнө, аалам – бул жалган дүйнө, бул дүйнө чыныгы дүйнөнүн көлөкөсү, ал эми чыныгы дүйнө тигил жакта, биз көрүп, сезип турган нерселер идеянын көлөкөсү. Таанып билүүбүздө биз табияттын кубулуштарын гана таанып билебиз. Көлөкөнү гана көрөбүз, чындык, күндүн жарыгы – биздин сезим ага жетпейт.

Платон ойлоп тапкан «тигил дүйнө» идеялардын шатысынын тепкичтерине окшош, ошол идеянын эң чокусунда эң жагымдуу, ак көңүл идея турат. Бардык реалдуулуктун негизги ачкычы болуп «идея» - «руханий дүйнө» болуп саналат. Эң «бийик идея», «рух» - бул реалдуулук, калган реалдуулук калп, көлөкө, чындык эмес.

Адамдар өзүнүн таанып билүүсүндө реалдуу материалдык дүйнөнү, ааламды таанып билбейт, таанып билүүсүндө мурдагы оюнда калган элестерди, туулганда эле кошо пайда болгон акыл-билимди, идеяны элестет.

Платондун коом жөнүндөгү философиялык ой пикири да ошол мезгилдеги кул ээлөөчүлүк коомдун аристократтарынын

кызыкчылыгын чагылдырат. Платондун оюу боюнча акылмандуулук эрдик, ак көңүлдүүлүк көп эмес – кул ээлөөчү аристократтарга тиешелүү, ал эми эл мындай моралга ээ эмес. Көптөгөн эл баш ийүүгө гана татыктуу. Кулдар болсо эл эмес, алар нравалык турмушка татыксыз. Ак көңүлдүүлүктүн, теңдиктин орун алганы – бул «бардык жактан келишкен мамлекет» (идеалдык мамлекет). Бул «бардык жактан төп келишкен мамлекет» кул ээлөөчү аристократтардын үстөмдүгүнүн ишке ашырылышы болуп эсептелет. Платон өзүнүн мамлекет жөнүндөгү чыгармасында бүтүндөй демократияга, анын ичинен Афина демократиясына өзгөчө каршы болгон. Мамлекеттик бийлик, кул ээлөөчү аристократтардын колунда болуш керек, анткени ал элди күч менен баш ийдирип туруш керек деп эсептеген.

Платондун – «бардык жактан төп келишкен мамлекетинин» мезгилинде коом 3 катмарга бөлүнөт: биринчи – философтор же башкаруучулар, экинчи – сакчылар (аскерлер), үчүнчү – кол өнөрчүлөр жана дыйкандар. Мамлекеттик бийлик тандалган философ – аристократтарга тиешелүү болууга тийиш. «Сакчылар» – жалданган көз салуучулар кул ээлөөчү-аристократтардын үстөмдүгүн колдогон адамдар, ал эми дыйкандар кол өнөрчүлөр мамлекетке керектүү болгондорду өндүрүп чыгарышат.

Платон өз мезгилинде 4 мамлекеттик саясий бийлик жөнүндө айткан: тимократия, олигархия, демократия, тирания. Платон Байыркы Грециядагы илимий көз карашка каршы болгон. Ал Демокриттик атомистик окуусун реалдуу турмушту чагылдырган искусствого, алардын – «көлөкөнүн көлөкөсү» деп атаган. Ал бир гана искусствонун түрүн жактырган. Алар – кудайлардын ысмына арналган гимндер. Гомердин, Эсхилдин, Софоклдын, Эврипиддин чыгармаларына каршы көз карашта болгон.

Платон өзүнүн идеалисттик көз карашы менен кийинки коомдорго өзүнүн көз карашын калтырган: өзгөчө орто кылымдагы диний руханий дүйнөгө зор таасир тийгизген. Диндик көз караштар Платондун идеалисттик окуусун улантып пайдаланышкан.

**Сократ** (б.з.ч. 470-399жж.) Байыркы грек философу, анын философиялык көз карашы, окуусу натурфилософиялык философиядан идеализмге бурулуш катары эсептелинет. Философиялык көз карашы боюнча обңективдүү идеализмдин баштоочусу катары да саналат. Сократ философиялык ой пикиринин терендиги менен өзүнүн замандаш философторунан айырмаланган. Афинада биринчи философиялык мектепке негиз салып,

баштоочулардын бири. Сократ Афинада жашаган, кылган иши боюнча жөнөкөй ширетүүчү болгон. Өзүнүн жүрүш турушу, мүнөзү боюнча философко окшобогон, ал көбүнчө жөнөкөй эле акылман адамга окшогон. Анын күндөлүк турмушта жүрүш турушу, кылган иши адамдарга айткан ой пикири, накыл сөздөрү катары эле чоң таасирин тийгизген. Сократ көп убагын Афина шаарынын ачык аянттарында, тосулган дубалдардын жанында өз ой пикирлерин адамдар менен бөлүшкөнгө кетирген. Ким аны менен маектешип, пикир алмашкысы келсе, Сократ бардыгы менен, адамдарды тандабай алар менен сүйлөшкөн, оюн түшүндүрүп бөлүшкөн. Биринчи жолу Афинада угуучуларды топтоп, аларды ой жүгүртүп, өзүнүн түшүнүгүн далилдей билүүгө үйрөткөн. Алардын катарында, келечектеги анын окуучулары Платон, Ксенофант, Гераклит, Аристофандор болгон. Сократ өзү эч нерсе жазган эмес, ошондуктан, өзүнөн кийин өзү жөнүндө эч нерсе калтырбаган. Сократ жөнүндөгү бизге жеткен маалыматтар өтө жупуну, окуучулары Платон, Ксенофант, Гераклит, Аристофандар жазып калтырган чыгармалары аркылуу жетип олтурат. Сократ өмүрүнүн аягында сотко тартылып, - «жаңы кудайларды ойлоп таап киргизди жана жаш муундарды бузду» деген күнөө менен өлүм жазасына өкүм чыгарылган. Бул жерден – Афинадан качып, кутулуп кет – деген башкалардын айтканына көнбөй түрмөдө уу ичип өлгөн.

Сократ философиялык көз карашы боюнча натурфилософияга каршы болгон. Философиянын негизги максаты – адамдардын жашоосундагы негизги маселени чечүү болуп саналат деп эсептеген, б.а. адамдарды жашоого үйрөтүү – философиянын негизги максаты. Сократ бүтүндөй табиятты таанып билүүгө каршы болгон, ошондуктан, адамдын сезүү органдарын керектүү деңгээлде баалаган эмес. Сократтын айтуусу боюнча адам өзүнүн кол алдындагысын гана биле алат, ал эми адамдын кол алдында табият эмес, аалам эмес анын жаны. Ошондуктан, адамдын чыныгы билими – жан жөнүндөгү гана билим. Ушуга байланыштуу, Сократ билимдин эң негизги максаты өзүн өзү таанып билүү, б.а «Өзүндү өзүң таанып бил» деген накыл сөздү айткан. Бул учкул сөз мааниси боюнча өтө терең. Билимге түшүнүктү аныктоо аркылуу гана жетүүгө болот деп эсептеген.

Сократ философияда диалектикалык принципте ой жүгүртүүнүн негиз салуучуларынын бири болуп саналат, анткени, ал өзүнүн маектешип жаткан адамын чындыкка жетиш үчүн терең ой жүгүртүүгө, ар кандай маселени талдай билүүгө, алардын ичинен

керектүүсүн тандап алууга жана өзүнүн оюн ар кандай далилдер менен бекемдөөгө чакырган.

Философияда Сократтын этикалык идеялары чоң мааниге ээ. Сократтын оюу боюнча адамдын жакшы жактары, ак ниеттүүлүгү, ак көңүлдүүлүгү анын билимине жараша болот. Билимдүү, билген адам туура эмес, акмактыкка, айбанчылыкка барбайт.

Саясий көз карашы боюнча, Сократ Афина демократиясын катуу сынга алган. Сократтын оюу боюнча мамлекеттик бийлик «жакшы» адамдарга, б.а. акыйкатчыл, чынчыл, граждандарды башкара билүүдө тажрыйбалуу адамдарга тиешелүү болуш керек деп эсептеген.

**Аристотель** – (б.з.ч. 384-322 жж.) – байыркы грек философу, логика илиминин, ошондой эле көптөгөн илимдердин негиз салуучусу, илимдин бардык тарабынын өнүгүшүнө чоң салым кошкон, ар тараптан өнүккөн терең ойчул. Кийинки доордогу окумуштуу-ойчулдардын (К.Маркс) аныктоосу боюнча Аристотель – «байыркы доордун эң улуу ойчулу», «Байыркы Грек философиясынын туу чокусу» болуп саналат. Аристотель изин калтырбаган, өз салымын кошпогон илим жок, анын ысымы илимге кошкон салымы аркылуу ушул күнгө чейин адамзаттын тарыхында сакталып келе жатат. Аристотелдин өмүрү кул ээлөөчүлүк доордогу байыркы грек коомунда Афина демократиясынын акырындап басаңдап баштаган мезгилине туура келген. Ошол шартта Афина мамлекетинде материализм менен идеализмдин ортосунда (руханий дүйнөдө) катуу айыгышкан күрөш жүрүп турган. Ошого байланыштуу Аристотель көз карашы боюнча материализм менен идеализмдин ортосунда олку-солку позицияны ээлеген. Аристотель байыркы грек философторунун ичинен ой-жүгүртүүсү боюнча, эң универсалдуу ойчул, ой жүгүртүүнүн негизги диалектикасын изилдеген окумуштуу болгон.

Аристотель Грецияда, Стагиритте грек колониясы болгон Францыянын жээгинде Халкидикидада туулган. Ошондуктан Аристотель Стагирит деп аталган. Аристотелдин атасы Никомах Македония падышасы Аминта II нин падыша сарайындагы дарыгер болгон. Ал 20 жыл бою Платондун Академиясында окуган, анын окуучусу болгон. Аристотель Македония падышасы Филипп II нин чакыруусу боюнча, анын баласы Александр Македонскийдин тарбиячысы болгон.

Аристотелдин көптөгөн илимий чыгармалары нукура нуска түрүндө жана кийинки анын окуучулары аркылуу бизге чейин жеткен. Аристотель Платондон кийин Афинада философиялык илимий

мектепти уюштурган. Ал мектеп Ликей деп, же болбосо «перипатетика мектеби» деп аталат. (Перипатетиктика – сейилдеп басып жүрүүчүлөр дегенди билдирет, анткени, Аристотель өзүнүн окуучулары менен басып жүрүп маектешип, ойлонуп, ой-жүгүртүп ар кандай маселелерди талдашкан).

Аристотелдин илимий чыгармаларын 7 топко бөлсө болот: логикалык трактаттары, 2. физикалык трактаттары, 3. биологиялык трактаттары, 4. «биринчи философия» жөнүндө чыгармалары, 5. этикалык чыгармалары, 6. коомдук-саясий жана тарыхый чыгармалары, 7. искусство, поэзия жана риторика жөнүндө чыгармалары. Аристотель өзүнүн изилдөөсүндө ошол убактагы бардык илимдерди өз кучагына алган.

Аристотелдин философиялык окуусунун эң негизгиси болуп анын материя менен форманын (тышкы көрүнүш, кебете түрү, түзүлүшү) өз ара байланышы болуп саналат. Философтун оюу боюнча, материя өз алдынча болот, бардык нерселердин биринчи негизи, биринчи себеби, ар кандай нерсенин пайда болушунун негизи катары каралат. Бирок, материя активдүү ролдо эмес, ал пассивдүү абалда болот – пассивдүү башталыш. Ар кандай нерсенин активдүү башталышы, анын активдүү түрдө кыймылда болуп турушу жана материяга жан берип турушу – анын формасы, б.а. анын түзүлүшү, кебете түрү, көрүнүшү болуп саналат. Материя формасыз, жансыз деп эсептеген. Аристотелдин оюу боюнча форма түбөлүктүү, эч өзгөрүлбөс абалда болот. Материя ар кандай нерсенин бар болуп турганы, мүмкүнчүлүгү, ал эми анын чыныгы жашоо негизи болуп формасы – түзүлүшү, түрү, сырткы көрүнүшү саналат. Ар кандай кыймылдын булагы болуп, ордунан кыймылдабаган, бирок бүтүндөй кыймылдын башы болгон – кудай эсептелет. Аристотелдин ушул философиялык оюнда бир эле убакта материалисттик жана идеалисттик ой камтылган. Философтун материалисттик ой-пикири келечекте философияда материалисттик көз караштын калыптанышына, прогрессивдүү идеялардын өсүшүнө чоң таасирин тийгизген, ал эми идеалисттик ой пикири, орто кылымда диндик окуулардын өсүп пайда болушуна өбөлгө түзгөн.

Аристотель коомдук көз карашы боюнча ошол доордогу кул ээлөөчүүлүк мамлекеттин абалын, кул элөчүлөрдүн ордун чагылдырган. Кул ээлөөчүлүк коом – бул түбөлүктүү коом деп эсептеген, ал эми кулдар жана кул ээлөөчүлөргө бөлүнүшү табигый мыйзамга туура келет. Коомдук таптардын ичинен эң жакшысы – дыйкандар, анткени, алар мамлекетти башкарууга кирише алышпайт.

Аристотель, мамлекеттик башкарууну үч жакшы жана үч жаман формага бөлгөн. Жакшысы – бул мамлекетти башкарууда өз кызыкчылыгына пайдаланууга мүмкүнчүлүк болбой, бийлик жалпы коомго кызмат кылуусу. Булар – аристократия, монархия жана «полития (орто таптын бийлиги)». Мамлекеттик башкаруунун жаман формалары – тирания, олигархия жана накта демократия. Аристотель ири мамлекеттүүлүккө каршы болуп, майда мамлекеттүүлүктү жактаган, ал кул ээлөөчүлүк коомдун идеологу болгон.

**Неоплатонизм.** Б.з. III-кылымында античтик философиянын ири системасы болгон – неоплатонизм пайда болуп, негиздөөчүсү Аммоний Саккас (175-242-жж.) эсептелген, анын эң көрүнүктүү өкүлү – Плотин (205-270-жж.) болгон. Ал 244-жылы Римде өзүнүн мектебин ачкан. Плотиндин оюу боюнча ар кандай эле жандык өзүнүн жекелигине байланыштуу башкалар менен биримдикте болот. Биримдиктин формасы ар түрдүү, алар баары бирдиктүү деп аталган принципке баш иет. Бирдиктүүлүк – чексиз, ал көптүккө карата алганда биринчиликке ээ. Бирдиктүүлүк – абсолюттукка ээ, ал баарынын себепчиси. Бул башка бардык нерселерди жаратат жана ал мында өзүндөгү эч нерсени жоготпойт. Плотин өзүнүн «Эннеадасында» бирдиктүүлүктөн пайда болгон дүйнөнүн образын көрсөтөт. Алгач бирдиктүүлүктөн – акыл (нус) келип чыгат. Эгер бирдиктүүлүк «бардык буюмдардын потенциясы» болсо, нус – ой жүгүртүү, жашоо, космос, таза сулуулуктун дүйнөсү. Бирдиктүүлүктөн нус аркылуу кеткен жарык жанга барат. Жан убакытта жашайт. Жан жогорку сезим дүйнөсү менен кадимки сезим дүйнөсүн байланыштырып турган звено. Жан өзү телосу жок болуп туруп, телону пайда кылат. Жандын өзгөчө жаратылышы катары сезимдик дүйнөнү тартипке салуучулукту, колдоону жана башкаруусун айтса болот. Жан жаратылышты пайда кылат. Жаратылыш, биринчиден, дүйнөлүк жандын төмөнкү, караңгылаган бөлүгү, экинчиден, материянын жаралышы болуп эсептелет. Материя – бул жарыктын өчүшү. Жамандык жакшылыкка каршы турган сыяктуу материя бирдиктүүлүккө каршы турат. Материяга форма берет, ал материяны жарык кылат жана жаратылышты түзөт.

Порфирийдин (232, 233-301-жж.) оюу боюнча философиянын максаты – жанды сактап туруу. Анын көз карашында калыптанууга карата жолдо жан төрт баскычты өтөт. Биринчи, төмөнкү баскычта стихиялуу рухий аффекттер алтын ортолукка келет, экинчисинде жан коркунучсуз абалга жетет, үчүнчүсүндө эпизоддук түрдөгү кудайга

кайрылуу жүрөт, төртүнчү этапта жанда акылдын жеңишинин натыйжасында тынымсыз түрдөгү кудайга кайрылуу жүрөт. Эгерде жан кудайга багытталбаса, анда ал демондордун бийлигинин, ээленишинин астында калат.

Прокл (412-485-жж.) да бирдиктүү башбашталма, жыргалчылык жана дүйнөлүк акылга (нуска) өтүү жөнүндө айткан. Нус триадага ажырайт: акылдын өзү, акыл өзүнөн ажырайт, акыл өзүнө кайтып келет. Акылдын өзү триаданы жаратат: чек, жашоо, өздүк жашоо. Чектин өзүнүн да триадасы бар: чек, чексиздик, маңыз. Жыйынтыктап айтканда Проклдын концепциясы төмөндөгүдөй триадага биригет:

- жаратуучу дагы жаралгандын мазмуну;
- жаратуучудан жаралгандын бөлүнүшү;
- жаралгандын жаратуучуга кайтышы;

Ошентип неоплотонизм өзүнүн өнүгүүсүндө христиандык философияга жакындашкан.

## Кайталоо үчүн суроолор

1. Байыркы Индия философиясында ортодоксалдуу жана ортодоксалдуу эмес мектептер кайсы негизде бөлүнгөн?
2. Жайнизмде субстанция катары эмне берилет?
3. Жайнизмде таанып билүүнүн кандай түрлөрү жөнүндө айтылат?
4. Буддизмдеги «төрт чындык» жана «сегиз ченемдик жол» эмнени түшүндүрөт?
5. Буддизмде «нирвана» деген эмне?
6. Иьяя, санхья окуучуларындагы негизги идея кайсы?
7. Веданта жана мимансадагы философиялык окуулардын өзөгүн эмне түзөт?
8. Байыркы Кытай философиясындагы Ян, Инь деген эмне?
9. Даосизмде дао кандай мүнөздөлөт?
10. Конфуцианстводогу «ысымдарды оңдоо» дегенди кантип түшүндүрсө болот?
11. Кун-фу-цзынын этикалык окуусунда өзөгүн эмне түзөт?
12. Моизмде таалим процесси кантип түшүндүрүлөт?
13. Легизмдеги жаза жана сыйлык кантип дал келет?
14. Милет мектебинин философиядагы орду кандай?
15. Эмне себептен Гераклит диалектиканын негиздөөчүсү болуп эсептелет?
16. Логосту Гераклит кантип түшүндүргөн?

17. Атомисттер дүйнөнү кантип түшүндүрүшөт?
18. Сократ чындыкка жетүүнүн кандай ыкмасын сунуштайт?
19. Платондун дүйнөнү экиге бөлүшүн анализде.
20. Аристотелдик илим классификациясына анализ жүргүз.
21. Адам бактысын киниктер кантип түшүндүргөн?
22. Неоплатонизмдеги «бирдиктүүлүк» деген эмне?

## Өз алдынча иштердин темалары

1. Конфуцианстводогу «адамды сүйүү» окуусу.
2. Легисттердин мектебинин философиялык окуулары.
3. Ведалык окуу – Байыркы Индия философиясынын башаты катарында.
4. Буддизмдеги жалпы өзгөрүлүү жана туруксуздук концепциясы.
5. Левкипп жана Демокриттин атомизми.
6. Аристотелдин категориялар жөнүндөгү окуусу.
7. Неоплатонизмдин негизги идеялары.

## Сунуш кылынган адабияттардын тизмеси

1. Антология мировой философии. М.: Мысль, 1969-1972.
2. Антология мысли. Дао: гармония мира. М. – Харковь, 2000.
3. Аристотель. Сочинения: В 4-х т. – М.: Мысль, 1975-1983.
4. Асмус В.Ф. Античная философия. 2-е изд. – М.: Высшая школа,1976.
5. Введение в философию: Учебник для вузов. В 2-х частях. / Под ред. Фролова. – Ч. 1-2. – М.: Политиздат, 1989.
6. Древнеиндийская философия. – М.: Мысль, 1972.
7. . Древнекитайская философия. Собр. текстов. В 2-х томах. – Т. 1-2. – М.: Мысль, 1972-1973.
8. История античной диалектики. – М.: Мысль, 1972.
9. История философии в кратком изложении. – М.: Мысль, 1994. – 590 с.
10. Спиркин А.Г. Основы философии. Учебное пособие. -М., 1988
11. Философский словарь. М.: Издательство политический литературы. 1986.
12. Философский энциклопедический словарь. – М.: Политиздат, 1983.

13. Философский энциклопедический словарь. / Редкол.: С.С. Аверинцев, Э.А. Араб-Оглы, Л.Ф. Ильичев и др. – 2- е изд. – М.: Сов. Энциклопедия, 1989. – 815 с.

14. Чанышев А.Н. Курс лекций по древней философии. – М.: Политиздат, 1981.

15. . Чанышев А.Н. Курс лекций по древней и средневековой философии. – М.: Политиздат, 1991.

# Орто кылымдар философиясы

1. **Батыш Европадагы алгачкы схоластика. Схоластика жана мистика**
2. **Өнүккөн феодализм доорундагы философия**
3. **Византия философиясы**
4. **Орто кылымдагы араб-ислам философиясы**

Батыш Европадагы орто кылымдар философиясы 3 мезгилге бөлүнөт: калыптануу мезгили, гүлдөп өнүккөн мезгили жана кризис мезгили.

Батыш Рим империясын варварлар басып алгандан кийин Батыш Европа рухий кризиске дуушар болот да ал IX-кылымга чейин созулат. Бул убакта франктардын королевствосу күчтөнө баштайт. Ал мурдагы батыш Рим империясынын территориясында пайда болгон варвардык мамлекеттердин эң күчтүүсү жана эң ириси болуп калган. Анда Карл династиясы башкарып турган. Экинчи өкүлү Карл Мартен («Молот») арабдардын басып алууларынан Батыш Европаны сактап калган.

Бирок Карл династиясынын көрүнүктүү өкүлү болуп «Улуу» Карл эсептелет. Ал күчтүү державаны түзүп 800-жылы король болгон. Анын составына азыркы Франция, Бельгия, Голландия, Люксембург, Швецария, Австрия, Батыш Германия, Түндүк жана Ортоңку Италия кирген. Улуу Карлдын башкарган мезгили (814-жылга чейин) «Карлдык кайра жаралуу» деп аталган. Карл өзү билимдүү адам болуп, латын жана грек тилдерин билген, агартуучулукту баалаган.

Император өзүнүн сарайына окумуштууларды топтогон, тарыхчы болуп, анын өмүр таржымалын жазган. Ал мектептерде дин сабагынан сырткары башка илимдерди да окутууну талап кылган. Мектептерде «жети эркин искусствого» да үйрөтүшкөн. Бул «эркин искусство» дегенде эки циклдеги билимдер окутулган. Биринчи баскычы тривиум деп аталып – «билимдин үч жолу» үйрөтүлгөн. Алар – грамматика, риторика, диалектика (логика). Экинчи баскычы – квадриум деп аталып «билимдин төрт жолу» үйрөтүлөт: арифметика, геометрия, астрономия, музыка (музыкалык акустика). Карл античтик философияны калыбына келтирүү аракетинде болгон. Бирок ал Платондук Академияны тандап алган. Карлдын дворецинде орто кылымдык Академия уюшулган. Буга карабастан «Карлдык кайра

жаралууда» христиандык дүйнө караш үстөмдүк кылган бойдон кала берген.

Карлдын Академиясындагы негизги фигура болуп **Алкуин** (730-804) эсептелет. Аны Батыш Европадагы схоластиканын чыныгы баштоочусу деп айтса болот. Ал улуту боюнча англосакс болуп өмүрүнүн көп бөлүгүн Англияда өткөргөн. Ал дүйнө карашында орто кылымдагы философтор сыяктуу оригиналдуу болгон эмес. Ал Августинге жакындаган жана ал аркылуу неоплатонизмге кирген. Ал адамдын кудайга умтулуусу алгач адамдын өзүнүн жанында бекемделгенин айтат. Акуиндин «диалектикасы» схоластикалык философиянын башталышын күбөлөндүрөт. Анын оюу боюнча диалектика «эркин искусствонун» бири, логика жана ойлом искусствосу эмес. Диалектика – диний ишенимди системалаштыруу жолу, адам акылынын бардык неселерге, Кудай бытиесине бириктирүү. Ал Академияда иштеген эмес, Тур шаарында монастрдык мектепти жетектеген.

Алкуиндин окуучусу болуп **Фредегиз** эсептелет, ал Алкуиндин мектебине жетекчиликти уланткан. Ал оригиналдуулукка умтулуп «нерсе эместин» реалдуулугун далилдөөгө аракеттенет. Ал сөздү мисалга алат, ар кандай сөз «эч нерсе» эмес, ошондуктан сөз-«эч нерсе» бир нерсени түшүндүрөт. Мында «эч нерсе» бир нерсе болуп саналат, натыйжада, «нерсе эмес» реалдуу. Бул схоластикалык оюн болуп саналат.

Алкуиндин дагы бир окуучусу болуп **Рабан Мавр** эсептелет. Ал Ротшальк менен болгон талаш-тартышы аркылуу белгилүү. Алар алдын ала аныкталуу жөнүндөгү маселе боюнча талаш-тартыш жүргүзүшкөн. Бул маселе диний аң сезим үчүн маанилүү болгон, диний дүйнө таанымдын рамкасынан сырткары ал мааниге ээ болгон эмес. Христиандык окуу боюнча алдын ала аныктоо мындайча түшүндүрүлөт: кээ бир адамдар жогорку күч, кудай тарабынан куткаруулусу алдын ала аныкталган, кээ бирлери тозокто өлүү, анда азап чегүү тагдырына дуушар болот. Экөө тең адамга көз каранды эмес, ал толугу менен кудайдын эркине байланыштуу. Мына ушул жасалма проблема орто кылымдагы схоластикада үстөмдүк кылган.

Схоластиканын калыптануу мезгилиндеги анын ири өкүлү болуп **Эриугена** эсептелет. Иоанн Скот Эриугена (810-877) ирланд-шотландиялык ойчул болгон. Аны Англияда Парижге Улуу Карлдын небереси Карл Лысый чакырган. Анткени француз королу болгон Карл Лысыйдын колунда байыркы грек тилинде жазылган

«Ареопагитиктер» болгон. Аны латын тилине которуу керек эле. Латын тилин билимдүү адамдар жакшы билген, ал эми байыркы грек тилин чанда гана адамдар билген. Эриугена эки тилди тең жакшы билген. Эриугена «Ареопагитиктерди» жана Максим Исповедниктин ага карата комментарийин латын тилине которгон. Эриугена париждик мектепте философияны окуткан.

«Ареопагитиктерди» которуу Эриугенага чоң таасирин тийгизген. Ал 867-жылы өзүнүн жеке чыгармасын жараткан. Ал 5 бөлүктөн турган да окутуучу менен окуучунун диалогу катары жазылган. Чыгармасы «Жаратылыштын бөлөнүшү жөнүндө» деп аталат, ал 1681-жылы гана Оксфорддо басылып чыккан. Андан мурдараак Эриугена «Кудайдын алдын ала аныктоосу жөнүндө» деген чыгармасын жараткан.

Эриугена – схоласт-еретик. Анын жогоруда аталган экинчи сыгармасы чиркөө тарабынан сындалып, эки жолу куугунтукталган (855, 859). Ал эми «Жаратылыштын бөлүнүшү жөнүндө» чыгармасы да эки жолу куугунтукка алынат, 1685-жылы бул чыгарма «тыюу кылынган китептердин индексине» киргизилген.

Эриугенанын жашоосу трагедиялуу болгон. Англияда билим берүү менен агартуунун сактоочусу пайда болгон. Ал Альфред Великий болгон. Эриугена 66 жашка чыкканда аны Альберт Оксфордко чакырат. Бирок бул жерде Эриугена куугунтукка алына баштайт. Ал Оксфордтон кетип Алкуин сыяктуу аббат болуп Мальбернге келет. Бул жерде ал күч менен өлтүрүлгөн.

Эриугенанын дүйнө карашы – Августин жана «Ареопагитиктерден» кийинки платонизм менен неоплатонизмди христиандык диндин негизи катары колдонууга аракет жасаган үчүнчү көз караш. Бирок Эриугена христиандык креационизмден алыстап пантеизмге жакындаган, кудай менен жаратылышты, жаратуучу менен жаратылганды өтө эле окшоштурган. Анын көз карашында Кудай – башбашталыш жана аякташ. Кудай башбашталма катары Эриугена боюнча «жаратуучу жана жаратылбаган жаратылыш катары аңдалат, ал эми аякташ катары төртүнчү башка жаратылышты айтат, аны Эриугена жаратпаган жана жаратылбаган жаратылыш деп атаган. Байкообузга караганда Эриугена жаратылышты Кудай деп атайт.

Эриугена боюнча Кудай личность эмес. Бирок Эриугена христиандык теолог. Ал ошону менен гана токтолуп калбайт. Ал неопатонизмди христианчылыкка ыңгайлашттырууга аракеттенет. Ал

төмөн карай кетүүнү кудайдан алыстоо дейт, ал эми жогору көтөрүлүү күнөөдөн арылуу, бошонуу деп түшүндүрүлөт.

Эриугена өзүнүн «Жаратылыштын бөлүнүшү жөнүндө» деген чыгармасында экилтик кудай эмес, төрт кудай жөнүндө айтат. Кудайда биринчи жана төртүнчү жаратылыш, жогору көтөрүлүү жана төмөн жылуу өзгөчө экинчи жаратылыш тарабынан шартталат – бул жаратылыш – «жаратуучу жана жаратылган жаратылыш». Ал кудай тарабынан жаратылган, бирок ал өзү да жаратат – өз жаратылышын пайда кылат. «Буюм» дүйнөсү, жаратылыш өзү – «жаратылган жана жаратуучу жаратылыш». Бул төрт жаратылыштын ичинен эң төмөнкүсү. Ал платонизм жана неоплатонизм духунда физикалык жаратылыш көрүнүш касиетке ээ экендигин белгилейт. Ал кудайга каршы турат

Жалпы менен жекенин өз ара катнашы жөнүндөгү маселеде Эриугена жалпыга маани берген, ал Платондун тезисине таянат: канчалык жалпы болсо, ошончолук реалдуу. Ал жекенин жалпыга болгон мамилеси жөнүндөгү эски маселени жандандырат. Бул маселе схоластиканын ичинде «реалисттер» менен «номиналисттердин» талаш тартышына айланган.

Эриугена Климент сыяктуу мээлүүн фидеист болгон. Жаратылышты акыл жактан таануу «ыйык китепти» таануу менен барабар. Ал авторитетке караганда акылга басым жасаган. Таанным теориясында, гносеологияда ал оригиналдуу ойлорду айткан. Таанымдын өнүгүүсүндө тарыхый үч баскычты айырмалаган. Ал мында да христиандык дүйнөкарашта турган. Адамзат тарыхын Христоско чейин жана Христос мезгили деп бөлгөн. Христостун мезгилинен баштап таанымдын жогорку 2-этабы башталган. Бирок, - дейт Эриугена, - евангелияда карама каршылык бар, ошондуктан анда жалган бар.

Батыш Европада XI-XII кылымдарда орто кылымдагы шаарлардын калыптанышы башталат. Бул кол өнөрчүлүктүн айыл чарбасынан бөлүнүшүнүн негизинде жүрөт, кол өнөрчүлүк цехтери пайда болгон, акча-товар мамилелери өнүгөт, орто кылымдагы жаңы тап – шаардык бай граждандар-бюргерлер табы калыптана баштайт.

1054-жылы Левь IX тушунда христиандык чиркөөдө ажырым, бөлүнүү жүрөт: батыш жана чыгыш. Экөө көптөгөн үрп адаты, сыйынуу тили, башкаруу системасы жагынан айырмаланган.

Батышта чиркөөнү епископ башкарган, рим епископу – папа тарабынан жогорку бийлик болгон, ал эми чыгышта чиркөөнү башында борбордук патриарх турган патриарх башкарган.

Ошондуктан 1054-жылы чыгыш чиркөөсү батыш чиркөөсү болгон – Рим папасы тарабынан бөлүнүп, батыш чиркөөсү Константинополь патриархы тарабынан каргалат. Бул каргыш 1967-жылы гана алынып салынган.

XI-кылымдын аягында христиандык Европа мусулмандык Азияга каршы согуш баштайт, натыйжасында Чыгыш Европа, Византия азап тарткан. Ал эки кылымга жакын созулуп (1196-1270-жж.) сегиз жолу крестүүлөрдүн жортуулу – мусулмандардан ыйык жерди бошотуу (Палестинанын жана кудайдын мүрзөсүн) болгон. Биринчи крестүүлөрдүн жүрүшүндө Жер ортолук деңизинин чыгыш жээги (Финикия, Сирия, Палестина) Иерусалим кошо ээленген. Натыйжада Иерусалим королдугу түзүлгөн. Бул жортуулдун натыйжасында Европа мусулман маданияты эле эмес, мусулман философиясы менен да таанышкан, ал аркылуу жоготууга учураган античтик, грек-рим, бутбарастык философиясы менен таанышат, анткени араб философиясы Платон, Аристотель, Плотин ж.б. философиясына негизделген.

XI-кылымда Папанын бийлиги күчтөнөт. Папа кардиналдар (католиктик иерархиядагы жогорку жрецтер, кардиналдар коллегиясы) тарабынан шайлана баштаган. XI-кылымдын аягында католик чиркөөсүндө целибат, духовенствонун бардык деңгээлдеринде никесиздик киргизилет. XII-кылымдын башында крестүүлөрдүн жортуулуна байланыштуу рыцардык жарым монах ордендери – тамплиерлер, госпитальерлер ж.б. ордендери пайда болот. Бирок рыцардык ордендер – дворян-рыцарлардын бирикмелери гана эмес, университеттерде да пайда болот. Университеттер – орто кылымдардын туундусу. Болония университетинде (Италия, Болония) окумуштуу даража «doctor» п.б. сөзмө сөз түшүндүргөндө «доктор» - «мугалим», «насаатчы», «окутуучу» – орто кылымдагы университеттердеги билимдүүлүктүн жогорку баскычы. «Университет» сөзү жогорку (монастрдык же чиркөөлүк) мектеп деп эсептелип эки цехтик корпорациядан турган: окутуучулардын жыйындысынан, ал латын тилинде «университас магисторум» жана окуучулар жыйындысынан – «университас схолариум» турган, ошондуктан «университет» латин тилинен келип чыгып («университас») – «жыйынды» дегенди билдирет. Алгачкы

университеттер болуп Болония жана Оксфорд университеттери эсептелет. Университеттер орто кылымдагы типтүү корпорация болуп автономиялуу болгон: территориясы, юридикалык укук жана соту болгон.

**Схоластика жана мистика.** Орто кылымдагы философия диндик болгонуна байланыштуу анда диндик догматизм менен эркин философиялык ой жүгүртүүнүн күрөшүн көрө албайбыз. Бул мезгилде – XI-XII-кылымдарда схоластика менен мистиканын күрөшүн көрөбүз. Ал эми схоластиканын өзүнүн ичинде реалисттер менен номиналистердин күрөшү жүргөн. Мистиктердин оюу боюнча кудай ишенген адамдын жанында түздөн түз жашайт деген ойду айтышат. Алар чиркөөнүн ортомчулдугуна муктаж болгон эмес, анын өздөрүнүн радикалдык көз караштары менен коркунуч туудурушкан жана феодализмдин өзүнө да коркунуч жараткан. Мистика оппозициялык катмардын, көтөрүлүшкө чыккан дыйкандардын, шаардык калктын дүйнө карашы болгон. Бирок философиялык мамиледе мистика схолостикага жол берген, схоластика дүйнө караштa үстөмдүк кылып калган.

Номиналисттер менен реалисттердин ортосундагы талаш тартыш XI-XII-кылымдарда көптөгөн маселелер боюнча болгон, негизинен жалган проблемалар жөнүндө талашышкан. М., бардык нерсени жараткан кудай өзү көтөрө албаган ташты жарата алабы, мында кудайдын кудурети өзүнө каршы коюлат: эгер кудай өзү жараткан ташты көтөрө албаса, анда ал кудурети күчтүү боло албайт. Ошондой античтик доордон бери берилип келген **жалпы кантип жашайт** деген суроо орто кылымда да коюлат.

Ушул суроого байланыштуу 2 багыт, 2 ерестер пайда болгон. Биринчиси кудайдын бирдиктүүлүгүнө басым жасайт. Бул багыттагылардын жактоочулары өздөрүн **унитарийлер** же антитринитарийлер деп аташкан. Экинчи багыттагылар Кудайдын үчилтиктигине таянышкан. Бул багыттын өкүлдөрү өздөрүн **тринитарийлер** деп аташкан. Ортодоксалдуу көз караш жалган диалектикалык түрдө биримдик жана үчилтикти, биримдик менен көп түрдүүлүктү аралаштырууга аракет кылган. Эгерде кудай биримдигин **жалпы** катары түшүнсөк, ал эми анын үчилтиги жекелик, бөлүктүк катары түшүнүлөт. Ошондо үчилтиктин проблемасынын теориялык, философиялык аспектиси келип чыгат: жекелик жана жалпылык кандай дал келет, жалпылык жекеликте, өзгөчөдө же андан сырткары, өз алдынча кантип жашайт? А мүмкүн жалпылык аң сезимде:

түшүнүктө жөн гана сөздө жашайт. Бул варианттардын баары античтик доордо берилген. Платондо жалпылык идея катары буюмдарга чейин, жекеликке чейин жашаган. Аристотелде болсо жалпылык морфэ, форма катары негизинен жекеликте, буюмдарда жашаган. Ал эми киниктер менен киренаиктерде жалпылык аң сезимде гана жашаган.

XI-XII-кылымдарда схоластар жалпылык менен жекеликтин, өзгөчөлүктүн, жекеликтин, акыл эс менен сезимдиктин өз ара карым катнашы проблемасын чечүүдө жогорудагы варианттарды гана кайталашкан, схоластардын ичинен жалпы реалдуу жашайт («универсалия сунт реалиа») деп белгилешкен. Мындай схоластар тарыхка «реалисттер» деген ат менен кирген. (Булар материалисттер эмес, тескерисинче ыраттуу идеалистер). «Реалисттер өздөрү эки канатка бөлүнүшкөн. Биринчиси жалпылык буюмдардын өзүндө жашайт (in rebus) десе, экинчиси жалпылык буюмдарга чейин (ante res) жашайт деп, биринчиси Аристотелдин оюн уланткан, экинчилери Платонду улайт. Биринчилерин мээлүүн реалисттер, экинчилери ашынган «реалисттер» деп атоого болот. Реалисттерге номиналисттер каршы турган. Алардын ой жүгүртүүсүндө жалпылык буюмдардан кийин (post res) адамдын аң сезиминде жашайт. Мында ашынган номиналисттер жалпылыктын алып жүрүүчүсү болуп сөз, ат, ысым «номен» эсептелет, мына ушундан «номинализм» термини келип чыгат. Номиналисттер боюнча жалпынын алып жүрүүчүсүн сөздөрдөн эле эмес түшүнүктөрдөн да кездештирүүгө болот. Түшүнүк латын тилинде «концептус» дегенди билдирет, ушундан улам мээлүүн номиналисттерди «концептуалисттер» деп аташкан.

XI-XII-кылымдарда номиналисттер болуп Беренгер, Росцелин, Абеляр эсептелет. Ал эми реалистер – Шамполук Гильом, Ансельм жана башкалар

**Номиналистер жана реалисттер.** Беренгар Турски (1000-1088) – француз схоласты, философ жана кудайтаануучу. Ал ошол мезгилдеги Тур мектебин жетектеп турган. Анын негизги чыгармасы «О святой трапезе» деп аталып, универсалийлердин реалдуулугун четке каккан, реалдуу болуп бир гана сезимдик маңыз, сезимдик субстанция – буюмдар жашайт, сезимдик субстанциядан башка реалдуу эч нерсе жок.

Беренгардын улантуучусу болуп Росцелин эсептелет. Анын чыгармалары сакталбаган. Бизге чейин жеткен бир гана каты калган. Ал каты Абелярга жазылган. Росцелин боюнча жеке буюмдар гана

реалдуу жашайт. Ал эми жалпы түшүнүктөр жөн гана аталыш. Ат, сөз деген эмне? Ал «абанын үнү» болуп эсептелет, Росцелиндин оюу боюнча бир гана индивиддер чыныгы жашайт. Универсарийлер реалдуу жашабайт. Бул жөн гана индивиддердин көптүгү, ал бир жалпы аталат, сөз менен гана белгиленет. Кабылдап, андан кийин элестете турган нерсе гана жашайт.

Чиркөө мындай ерестер менен келише албаган жана Беренгар менен Росцелинди куугунтукка алат. Беренгардын чыгармалары өрттөлүп жок болот. Росцелиндики да жок кылынат.

Росцелиндин оппоненти болуп Шамполук Гильом эсептелет. Ал эпископ болгон, Сен-виктор мектебин негиздеген. Гильомдун оюу боюнча сезимдик «буюмдар», индивиддер алар ат менен аталганы менен элес жана көлөкө. Жалпылык гана реалдуу болуп саналат. Реалдуу бир гана адам жашайт.

Ансельм Кентерберийский реализмдин өкүлү болгон, ал неоплатондук августианчылыкты жактаган. Ал Августин сыяктуу ишенимдин акылдын үстүнөн үстөмдүгү жөнүндөгү тезисти колдогон: «түшүнүш үчүн ишенем», башкача айтканда ишениш үчүн түшүнүштүн сөссүз түрдө кажети жок, бирок түшүнүш үчүн ишеним зарыл. Анын бул кредосу теологиялык рационализм менен айкалышкан. Ал ишеним акылга каршы турбайт деп ойлогон. Ошондуктан бардык «ачылыштын чындыгы» рационалдуу далилдөөгө мүмкүн, баарынан мурда кудайдын жашай тургандыгы жөнүндөгү тезис мүмкүн болуп саналат. Ошондуктан рационалистик оптимист Ансельм кудай бытиесин далилдөөгө аракет жасайт.

Ансельмде мындай далилдөөнүн эки варианты болгон. Алгач ал апосториордук болуп тажрыйбадан келип чыккан. Бул Ансельмдин «Монологиум» деген эмгегинде берилген. Анда мындай ой айтылат: бардык конкреттүү барлык б.а. жекелик, сезимдерде берилген «буюмдук» кокусунан жана салыштырмалуу. Чындыгында эле ар кандай «буюм» болот же болбойт. Мында түшүнүктүү болот, анткени ушундай кырдаалда эч нерсе болбосо, дүйнө кокусунан жана туруксуз болмок. Дүйнө «сүзүп» жүрмөк же реалдуу эмес, мунарык болмок. Ал жашамак да эмес. Ошондуктан кокустук жана салыштырмалуулуктун артында кандайдыр бир түбөлүктүүлүк, өзгөрбөстүк жана абсолюттуктун болорун белгилөө зарыл. Бул дүйнөдөгү өзгөрмөлүү кубулуштардын негизи болуп саналат. Ошондуктан, Ансельм далилдейт: кокустуктан зарылдыкка жүрүп жатып дүйнөдө өзгөчө башталыш бар экенин белгилөө зарыл. Ансельмдин кээ бир оюу

туура, анткени бардык кубулуштар маңыз менен маңыздардын кубулушу.

Ансельм өзүнүн кудай бытиесин апостериордук тажрыйбалык далилдөөгө канааттанбастан, априордук тажрыйбаны сунуштайт. Бул акылдан чыккан кудай бытиесин далилдөө. Бул идеясы «Прибавлении к рассуждениям» («Прослогион») деген чыгармасында айтылат. Ал мындай дейт: «Ар кандай күмөн саноодон сырткары интеллектте, реалдуулукта мындай бир обьект жашайт, андан жогору ойлоо мүмкүн эмес».

Ал кудай деген эмне? деген суроону коөт да, кудай бул ойлоп билүүгө болбой турган, жогору турган нерсе, ал бардык калыптангандыктын жыйындысы: ал түбөлүктүү, чексиз, бардык жерде бар, бардык жерде күчтүү жана башка. Ал ушулар жөнүндө ой жүгүртүп отуруп мындай суроо келип чыгат. «Ойлом бытиесинен факт бытиесин бөлүп алсак болобу?, «Биздин ой көлөмү боюнча бытиеден ашып кетеби? Эмне кеңири: ой же бытие? Бул суроолор кудай бытиесин Ансельм далилдөөгө аракет кылып жатканда келип чыгат. Бул философия тарыхына кудай бытиесин онтологиялык далилдөө деген ат менен кирет.

Ошентип Ансельм реалист болуп саналат. Ал универсалийлер «буюмдардан» мурда турат. Ал жаратуучунун дүйнөнү жаратканга чейинки оюу болуп саналат.

Ансельмге көп багыттар боюнча каршы турган Абеляр болгон. Ал XI-XII-кылымдын биринчи жарымындагы француз ойчулу. Ал орто кылымдагы номинализмдин традициясын уланткан. Анын окутуучулары Росцелин жана реалист Шамполук Гильом болгон. Бирок Абеляр Гильомго сынчыл ойдо болгон.

Абеляр дворяндык үй бүлөдөн чыккан жана билимдүү адам болгон, античтик философияны жакшы билген. Бирок феодализмдин алгачкы мезгилинде Аристотелдин көпчүлүк чыгармалары белгисиз болгондуктан, аны менен тааныш болушкан эмес. Абеляр Платондун «Тимей», Аристотелдин эки логикалык трататы менен тааныш болгон.

Абеляр диспуттун чебери катары бүткүл Европалык таанылууга ээ болот, аны угуш үчүн бүткүл европанын булуң бурчунан келишкен. Ал латын тилинде – илим тилинде сүйлөгөн.

Абелярдын окутуучуларына караганда окуучулары көп болгон. Алардын бири – орто кылымдагы республикачы, папага каршы чыгуучу Арнольд Бренииланский. Ал Римдеги папанын бийлигине

каршы чыгып көтөрүлүштү жетектеген. Римде Республика түзүлүп 10-жыл кармап турган. Бирок аягы трагедиялуу бүткөн. Республиканы жок кылышып, Арнольдду асып өлтүрүп, өрттөп, күлүн Тибр дарыясына ыргытып жиберишкен. Анын чыгармалары жок кылынган.

Абелярдын окуучусу болуп Элоиза эсептелген. Ал өз убагында билимдүү аялдардан болгон. Абеляр менен Элоизанын сүйүүсү трагедиялуу аяктаган. Экөө тең монастрга кетишет. Алар бири бири менен кат жазышып гана турушкан.

Абеляр төмөнкүдөй чыгармаларды жазган: «Теологияга киришүү», «Христиандык теология», «Өзүңдү өзүң таанып бил», «Ооба жана жок», «Диалектика» ж.б. Өзүнүн автобиографиялык «Менин азап-тозогумдун тарыхы» повестин жазган.

Абеляр – шаардык маданияттын өкүлү. Ал «сокур ишенимге» каршы болгон. Ал мындай дейт: «ишеним үчүн түшүнүү». Ал эми Ансельм «түшүнүш үчүн, ишенем» деген. Эки тезисте принципиалдуу айырмачылык бар. Интеллект менен таанылган, акыл менен түшүнгөнгө гана ишенүүгө болот. Ишеним билим функциясы, тескерисинче билим ишенимдин функциясы эмес.

Таанымдын максаты – чындыкка жетүү. Таанымда диалектика чындыкты жалгандан айырмалоонун искусствосу катары маанини берген. Бирок Абелярдын рационализми схоластикалык-теологиялык маанайда. Анын көңүлүнүн борборунда хритиандык догмаларды далилдөө турган. Ал бардык христиандык ишенимдин абалдары акыл менен далилденет. Абеляр рационалдуу, акыл менен христиандык чиркөөнүн «акылдан жогорку» догмаларын троица катары талдоого аракет кылат.

Абеляр «**Ооба жана жок**» деген чыгармасында чиркөө авторитетинин, «чиркөө аталарынын» бири бирине карама каршы оюн тандап алган да алардын авторитеттин талдайт. Абеляр логикалык анализ аркылуу аларды элдештирүүгө жана абсолюттук карама каршылыкты салыштырмалуулукка айландырууга аракет кылат. Бул ыкма жүз жылдан кийин Фома Аквинский тарабынан колдонулган. Абелярды ошол убакытта түшүнүшпөй сындашкан.

Реалисттердин концептуалисттер менен талаш-тартышында адегенде Абеляр номиналист болгон. Андан кийин Шамполук Гильомдун реализминин формасын өзгөртүүсүн талап кылып жатып өзү да реализм тарапка оойт. Анын позициясы өтө туура болгон. Ал мындай ой жүгүртөт: универсарийлер өзүнчө тургунда обьективдүү реалдуулук боло албайт, анткени жалпылык сөздө гана берилиш

керек. Сөздөрдү туура колдонуш үчүн «буюмдарды» алардын касиетин, мүнөздүү жана маңыздуу өзгөчөлүктөрүн, бири биринен айырмалап турган, «буюмдар» тобун билиш керек. Жалпылык жөн гана сөздө эмес, окшош предмет тобуна кирген сөздөрдө б.а. жалпы келип чыккан жалпы окшоштук белгилери бар предметтерде болот. Ошондуктан универсарийлер предметтердин өзүндө жашайт. Бул жогоруда мүмкүн эмес деп айтылган, бирок бул мүмкүн эгер универсарийлер «буюмдарда жашаса актуалдуу эмес потенциалдуу. Абелярдын нравалуулук жөнүндөгү окуусу, этикасы оригиналдуу болгон. Ал «**Өзүңдү таанып бил**» чыгармасында айткан жана өтө кылдаттык менен, аналитикалык жол менен төмөнкүлөрдү айырмалайт: 1)жаман жүрүш турушка жакындык; 2) бул жүрүм турумду аткаруу үчүн эрктик аң сезимдүү чечим; 3) жүрүм турумдун өзү.

Абеляр үчүн нравалуулуктун критерийи намыс менен макулдашуу. Абелярдын окуусу адамдын субңективдүү жоопкерчилигин билдирет, анын жүрүм турумунун аң сезимдүүлүгүнө басым жасаган. Намыстын булагы табигый нравалык мыйзам, ал бардык адамдарга жаратылышы боюнча бирдей. Адам жамандык, кылмыш, күнөө кылып намыстын үнүнө каршы жүрөт. Намыстын келип чыгышы жөнүндөгү маселе татаал. Намыс өзүңдүн жүрүм турумуңдун дал келбестигине жана дал келүүчүлүгүнө кыжалаттануу. Бул кандай берилет: Кудайданбы? Жаратылыштанбы? Тарбияданбы? Абелярдын оюу боюнча бул жаратылыштан, бул аркылуу Кудайдан. Бирок намыстын үнү бизди алдашы мүмкүн.

**Мистика.** Жогоруда айтылып кеткендей Шамполук Гильом Парижде ыйык Виктор монастрынын алдында Кудай таануу мектебин негиздеген. Бул 1110-жылы негизделип католиктик теологиянын орто кылымдагы мистикалык вариантынын борбору болуп калган.

Буга чейин ири мистик болуп Петр Дамиани эсептелген. Ал төмөнкү формуланын автору: «философия – теологиянын кызматчысы». Ал «О божественном всемогуүестве» деген чыгарманын автору. Ал боюнча «Диалектика – ошого келишкен теологиянын кызматкери».

Париждик Сен-Виктор кудай таануу метебинин гүлдөп өнүгүү ишмердиги эки динчил-мистиктер – Гуго Сен-Викторский жана Ришал Сен-Викторскийдин аты менен байланышкан.

Гуго Сен-Викторский – немец, ал немецтик граф тукумунан төрөлгөн. Бирок ал Парижде окуган жана ошол жерде калган. Анын

түздөн-түз окутуучусу Шамполук Гильом. Гуго схоластиканы четке каккан эмес. Ошондой эле конкреттүү атайын билимдерди четке каккан эмес, ал өзү да билим жыйындысын түзгөн. Бирок бул кудайтаанууга киришүү билими болгон. Ал төрт теориялык абалдын тобун көрсөткөн. Булар акылдан гана келип чыгат. Экинчилери акыл менен мамиледе турат. Үчүнчүсү акылдан жогору, ал жогорку күч аркылуу гана берилет. Төртүнчүсү акылга каршы. Муну Гуго четке каккан. «Акылдан» болгон деңгээли «акылга каршы» деңгээли ишенимге жол бербейт.

Гугонун мистикасын эмнеден көрөбүз? Ал акылга караганда сезимге басым жасайт. Сезим чөйрөсүндө сырткы тажрыйбага караганда ички тажрыйбага басым жасайт. Кудай ойлонулбайт, Кудайдын бар экендигин схоластикалык жол менен далилдөөгө аракет жасап, жыргалчылык катары көрсөтүү мүмкүн. Бирок Кудайды ойлоо мүмкүн эмес. Бул Гугонун дүйнөкарашынын карама-каршылыгы.

Ришар Сен-Викторский адамдагы төрт факторду айырмалайт – сезимдер, ойлом, акыл, кудайды жаны менен таза аңдап билүү. Ушул абалда Кудай менен жуурулушуп, жан, бир бөлүк болуп туруп, бүтүндүк да болуп калат (кудай). Ал эми кудай бүтүндүк катары бөлүктөргө, жанга ажырайт. Ошондуктан Кудай менен мистикалык биригүүдө бөлүк бүтүн болот, ал эми бүтүн – бөлүк болот.

Кудай таануудагы ачкыч Ришар боюнча интеллект эмес, ал сүйүү. Кудайдын өзү сүйүү. Сүйүү сүйүктүү предметке умтулууну аныктайт. Кудай-ата – өзүнүн баласы – кудай-баланы сүйөт. Кудай-бала – Иисус Христос. Ал кудайдын түбөлүк сүйүүсүнүн түбөлүк предмети. Адам ушул сүйүүгө акырындык менен көтөрүлө алат. Бул адам сүйүүсүнүн жогорку баскычы. Сүйүүнүн башка түрлөрү: балага, аялга, Ата мекенге болгон сүйүү – сүйүүнүн төмөнкү баскычтары. Кудайга болгон сүйүү, Иисус Христоско болгон сүйүү адам сүйүүсүнүн жогорку формасы.

## Өнүккөн феодализм доорундагы философия

XIII-кылымда Батыш Европада көзгө көрүнөөрлүк экономикалык өнүгүү жүрөт. Товардык-акча мамилелери өнүгөт. Шаарлардын ролу күчтөнүп, кол өнөрчүлөр жана купецтер катмары өсөт, чиркөөнүн байлыгы көбөйөт. Эң негизгиси – католик чиркөөсүнүн күчү жогорулаган. Еритиктин кыймылдар күчөйт.

Кол өнөрчүлүк менен сооданын керектөөлөрү окуп жазууну талап кылат, арифметика, география, астрономиянын элементтери

өздөштүрүлө баштайт. Коомдо светтик тенденциялар күчөйт. Болонияда, Парижде, Палериодо, Оксфорддо, Падуада, Кембриджде, Неапольдо, Тулузда, Саламанкеде университеттер ачылат. Университеттерде негизинен төрт факультет болгон: укук, медицина, теология, эркин искусство.

XIII-кылымдан баштап Аристотелдин чыгармалары латын тилине кеңири которула баштаган. Чиркөө аристотелизмдин жайылышына тоскоолдук кылып турган. Ерестер менен күрөшүүнүн соту – **Инквизиция** түзүлөт. Аристотелдин философиясын чиркөөнүн керектөөсүнө ылайыкташтырууга аракеттенишет.

Аристотелдин окуусун Христиандык догматикага ылайыкташтыруунун ири өкүлү болуп Фома Аквинский эсептелет.

**Фома Аквинский (1225-1274-жж.)** орто кылымдагы философ жана теолог, католик динине өтө берилген, анын жактоочусу (ортодоксалдык көз караште болгон) – схоластиканы системалаштырган, томизм агымынын негиз салуучусу, доминиканчы монах. Ал 1323-жылдан баштап католик-христиан дининин ыйыктарынын эсебине киргизилген, ал эми католик-христиан динине сиңирген эмгеги үчүн 1567-жылы «чиркөөнүн бешинчи окутуучусу, мугалими» болуп таанылган. Ф. Аквинский Улуу Альберттин окуучусу. Ф.Аквинскийдин обңективдүү идеалисттик философиялык көз карашы Аристотелдин философиялык окуусун бурмалоо аркылуу, христиан дининин талабын калыптандыруу менен калыптанган.

Ф.Аквинский бытиенин (реалдуулуктун) фундаменталдык негизин түшүнүүдө Аристотелдин окуусуна ылайык аны экиге бөлгөн: «потенциалдуулукка» (мүмкүнчүлүккө) жана «актуалдуулукка» (чындыктык). «Потенциалдуулук» – бул олку-солкулук, туруктуу эместик, бекем орнотулбагандык, аягына чейин бүтпөгөндүктөн өзгөрүлүп кетүүгө жол ачыктык, ошондуктан ал бүтүндөй ар тараптан калыптанбагандык. «Актуалдуулук» – бул ишке ашкандык, калыптангандык, бүтүндөйлүк жана ошондуктан анын бардык жактан калыптангандыгы. «Таза потенциалдуулук – бул материя», «бытиенин, реалдуулуктун начар түрү». Форма өзүнүн материяга карама каршылыгы менен актуалдуу. Форма – тактык жана тартипте, тактык менен жайгашкандыктын принциби. Абсолюттук актуалдуулук кандайдыр бир потенциалдуулукка жол бербейт. Бул – кудай, кудай бардык формалардын булагы. Формага идеалдуу жалпылык таандык, ал эми материя болсо формага жекече принцибин тактоону киргизет.

Фома Аквинскийдин оюу боюнча адамдын жаны (душа) материалдуу эмес жана биринчи негиздүү бирок аягына чейин өзүнүн ишке ашырылышында дене аркылуу болот. Адамдын жаны – дененин «кыймылдаткычы» эмес. Бирок анын биринчи негизги формасы (түзүлүшү).

Инсандык (личностук) Ф.Аквинскийдин оюу боюнча табияттын бардыгынын эң акыл эстүүсү жана асылы, интелектиси. Интеллект – бирөөгө гана тиешелүү, анткени абсолюттук башталыш эмес, бирок бүтүндүн бөлүгү. Жалгыз гана кудайда интелектин маңызы бар, ал эми адамда – маңыздын потенциясы болот, ошондуктан «интеллект ойлобойт», бирок адам интеллект аркылуу, анын жардамы аркылуу ойлойт, ой жүгүртөт.

Фома Аквинскийдин философиялык принцибинин негизин ишеним менен акыл эстин бири бирине жарашкан байланышы түзөт жана анын оюу боюнча акыл эс кудайдын бар экендигин рационалдуу түрдө далилдейт жана ишеничтин чынды болгон каршылыкты четке кагат. Бардык ааламдагы болгон нерселер кудай жараткан биринен кийин экинчиси болгон тепкичтердеги тартипке сыйынышат.

Фома Аквинскийдин бул схоластикалык-философиялык концепциясы официалдуу түрдө «католицизмдин» жалгыз гана чыныгы философиясы болуп жарыяланат. Фома Аквинскийдин мындай философиялык концепциялары, анын көптөгөн эмгектеринен орун алган. Алсак – «Теологиянын суммасы», «Язычниктерге каршы сумма» деген эмгектеринде. Бул эмгектеринде ал теологиялык-рационалисттик ой пикирлер тыянагы чагылдырылган жана схоластиканын өсүп жеткен мезгилинин багыттары иштелип чыгылган. Өзгөчө анын оюу – «турмуштук жагдайда кудайга болгон сүйүү, кудайды сүйүү кудайды таанып билүүгө караганда артык жана бийик турат». «Кудайдын мыйзамы», «табигый мыйзамдын үстүндө турат, андан артык, бирок «табигый мыйзамга» каршы эмес.

Фома Аквинский өзүнүн ушундай философиялык концепциялары менен орто кылымда католик динине чоң кызматын көрсөтүп, католиктик чиркөө тарабынан чиркөөнүн «ыйык» адамдарынын катарына киргизилген.

Аристотелизм идеясы оппозициялык мектептин өкүлдөрү тарабынан да колдонулган. Бул мектеп Ибн Рушддун идеяларын уланткан. Мындай латын аверроизминин өкүлү болуп Сигер Брабантский эсептелет. Сигер боюнча рационалдуу тааным – табигый мүмкүн жана чыныгы дүйнөтааным. Теология – рационалдуу

таанымга тоскоолдук кылат. Сигер тарабынан чындыктын экилтиги жөнүндөгү концепцияны колдошу иш жүзүндө диндин илимий таанымдын ички жашоосуна кийлигишпөө принцибин колдонгондук, жана теологиянын философиялык кийлигишпөөсүн белгилегендик болуп саналат. Сигер «дүйнөнү Кудай жок нерседен жаратты» дегенге каршы болгон. Сигер бардык нерсенин себепчиси Кудай деп таанып, «табигый кубулуштарды табигый жолдор» менен карайбыз деген.

Фома Аквинский менен Сигердин ортосундагы карама каршылык жанды түшүнүү жөнүндөгү маселеден көрүнөт. Сигер сезимдик жана акыл эс жан жөнүндө айтат. Сезимдик жан – көп түрдүү, ал жеке адамдарда, ал эми акыл-эстүү жан – жалпы мүнөздө, бардык адамдарда бирдей. Сезимдик жандан айырмаланып, акыл эстүү жан жок болбойт.

XIII-кылымдын аягында номинализм жандана баштайт. Анын өкүлү – Дунс Скот. Ал эң жогорку билим – философия (метафизика) деген. Анткени философия буюмдарды таануунун жалпы принциптерин калыптандырат, ал эми дин жана анын догматтары далилдөөгө жатпайт. Ишеним тааным менен байланышпайт.

Д.Скот боюнча бардык бар нерселер, Кудайдан башка, материя менен формадан турат. Материя бардык жашап тургандардын өзүндө. Ал – бардык жаратылгандардын бирдиктүү негизи. Материяга бытие жана ишмердүүлүк таандык. Натыйжада материянын жаратылышын форма улантат. Форма болгондугуна байланыштуу анын түрдүк айырмачылыгы аныкталат.

Д.Скот боюнча индивиддер гана реалдуу жашайт. Сезимдик тааным – активдүү таанып билүү. Аны менен катар акыл жашайт.

Номинализмдин дагы бир өкүлү болуп **Вильям Оккам** эсептелет. Ал англис философу, логик, монах, ал Оксфорддо окуп, иштеген. Ага төмөндөгү тезис таандык «Мени кылыч менен корго, мен сени калем менен коргойм». В.Оккам боюнча папачылык убактылуу уюм. Алар Христостун наместниктери эмес. Жогорку диний орган болуп кудайга ишенүүчүлөрдүн обүинасы жана ал тарабынан шайланган Собор эсептелет. Өлкөнүн жогорку башкаруучусу – светтик мамлекет башчысы, ага баш ийүү керек. Светтик жана диний бийлик эки башка милдетти алып жүрөт.

В.Окком – ыраттуу номиналист. Ал боюнча жеке буюмдар гана жашайт. Универсарийлер «жанда жана сөздөрдө» гана. Ага төмөнкү

тезис да таандык «Маңызды зарылдыксыз көбөйтүүнүн кажети жок». («Бритва Оккама» деп аталган).

В.Оккам ишеним менен билим мамилесине кайрылып, ишенимдин догмаларын далилдөөгө мүмкүн эмес жана максатсыз деген. Кудай түшүнүгү иррационалдуу түшүнүк, табигый таанымдын каражаттары менен негиздөө мүмкүн эмес. Филсофия теологияга көз каранды эмес.

XIV-XV-кылымдарда схоластика кризиске учурайт. Мистикалуу окуу өнүгөт. Алар латын тилинен баш тартып, улуттук тилде жаза башташат. Мистиканын өкүлү болуп Иоганн Экхарт эсептелет. Ал кудай менен адам жанынын тереңинин окшоштугун айтат. XV-кылымда орто кылымдар философиясынын тарыхы аяктайт.

## Византия философиясы

Византия философиясы – орто кылым философиясынын бир бөлүгү. Орто кылымдар түшүнүгү XVIII-кылымда илимге киргизилген.

Биздин заманга чейинки VI-кылымда Византиянын территориясы кеңири болгон. Ал Балкан жарым аралы, түштүк Италия, Эгей деңизинин аралдары, Кичи Азия, Крымдын түштүк жээги, Месопотамия жана Закавказьенин бир бөлүгү, Сирия, Палестина жана Египет кирген.

Бирок VII-кылымда Византияга арабдар баскынчылык кыла баштайт. VII-кылымдын орто ченинде Византияны Гераклей I, Гераклей II жана Гераклион башкарып турган мезгилде өтө чоң территориясын жоготкон: Сирия, Палестина, Египет жана Африканын түндүк бөлүгү.

Византиянын түндүгүндө күчтүү Болгар мамлекети түзүлгөн. Сербддер жана хорваттар Византиядан Долмация жана Иллирияны тартып алышат. Андан ары XIII-кылымда арабдар Кичи Азияга басып киришет, Кипр жана Родос аралдарын басып алышып, Константинополго киришет. Батышта Францияга чейин барышат. Бирок Карл Мартел арабдарга катуу сокку урат. Буга карабастан көптөгөн территория арабдарга каратылат.

Орто кылымдагы Византия философиясы теологиялык мүнөздө болгон. Анда системалуулук болгону менен схоластикалык болгон. Бул философияда рационализм жана догматизм кездешет.

Орто кылымдагы философия менен логика – теологиянын кызматкери болуп калган. Бул мезгилдеги ойчулдарды илимий проблемалар жана реалдуу милдеттер толкундатпастан, жалган проблемалар кызыктырат: Үчилитикте анын үч ипостасы кантип мамилешет, Хритостогу эки жаратылыш: Кудайлык жана адамдык кандай карым катнашта, Иконага сыйынуу – Идолдорго сыйынуу болбойбу жана башка.

**Ерестер.** IV-кылымда арианчылык сынга алынат. Бирок арианчылар менен афанасьевчилердин ортосундагы күрөш уланган жана бул күрөштүн жини эки тараптан тең токтотулган эмес. Аягында арианчылык жок кылынып афанасьевчилердин тушунда айрыкча Феодосийдин тушунда Никеоконстантинополдук ишеним символу жанданат. Анда мындай окуу жеңет: кудай-ата жана кудай-бала окшош эмес, алар бир маңыз. Бирок жүз жылдан кийники Никей соборунда жана отуз жылдан кийинки Константинополь соборунда константинополь патриархы Несторий жарыялайт: Кудай-бала кудай-ата менен бир маңыз болгону менен алгач Иисус адам болгон, ошондуктан энеси «кудай жаратуучу» эмес, «адам жаратуучу» Иисустун миссиясы ал төрөлгөндөн кийин ыйык жанга ээ болгондо келип чыгат. Бул несторианчылык ортодокчулар тарабынан 431-жылдагы Эфестеги үчүнчү жалпы собордо сынга алынат.

Ал эми константинополдук архимандрит Евтихий христологиялык проблеманы көтөрүп чыгат, анда Христоско бир гана ыйык-кудайлык жаратылыш таандык кылынат, Христосту адамдык жаратылыш жөн гана көрүнүш. Бул окуу монофизитство (моно-«одно», единый жана «природа») деп аталат. Бул 451-ж. Халкидондогу төртүнчү бүткүл собордо сынга алынат. Бул Арменияда, Египетте сакталып калат. Монофизитствонун мээлүүн формасы болуп монофелитство («монос» - единый жана воля) Монофелитство Христостогу эки жаратылышты тааныйт, бирок алар Христосто эки жаратылыш болгону менен анда бирдиктүү эрк бар дешкен. Бул 680-681-жж. алтынчы жалпы собордо сындалат.

Византияда иконага каршы кыймыл күчөйт. Алардын арасында императорлор да болгон. 754-жылы Византия императору Константин V иконаны ыйык көрүү ерестик деп жарыялаган. Монахтар да сындалат. Монастрлар жабыла баштайт. Бирок көпкө созулбайт.

**Иоанн Филопон**. Биринчи Византиялык философ болуп Иоанн Филопон эсептелет. Ал Юстиниандын тушунда – V-кылымдын аягы VI-кылымдын башында жашаган. Ал «Семь книг толкований по

созданию мира по Моисею» деген эмгектин автору. Ал Монофизитство позициясында болгон. Бирок Византия философиясынын чыныгы булагы болуп Филопондун чыгармалары эмес анонимдүү «Ареопагитиктер» эсептелет. Анын чыныгы автору белгисиз. (Ареопага – Афинадагы байыркы сот коллегиясы). Адегенде анын автору деп Афина Ареопагасынын мүчөсү Дионисий деп эсептешкен бирок анын автору жөнүндөгү маселе азыркыга чейин дискуссияны жаратып келүүдө. 1924-жылы грузин философу Шалва Нуцубидзе, кийинчерээк Белгиялык изилдөөчү Э.Хонигман «Ареопагитиктердин» автору катары грузин философу Петр Иверди (412-488-жж) эсептешкен. Бирок бул да талаш маселе. «Ареопагитиктер» төмөдөгүдөй трактаттарды камтыйт: «Кудай аттары жөнүндө», «Асман иерархиясы жөнүндө», «Жашыруун кудай таануу жөнүндө», ошондой эле ар түрдүү адамдарга арналган каттар. Бул чыгармадан неоплатонизмдин таасири байкалат.

Орто кылымдагы Византия ойчулу болуп Максим Исповедник эсептелет, ал VI-VII-кылымдарада жашаган. Максим монофизит болгон, ал түрмөгө камалып, тилин, оң колун кесип салышкан. Ссылкада жүрүп өлгөн. Ошол мезгилде Византия императорлору монофелиттерди коргошкон. Философиялык көз каршында Максим бир жагынан «Ареопагитиктердин» экинчи жагынан Аристотелдин логикасынын таасири байкалат. Анын көз карашы боюнча адамзат тарыхы эки мезгилге бөлүнөт: Кудайдын адамга айлануусуна даярдык мезгили жана адамдын кудайлашуусу, ал кудай жаратуучу менен биригет.

**Иоанн Дамаскин.** Иконаларды ыйык тутуунун идеологу болуп Иоанн Дамаскин эсептелет. Адегенде ал атасынын жолун жолдоп жогорку кызматта иштеген, андан кийин монах болуп кетет. Иоани Дамаскиндин ири трактаты «Билим булагы» деп аталып философиялык жана кудайтаануучулук маалыматтарды камтыйт. Биринчи бөлүгүндө «Диалектика» - Аритотелдин метафизикасы жана логикасы берилет. Экинчи бөлүгү «Ерестер жөнүндө китеп» жүзгө жакын ерестер жөнүндө айтылат. Үчүнчү бөлүгү – «Проваславдык ишенимди туура түшүндүрүү» – негизги чыгармасы. Мында чиркөөнүн догмалары берилет. Ал Аристотелди түшүндүрүп жатып Христиандык теологиянын философияга болгон мамилесинин формуласын берет: философия – теологиянын кызматкер. Бул концеция Батышта Петр Дамиани тарабынан кайталанган.

**Павликианчылар.** Иконага каршы күрөшүүнүн туу чокусу болуп павликиан кыймылы эсептелет. Павликианчылар иконаны ыйык тутууга гана эмес апостолдукка, богородица, ыйыктыкка, чокунууга, ар түрдүү ырым жырымга каршы чыгышкан. Алар чиркөөнү мамлекеттин куралы катары карашып чиркөөгө каршы болушкан. Мамлекет жана анын чиркөөсү – жамандык дүйнөсү, чыныгы кудай дүйнөсү – жакшылык дүйнөсү, Павликианчылар манихей тибиндеги дуалисттер.

IX-XI- кылымдарда Византияда кол өнөрчүлүк өнүгөт, архитектура, живопись, көркөм адабият, тарых илими өнүгө баштайт. Византиялык окумуштуулар античтик авторлорду чогултуп, комментарийлерди жазышкан.

Белгилүү жыйноочу, библиофил, энциклопедист болуп **Фотий** эсептелет. Ал «Мириобиблион» деген чыгарманын автору, 300 очеркten турат. Алардын көпчүлүгү байыркы грек авторлорун көчүрүп жазуу жана комментарийлер болуп эсептелет. Фотийдин замандашы болуп **Лев Математик** эсептелген. Ал улуту боюнча армян болуп, Константинополь университетинин ректору, андан кийин философия менен математиканын профессору болгон. Илим менен алектенип, ал диалектикага, математикага, астрономияга кызыккан. Ошондон улам Лев Математик деп аталган.

XI-кылымдагы философия жана теологияда **Михаил Пселл** жана анын окуучусу **Иоанн Итал** энергиялуу аракет кыла баштакан.

Михаил Пселл – философ, окумуштуу, мамлекеттик ишмер, император Михаил VIIнин тарбиячысы болгон. 1054-жылдан баштап ал монах болуп кетет. Ал античтик философияны жакшы билип, ага өтө кызыккан, аны ал турсун ересь деп да күнөөлөшкөн. Ал античтик философиядан христиандык догмага дал келген окууларын алуу зарыл деп эсептеген. Античтик философияга христиандык теологияга ылайыкташтырып, философияны «төмөнкү» жана «жогорку» деп экиге бөлгөн. «Жогорку» философия – теология, анын предмети – түбөлүктүүлүк, б.а. тиги дүйнө, ал жогору жактан агаруу жана аны жан менен гана таанышат. «Төмөнкү» философиянын предмети – өзгөрмөлүү, туруксуз жаратылыш. М.Паселл боюнча, эки философиянын ортосунда, «телосуздук жөнүндөгү илим» - математика турат. Бул өзүнүн маңызы боюнча кудайтаануудан кийин эле турат. Ал эки жаратылышка ылайык (жер үстүндөгү, жердеги) түпкү жана жакынкы себептерди айырмалаган. Биринчиси бардык

нерсенин себепчиси – кудай, экинчиси – жаратылыш, ал сезим жана акыл менен таанылат.

Михаил Пселл өзүнөн кийин мемуардык чыгармасы «Хронографияны» калтырып кеткен, анда Византия жөнүндө жазып, тарыхты кудай эмес, адамдар жаратат деген божомолду калтырган.

Иоанн Итал (Италиядан чыкканына байланыштуу Итал деген атты алып жүрөт) IX-кылымдын экинчи жарымында жашаган. Ал Константинополь университетинде сабак берген. Платон менен Аристотелдин таасири астында материянын түбөлүктүүлүгүн жана жаратылбагандыгын айтат. Бул анын окуусундагы аристотелизм. Ошондой эле ал идея бытиесинин түбөлүктүүлүгүн айтат, бул Платондун окуусунун таасири. Анын тагдыры өтө кайгылуу болгон. Император Алексей I Комнин чиркөө Иоанн Италдын дүйнө карашын кароону буйруйт. Анын буйругу менен Иоанн Итал соттолуп монастрга кетет. Ал жерде өмүрүнүн аягына чейин болгон.

**«Реалисттер» жана номиналисттер**. XII-кылымда Батыштагыдай эле Византияда да реалисттер менен номиналисттердин ортосунда талаш-тартыш жүргөн. Бул талаш-тартыш үчилтик жөнүндө болот, рационалдык мааниде алып караганда античтик мезгилде эле коюлган жалпылыктын жашоосу жөнүндөгү проблема болгон. Византиялык реалисттер реалдуу түрдө бир гана жалпылык жашайт. Номиналисттер болсо реалдуу түрдө бир гана жеке буюмдар, процесстер, кубулуштар жашайт, ал эми жалпылык ошол буюмдар жөнүндөгү түшүнүктөрдө, тилде, тилдик терминдерде гана жашайт дешкен.

Византиялык номиналисттерди Сотирик реалисттерди Николай Манефонский жетектеген. Эки лагердин ортосунда Кудай таанууучулук дискуссиялар 1156, 1157-жылдары болгон.

Сотирих Антиохиянын епископу болгон. Реалисттер менен номиналисттердин күрөшүн Платон менен Аристотелдин күрөшү менен салыштырган. Ал эми Николай Манефонский реализмди жактаган. Реализм православиялык чиркөө тарабынан сындалган.

1185-жылы Коминдер династиясынын ордуна Ангелдер келет. Бул убакта жарым кылымга жакын Византияда жымжырттык өкүм сүрөт. Анткени ушул учурда «Крестүүлөрдүн жортуулу» болуп турган. Төртүнчү жортуулда крестүүлөр Палестинанга чейин жеткен эмес, Венеция Византияга басып кирет. 1204-ж Константинополду басып алышат жана Балкан жарым аралынын түштүк бөлүгүндө Латын империясын түзүшөт. Византиянын көп бөлүгү Венеция менен

Латын империясы тарабынан бөлүштүрүлүп алынат. Византияда үч гана жакырланган мамлекет калат. Үч мамлекеттин бири Никей империясы Константинополду басып алып, Батыш Европалык феодалдарды кууп чыгат. Византия империясы калыбына келтирилет. Бирок мамлекет акырындык менен ажырай баштайт.

## Орто кылымдагы араб-ислам философиясы

Орто кылымдагы мусулман философиясы ислам дини үстөмдүк кылган жана ислам дүйнө таанымы басымдуулук кылып турган философия. VII-кылымдын экинчи жарымында исламдын аты менен ири чоң басып алуучулук согуштар жүргөн. Натыйжада Араб халифаты түзүлөт: Аравияны, Иран, Армения, Түндүк-Батыш Индияны, Сирия, Египет, Палестина, Африка жана Пиреней жарым аралынын түндүк бөлүгүн камтыган мамлекет пайда болгон. VIII-IX-кылымда Чыгышта өзгөчө араб маданияты пайда болгон. Кол өнөрчүлүк, соода, деңизде сүзүү, дыйканчылык Европага караганда жогорку деңгээлде өнүгүүгө жетишет. IX-к башында Багдад ири илимий борбор болуп калат. Мектеп, китепкана, илимий коомчулук өнүгүүгө жетишет. Көптөгөн халифтер илимий билимдердин өнүгүшүн жана жайылышын колдошкон. «Адамдагы эң жогорку байлык – билим» деген принципти жакташкан. Багдадда Платон, Аристотель, Евклид, Архимед, Птоломейдин чыгармаларын которуу, көбөйтүү үчүн атайын топ түзүлүп араб тилине которушкан.

X-кылымда араб маданиятынын экинчи борбору Кордовдо түзүлөт. Натыйжада араб маданиятынын чыгыш жана батыш булагы пайда болгон. XII-кылымда батыш маданияты үстөмдүк кыла баштайт. Чыгышта монголдордун басып алуусунун негизинде маданияттын өнүгүүсү начарлайт.

Араб-ислам философиясынын калыптанышынын булагы болуп «Калам» (Куранды талдоо) эсептелет. Каламдын жактоочулары мутакалимдер деп аталган. Мутакалимдердин бир бөлүгү диний окууларды эркин талдашкан, мындай ортодокстарды мутазилиттер (традициялуу ишенимден бөлүнгөндөр) деп аташкан. Мутазилиттер Кудай атрибуттарынын көптүгүн четке кагышкан, Кудай абсолюттук биримдик деп айтышат. Мутазилиттер боюнча кудайдын «телосу жок, руху, формасы, тыгыздыгы, каны, субстанциясы же акциденциясы» жок. Ал бөлүнгүс, орду жана убактысы менен аныкталбайт. Ал

бардык  жерде бар, боло берет. Башка нерселерге салыштырмалуу алгачкы болуп эсептелет. Ал бирден бир түбөлүктүү бытие.

Халиф Аь-Мамун башкарып турган мезгилде (813-833) мутазилизм Аббасиддер мамлекетинин официалдуу доктринасы катары жарыяланган.

Мутазилиттерге **Аль-Ашари** (873-935-жж) каршы чыккан. Анын улантуучулары жана өзү (Ашариттер) ортодоксалдуу ишенимди кайра кайтарып алуу жана бекемдөөгө умтулушкан. Мутазилиттерге каршы туруп, алар Аллах дүйнөнү эле жараткан, анын бардык кубулуштарына өз таасирин тийгизет. Ошондуктан кубулуштар кудайдын эркине негизделет, анын эркине адам жашоосу да көз каранды. Көптөгөн күрөштөн кийин ашариттер исламдагы үстөмдүк кылуучу концепция  болуп калган.

Ушул эле тарыхый мезгилде араб дүйнөсүндө мистиктер-суфиттер кыймылы жаралат. Алар аскетизмди жакташкан.

Теология менен катар арабдык-аристотелдик философия өнүккөн. Ал логика, табигый илимдер,  математика, медицинага кызыккан.

Араб философиясынын өкүлдөрү болуп чыгышта Аль-Кинди, Аль-Фараби, Ибн-Сина, Батышта – Ибн-Баджа, Ибн Туфайль, Ибн Рушд эсептелет.

**Аль Кинди** – чыгыш аристотелизминин алгачкы өкүлү.  200 гө жакын эмгектин автору. Ал Античтик философияны чыгышка тарата баштаган, ал философиялык чыгармаларды араб тилине которгон. Аль-Кинди  метафизика, логика,  математика, астрономия,  медицина, метеорология ж.б. кызыккан. Ал Кудайды танган эмес, бирок философияны кудайтаануудан бөлүүгө аракеттенген. Анын ой жүгүртүүсү боюнча тааным үч баскычта өтөт: биринчи логика жана математика; экинчи – табигый илимдер; үчүнчү – метафизикалык проблемалар.

Аль Кинди өзүнүн метафизикасында Аристотель айткан  10 категориянын ордуна беш «прасубстанцияны» сунуштайт: материя, форма, кыймыл, мейкиндик жана убакыт. Ошондой эле акылдын төрт түрүн тааныйт: Түбөлүк аракеттеги «активдүү акыл»; «пассивдүү» жана аракетчил акыл; «алынган» акыл; «демонстративдүү» акыл.

Экинчи дагы бир ойчул **Аль-Фараби**  (870-950-жж). Чыгыш элдеринде Аль Фараби Аристотелден кийинки «Экинчи окутуучу» деген ат менен белгилүү. Орто кылымдын ойчул-философу 870-жылы Сырдарыянын Фараб деген районунда төрөлгөн. Ал жер азыркы Казакстандагы Түштүк-Казакстан областынын Шаульдер районуна

таандык. Абу-Наср Аль Фараби оокаттуу түрк уруусунан чыккан, анткени, анын толук атын айтканда «тархан» деген сөздөн белгилүү: Абу-Наср Мухаммед Ибн-Мухаммед, Ибн-Тархан, Ибн-Узлаг, Аль-Фараби ат-Турки.

Аль Фараби жашаган жер тарыхчылар тарабынан өзгөчө жер экендиги белгиленген. Маданий жана тарыхый жактан ал Орто Азиядагы отурукташып дыйканчылык менен алектенген уруулар. Борбордук Казакстандын көчмөн уруулары менен чектеш болгон. Анда ар түрдүү деңгээлдеги маданияты жана традициясы бар, ар кандай диндик ишенимдерди тутушкан (шаманизм, зороастризм, несторианство, манихейство, буддизм) түрдүү уруулар жана элдер жашаган.

Абу Наср Фараб округунда Васидж шаарчасынын атчандар гвардиясында кызмат кылган адамдын үй бүлөсүндө туулган. Ушул жерде анын балалык чагы өткөн. Эс тарта баштаганда ал өзүнүн маданий, интеллектуалдык талабын калыптандыруу үчүн туулган жерин таштап келген. Ал Араб Халифатынын Харран, Каир, Дамаск, Алеппо жана башка шаарларында болгон. Араб халифатында Абу Насрдын өмүрүнүн жана чыгармачылыгынын көп бөлүгү өткөн.

Абу Насрдин өмүрү чыгармачылыгы менен таанышып отуруп ал Багдадка келгенге чейин араб тилин билбегендигине ишенүүгө болот. Ушуга байланыштуу убактысынын көбүн тил үйрөнүүгө бөлгөн. Өмүрүнүн аягында ал 70ке жакын тил билген. Ал Багдадда жашап турганда кыска убакытта эле араб тилин үйрөнүп сүйлөй баштаган. Ал өзүнүн ишмердигин илимдердин көп тармагын изилдөөгө арнаган. Алардын ичинен эң биринчиси логика илимине чоң маани берет. Ушул учурда Абу Насрдын окутуучусу катары белгилүү болгон Абу Бшир Матта Багдадда эле эмес бүт Араб Халифатына белгилүү болгон. Ал Аристотелдин логикасын комментариялаган философ катары белгилүү эле. Аль Фараби Абу Бширдин оозунан Аристотелдин логикасынын комментарийин лекция катары уккан. Ошол учурдагы замандаштарынын айтуусу боюнча Абу Бшир Матта Аристотелдин логикасына комментарийди аябагандай устаттык, таң каларалык так стиль менен баяндаган. Ал өтө эле татаал түшүндүрмөдөн алыс болгон терең ойду жөнөкөй сөз менен айтып берүү исскуствосуна ээ болгон. Мындай жетишкендикти анын окуучусу Аль Фараби толугу менен өздөштүргөн. Абу Наср Багдада жашап жаткан убагында логиканы өздөштүрүү максатын көздөп Харран шаарына барган. Ал Багдаддга кайтып келгенден кийин

Аристотелдин мурасын өздөштүрүүнү тереңдетет. Ушул жерде ал билимин тереңдетип, көптөгөн окумуштуулар менен байланышта болуп, өз заманынын алдыңкысы болуп чыга келет. Мындай көрүнүш дин өкүлдөрүнүн арасында нааразылыкты жараткан. Натыйжада Аль Фараби Багдадды таштап кетүүгө мажбур болгон. Абу Насрдын негизги эмгеги «Илимдерди классификациялоо жөнүндө» деп аталып, ошол учурдагы илимдердин баары саналып, алардын изилдөө предметтери аныкталган.

Аль Фараби Багдаддан чыгып Дамаска, андан кийин Египетке келген. Анын эскерүүсү боюнча «Граждандык саясат» деп аталган эмгегин Багдадда баштап аны Каирде бүтүргөн. Көп убакыт саякаттоодон кийин Абу Наср Дамаскка келген. Анда өмүрүнүн акырына чейин жашаган жана көпчүлүк убактысын жалгыздыкта өткөргөн. Убактысынын көбүн бассейндин жээгинде же бакчада өткөргөн, анда китептерин жазып, окуучулары менен аңгемелешкен. Аль Фараби жөнөкөй жашаганды жактырган, анын турмуштук керектөөсү күнүнө 4 дирхем менен чектелген, аны казынадан алып турган. Аль Фараби дүйнөнүн философиялык концепсиясын түзүп ошол учурдагы традиция боюнча метафизика деп атаган. «Илимдердин классификациясы» деген эмгегинде ойчул метафизика маанилүү орунда дейт. Ал тил илими, логика, математика, физика илимдеринин катарында турган, б.а. ал башка бардык теориялык илимдердин синтези болуп саналган. Ошол эле учурда ал башка илимдердин алдында турат, алардын принциптерин негиздейт. Метафизиканы 3 бөлүккө бөлгөн. Биринчиси жашап, бар болуп турган предметтер жана буюмдар. Экинчиси теориялык жеке илимдердин далидөөлөрүнүн негизин үйрөтөт. Үчүнчү бөлүм болсо жашап турган материалдык эмес, телого ээ болбогон предметтерди изилдейт. Аль Фарабинин онтологиялык окуусу боюнча субстанция – бул бытие жөнүндөгү окуунун чечүүчү категорясы. Субстанция форма менен материянын биримдиги. Форма – буюмдардын маңызы жана келбет түзүлүшү, алар түздөн түз берилет. Материя – сакталып турган субстрат, кыймыл, өзгөрүү жүрүүчү фон.

Аль Фарабинин тааным теориясында материалисттик жана идеалисттик тенденциялар ачык байкалат: биринчиден адам - дүйнөнү таанууга алып келүүчү чыгармачыл башатты алып жүрүүчү; экинчи жагынан таанымдын негизги, аякки пункту - бардык нерселердин алгачкы себепчисинде. Таанып билүүдө туюп сезүү

негизги ролду ойнойт, анткени ал дүйнөнү таануунун бирден бир моменти абстракция же түшүнүктөрдү алууга алып келет.

Аль Фараби таанып билүү процессин «Бакытка жетүү жөнүндө» деген трактатында ачык көрсөтөт. Анда башка эмгектериндегидей эле билим алуу бакытка жетүү деп түшүндүрүлөт. Ал эми бакытка жетүү, бактылуу болуу – бул адам жашоосунун максаты, ал адам тарабынан курчап турган дүйнөнү жана этикалык нормаларды таануу аркылуу ишке ашат. Ал эми абстрактуу ой жүгүртүүдө акыл зор роль ойнойт.

1975-жылы Аль Фарабинин 1100 жылдык юбилейи өткөрүлгөн. Буга карата Москва, Алматы жана Багдадда үч эл аралык конференция болот. Аларда ар түрдүү элдердин илимий жана маданий байланыштары ачык көрүнгөн. Ошондой эле Аль Фарабинин мурастарынын толугу менен кайра жаңырышына шарт түзгөн. Анын кол жазмалары көп мамлекеттерде сакталып турат.

Аль Фарабинин юбилейине карата анын эмгектери жарык көрө баштаган. Анын: «Философиялык трактат», «Социалдык-этикалык трактат», «Логикалык трактат», «Математикалык трактат», «Птоломейдин «Альмагестасына» комментарийлер» ж.б. эмгектери жарыкка чыккан. Аль Фарабинин «Китаб аль-Хуруф» «Книга букв» эмгеги кеңири тааныла баштады.

Орто кылымдагы рационалист философ Аль Фараби 80 жаш курагында дүйнөдөн кайткан. Анын сөөгү Дамаска коюлган. Анын сөөгүн коердо мамлекет башчысы 4 папирустан турган куранды өзү окуган деген маалымат бар. Бул анын адамкерчилигин, чыныгы илимге берилгендигин жана ошол учурдагы элдин ага болгон урматтоосу болуп эсептелет.

**Ибн Сина** (980-1037-жж). Европада аны Авиценна деп айтышкан. Орто Азия жана Иранда жашаган чыгыш-араб маданиятынын көрүнүктүү өкүлү. Ал врач, ар түрдүү башкаруучулардын тушунда вазир болуп эмгектенген. Ага 400дөн ашык чыгарманы таандык кылышат. «Канон врачебной науки» негизги эмгеги. Анын беш китебинде медициналык билимдер жана өзүнүн тажрыйбасынын жыйындысы жалпылаган жана системага салынган. Бул эмгеги араб дүйнөсүндөгү жана ага чейинки Европада медицина боюнча методикалык көрсөтмө болуп калган.

Ибн Синанын негизги философиялык эмгеги – «Книга исцеления» («Шыпаа китеби») 18 томдон туруп «Логика», «Риторика», «Поэтика», «Физика», «Метафизиканы» камтыган. Бул чыгармада акыл билими

менен практиканын ортосундагы байланышты түзүүгө аракет кылган. Бул позициясы анын илимдерди классификациясынан көрүнөт.

Ибн Сина илимдердин баарын экиге бөлөт: теориялык жана практикалык. Теориялык илимдер адам ишмердигине көз каранды болбогондорду изилдейт, практикалык илимдер ишмердиктин өзүн изилдейт. Теориялык илимдердин максаты чындыкка жетүү, ал эми экинчиси жыргалчылыкка жетүүгө умтулат. Логика бул классификацияга кирбейт, ал «инструменталдык» илим катары бардык башка илимдерден кабар берет.

Теориялык билимдерге физика, математика, метафизика кирет. Бул илимдердин ичинде алгачкы (таза) жана экинчилик (колдонмо) илимдер бар. «Таза» физика – материя, форма, кыймыл, минералдар, жаныбарлар, өсүмдүктөр, жаныбар жана адамдардын жаны жөнүндөгү маселелерди камтыйт.  Прикладдык физикага медицина, астрология, физиогномика,  түш жору, талисман жөнүндөгү илим, сыйкырчылык жөнүндө жана  окуу, ошондой эле алхимия да кирет.

«Таза» математика – арифметика, геометрия, астрономия жана музыка теориясын камтыйт. Прикладдык илимге  индустук ондук саноо, алгебра, аянттарды аныктоо, механика, оптика,  гидравлика, астрономиялык жана географиялык карталарды түзүү, музыкалык аспаптарды даярдоо искусствосу кирет.

«Таза» метафизика илимдин алгачкы башатын турмуштук-зарылдыктын жашоосун, анын биримдигин жана атрибуттарын, алгачкы жана экинчи «рухий субстанцияны» далилдөөнү, тело субстанциянын «рухий субстанцияга» баш ийүүсүнүн ыкмаларын карайт. Практикалык метафизикага  саясат, үй чарбачылыгы, этика кирет. Саясат – элди  башкаруу жөнүндөгү, үй-чарбачылыгы, үй башкаруу жөнүндөгү илим, этика – өзүң жөнүндөгү илим болуп саналат.

Аристотелизм окуусуна негизделип Ибн Сина физикада жаңы идеяларды билдирет. Анын оюу боюнча физикада физикалык телолордун келип чыгуусуна материя, форма жана бытие-эмес катышат. Бытие-эмес предметтин келип чыгышынын мүмкүндүгү катары түшүндүрүлөт. Метафизикада Ибн Сина  жандыкты маңыздан айырмалайт. Жандык конкреттүү, ал эми маңыз абстарктуу. Ошондуктан адамдар – жандык, адамзат – маңыз. Андан ары мүмкүндүктү  жана зарылдыкты айырмалоо зарыл. Мүмкүн реалдуу жашайт, же жашабайт. Зарыл болгон бытие – Аллах; ал башбашталма, таза акыл жана  абсолюттук чындык. Андан бардык нерсе жаралган.

Ибн Сина кудай тарабынан жаратылгандардын картинасын берет. «Алгачкы акыл эстүү субстанцияны» жаратат. Андан башка акыл эс субстанциясы жана асман телолору келип чыгат. Акыл эс субстанциясынан өсүмдүк, жаныбар жана акыл-эстин жаны келип чыгат. Акыл эс Жаны – акыл эстүү субстанциянын бытиесинин ыраттуулугу аяктайт.

Ибн Сина кудай дүйнөнү жараткандыгын айтуу менен матриянын түбөлүктүүлүгү жөнүндөгү концепцияны өнүктүрөт. Кудай дүйнөнүн себепкери. Кудай жана дүйнө бири бирине себеп жана натыйжа катары мамиледе болот. Себеп жана натыйжа бири бирисиз жашабайт. Ошондуктан кудай дүйнөсүз, дүйнө кудайсыз мүмкүн эмес. Эгер кудай түбөлүк болсо, дүйнө да түбөлүктүү.

Ибн Сина жан жөнүндө да айткан. Ал Аристотель сыяктуу өсүп өнүүчү, жаныбардагы жана адамдагы (акыл эстүү) жанды айырмалайт. Адам жанына башка жандар баш ийет. Ибн Сина боюнча акыл жаны өлбөс, түбөлүктүү. Акыл – субстанция, ал өз бытиесинде телого көз каранды эмес. Тело өлгөндөн кийин жан өз алдынча жашайт. Жандын башкага өтүшү жөнүндөгү идеяга Ибн Сина каршы болгон. Адам жанында теориялык жана практикалык акыл бар. Теориялык акыл билимди иштеп чыгат, практикалык акыл нравалык принциптерди иштеп чыгат.

XI-кылымдын аягында Чыгыш Европалыктардын басып кирүүлөрү («крестүүлөрдүн жортуулу») башталат да Араб Халифаты кулай баштайт. 1055-жылы түрк-сельджуктар Багдад, Сирия, Палестинаны басып алынат. Чыгышта болсо дыйкандар көтөрүлүшү башталат. Чыгыш араб мамлекеттеринде диндик-догматикалык реакция жүрөт. Анын ири идеологу болуп **Аль Газали** (1059-1111-жж) эсептелет.

Аль Газали скептицизмди жактап, адам акылынын алсыздыгын тааныйт. Математика, физика, медицина, логиканын практикалык пайдалуулугун көргөн. Булар белгилүү бир чекте динге зыян алып келбейт. Аль Газали кудай таануучуларды караванды коштогон дөбөттөр менен салыштырган. Караван (кербенчилерди) көздөгөн жерине жеткенде ал дөбөттөрдү керектөө болбой калат. Мындай көздөгөн жер – абсолюттук ишеним.

Аль Газали «Философторду четке кагуу» деген чыгармасында ошол мезгилдеги философиялык системаларды, айрыкча Ибн Синанын окуусун четке каккан. Ал себептик закон ченемдүүлүктү, дүйнөнүн түбөлүктүүлүгү жөнүндөгү окууну, жандын индивидуалдуу өлбөстүгү жөнүндөгү окууну четке кагат.

XII-кылымдын орто ченинде диндик реакция күчтөнөт жана илимий-философиялык ойлор алсырай баштайт. Ал эми арабдык Испанияда болсо араб маданияты гүлдөп өнүгө баштайт.

Араб-испан философиясынын башатында врач, математик, астроном **Ибн Баджа** (болжол менен 1070-1138-жж) турган. Ал өкмөттүк кызматтарды ээлеп турган, өмүрүнүн аягында ерестик көз карашы үчүн түрмөгө камалып, ууланып өлгөн. Мындай тагдырга туш болушуна төмөнкү анын көз карашы түрткү берген: «Дүйнө сырткы кийлигишүүгө муктаж болбогон жөнөкөй гана жандуу жандык болуп эсептелет».

Ал «Обочолонгондун жашоо образы» деген китебинде жандыктын инстинктивдүү жана сезимдик элементтеринен бошонгон акыл менен таанылып жогорку баскычка жандын акырындык менен көтөрүлүү картинасын сүрөттөйт. Мындай рухий жогорулоо мистикалык агаруу жолу менен болбостон интеллектуалдык калыптануу аркылуу жүрөт. Бул китепте идеалдык мамлекет жөнүндө да учкай ой айтылат. Бул мамлекетте врач, сот жок. Анда медицина ашыктык кылат, анткени адамдар туура тамактанышат; соттун кереги жок, анткени граждандар өз мамилелеринде сүйүүнү жетекчиликке алышат, алардын ортосунда каршылык, карама каршылыктар болбойт.

**Ибн-Туфайл** (1110-1185) – врач, математик, акын болгон, анын замандаштары «митайым окутуучу» деп аташкан. Бизге жеткен чыгармасы «Яззандын уулу Хай жөнүндө» деп аталат. Бул психологиялык чыгармада аралда жалгыз бөлүнүп калган «табигый адамдын» өнүгүүсү сүрөттөлөт. Адам жашабаган аралга түшүп калган баланы элик баккан. Ал асман, деңиз ар түрдүү предметтерди көргөн, көп жыл жалгыздыкта жашаган. Анын алгачкы билимдери сезимдик буюмдар менен чектелген, акырындык менен буюмдардын жалпы башталышын таанууга өсүп чыгат. Мындай башталыш болуп кудай эсептелет, ал дүйнөнү сактайт жана аны кыймылга келтирет.

Бул чыгармада Ибн Туфайль жандуу организмдердин жансыз материядан келип чыккандыгын, адамдын жана анын таанып билүү жөндөмдүүлүгүнүн эвалюциясы жөнүндө, динсиз эле чындыкка жетүүнүн мүмкүндүгү жөнүндө айткан.

**Ибн Рушд** (1126-1198-жж.) араб философиясын жыйынтыктап, схоластикага күчтүү таасирин тийгизген философ болуп саналат. Европада ал Аверроэс деген ат менен белгилүү болгон.

Ибн Рушд Андалузия жана Мароккодо жашаган, сот, врач болуп эмгектенген. Өмүрүнүн аягында еретик катары куугунтукталган. Ал

философия, табигый илимдер, медицина, юриспруденция, филология боюнча чыгармаларды жазган. Ал Аристотелдин белгилүү чыгармаларынын баарына комментария жазган. Анын замандаштары мындай деп айтышкан: «Аристотель жаратылышты түшүндүргөн, ал эми Аверроэс Аристотелди түшүндүргөн». Ал комментатор эле болбостон, оригиналдуу окумуштуу жана философ болгон.

«Төгүндөөнү төгүндөө» («Опровержение опровержение») деген чыгармасында Аль Газалиге каршы чыгып мындай дейт: «бул ой жүгүртүүнүнүн максаты – диний көз караш менен кароо». Мында дин философияга тыюу салбастан, тескерисинче аны менен алектенүүгө чакырат.

Ибн Рушд боюнча дин – чындык, далилдөөгө (философияга) таянган изилдөө дин бекемдеген каршылыкка алып келбейт. Бирок диндин кандайдыр бир ойлому далилдөөчү билимге (философия) каршы турса, анда «ыйык» тексти анализдөөнүн аллегориялык зарылдыгы келип чыгат. Жыйынтыктаганда Ибн Рушд философиянын теологияга көз каранды эместиги жөнүндөгү жыйынтыкка келет. Философия гана чындыкка жетет. Чындык бирөө гана, ал акыл эстүү.

Ошол эле учурда Ибн Рушд диндин өзүнө каршы болгон. Ал кудайга ишенүү нравалуулуктун негизинде жатат, элдер диний көз караштa кала бериши керек, элге философиянын кереги жок. Философ өзүнүн көз карашын өзүндө гана кармашы зарыл. Практикалык проблемаларда, мораль жана укук жаатында философ динге тутунуп аракеттениши керек.

Онтологиялык окуусунда Ибн Рушд маңыз жана жашоону айырмалайт, анын оюу боюнча маңыз жашоону улайт. Жеке субстанцияда маңыз жана жашоо бири-бири улайт, жеке субстанцияда маңыз жана жашоо биримдикте болот.

Дүйнө жаратылганбы же ал түбөлүктүүлүкпү, материя жаратылганбы же жаратылган эмеспи? деген суроодо ал экинчи көз караштa болгон. Анын оюу боюнча асман, жер «жок нерседен келип чыккан эмес, ал аны улаган кандайдыр бир бытиеден келип чыккан».

Ибн Рушд боюнча материя – обьективдүү түбөлүк башталыш, форма түзүлбөйт, ал жаратылбаган материяга таандык. Материяга форма сырттан келет.

Ал Аристотелдик жан жөнүндөгү идеяны өнүктүрөт. Ошондой эле жеке өлбөстүктү таанproblems. Жеке жан тело менен тыгыз байланышкан. Бир гана акыл түбөлүктүү.

Ибн Рушд боюнча жалпы себептик байланыш, дүйнөдөгү гармония – адам акылы тарабынан дүйнөнү таанып билүүнүн обьективдүү булагы. Тааным процесси – туюмдар аркылуу берилген жана акыл менен таанылган жогорулоо болуп саналат. Илимий тааным гана максатка жеткирет. Мында туруктуу, чарчабаган акыл эмгеги талап кылынат.

Этикалык көз карашында жакшылык менен жамандыктын салыштырмалуулугун айтат. Алар өзүнчө туруу менен бири бирин коштоп жүрөт. Мисалы, от пайдалуу жана ал жаныбарларды жана өсүмдүктөрдү жок кылат.

Ибн Рушд эрктин эркиндиги проблемасын карап чыгат. Мусулман теологдору эки доктринаны сунуш кылышат. Биричиси адам эркинин абсолюттук эркин эместигин айтат, бул кудай тарабынан алдын ала аныкталгандыгына байланыштырат. Экинчиси адам эрки толук автономиялуу дейт. Ибн Рушд адам эркинин абсолюттук эркиндиги да, адам аракеттеринин абсолюттук алдын ала аныкталгандыгын да четке кагат. Эгерде бардыгы алдын ала аныкталган болсо, анда адамдар жансыз предметтерден эч бир айырмасы жок болмок. Экинчи жагынан биз дүйнөдө каалаганыбызды жасай албайбыз, анткени биздин аракеттерибиз сырткы себептик байланыштарга баш ийет. Мындан сырткары биздин каалообуз тигил же бул иш аракетти жасоодо себептик байланыш мүнөзүндө болот.

Ибн Рушд адамдын иш аракетинин алдын ала аныкталгандыгы жөнүндөгү ашариттик окууга каршы чыгат. Кээ бир адамдар жакшылыкка умтулат, кээ бирлери тескерисинче. Бул көптөгөн себептерге байланыштуу: темперамент, эрк, адамдын ой жүгүртүүсү жана башка. Жыргалчылык жана бакытка жетүүгө болот, эгерде рационалдуу жан жандыктардын потенциалык аракетин контролдосо. Бакытка идеалдуу коомдо гана жетүүгө болот. «Адамдар жакшылыкка жетүү үчүн бири бири менен муктаждыкта болот, ошондуктан адам өзүнүн жаратылышы боюнча граждандык жандык». Граждандар кандайдыр бир багытка карай адистешкенде гана мамлекеттик гармониянын өнүгүүсү болот. Ибн Рушд адамдардын кесипке адистешүүсүн жогору баалаган. Эгерде адам жашынан өзүнө кесипти тандап алып, аны менен көп убакыт бою алектенсе ал жогорку чеберчиликке жетишет.

Платонду улап Ибн Рушд идеалдык мамлекетте үч сословия болот дейт: материалдык байлыктарды өндүрүүчүлөр, душмандардан

коргоочулар жана закон чыгаруу, мамлекетти башкаруу, окутуу жана тарбиялоону ишке ашырган акылмандар.

Ибн Рушд «үч алдамчылар жөнүндөгү» окуунун негиздөөчүсү. Моисей, Христос, Мухаммед – үч элди алдоочулар. Эң эле жаманы – Мухаммед.

Ошентип, Ибн Рушд араб философиясынын акыркы ири өкүлү XIII-кылымдагы философиялык проблемалар менен алектенүү токтотулат. Ибн Рушддун чыгармалары еврей жана христиан философтору тарабынан анализге алынып четке кагылат, ал эми мусулман дүйнөсүндө диндик фанатиктердин үстөмдүгү жүрөт. Философиялык чыгармалардын кол жазмалары жок кылынат, жоготулат.

## Кайталоо үчүн суроолор

1. Орто кылымдардагы философиянын өзгөчөлүгү эмнеде?
2. Батыш Европадагы алгачкы схоластиканын пайда болушу эмне менен байланыштуу?
3. «Ареопагитиктер» деген эмне?
4. Схоластика менен мистиканын күрөшү жөнүндө эмне билесиң?
5. Номинализм менен реализмдин ортосундагы күрөш эмне жөнүндө болгон?
6. Ф.Аквинскийдин философиясынын маңызы эмнеде?
7. Орто кылымдардагы философиянын өнүгүшү жөнүндө эмнени айта аласың?
8. Павликианчылар деген кимдер?
9. Орто кылымдардагы араб-ислам философиясынын өзгөчөлүгү эмнеде?
10. «Чыгыш Ренессансы» деген эмне?
11. Аль Фарабинин илим классификациясына анализ жаса.
12. Аверроизм дегенди кантип түшүнөсүң?

## Өз алдынча иштердин темалары

1. Христиан дининин ийгиликтүү жайылышынын себептери.
2. Апологетиктер жана алардын Байыркы грек философиясына болгон мамилеси.
3. Патристикадагы акыл жана ишенимдин карым катнашы.

4. Патристикадагы теоцентризм жана креационизм концепцияларынын маңызы.

5. Номинализм менен реализмдин универсалийлер проблемасын анализдөөсү.

6. Схоластиканын негизги идеялары.

7.Ф.Аквинский схоластиканын негиздөөчүсү катарында.

8. Аль Фарабинин философиялык көз караштары.

9. Ибн Сина жана анын философиядагы салымы.

10. Ибн Рушддун философия жана теология проблемаларын чечиши.

11. Мистика менен схоластиканын мамилеси.

## Сунуш кылынган адабияттардын тизмеси


1. Боргош Ю. Фома Аквинский. – М.: Мысль, 1966.

2. Введение в философию: Учебник для вузов. В 2-х частях. / Под ред. Фролова. – Ч. 1-2. – М.: Политиздат, 1989.

3. История философии в кратком изложении. – М.: Мысль, 1994. – 590 с.

4. Касымжанов А.Х., Мажиденова Д. Очарование знания. – Ф.: Кыргызстан, 1990. – 154 с.

5. Обүественно-философская мысль народов Средней Азии. – Б.: Илим, 1991. – 282 с.

6. Сагадеев А.В. Ибн-Рушд (Аверроэс). – М.: Мысль, 1973.

7. Сагадеев А.В. Ибн-Сина (Авиценна). – М.: Мысль, 1980.

8. Соколов В.В. Средневековая философия. – М.: Высшая школа, 1979.

# Кайра жаралуу доорунун философиясы

1. **Кайра жаралуу доорундагы философиянын антропоцентристтик мүнөзү**
2. **Гуманизм идеяларынын жаралышы жана өнүгүшү**
3. **Натурфилософия**
4. **Реформация**

Кайра жаралуу доору – капиталисттик мамилелердин пайда болушу, улуттук мамлекеттердин жана абсолюттук монархиянын түзүлүшү, терең социалдык келишпестиктердин: Германиядагы дыйкандардын көтөрүлүшүнүн, Франциядагы диний көтөрүлүштүн, Нидерландыдагы буржуазиялык революциянын түзүлүү убагы.

Бул доор коомдун жана маданияттын бардык тармагында маанилүү жетишкендиктер менен мүнөздөлөт. Ренессанс маданияты XV-к. Италияда пайда болуп («треченто») өзүнүн өнүгүүсүнө XV-к. жетишкен («кватроченто»), XVI-к. Ренессанс маданияты жалпы европалык болуп эсептелген. Кайра жаралуу маданиятынын эң көрүнүктүүсү XV-кылымдын аягында XVI-кылымдын башталышындагы Флоренциянын маданияты болгон.

Бул убактагы италиялык шаар-республикалардын турмушу эң активдүүлүгү менен айырмаланган Европанын башка өлкөлөрүнө мүнөздүү болгон феодалдык-айылдык турмуштун атмосферасы айырмаланган. Бул шаарларда соода менен банк иштери өнүгүп өнөр жай мануфактуралары пайда болгон. Кайра жаралуу маданияты табият таануу, улуу географиялык ачылыштар менен тыгыз байланышкан.

Кайра жаралуу доорунун философиясын ачык көрүнгөн антропоцентризм айырмалап турган. Эгерде адам Орто кылымда өзүнчө каралбастан өзүнүн кудайга болгон мамилесинин айланасында каралса, Кайра жаралуу доoруна жер жүзүндөгү образда, башкача айтканда, адамды таануу мүнөздүү. Формалдуу түрдө бул доордун ойчулдары дүйнөнүн борборуна кудайды коюшкан, бирок артыкча көңүлдүү ага эмес, адамга бөлүшкөн. Адам саясатта, искусстводо, техникада ж.б. жекече чыгармачыл ишкер катары каралган.

Феодалдык аскетизмге, чиркөөнүн кадыр-баркына, аркы дүйнөгө ишенүүгө ак сөөктөрдүн кызыкчылыктары менен жер жүзүндөгү активдүү жашоо карама-каршы коюлган. Рухий көздөрдөн

кутулуу – искусство менен маданияттын өзгөчө өнүгүүсүнө, гумандуулук көз караштын түптөлүшүнө алып келди.

Кайра Жаралуу дооору философиясын изилдөөчүлөр негизинен эки мезгилге бөлүшөт: 1. Античтик доордогу философиянын жаңы доордун талабына ылайыктанышы жана реставрацияланышы – XV-кылым (Гуманизм мезгили). 2. Өзгөчө өзүнө таандык болгон философиянын калыптанышы – Натурфилософия – XVI-кылым.

Кайра Жаралуу доору философиясында өзгөчө орун **гуманизмге** таандык.

Гумандуулук концепциясынын мазмунуна кайрыла турган болсок, кайра жаралуу доорунда акыл эмгегинин мааниси өсүп, эркин кесиптердин түрү көбөйдү, ак сөөктүк интеллигенция пайда болду. Гуманисттер эреже катары профессионал философтордон болбостон, алар жаңы социалдык чөйрөнүн өкүлдөрү – саясий ишмерлер, дипломаттар, филологдор, акындар болушту.

Гуманисттер байыркы авторлордун чыгармаларын жаңыдан которуп, жоголуп кетүүдөн сактап калышты. Жаңы котормолор схоластиканын салттарын жактоочуларга каршы келди, мурунку котормолор кадыр-барктарды талкуулоого жатпаган деңгээлге жеткирилгендиктен, жаңыдан пайда болгон маданияттын бардык байлыгына багыт алуу менен гуманисттер Аристотелдин салты менен полемикага өтүштү. Айрыкча Лукрецийдин «Нерселердин жаратылышы жөнүндө», Диоген Лаэртскийдин «Философтордун жашоону сүрөттөөсү» аттуу поэмалары табылып, которулган. Гуманизм мезгилиндеги белгилүү инсан **Никколи Никколи** (болжол менен 1365-1437-жж.) гуманисттердин бири, соодагер, байыркы буюмдарды чогултуучу, байыркы авторлордун 800 кол жазма чыгармаларынан турган китепкананы түзгөн.

Гуманисттер чиркөөлүк-схоластикалык рухтун официалдуу түзүлүшүнө терс мамиле жасашты. Мүнөздүү түрдө гуманисттердин университеттерге мамилеси менен чиркөөнүн кызыкчылыктары менен байланышы жок болду. Гуманисттер Орто кылымда калыптанган концепциялардын измек-катарына оппозицияда болушкан. Эгерде Орто кылымда адамдын жаны биринчи орунга коюлуп, денеге болгон барктабас мамиле өкүм сүрсө, гуманисттер дене башбашат экендигин, анын толук реабилитацияланышына умтулушкан.

Рухий – денелүү адам сонун. Эгерде адам жан менен дененин ажырагыс биримдиги болсо, анда анын дене менен күрөшүнүн кереги жок, жаратылыш тарабынан күнөлүү жаратылышты жеңип чыгуунун

кереги жок: тескерисинче адамдын денелик түзүлүшүн өнүктүрүү керек. Адамга мындай мамиле антиаскетикалык болгон. Бекеринен гуманисттер алар аркылуу кайра жаралган байыркы эпикуреизмге кайрылышпайт.

Гуманисттер адам табиятынын жакшылыгын жана бардык адамдардын туулушуна жана кайсы катмарга таандыктыгына карабастан теңдигин айтышкан. Адамда касиеттүү болуу мүмкүнчүлүгү бар. Мүнөздүү түрдө, Орто кылымда жоош, кудайга моюн сунган адам эң жогорку үлгү катары каралган болсо, гуманисттер адамдын активдүүлүгүн жана аракетин маанилүү роль катары белгилешкен. Алардын көз карашы боюнча адамдын инсандык мааниси өзүнүн сиңирген эмгеги аркылуу аныкталат.

Гуманизмдин маанилүү көрүнүшү – антиклерикализм, католик чиркөөсүнүн профессионал кызматкерлерине айрыкча монахтарга көп сандаган чиркөөнүн өкүлдөрүнө сынчыл мамиле. Бруни менен Браччолини «Эки жүздүүлөргө каршы» Валла «Монахтын обети жөнүндө» - деген диалогдорун жазышкан. Чиркөө кызматкерлерин ошондой эле Боккаччо ж.б. сындаган.

Кайра жаралуу доорунда философиялык чыгармалардын формасы өзгөрдү. Көрүнүктүү жанр адамдардын көйгөйлөрүн ар тараптан талкулоого мүмкүндүк бергендиктен диалог болуп эсептелген.

Гуманисттик кыймыл Флоренцияда пайда болгон. XVII-кылымдын башталышында шаар чоң саясий, соода, финансы менен маданияттын борбору болуп калган. Он миңге жакын мектеп окуучулары башталгыч мектептерге барышкан, миңге жакын коммерциялык мектептер менен алты жүздөй – «гимназиялар» чиркөөнүн карамагында болуп турган.

Гуманизмдин көрүнүктүү өкүлү болгон **Данте Алигьери** (1265-1321-жж.) Флоренцияда туулуп, көп жылдар бою ушул шаарда жашаган, анын чыгармаларынан («Божественная комедия», «Пир», «О монархии») гуманисттер өздөрүнүн маанайын жана идеяларынын булагын көрүшкөн. Данте «кудайдын акылмандыгынын көрүнүктүүлөрүнүн ичинен адам – улуу керемет» - деп белгилейт. Ал адамдын эки ролу жөнүндөгү – жаңы идеяны айткан. Адам «түбөлүктүү» өлүмдүү өмүрдүн ырахатына арналган, бирок андан да кем эмес баалуулукту анын жер жүзүндөгү өмүрү ээлейт. Данте «жакшы адамдын» тагдыры мурдатан анын ал же бул катмарда

туулгандыгында аныкталбастан «эрдикке жана билимге» болгон умтулуусунун негизинде калыптанышы керектигин айткан.

Италияда гуманизмге негиз салуучу, акын жана философ **Франческо Петрарка** (1304-13374) болгон. Ал байыркы маданиятты пропагандалап, эски кол жазма менен эстелик маданиятын чогултуп, изилдеген. Петрарканын чыгармалары үчүн индивидуализм, жаратылышка суктануу, сүйүнүү даңктоо мүнөздүү. Бул көрүнүштөр анын сүйгөнү Лаурага арналган ырларында өзгөчө ачык чагылдырылган.

Петрарка теология, кудайды таанып билүү – адамдын иши эмес жеп эсептейт. Ал адамга пайдасыз схоластикалык окумуштуулукту «диалектиктердин бекер айтылган сөзү» катары кабыл албайт. Диалектикада, схоластикалык окумуштуулукта алектенбей адамдын маселелерине кайрылуу керектигин айткан. Жаныбарлардын, канаттуулардын, балыктардын жана жыландардын жаратылышын билүүнүн пайдасы эмне же болбосо адамдын жаратылышы жөнүндөгү кам көрбөө. Биз кимбиз, каяктанбыз жана кайда барабыз. Петрарка биринчи планга моралдык философияны койгон. Анын көз караштары официалдуу философиянын салттарынан жарылууну, ажыроону түшүндүргөн.

Петрарка сөздүн маанилүүлүгүн жана жакшы жагын айткан. «Сөз аркылуу адамдын жүзү сулуу болот». Петраркада XIV-кылымдын экинчи жарымынан тартып латын жана грек маданиятына көбүрөөк көңүл бөлүүгө жана байыркы маданият аракеттеринин үлүгүсү катары кабыл алуу тенденциясы түзүлгөн.

Гуманизмдин түзүлүшүнө **Джованни Боккаччо** (1313-1575-жж.) чоң таасир тийгизген. «Декамерон» деген чыгармасында ал дворяндыкка сөз тийгизип, республиканы жактаган, көптү билген аң-сезимди жана сөздүн жайын табуучулукту, жаңы типтеги шаар тургунунун ашып-ташкан энергиясын жана активдүү жашоосун даңктаган. Боккаччо сатылган, жалган, бузулган рухчулукту айрыкча монархтарды шылдыңдаган.

Гуманисттердин катарына Петрарка менен Боккаччонын жолдошу Флоренциянын канцлери **Калюччо Салютати** (1331-1406-жж.) кирген. Салютати активдүү жашоонун артыкчылыгы байкоонун алдындалыгын далилдейт. «Ишенбе, о Пилигрим, чогулган адамдардан качуу менен аларды түртүүгө, изоляцияда болуу менен алыстап кетүүгө сен ушулар менен касиеттүүлүккө жол табасың». Тескерисинче мен бай болуу үчүн, сен байкоодо болосуң. Өзүңдүн

ырахатыңды ойлоо, а мен тескерисинче дайыма кыймылда болом, «бийик максатка багытталган, менин аракеттерим өзүмө жана үй бүлөмө, эң маанилүүсү менин досторума жана мекениме пайдалуу болсун үчүн, ошондо гана ал адамдын коомуна мисал катары кызмат кылышы мүмкүн». Бул анын гуманистик көз карашынын негизин түзөт.

**Леон Батиста Альберти** (1404-1472-жж.) – архитектор, живописчи, акын, музыкант, турмуштун активдүүлүгү жөнүндөгү теманы улантат. Активдүү деп алар көптөгөн ар түрдүү аракеттердин: көркөм, мамлекеттик, согуштук, соода, кызматты түшүнүшкөн. Альберти тагдырга моюн сунууга каршы чыккан. Биздин тагдырыбыз биз тездик жана аракет менен киргизген чечим катары биз далилдеп жана колдогон нерсе экенин көпчүлүгүбүз арабыздан моюнга албайбы? Жеңилбегенди каалабаган кыйынчылыксыз жеңет. Моюн сунуп көнүп калган гана тагдырдын эзүүсүнө чыдайт. Альберти ошондой эле метафизикалык акылдуулукка каршы чыккан: анын оюу боюнча адамдар тажрыйба аркылуу берилгендерди гана билет.

Көрүнүктүү гуманист **Лоренцо Валла** (1407-1457-жж.) тексттерди илимий сындоого, ыйык китептерди түшүнүү үчүн филологиялык ыкманы колдонууга негиз салуучулардын бири болгон. Валла схоластикалык метафизикага жактырбастык мамиле кылган. Ал эпикуреизмди мактап, ырахаттанууга болгон умтулуу жаратылыштын талабы, ошондуктан салтсыз ырахаттануу жок экендигин айтат. Валла адамдын өмүрү толук болууга тийиш: адамдын сезимдеринин ар тараптуу аракетинде рухий өмүрү денесинин сак-саламатта болушу мүмкүн эместигин негиздейт. Ал бир жолу элүү да эмес, беш жүз да эмес, болгону беш гана сезим адамда бар экендигине кайгырган. Ырахаттануу «дененин жана жандын ырахаты» катары бийик жыргалчылык, жакшылык. «Ырахаттануу жөнүндө» китебинде: «Ар түрдүү курактагы жана ар түрдүү жыныс үчүн ишеничтүү жана такай ырахаттануу, бар болсун!» - деп үндөгөн.

Валла индивидуализмди колдогон: анын түшүнүгүндө жеке өмүрүң башкалардын өмүрүнө караганда – эң бийик жыргалчылык. Ата-эне жөнүндө ойлонуу экинчи орунда, ал эми мекен жөнүндө андан кийинки орунда турат. 1440-жылы Валла «Константиндин Дарствендик сабаттуулугунун жалгандыгы жөнүндө сөз» - деген трактатын жарыялаган. Гуманисттер аркылуу иштелип чыккан тарыхый жана филологиялык ыкма менен булактарды сыноосун кабыл алуу менен ал булактардын калп жана ак сөөктүк бийликке

болгон капалыктын ашкересинин юридикалык негизине кызмат кыларын далилдеген.

Кайра жаралуу доорунда Платондун философиясына кызыгуу жаралган. Козимо Медичи 1459-жылы Платондун академиясынын мекемесин санкциялаган. Тез арада анын башчысы Марсимо Фичино (1433-1499-жж.) болуп калган. Фичино Платондун бардык диалогдорун жана башка байыркы неоплатончулар – Плотиндин, Проклдын, Порфирийдин чыгармаларын латын тилине которгон. Фичино төмөнкү иеарархияны: кудай, периште, жан, сапат (форма), материя, Платонизмдин маанайында сунуш кылган. Нерселердин универсалдуу жандуулук идеясына негиз алуу менен, Фичино нерселерди алардын «жагымдуу касиетин» эске алып колдонууну сунуш кылган. Ал талисмандарды жасаган, магиялык максатта музыканы, медицинаны колдонууга чакырган. Философия менен диндин карым-катнашы жөнүндөгү суроого кайрылууда ал философия – ишенүү, тазалануу докторинасынын кызматчысы деген томизмдин белгилүү концепциясынын жолун жолдоочулардан айырмаланып аларды тең укуктуу эже-сиңди катары караган. Андан сырткары ал «жалпы дин» концепциясын чыгарган, буга ылайык бөлүнгөн ишенүүчүлүк окуусу, кандайдыр бирдиктүү диний чындыктын көрүнүшүн көрсөтөт.

**Пико делла Мирандола** (1463-1499-жж.) адам ай астындагы, асман астындагы, асман дүйнөсү менен катар өзгөчө төртүнчү дүйнөнү түзөрүн далилдеген. Адам – улуу керемет. «Адамдын рухий кереметы асмандын кереметинен өтөт. Жер жүзүндө адамдан улуу эч нерсе жок, адамда анын акылы менен жанынан улуу эч нерсе жок» «Адамдын жетишкендиги жөнүндө сөз» чыгармасы буга мисал боло алат. Кудай адамды космостун борборуна, аны акылмандыктын, дүйнөнүн улуулугунун жана сулуулугунун соту катары коет. Адамдын улуулугу, анын өзүн жарата ала тургандыгында.

Мирандола магиянын оригиналдуу концепциясын өнүктүрөт. Ал эски «сыйкырдуулук» маанисине жаратылыштын сырына жетүү менен байланышкан «табигый магия» идеясын карама-каршы койгон. Анын түшүнүгүндө еврейлердин каббаласынын мотивдеринен магиялар угулат.

Италияда **Пьетро Помпонацци** (1462-1525-жж.) аркылуу гуманисттик салт улантылган. «Жандын өлбөстүгү тууралуу» эмгегинде ал мурунку эркин ойлоочулар түзгөн «үч улуу жалганчылар» концепция жөнүндө эскерет. Себеби иудаизм, христиан

жана ислам диндерин негиздөөчү үч башкы пайгамбарлардын (Моисей, Христос жана Мухаммед) аз дегенде экөө адашкан, анын натыйжасында адамдардын көп бөлүгү алданган. Бирок үч пайгамбар тең адашпагандыктан бардык адамзаттын алданышы мүмкүн эмес.

Помпонацци жандын өлүшү жөнүндөгү идеяга токтолот. Жан денесиз болбойт. Андан башка жанды өлбөс деп болжолдогондорго караганда, жанды өлөт деп эсептегендерди кишичилик жакшыраак коргойт. Жан үмүт жана жаза коркунучу кишичиликтин негиздеринин өзүнө каршы келген кулдук кайталангыс нерсени алып келет. Диний чындыкка Помпонацци сезимдерде жана аң-сезимде негизделген философиялык чындыкты карама-каршы койгон. Айтылганга кошумчалоочу нерсе Помпонацци ырым-жырымга каршы чыгып каалаган «керемет», каалаган сыйкырдык болбосун, кыйындыгына карабастан, жаратылыштын көрүнүштөрүнө таянуу менен түшүндүрүлүшү мүмкүн деп эсептеген. Тарктатта айтылган идеялар томист-доминиканчылар тарабынан айыпталып, чыгарма Венецияда өрттөлгөн.

Кайра жаралуу дооруна жаңы социалдык-саясаттык көз караштар калыптанат. Ошол мезгилдин көрүнүктүү ойчулдардын бири **Никколо Макиавелли** (1469-1527-жж.) болгон. Ал ээлеген жерлеринен түшкөн пайдага чиренип бекерчилик турмуш кечкен феодалдык-дворяндык жашоого каршы мамиле кылган. Элди толугу менен жактырган, аларга орто бай жана активдүү шаар калкы кирген; ал төмөнкү катмарларга, бир жагынан рухчулдарга дворянство менен бирге терс мамиле жасаган.

Н.Макиавелли католиктик дин өзүнүн жашоосун жашап бүттү деп эсептеген. Ал баштапкы христианство үндөгөн идеалдарды жактабаган. Макиавеллини чыныгы жашоодон иренжиген, моюн сунган жоош адамдарды идеалдуу адам катары диний элестетүүлөр канаттандырбады. Ал активдүү элдерди айрыкча полководец менен мамлекетти башкаруучуларды колдогон. Макиавелли тагдыр, фортуна жана адамдын активдүү аракети жөнүндө көп ой жүгүрткөн.

Н.Макиавеллинин оюу боюнча адам обңективдүү жагдайларды үйрөнүүгө милдеттүү жана аларга өзүнүн эркин, энергиясын, күчүн каршы коюусу зарыл. Адамзат аракети социалдык муктаждыгындай фортуна жөндөмдөлүүсү мүмкүн. Саясий ишмер үчүн өзгөчө мүмкүнчүлүктүн чегин түшүнүшү маанилүү. «Убакыттын касиеттери менен өзүнүн кыймыл образын ойлонуп жеткен, бактылуу». Бирок

бир жагынан чечкиндүүлүк жана эр жүрөктүктү, жагдайды өзүнө кызмат кылдыруу билгичтиги да керек.

**Мамлекеттин жаңы концепциясы**. Макиавелли ошол мезгилде өкүм сүргөн мамлекеттик теократиялык концепциясына карама-каршы келген мамлекеттик жаңы концепциясын иштеп чыккан. Ал адамдын кыймылынын эң кубаттуу стимулу – бул кызыгуу экенин айткан. Анын көрүнүштөрү көп образдуу, бирок ал баарынан көбүрөөк адамдардын өзүнүн байлыгын, өзүнүн менчигин сактоону каалоосунда көрүнөт. Ушуга байланыштуу Макиавелли башкаруучуларга: «Жек көрүүчүлүктөн качуу үчүн башчы граждандардын кол алдында иштегендердин байлыгына жана алардын аялдарына тийишүүдөн өзүн кармоосу керек. Мамлекет башчысы кимдир бирөөнүн өмүрүн кыйынуу туура көрсө, анда маңдайында туура келүүчү негиз менен көрүнүктүү себеп болсо, анда ал аны кылат, бирок бирөөнүн байлыгына тийүүдөн алыс болушу зарыл, ошондо байлыгын жоготууга караганда, атасынын өлүмүн кечиришет. Башка кызыкчылыктар «даңк жана сый, урмат, кадыр»» жөнүндө кам көрүү жеке кызыкчылыктардын натыйжасында улантылат. Менчикти сактоо жаңы менчикти табууга умтулуу аркылуу баарынан жакшы камсыздалат. Бирок мында ар түрдүү адамдардын кызыкчылыктарынын жолугушу жүрөт, ушинтип адамдын өзүмчүлдүгүнө чек коюу керек. Мамлекет Кудайдын эрки менен эмес, адамдардын өзүн бири-биринен коргонуу керектигинен пайда болгон.

Макиавелли бийлик ортоңку камтардагы кызматчы жана соодагердин сословиесине таандык болуш керек болгон кубаттуу борборлоштурулган улуттук мамлекеттин апологети.

Макиавелли саясатчыларга чыныгы жыйынтыкка жетишүү үчүн иш жүзүндөгү насыяттарды берет. Макиавеллинин оюу боюнча бардык цивилизацияланган адамдар принципсиз, өзүмчүлдөр болуп эсептелет. «Адамдар жакшылыкка караганда жамандыкка жакын». Алар туруксуз, жакшылыкты, билбеген, коркок, жалганчы, эки жүздүү, башка бирөөнү жек көрүүчүлүккө толгон. Чектелген мүмкүнчүлүктөрү менен алар түгөнбөгөн каалоолорго ээ. Адамдар учурдагыга алымсынбай, мурунку мезгилди макташат. Алар тууроону жакташат, анда да жакшы жактарына караганда кемчиликтери оңой алынат.

Чыныгы саясий чындык диндик тилекке орун калтырбайт. Чындыкты милдеттүүлүктөн туура айырмалоо, жашоодо эмне жакшы, эмне жашагандыгын көрө билүү керек. Адамдардын жашаганы менен

кантип жашашы керектигинин аралыгы ушунчалык чоң болгондуктан милдет үчүн чындыктан баш тарткан, өзүнө зыян алып келет. Жашоонун бардык убагында жакшылыкты көрүүнү каалоо менен жакшылыкты билбегендерге жолугаары менен кутүүсүздөн өлөт. Мындан мамлекет башчысы өзүнүн бийлигин сактоо үчүн жакшылыктан баш тартып жана ушуну керек болгон учурда колдонууну ойлоп табышы керек.

Макиавелли мамлекеттин жыргалчылыгы үчүн болгон зордукту атайт. Анын оюу боюнча акылдуу башкаруучу өзүнө жасаган кыймылдарында каалаган душманды жазалоо үчүн арстандын, эң кыйтыр адамды алдап чыгуу үчүн түлкүнүн сапатын байланыштыруусу керек. «Эгерде башчы кол алдындагыларды айыптуулукта кармап турам деп эсептесе, анда ал ырайымсыздыкта күнөлөө менен эсептешпеши керек. Бир канча жазалоолорду оңдоо менен ал көбүрөөк боорукердикти көрсөтөт, аны ашыкча баш аламандыкка жаратканга Караганда, же болбосо тоноо менен өлтүрүүдөн пайда болгон баш аламандыктан бардык эл жабырланат, ошондо мамлекеттин жазасынан белгилүү гана жактар жабырланат».

Саясат максатка жетүүчү нерселер жөнүндөгү суроону болжолдойт. Ийгиликсиз ыкмага шартталгандардын жардамы менен жыргал саясат максатын көздөө пайдасыз. Макиавелли факт түрүндө, принцип катарында мамлекеттик мораль эрежеси «Максат каражатты актап чыгат» - дегенди кабыл алат. Мисалы, аң сезимдүү башкаруучу айткан сөзүнө тура албайт жана турууга милдеттүү эмес, эгерде ал анын кызыкчылыктарына зыяны тийсе жана сөз берүүгө түрткү берген себептер жок болуп кетсе. Мындай насыят жакшы болмок эмес, эгерде адамдар айткан сөзүнө чындап турса, бирок адамдар айткан сөздөрүнө турушпайт. Ошондуктан сен да аларга өздөрүндөй мамиле кылышың керек. Айткан сөзүнөн баш тартууга ар дайым жакшы шылтоо табылат. Макиавелли саясий ишмер жөнүндө: «Анын жасагандарын күнөөлөшсүн, бирок жыйынтыгын туура деп табышсын, жыйынтык жакшы болсо, анда ал дайыма туура деп табылат» деген.

Макиавелли саясаттын максаты – башкаруучунун жекече кызыкчылыгы эмес, «жалпы жыргалчылык күчтүү жан бирдиктүү улуттук мамлекетти түзүү» – деп белгилейт. Бирок натыйжасында бул үчүн милдетүү көңүл бөлбөй, макиавеллизм жөнүндө принципсиз саясат жана каалаган «жалпы жыргалчылык» максатына жетишүүгө

багытталбаган, жетишүү үчүн каалаган каражатты кетирүү экендигин айтышкан.

Макиавеллинин кеңештери менен көрсөтмөлөрү интерпретацияда туура келүүчү башкаруучуларга абсолюттук жана тоталитардык режимде кабыл алынган.

XV-кылымдын аягында гуманисттик кыймыл жалпы европалык мааниге өсүп чыккан. Гуманизм идеясын жайылтуу китеп басуучулукту, транспорт менен байланышта техникалык жаңылыктарды колдонууга мүмкүндүк берген.

Эреже катары гуманисттер өкүм сүргөн диний көрүнүштөр жана аларды схоластика менен камсыз кылгандар менен конфликтте болушкан.

**Эразм Роттердамский** (1469-1536) – Дезидерий XVI-кылымда гуманизмдин бүткүл Европага таанымал лидери болгон. Анын чыныгы аты – Рерхард Рерхардс) Эразм грек тилинен латын тилине котормолорду, ошолордун катарында жаңы осуят котормосун жасады. Бул котормо эски Вульгата деп аталган көп каталары бар эски котормонун ордун ээледи. Котормо кеңейтилген түшүндүрмөлөр менен коштолгон.

Өзүнүн окуусун Эразм көбүнчө «Христостун философиясы» - деп атаган. Ушул «Христостун философиясында» католик чиркөөсү тарабынан унутулган алгачкы христиандыктын идеалдарынын жана идеяларынын жаралышына чакырган. Нормалдуу «адам Ыйык жазууда белгиленген идеяга чейин өзүн көтөрүшү зарыл». Бул үчүн Ыйык жазууну үзүндү түрүндө эмес толугу менен көбүнчө түшүнүктүү болбогон латын тилинде эмес, өзүнүн тилинде окуп чыгуусу зарыл.

Эразм: «Адашканды багыттап, билбегенге үйрөтүп, жыгылганды тургузуп, кайгылууну жоошутуп, улгайганга жардам берип, муктаж болгонду камсыздап көнгүлө; бардык байлыгыңарды, бардык аракетиңерди, бардык камкордугуңарды христостогудан да пайдалуу болууга жумшагыла, биз да ага окшоп өзү үчүн эмес, биз үчүн төрөлүп, жашап жана өлгөн так ушул сыяктуу өзүбүз жөнүндө эмес, бизде да ага-инилерибиздин пайдасы жөнүндө камкордук болсун. Эгерде булардын баары болсо, анда мындан өткөн бактылуу жана жеңил жашоо болмок эмес, азыр биз көрүп тургандай тескерисинче ал кайгылуу, кыйын жана иудалык ырым-жырымга ишенүүгө толгон».

Эразмдын «Акылсыздыкты мактоо» - деген китеби чоң резонанска ээ болгон. Бул китебинде ал кайталангыс ыкманы

колдонгон: автор ачуу чындыкты өзү айтпастан, өзүнүн ордуна Стультицияны (Глупость) өзүн-өзү мактоо үчүн кафедрага жөнөтөт. Жазуу жана белгилердин жардамы менен инквизициянын жана цензуранын катаал мезгилинде сын ой-жүгүртүү менен ойду эркин айтуу эффективдүү ыкма.

Мында ал Акылсыздык окумуштуулук мантиясында, бирок башында акылсыздын баш кийими менен кафедрага чыгып өзүнүн даңкына академиялык мактоо сөзүн айтат. Анын натыйжасында Акылсыздык макталат. Анын кызматчыларына дүйнөлүк окуялардын улантылышы жүрөт. Менсиз эч кайсы коом, эч кайсы тиричилик байланыштары жагымдуу жана чыдамдуу болмок эмес, эл өзүнүн башчысын көпкө чейин көтөрө алмак эмес, кул элөөчу – кулун, кызматчы аял – ээсин, мугалим – окуучусун, жолдош – жолдошун, жубайы – жолдошун, үй ээси – мейманын, кошуна – кошунасын ж.б.

Бул жашоодо акылсыздык менен чырмалышкан гана адам деп айтылат. Ошондуктан Стультиция өзүн бардык адамдын кылгандарынын башкы кыймылдаткыч күчү катары даңктайт, угуучуларга бардык белгилүү жакшылык кылуучулар аларды ээрчий тургандардын баарынын жашоосун уулайт деп түшүндүргөн.

Акылсыздык ар бир сословиеге өзүнчө акылсыздыкты көрсөтөт. Биринин артынан бири көз алдыбыздан риторлор, укук таануучулар, философтор, дворяндар, жазуучулар, оюнчулар өтөт. «Акылсыздыкты мактоодо» кандай абалды ээлегенине карабастан королдон тартып кызматчыларына, папалардан тартып кардиналдарына чейин акылсыздыкка жолугушат. Андан сырткары «христиандык ишенүүчүлүк көрүнүшүнө караганда акылсыздыктын көрүнүшүнө жакын жана акылдуулук менен бириктирилбейт». «Мындай акылсыздар Кудайга керек».

Эразмдын сарказмы ал качан кудай сөзүн аны туурап аларды «чиркейдин сазы» жана «уулу өсүмдүк» менен салыштырганда өзүнүн күчүнө кирет, Эразм схоластикалык окумуштуулукка каршы чыгат.

«Акылсыздыкты мактоонун» тамашалуу маскасынын артында немец Реформациясына жол ачкан, өз мезгилинде коркунучтуу китептердин бири жашырылган. Эразм бул китебинде байкалышына караганда чиркөөлүк күнөөлөрдүн тизмесин келтирет. Эгерде жогорку ыйыкчылар Христостун наместниктери, өздөрүнүн жашоосунда ага окшоого аракет кылса, кедейчиликте, эмгекте, элдерге анын окуусун алып келсе, Кресте өлүмгө даяр болсо, дүйнөдөгүлөрдүн баарын жек көрүшмөк. Баарынан мурда паптык кирешесинен ажырашмак. Анда

бардык байлыктан, урматтан, бийликтен, кызматтан, чиркөөнүн законунан баш тартуудан, индульгенциялык жыйноонун баарынан, аттардан, молдолордон, денекоргоочулардан, ырахаттан эмне калмак, эгерде паптык такка бир жолу болсо да акылдуулук кирсе. Анын ордуна – посттор, көз жаштар, сыйынуу чогулуштары, окумуштуулук сабактары, өкүнүчтүү үшкүрүктөр, сактык жана миңдеген ушул сыяктуу өкүнүчтүү оордук келмек..

Эразм чиркөөнүн радикалдык реформасынын керек экендигин көрсөтөт. Ал булганган чиркөөлүк бекерчиликти, евангельдик окууга кайтаруу менен боордонтууга ишенет. Адамды ыйыктарга баш ийбеген христианин кылышат, кудай айткан схоластика эмес, анын нравалык, христиандык жашоосу. Эразм сонун, жыргалчылык жана ырахат үчүн жаралган дүйнөнүн сүрөтүн тартат.

Эразм жана реформациянын лидери Лютердин ортосунда эрктин эркиндүүлүгү жөнүндөгү суроо боюнча айыгышкан полемика жүргөн. Лютер адамдык инициативанын жоктугуна жеткиргенде кудайдык мурда аныктоочулукта. Эразм эрктин эркиндүүлүгү жөнүндөгү принципти коргогон.

«Эрктин эрктүүлүгү жөнүндө» трактатында Кудайдын көрүп турганы адамдын эркинин эркиндигинин, тандоо эркиндигин жок кыла албайт, ансыз жазууда жазылган кудайдын чакырыктары маанисин жоготот, күнөө, жаза, жакшылык да маанисин жоготот. Адамдын өмүрүнүн башталышы жана аягы кудайдын колунда, бирок анын агымы адамдын эркин-эрктүүлүк аракеттерисиз мүмкүн эмес.

Ар кандай адамдык мораль белгилүү минимумсуз эрктин эркин болушу мүмкүн эмес. Адам баарын жасоочу Акылсыздык канчалык буттан жыгытканына карабастан, акыл-эсинин күчү менен өзүнүн эркин үзгүлтүксүз багынтууга милдеттүү. «Чектен чыккан эч нерсе жок» - бул тезис Эразмдын этикасынын негизинде салынган.

Эразмдын жакын досу, лондондук колунда бар үй бүлөдөн чыккан **Томас Мор** (1478-1535-жж.) доордун каршылыгын мүнөздөөгө аракет кылып жана идеалдуу коомдук түзүлүштү сунуш кылган.

1516-жылы «Пайдалуу, орундуу, чындыгында мамлекеттин эң жакшы түзүлүшү жаңы утопия аралы жөнүндөгү алтын китеби» пайда болгон. Китептин биринчи бөлүгү учурдагы Англиянын Моруна болгон сынчыл сүрөттөсүн элестеткен. Ага Англиядагы «чек аралоо» мезгилинде койлор «элдерди жеди» деген белгилүү фраза тийиштүү. Ал учурдагы мамлекет жөнүндө байлардын «сүйлөшүп алуулары»

катары айтат. Адамдар «эң керектүү эмгек менен иштеген, ансыз бир да коом бир жыл да жашай албайт» ушундай шарттарда жашашат, аларга караганда малдын жашаган жери жакшыраак. Бир жагынан жалкоолордун өмүрү «жыргалчылыкта өтүп жатат». Куу жана урматы жок адамдардын колуна бардык жыргалчылык бар, эмгекти сүйгөн жана жөнөкөй массанын тиешесине бүтпөгөн муктаждык калат. Жамандыктын түбү эмнеде?

Бардык элдердин балекеттерин Мор жеке менчиктин болушунда деп эсептейт. Туура коом жалпы менчикке негизделиш керек. Мындай коомдун керектигин ыйык жазуунун маалыматтарынан негиздеген. Китептин экинчи бөлүгүндө Утопия аралында болгон жашоо жөнүндө айтылат. Бул жерде жеке менчик жок. Жеке менчиктин жоктугу бул жерде акчанын жоктугу менен белгиленет. Акчанын кызматын аткарган алтын жана күмүштү утопиялыктар кооздук үчүн да колдонушпайт. Нак ушул металлдардан түнкү идиш-аяктар тазалык үчүн эмес, ошондой эле кандайдыр кылмыш менен өзүн уят кылган, мунун жыйынтыгында кул болгондор үчүн жынжырлар жасалган.

Идеалдуу мамлекет байлыктын жалпылуулугуна, бардык граждандардын иштеп чыгаруучу эмгекте милдеттүү түрдө катышууга, паразиттик катмарлардын болушун жок кылууга, коомдун байлыгын тең бөлүштүрүүгө негизделет.

Мор акыл эмгегин гана эмес, күч эмгегин да баалайт. Ал күч эмгеги менен иштеген элдер жөнүндө кам көрбөгөн башкаруучуларды колдобойт. Утопияда эмгек баары үчүн милдетүү. Гражданиндердин негизги жумушу – тигил же бул кызмат. Бирок, мындан сырткары жараандар мезгили менен айыл-чарбасында да иштөөгө милдеттүү. Тургундар тандаган начальник да калгандардын баарына мисал катары иштешкен.

Мордун идеалдуу коомунда кулчулук институту да бар: бул «жагымсыз» иштердин маселесин чечүү үчүн адамгерчиликтүү, гумандуу ыкма.

Утопияда жеке жана жалпылыктын ортосунда каршылык жок. Жалпы жана эркин эмгек Утопиянын тургундарын, алардын муктаждыгын канаттандыруу үчүн жетиштүү өлчөмдөгү продукты менен кийим-кече менен камсыздандырат. Бардык өндүрүш жалпы кампага жеткирилет, ал жерден ар бири керегине жараша алышат. Утопиялыктардын арасында «баары баарына тийиштүү», «ал жакта эч кимдин, эч нерсенин жоктугуна карабастан баары байлар» болуп турганда кедей эч ким жок.

Утопиялыктар бирдей үйлөрдө жана аларды ар бири он жылда алмаштырып жашашат. Ошондой эле бирдей кийинишет; аялдардын жана эркектердин, үйлөнгөндөрдүн жана үйлөнбөгөндөрдүн кийимдеринде гана айырмачылыктар бар. Аялдар да, эркектер да күнүнө 6 саат иштешет. Кээ бирлери гана эгерде аларга коюлган үмүттү актаса, анда ал окуугa алынат жана башка иштен бошотулат. Бардык жогорку милдеттүү жактар окумуштуулардын ичинен шайланат. Мамлекеттин башында утопиялыктар шайлаган башчы турат жана өмүрү өткөнчө башкарат.

Идеалдуу коомдун максаты – жарандардын жана коомдун материалдык муктаждыктарын камсыз кылууда гана эмес, адамдарды эркин өнүктүрүү да кирет. Мордо адамдын идеалы антиаскетикалык. Биринчи орунда – адамдын ден соолугу, буга диний аскетизм зыянын тийгизет. Жеп жана ичүү жыргалчылыгы менен алектенбөө керек, алар жай жана ден соолукка зыян тийгизбегендей болушу зарылдыгы белгиленет.

6 сааттык жумуш күнүнөн кийин калган бош убакытты «өзүнүн каалоосу боюнча ар бирине берилет, бирок аны жөн эле жалкоолукка ашыкча коротпой, өзүнүн кызматынан бош убакытта жакшы түрдө аң-сезимденүүгө, башка кандайдыр бир ишке колдонуу зарыл. Бул аралыкты көпчүлүгү илимге арнашат»

Адамдын жашоосунун максаты – бакыт. Бакыт чыныгы жана жакшы ырахатта. Бакыттагы жашоо жана жакшылык жасаган адам башка адамдарга жардам берет; ага жекелик, эгоизм кошулбайт.

Утопиянын тургундары үчүн ишенүүчүлүк мүнөздүү: ар бири өзүнүн түшүнүгүнө жараша кудайды элестетет. «Кудайсыздарды» эч кандай жазага тартышпайт, ишенгендик күчүнө, эч ким сезимдерин башкара албайт. Атеисттерди да күнөөгө тартышпайт, элдин астына өздөрүнүн көз караштары менен чыгууга тыюу салынган.

Гуманисттик идеяларды колдоочулар ошондой эле. Францияда Франсуа Рабле, Испанияда Сервантес, Англияда Шекспир болгон.

Соңку Кайра жаралууда догматизмге каршы багытталган, башкалардан өзгөчө скептицизмдин мотивдери болгон. Эразм айткан: «Адамдын жашоосунда баары түшүнүксүз жана ушунчалык кыйын болгондуктан, бул жерден эч нерсени билүү мүмкүн эместир». Француз гуманисти С.Кастеллион эмнеден күмөн саноого болоруна ишенгенде, адамдар коркунучтуу күнөө жасашат деп айткан. Традиционализмге каршы чыгууда ал жазган билимсиздер гана кандайдыр бир абал канчалык алгачкы болсо, ошончолук чындык

болот деп эсептейт. Баалуу жыйынтыктарга ретрограддар менен эмес, новаторлор менен жетишет.

**Мишель Монтень** (1533-1592-жж.) өзүнүн концепциясында салттуу схоластиканын философиясы үмүтсүз учурдагы жашоонун талабынан артта калгандыгын айтат. Аң-сезимдүү философтук кылуунун алмаштырылган башталыштары – классиканын байыркылыгында, ага «ойдун эркиндиги жана эрктүүлүк» мүнөздүү болгондуктан, анын натыйжасында философиядагыдай эле илимде да адам жөнүндө бир канча мектеп түзүлүп, каалаган адамдар жана алардын арасынан тандаган. Бирок азыркы учурда, адамдар бир жол менен бара жатканда бардык мектептер баары бир тарап үчүн жана бирдей тарбиялап жана окутуу ыкмасында турганда, тыйындын салмагына жана баасына көңүл бурушпайт, курс боюнча токтотулган жалпы кабыл алынган баада алышат.

Монтень Аристотелдин кадыр-баркын макул таппайт, же «Аристотель – бул схоластикалык илимдин кудайы». Алмаштырылган философия эркин жана мурда алынбаган дүйнөгө көз карашты талап кылат. Монтень кадыр-баркка болгон сүргүндүн бай эместигин белгилейт. Скептицизмдин негизинде Монтенде баарын текшерүүгө умтулуу; аң-сезимди өз алдынча баалоого түрткү берүү. Шектүүлүккө каалаган жалпы кабыл алынган билим жолугат; жалпы кабыл алынгандык далил эмес. Монтендин скептицизми таанып билбеген пессимизмди элестетет. Анын негизинде «өзүмү канаатандыруудан жана өзүнө ишенүүчүлүктөн» баш тартуу жатат.

Монтень дайыма бүгүнкү билим деңгээлин жана дүйнө жөнүндө элестетүүсүн акыры катары кабыл алуу коркунучун эскертет. Таанып билүү түгөнгүс. Монтень кадыр-баркка маалыматтардын бай эместигин айтууда тажрыйбага таянуу керектигин белгилейт. «Ар кандай далилдөө тажрыйбадан башка эч кандай негизге ээ эмес.

Монтень акылды өнүктүрүүгө, жекече ишенгендик жана ой жүгүртө билүүгө чакырат. Мага кээ бирөөлөр ишендиргендей алардын башы ар кандай жакшы ойлорго толгон, бирок аны айтууну билишпейт, баарында унчугушпайт; бул үчүн алардын сөз байлыгынын жоктугу күнөөлүү экендигин угууга туура келди. Бирок булар бекер айтылган сөздөр! Менин көз карашым боюнча иштин баары мында турат. Ал адамдардын баштарында кандайдыр формасыз образдар менен ойдун бөлүктөрү жүрөт, алар аны тартипке келтире алышпайт жана өздөрүнө тактай алышпайт, алар өздөрүн түшүнүүнү үйрөнүшө элек».

Монтень өзүнүн этикалык элестетүүлөрүндө жашоо өзүнөн өзү жакшылык эмес, жамандык эмес, биз аны эмнеге айландыргандыгыбызга карап, ал жамандык менен жакшылыктын батыруучусу. Монтень адамды физикалык сапаттары «сырткы келбети» ички дүйнөсү менен бирге өнүккөндөй кылып тарбиялоого чакырат.

Монтендин этикасында эпикуреизмдин таасири байкалат. Ал ырахаттануунун закондуулугун жана табигыйлыгын, же жаратылыш эмне тартууласа, баарын ыраазылык менен кабыл алуусун талап кылат. Бакыт жана канааттануу маңызында адамдын кылгандарынын негизи кыймылдаткычы, бир жагынан адамдын өмүрү кайгысыз мүмкүн эмес, ал жыргалчылыкты коолдоп, аны көбүрөөк баалоого мажбур кылат. Ошондо Монтень жашоонун жыргалчылыгын акыл менен колдонуу жөнүндө айтат. Мен бардык табигый ырахатты барктабаганыбыз, аларга ышкыбоздук менен берилүүдөгүдөй эле туура эмес. Адам үчүн эң негизгиси – бул «билгичтик менен жашоо» Монтендин этикалык идеалы – табигый, физикалык жана рухий кубанычтарды тынч ырахаттануусу. Жашоонун бардык кыйынчылыктарында кабыл алуу менен дененин жана жандын кайгыларын татыктуу көтөрүү – чыныгы философтун көз карашы.

Монтендин этикасы индивидуалдуу. Ал коомдук эки жүздүүлүккө анын артында керт башынын кызыкчылыгын, адамды адам катары эмес салттык биргелешкендиктин бөлүгү катары билген орто кылымдын калдыгы сословиелик-корпоративдик салттарды бекиткен. «Биз башкалар үчүн жетишээрлик түрдө жашадык, өмүрүбүздүн калганын жок дегенде өзүбүз үчүн жашайлы». Өзүбүзгө, өзүбүздүн жыргалчылыгыбыз үчүн ойлогонубузду жана ниетибизди топтойлу. Автономдуу өкүм сүргөн пикирден жана жок нерсеге ишенүүдөн көз карандысыз салттуу көз караш адамдын эң бийик жетишкендиги, ал үчүн гана эмес, бардык коом үчүн керек. Монтень боюнча коом жана башка адамдар үчүн көз карандысыз адам пайдалуу.

Монтендин коомду баалоосунда чечилбеген конфликтердин жашашын моюнга албаган оптимизм, баарын мурдагыдай калтыруу, себеби жаңы бир нерсени өзгөртүүгө алсыз деп эсептеген консерватордун пессимизми менен байланышат. 1676-жылы Монтендин «Тажрыйбалары» Ватикан тарабынан тыюу салынган китептердин индексине кирген.

## Натурфилософия

Кайра жаралуунун маданияты адамга гана эмес, дүйнөнү жаңыча талкуулоого да багытталган. Орто кылым биринчи кезекте Аристотелдин пассивдүү материя жана анын формасы жөнүндөгү концепциясына негизделген. Орто кылымдын кээ бир философтору формалар материянын өзүнүн потенциясында камтылат деп эсептешти. Кайра жаралуунун натурфилософиясы үчүн төмөнкү негизги өзгөчөлүктөр мүнөздүү:

- пантеизм, кудай менен жаратылышты терең түшүнүү идеясы;
- микро менен макрокосмостун ажырастыгы идеясы, натыйжасы башкалардан бөлөкчө органикалык жаратылышты аналогия боюнча адам аркылуу караган көз караш;
- Гилозоизм бардык болмуштун тирүүлүгүнө жана жандуулугуна ишенүү;
- Жаратылышты сапаттуу интерпретациялоо;
- табигый илимдер менен тыгыз байланыш.

Кайра жаралуунун натурфилософиясынын борбордук идеясы материянын өз аракети идеясы. Гносеологиялык планда Дантеден («Ыйык комедия») тартып Галилейге («Диалог») чейин дүйнөнүн чексиздигин адамдын аң-сезими аркылуу таанып билүү каралган.

Биз кайра жаралуунун философиясына мүнөздүү болгон идеалдарды көрдүк. Анын башка өкүлдөрү болсо өздөрүнүн концепцияларында Кайра жаралуунун натурфилософиясына көбүрөөк мүнөздүү белгилердин чегинен чыккан көптөгөн идеяларды көрүүгө болот.

Италиянын натурфилософиясынын башталыштарында **Николай Кузанский** (1401-1463-ж.) турган. Чиркөөнүн көрүнүктүү ишмери (кардиналы) болуп туруу менен ал замандаштарынан айырмаланып математика жана табият таануунун суроолоруна кызыккан.

Кудай менен дүйнөнүн карым-катнашынын маселесин карап жатып, Кузанский теологиянын моюнга албас идеясына келет. Кудай түгөнгүс жан, абсолют «абсолюттук максимум». Кудай түгөнүүчү нерселердин дүйнөсү менен бирдей өлчөмдө эмес. Кудай жөнүндө сүйлөп жатып «окумуштуунун билбегендигинен» - кудай дүйнө менен бирдей өлчөмдө эмес. Кудайдык абсолют принциптүү түрдө таанып билгис.

Бирок Кузанский бул концепцияны жазууда толук ырааттуу болгон эмес. Ал кудайдык искусство дүйнөнү жаратууда башкы түрдө геометрияда, арифметикада жана музыкада турган; нерселердин биринчи образы жаратуучунун оюндагы сан алсыз эч нерсени түшүнүүгө, жаратууга мүмкүн эмес болгон.

Кудай менен дүйнөнү карама-каршы коюдан алыс болууда Кузанский пантеизмдин жолу боюнча барат. Жаратуучуну жана жаратылганды айтат да «Кудай баарында бар», «Бытие дүйнөсүнүн Кудайда экендигиндей, Кудайдын бытиеси дүйнөдөгү кайталангыс нерсе». Кудай заттардын баарын өзүнө камтыйт. «Дүйнө бүктөлгөн түрдө болгондуктан, ал абалынан жайылат». Ошондо да Кузанский каалаган чек араны, каалаган чекти өтүү мүмкүнчүлүгүндөй Кудай актуалдуу түгөнгүс, дүйнө болсо потенциалдуу түгөнгүс деп эсептейт.

Кузанский дүйнө жөнүндөгү өзүнө чейинки элестетүүлөрдү радикалдуу кайра кароо зарылдыгын түшүнөт. Эгерде Орто кылымда дүйнө чектүү, кыймылсыз жылдыздардын чөйрөсү, борбордо жайгашкан Жер менен чектелген катары каралса, анда Кузанский дүйнө жөнүндө эч кандай борбору жок чоң космостук машинадай экендигин айтат. «Дүйнөнүн машинасынын ар жерде өзүнүн борбору бар, айланасы болсо эч жерде эмес, же болбосо ал ар жерде жана эч жерде болбогондуктан кудайдын өзү айлана жана борбор. Бул космостук механизмдин башталышы бар, бирок аягы жок. Кузанский Орто кылымда өткөрүлгөн ай астындагы жана ай үстүндөгү дүйнөнүн айырмачылыгын моюнга албагандыгы мүнөздүү.

Кузанскийдин дүйнөнү машина деп атагандыгы, жаратылышты механикалык талкуулагандыкты түшүндүрбөйт, тескерисинче Кузанский жаратылышты органикалык түшүнөт. Ал жер жүзүндөгү жашоону жаныбарлардын организмине окшоштурат анда таштар – сөөктөр, дарыялар – кылдар, өсүмдүктөр – чачтар, жаныбарлар болсо – курт-кумурскалар.

Кузанский адам жөнүндө өзүнүн жашашында аны курчап турган дүйнөнү калыбына келтирет деген макрокосмостогудай элестетүүгө каршы. мындай мамиледе ал дүйнөнүн «үч түзүлүшү» жөнүндө айтат: «кичине дүйнө» – адам, «чоң дүйнө» – универсум, «максималдуу дүйнө» – Кудай абсолют. Ошондо да «кичине чоңуна, чоңу максималдууга келет». Жыйынтыгында Кузанский адамды кудайлаштырууга келет. Христос – кудайдын адамы эмес, адамкудайы, максималдуу адам. «Мен акылды Кудайдын акылынын образы катары аныктаймын».

Адамдык акыл-сезимди, акыл-эсти, аң-сезимди камтыган жөндөмдүүлүктүн татаал системасы. Сезимдерге демилгелүү роль тийиштүү; акылдын күчү сезимдүүлүктү элестетүүсүз кыймылга келтирилиши мүмкүн эмес. Сезимдүүлүктү таануунун, таанып билүүчүлүк ролу акыл-эс менен болгон өз ара аракетинде түзүлөт. Логика бул акыл-эстин күчү жайылган искусстводой кайталангыс нерсе.

Бирок акыл-эс Кузанскийдин айтуусу боюнча, алардын бирдигиндеги карама-каршылыкта кармоого жөндөмсүз. Бул жерде акыл-эске аң-сезим, интеллект жардам берет. Кузанский карама-каршылыктардын туура келүүсүнүн концепциясын улантат. Ошентип, аң-сезим айлананын радиусун чоңойтууда, ал андан да көбүрөөк жагы мага туура келет. Чексиздикте ийрүүлүк жана түздүүлүк ажырата алгыс. Карама-каршылыктардын туура келүүсү чындыкка жол. Кудайда «максимум» жана «минумум» туура келет.

Ишенүүчүлүк жана аң-сезим маселесин карап жатып Кузанский «ишенүүчүлүктөн ар кандай түшүнүк башталат» деп колдогондорго кошулат. Бирок, бул көрбөс ишенич эмес. «Аң-сезим ишенич аркылуу багытталат, ишенүүчүлүк аң-сезим аркылуу ачылат».

XV-XVI-кылымдарда табият таанууда орчундуу өзгөрүүлөр болуп өтөт. Илимдин философиялык негиздерин кайрадан кароо маселеси келип чыгат. **Леонардо да Винчи** чындыкты «түбүнө жетүүдө» акыл көрөгөчтүк чыгармаларга каршы чыгууда «бардык шексиздиктин атасы тажрыйба аркылуу пайда болбогон жана тажрыйба менен аякталбаган» илимдерде адашкандыктар көп, башкача айтканда, сезимдин беш органынын бири аркылуу да башы, ортосу, аягы өтпөгөн илимдер бар экендигин белгилейт. «Биздин таанып билүүбүздүн баары сезимден башталат» деп далилдөө менен Леонардо чечкиндүү түрдө Ыйык жазуудан алынган же мистикалык билимди макул таппайт. «Эгерде биз ар кандай сезилүүчү нерселердин шексиздигин шектүүлүккө түртсөк, анда биз сезимдерге каршы чыккандарды андан да көбүрөөк шектүүлүккө түртүшүбүз, жолуктурушубуз керек. Мисалы, Кудайдын, жандын жана башка ушул сыяктуулардын маңызы жөнүндөгү суроолор, алар боюнча дайыма тартышышат жана күрөшүшөт».

Бирок илимий таанып билүү тажрыйбага гана чыгарылбашы керек. Леонардо тажрыйбаны негиздөө керектигин айтат. Тажрыйбанын артынан «эмне үчүн азыркы тажрыйба так ушундай агууга аргасыз» экендигин далилдөөчү ой-жүгүртүү ээрчиши керек.

Леонардо илимдин ишин себептүү байланыштардын көрүнүшүнөн көргөн. Жаратылыш себептен баштап, тажрыйба менен аяктаса, биз тажрыйбадан баштап ал менен себепти издөө менен, кайтуучу жол менен жүрүшүбүз зарыл.

Леонардо да Винчинин түшүнүгүндө жаратылыш чыгармачыл, аракеттүү башат катары турат, ал аныкталган мааниде жаратылыштын кубулуштарынын зарылдыгынын гаранты болгон Кудай менен шайкештелет. Жаратылыш адамдын денесин жана адамдын жанын жаратат. Жан дене менен ажырагыс байланышкан, ал ансыз жашай да, кыймылдай да албайт. Леонардо адам жаратылышсыз жана андан сырткары эч нерсеге жөндөмсүз жана мүмкүнчүлүгү жок. Мисалы алтын жаратылыш гана пайда кылуучу жөнөкөй жаратылыштык нерселерге киргендиктен, ал алтынды жасай албайт. Адам ошол жөнөкөй жаратылыштык нерселерди колдонуу менен жаратылыштын өзүндө болбогон жана болбоочу татаал нерселерди жасай алышы мүмкүн.

Леонардо чыныгы дүйнөнү таанууга искусство кызмат кылат деп эсептеген. Илимдин башкы иши – дүйнөнү сандык тарабын ачуу. Ал жаратылышты изилдөөдө математиканын чоң маанилүүлүгүн белгилеген; математиктер бар жерде, байыркылык жок. Искусство болсо нерселердин конкретүүлүк жана жекелик, сапаттык жагына багытталган.

Натурфилософия жаратылышты, анын «жекелик башатынан» чыгып, ар кандай жаратылыштан сырткары күчтөрдөн көз карандысыз карашат. Ушундай мамиледе **Бернардино Телезионун** «Жаратылыштын нерселери анык өзүнүн башатына ылайык» деп айтышы мүнөздүү көз караш.

Телезио натурфилософиянын ишин нерселердин чыныгы касиеттеринин көрүнүшүн сезимдик таануунун негизинде көрөт. Нерселердин башаты материя («тело ээ болгон масса») кыймылга жөндөмсүз, өзүнчө пассивдүү, активдүү күчтөр – жылуулук жана суук. Жаратылышта бул башаттар ажырагыс биримдикте жашашат. Материя нерселерге денени жана массаны, жылуулук жана суук касиет жана форма берет.

Телезио боюнча суук башатынын топтолушу – Жер, ага каршы турган Күнгө жылуулук токтолот. Бирок жылуулук жана сууктун каршы турушу динамикалуу. Жылуулук жана суук башаттары «жубайы үчүн эки жолдоштой», «материя үчүн урушушат». Нерселердин сапаттуулук аныктыгы: жайылтуучу жылуулук жана

кысуучу сууктун ар түрдүү карым-катышынын жыйынтыгында пайда болот. Жылуулук жарыкты, тунуктукту, кыймылды пайда кылат, сууктан тыгыздык, караңгылык, кыймылсыздык жаралат.

Телезио дүйнөнү, анын үч башатын кудай жараткан деген актыны моюнга алат, бирок андан ары ой-жүгүртүүдө ал Кудайсыз; жаратылыш башкалардын аралашышына муктажсыз «өзүнүн башаттарынын» негизинде түшүндүрүлөт. Телезио мындай элестетүүлөрүндө деистик позицияда турганы ачык көрүнүп турат.

Телезио адамдан тартып бардык тирүү жаратылыштын бирдейлигин белгилейт. Жашоонун жаны адамдарга жана жаныбарларга таандык, дүйнөлүк жылуулуктан чыгат. Адамдын «жанынын» жаныбарлардын «жанынан» айырмасы көбүрөөк «жукалыкта», «жылуулукта» жана «жакшылыкта» турат.

Телезионун этикалык негиздөөсү төмөндөгүдөн пайда болот: адам жаратылышы бардык материалдык дүйнө менен биримдигинен келип чыгат. Бардыгына жаратылышта өзүн сактоого умтулуу мүнөздүү, ал болсо адамдык моралдын негизин түзөт. Кубаныч бул өзүн сактоо сезими: адам өзүн сактоого жардамдашканга – сүйүү, ага тоскоолдук кылганга – жек көрүү кечирет. Өзүн сактоо этикасы бүтүн бойдон жекелик, бирок ал башка жаныбарлардын жана жаман адамдардын зордугунан коргонуу үчүн адамдык биргелешкендиктин керектигин болжолдойт.

Телезионун этикасы аягына чейин ыраттуу эмес. Моралдын маңызын түшүндүрүү үчүн жаратылыштык адамдын жанынан башка да адамда «экинчи», «жогорку» Кудайдан жаралган жандын жашашы айтылат. Бул жан өлбөс, анын нактыгы гана адамдык эстүүлүктүн спецификасын түшүндүрүүгө мүмкүндүк берет.

Кайра жаралуунун натурфилософиясынын чоң фигурасы **Джордано Бруно** (1548-1600-жж.) болгон. Бруно кайгылуу тагдырдын адамы болгон. Ал монастрдан качкан, өзүнүн көз караштары үчүн чиркөөлөр аркылуу куугунтукталган. Андан соң Италияны таштап кетүүгө аргасыз болгон. Швецарияда, Францияда, Англияда, Германияда жашаган. Италияга кайтып келери менен (1592-ж.) ерестик жана эркин ойлоодо күнөөлөнүп, 8 жыл абакта жаткандан кийин, өрттөлгөн.

Брунонун көз караштарын мүнөздөө үчүн пантеизмдин ар кандай формасынын бар экендиги жөнүндө эстөө керек. Мистикалык пантеизм – дүйнө, универсум, өзүнүн дүйнөгө болгон мамилеси боюнча өзгөчөлүгүн сактаган Кудайга жүктөлөт. Башка вариантта

мындайча айтканда натуралисттик пантеизмде деперсонализделген Кудай жаратылышка жүктөлөт. Бруно да ушул жолду тандайт. «Кудай бардык жерде жана бардык нерседе бар». Кудай чексиздеги чексиздик. Жаратылыш өзү нерселердеги Кудайдай кайталангыс нерсе.

Дүйнө жүзү жалгыз. «Бул дүйнө жүзү – жаратылган эмес, ал түбөлүк жашайт жана жоголуп кетиши мүмкүн эмес. Анда үзгүлтүксүз өзгөрүү жана кыймыл жүрүп турат. Дүйнө жүзү толук бойдон бир жерден экинчи жерге жыла албагандыктан, ал өзү кыймылсыз». Бруно жер жана асман дүйнөлөрүнүн принципиалдуу биримдиги жөнүндө айтат.

Жаратылыш Брунонун түшүнүгүндө факт түрүндө өзүнүн толук өз алдынчалыгын алат, Кудай болсо биримдигинин синоними катары ойлонулат.

Аритотелдик-схоластикалык концепция болгон материя – форма деген көз карашка каршы чыгуу менен, Бруно материя өзүндө формаларды камтыйт, «формаларды өзүнүн колунан өндүрөт»» деп эсептеген. Материянын формаларды түзүүгө болгон жөндөмү дүйнөнүн жаны деп аталат. Ал материянын ичинде жайгашкан менен аны башкарат. Ушул негизде Бруно жаратылыш жалпы жандуу деген ойго келет. Нерсе канчалык билинбес жана кичине болбосун, ал өзүндө жандуу субстанциянын мүчөсүнө ээ, эгерде туура келүүчү субңект, өсүмдүк болууга, жаныбар болууга умтулса жана дененин каалаган бөлүгүн алышса, ал ар качан жандуу зат деп аталат. Брунонун оюу боюнча, дүйнө өзүнчө бир организмди элестет. Бардык касиеттүүлүктүн ээси катары түшүнүлгөн материя болмуштун жана кыймылдын сырткы себебине муктаж эмес, жаратылыштын өзүнүн кыймылы. Брунонун жаратылыштын жандуулугу жөнүндөгү окуусунун негизги идеясы ушундай. Бруно дүйнөнүн түгөнгүстүгүн, чексиздигин далилдейт жана Коперниктин гелиоцентризминен маанилүү жыйынтыктарды чыгарат. Жаңы космогонияда дүйнөнүн белгиленген борборуна орун жок. Бруно көптөгөн дүйнөлөрдүн жашагандыгын айтат. «Аалам чексиз субстанция, негиз чексиз боштуктагы чексиз тело. Аалам бирөө – дүйнөлөр болсо чексиз. Ар бир дүйнөнүн өзүнүн жылдызы бар». Бруно башка асман телолорунда жашоонун жана аң-сезимдин жашашы жөнүндөгү болжолду айткан. Ал жадакалса сезимдүү жана аң-сезимдүү, жашоонун ар түрдүү формасынын бардыгын болжолдогон.

Бруно өзүнүн окуусунда байыркылардын атомизмине кайрылат. «Жаратылышта бөлүүнүн чеги бар – бөлүнбөс нерсе, башка

бөлүктөргө бөлүнбөгөн нерсе». Атомдор – бардык болмуштун негизи, алар гана нерселердин бирдейлигин аныктайт. Атомдордун жана телолордун кыймылынын эң керек шарты болуп боштуктун болушу эсептелет.

Бирок ошол эле убакытта мейкиндик материядан бөлүнгүс. «Боштук – мейкиндик – бул эч нерсе жок болбогон, телолор жайгашкан нерсе. Биз боштук жөнүндө телосу жок орундай сүйлөгөндө, аны телодон чындап эмес, оюбузда гана бөлөбүз». Бруно «атомдор эфирде жайгашат» - кандайдыр бир материалдык чөйрөдө жайгашат дегенде далилдегенде, ал андан ары жүрөт.

Материянын жашашынын башка керектүү шарты болуп убакыт эсептелет. «Убакыт бул кандайдыр бир узактык, аң-сезим аркылуу кабыл алынып жана барлыгы аныкталса да, бирок нерселерден ажыратылышы мүмкүн эмес».

Бруно гносеологияда сезим аркылуу таанып билүүгө жогорку баа берген эмес. Сезимдер «аң-сезимди ойготуу» үчүн гана жаралат, алар күнөөлөп, жеткирүүсү, алардын алдында күбө болушу мүмкүн, бирок алар толук күбө боло албайт, ошондуктан соттоп жана чечкиндүү чечим чыгарышпайт. Сезимдер канчалык касиеттүү болбосун, баары бир алар кандайдыр тунук эмес, аралашмасыз болбойт. Мына эмне үчүн сезимден чындык аз бөлүктө гана алсыз башаттагыдай жаралат, бирок ал аларда камтылбайт. Сезим аркылуу таанып билүүнүн башкы жетишпегендиги мында, «ал чексиздикти көрбөйт, болбосо чексиздиктин обңекти боло албайт. Сезимден жогору акыл-эс, андан кийин аң-сезим (же интеллект) турат». Брунонун айтышы боюнча акыл күчүнүн даражасы билимдин бирдей максималдуулугуна көтөрүлүүчү адамдын жөндөмү аркылуу аныкталат.

Бруно ишенич менен аң-сезимди ажыратат. «Ишенич башкарылышы керек болгон, кор элдерди насыятто үчүн талап кылынат, «жаратылыштын чыныгылыгына тийиштүү» бетин ачууларын айткан философиялык далилдер «жөнөкөй элдерге эмес», «биздин ой-жүгүртүүбүздү түшүнө алган, акылмандарга» гана карата айтылган.

**Томаззо Кампанелла** (1568-1639-жж.) Кайра жаралуунун натурфилософиясын улантат жана иш түрүндө аяктайт. Кампанелла биз чындыкты билген эки Кудайдык китеп бар дейт. Ал – Жаратылыш жана Ыйык жазуу. Тирүү китеп жаратылышты адам аң-сезим жана сезимдин жардамы менен таанып билет дейт. Жаратылышты

изилдөөдө сезимге ишенүүгө болот, ага ал чындыгынды кандай жана аны кудай кандай кылып жаратса, ошол боюнча ачылат. Ыйык жазуу жаратылыштын закондорун болгондой кылып жазууну өзүнүн максаты деп эсептебейт. «Жазуу адамдарды куткарууга гана үйрөтөт». Кампанелланын «эки китеп» концепциясы илимий көз караштар менен Библиянын тесттеринин ээрчишкендигинен баш тартууну түшүндүргөн.

Кампанелла Аристотелдин материя – форма концепциясына каршы чыккан. «Формалар өлөт, материя болсо ошол боюнча болот». Үзгүлтүксүз, ал жалгыз жана өлбөс, формалар болсо көптөгөн санда, өзгөргүч, телолуу, пайда болууга жана өлүүгө дуушар. Мындан материя формага караганда көбүрөөк өлчөмдө чыныгы болумушка ээ. Бирок материя – формасыз телолук масса. Телезиодон кийин Кампанелла материядан көп түрдүү нерселердин дүйнөсүн пайда кылуучу эки активдүү башат – жылуулук жана суук жөнүндө айтат.

Кампанелла Кудай материяны жана бул башаттарды жараткан, ушуну менен анын ролу чектелет. «Жаратуу кереметтүү нерсе болсо да, Кудай жаратуу астында жаратылышты мекемеледи, ал аркылуу жаралган нерселерди керемет катары үйрөнбөстөн жаратылыштын закондоруна ээ болгон жаратылыштын маңызы катары үйрөнүшүбүз керек. Ошентип факт түрүндө жаратылыштын автономиясы жана анын закондору далилденет.

Аристотелдин физикасынын башкы принцибине ылайык кыймылдуу тело кыймылды башкадан алат, ага Кампанелла өз кыймыл принцибин каршы коет. Өз кыймылдын негизинде жылуулук жатат, ал «заттардын жаралуу, өзгөрүү, жок болуусунун чыныгы себеби».

Кампанелла органицизм позициясында турат. «Дүйнө – бул чоң тирүү жандык биз болсо анын карамагында жашайбыз». Бардык жаратылыштын нерселерине жана кубулуштарына өзүн сактоого умтулуу таандык. Ал нерселердин сезүүчү жөндөмүнүн натыйжасында түптөлөт. «Бардык заттар сезишет». Бирок, иш мында гана эмес. Кампанелла ошондой эле «прималитеттер» - аң-сезимдүү башат болуп эсептелген, болумуштун алгачкы үч башаты – кубат, акылдуулук жана сүйүү жөнүндө айтат.

Кампанелланын натурфилософия менен иштеши өз убагындагы социалдык жана саясий суроолор менен байланышкан. Кампанелла дүйнө отто жок болуу жана жаңылануууну күтөт деп эсептеген. Акыр

заманга жер жүзүндө акыйкаттуу коом – «Кудайдын падышалыгын» - тургузуу жүрүшү керек.

Кампанелла адамды кемсинтүүчү социалдык тартиптердин өзгөрүшүнө чакырган. Кампанелла өз заманындагы бардык балекеттердин жана нааразылыктын негизги себебин социалдык теңсиздиктен, байлыктын жана жокчулуктун болушунан көргөн. Анын оюу боюнча акча бийлиги коомдо жеке кызыкчылыкка жана баюнун артынан кубалоого, салттуулуктун бузулушунун өкүм сүрүүсүнө алып келет.

Кампанелла «Күн шаары» (1602-ж.) китебинде өзүнүн социалдык программасын жазган. Аралга качкан эл, «жашоонун философиялык образы болгон жамааттык жүргүзүүнү чечишти». Кудайдан чыккан эмес, адамдык аң-сезимдин аракетинин түз жыйынтыгын көрсөткөн мамлекеттик түзүлүштү жаратуу менен Солярийлердин жашоосунда ар түрдүү техникалык ойлоп табуулар жана жер иштетүүдө өнүгүүлөр, механизмдин жардамы менен бир жерден экинчи жерге көчүүдө жүктөрдү ташуу чоң роль ойногон. Алар жылдыздардын бекингенин көрүү үчүн көрүүчү түтүктүү асмандын гармониясын угуу үчүн угуучу түтүктүү ойлоп табышты.

Бул мамлекетте жашоо жеке менчиктин жоктугуна негизделген Солярийлердин байы да, кедейи да жок. Жеке менчикти ликвидациялоо моногамдуу үй-бүлөнүн, аял коомунун бекерчилиги менен байланышкан, Кампанелла ар бирибиз өзүбүздүн башка турак-жайыбыздын, өзүбүздүн жубайыбыздын жана балдарыбыздын болушунда менчик түзүлөт жана колдоого алынат деп эсептеген. Аял коому «илимий» мамлекеттик көзөмөлдө бала төрөөгө жана тарбиялоого кызмат кылышы керек. Балдарды тоюндургандан кийин мамлекет тарабынан белгиленген тарбиялоочуларга берилет, көнүгүүлөрдү жасашат, ойноо менен алиппе менен көнүгүшөт, сүрөттөрдү карап чыгышат, чуркашат, сейилдешет жана күрөшөт; тарыхтын жана тилдин сүрөттөлүштөрү менен таанышышат. Жетинчи жылы алар табигый илимдерге өтүшөт, андан кийин башкарманын кароосу боюнча калгандарына, анын артынан кызматка өтүшөт. Балдардын жакындыгы пайда болушу үчүн устаканаларга, өтүкчүлөргө, столярларга, живописчилер жана башка ушул сыяктууларга алып барышат. Андан соң балдар жана кыздар «илимдин жана кызматтын кайсы тармагында жакшы жетишкендиктерине карап милдеттенме алышат».

Күн шаарында эмгек милдет гана болбостон, бардык жараандардын жашоо муктаждыгы болуп эсептелет. Солярийлер балалыгынан эле эмгекке урмат менен мамиле жасоого үйрөнүшөт. Акыл жана күч эмгегинин ортосунда тоскоолдук жок, ар бир жумуш бирдей ардактуу. Жумуш күнү 4 саатка созулат; калган убакыт «жагымдуу илимий жумуштар», «акыл жана денелик жөндөмдүүлүктү өнүктүрүү» менен өткөрүлөт; мында «баары кубанычтуу аткарылат». Бош убакытты өткөрүү техникалык жаңылыктарды жана ойлоп табууларды кабыл алуунун натыйжасында жетишилет.

Мамлекетин башында жогорку башкаруучу турат. Ал алгачкы ыйыкчы («Метафизик») турат. Анын үч бирге башкаруучу – жардамчылары бар; - бул – «кубат» - согуш жана тынчтык, согуш муктаждыктары менен байланышкан кызматтардын маселелерин карайт. «Акылмандык» – эркин искусстволор, илимдер, окуу жайлары жана «сүйүү» – бала төрөө жана жаш бөбөктөрдү тарбиялоо, медицина, жер айдоо менен малчылыкты көзөмөлдөөчү мамилелери менен иштейт. Алардын ар биринин кол астында атайын кызматтар бар. Бир айда 2 жолу чоң кеңеш – башкаруучуларды кошкон элдик чогулуш. Солярийлердин жашоосунун принциби евангелдик эреже; өзүңөргө эмнени каалабасаңар, ошолорду башкаларга кылбагыла, адамдар силерге эмне жасашын кааласаңар, өзүңөр да ошону аларга жасагыла. Кампанелла бүткүл дүйнө адамдарынын биригүү идеясын айткан. Ушунда гана ал адамзаттын согуштан, ачарчылыктан, эпидемиядан кутулушун көргөн.

## Реформация

XV-XVII-кылымдардын биринчи жарымындагы реформациялык кыймылдын жүрүшүндө жагдай күчтүү өзгөрдү: христиан-мирян динге жана чиркөөгө болгон мамиледе, католик чиркөөсүнүн рухий диктатурасын бузган буржуазиялык ак сөөктүн дүйнө көз карашынын жана маданиятынын өнүгүүсүнүн доорунун негизги окуялары – герман княздыгындагы лютерандык чиркөөнүн түзүлүшү; анабаптизмдин көтөрүлүшү жана 1524-1525-жылдары дыйкандар согушу; Швецариядагы кальвинизмдин далилдениши; протестантизмдин Нидерланды, Скандинавия, Англия жана Францияда кубат алышы; XVII кылымда биринчи жарымындагы диний согуштар; протестандык конференссиянын экинчи муунунун пайда болушу, 1645-1648-жылдары Англиялык төңкөрүш ж.б.

Биринчи реформациялык кыймыл, Германиянын территориясынын жарымына жакын жериндеги римдик-католиктик чиркөөнүн үстүнөн болгон жеңиш **Мартин Лютердин** (1483-1546-жж.) ысмы менен байланышкан. Реформациялык кыймылдын башталышы Германиянын территориясына индульгенцияларды сатуу менен байланышкан. 1517-жылы жайында Лев X папасынын Римдеги Ыйык Петр сепилинин курулушунун бүтүшүнө чоң суммадагы акчаны чогултуу тапшырмасын алган, өкүлү Лютер кызмат кылган Виттенбергден алыс эмес жерге келет. Күнөөлөрүн кое берүү ар түрдүү баада болгон. Лютер папалардын аракетине жана индульгенциялардын сатылышына каршы сын менен чыкты, ыйыкчылар христиандарды күнөөлөп же күнөөсүн кечирүүгө закондуу укугу жок экендигин айткан.

Лютер өзүнүн чыгып сүйлөөсүндө немецтик бюргерлердин жана андан да кеңирээк немец элинин катмарларынын чиркөөдө ыйыкчылардын жана монархтардын иерархиясын көрсөткөн, алыскы Римден башкарылуучу, башкы эксплуататорлордун бирин көргөн маанайын айткан.

Реформацияга Кайра жаралуунун гуманизминин идеялары белгилүү таасир тийгизди. Айрыкча Лютерди эрте христиандыктын жогорку баасы гуманисттер менен жакындатты. Биринчи муундун рефарматорлору (Лютер, Цвингли, Меланхтон) диний жаңылануунун, "Башталышка кайрылуунун" керектиги жөнүндө айтышты. Лютер "Бирөө башканын эсебинен жашашы эң жаман, бай гана жакшы жашайт"… бул жагдайда ыйык Павел: "ким иштебесе, ал тиштебейт" деп айткан.

**Томас Мюнцер** (болжол менен 1490-1525-жж.) үгүттөрүндө "кудайдын укугу" далилденет, ага ылайык Христос байларга жана кедейлерге, кул ээсине, адамдарга биригүү осуятын калтыруу менен бөлүнүүнү токтоткон.

Рефарматорлор ата-бабалардан калган сөздөрдү жазуу, папалардын жана Соборлордун токтомдорунун үстүнөн приматты далилдешет. Лютер каалаган христианин жазууну ыйыкчы жана папалардан кем эмес түшүнүүгө жөндөмдүүлүгүн айткан. Лютер биринчи Библияны немец тилинде которуп басып чыккан. Андан кийин Библия башка тилдерде басылып чыккан. Германияда 50 жыл ичинде Библиянын 100 миң экземпляры немец тилинде басылып чыккан.

Лютер чиркөөлүк жазмаларда эркиндик жөнүндө айткан, үрп-адаттарга каршы чыккан. Эки гана сырдуулукту – чокунууну жана тазалануунy мойнуна алган. Лютер адам менен Кудайдын мамилесинин арасында атайын ортомчулардын кереги жок деп эсептеген. Ошентип, ыйык кызматчылардын бар болушу керекпи деген суроо коюлган.

Лютер римдик-католиктик чиркөөсүнө каршы чыгуу менен ал динге каршы чыккан, болгону ишеничтин бекемделишине жана аң-сезимдин укугунун чектелишине, "Аң-сезим бизден жогорку болгон нерсеге көз артууга эмес, биздин астыбызда турган нерселерге – жаныбарларга, өсүмдүктөргө, нерселердин составына жетишүүгө берилген". Кудай түгөнүүчү, күнөөлүү, жемелүү адамга тең эмес. Бирок Кудай түшүнүк жете алуучу болушу мүмкүн, эгерде аны кааласа. "Кудай адамга канчалык ачылгысы келсе, ошончолук түрдө белгилүү". Ыйык жазуунун маанисине кулак салуу жана ишенүү керек.

Лютер дүйнөнү Кудай башкарат дегенди колдогон: "Биз жасагандын баары кылынат, эгер бул бизге өзгөргүчтүү жана күтүүсүздүк сезилсе да жасалат, бирок зарыл жана өзгөргүс Кудайдын эркин көңүлгө алышыбыз керек. Кудайдын эрки күчтүү эмеспи, ага эч нерсе каршы тура албайт, себеби анда жаратылыштык кубат Кудайдык камтылган".

Лютерандык динге үйрөтүүнүн негизине "асмандык куткарууга" өзүнүн ишеничи аркылуу жетишүү догмасы кадыр-баркка баш ийүү жана ар түрдүү чалууларды алып келүү менен жетишүү эмес.

Лютер адамдарды ички өкүнүүгө чакырган. "Таптакыр үмүттү үзүү" аркылуу адам куткарууга жол салат; үмүтүн үзүү менен ал Кудайга ишенет, өзүн кудай эркине ишендирет жана ушундай түрдө жыргалга жана куткаруучулукка жакындайт.

Реформаторлорго эрктин эркиндигине адамдын укугун моюнга алышкан эмес. Адамдын ар кандай аракети алдын ала аныкталган. Ишенич кандай талап кылса, өзүн ошондой алып жүрүшү керек. Ошондо жакшы иштер "чын дилден жасалган өзүнүн ишеничи, пайдасы, урматы жана ыйыктыгы үчүн эмес, башкалардын ийгилиги, пайдасы, урматы, ыгы жана ыйыктыгы үчүн жасалган", "ыйык иштерге, сүйүү иштерине кошулушу мүмкүн". Бул учурда адам кандай динди "Ветхий жана жаңы осуят алдын ала жазганбы, иудалыкпы же диндик жумушпу" ушуну тутканы маанилүү эмес.

Жеңген лютерандык чиркөөнү өзгөрткөн. Догматика жеңилдеген кудайга кызмат кылуу процедурасынан иконалар алыстатылган. Рухчулуктун ролу чектелген, чиркөө мамлекеттик башкарууга караган.

**Жан Кальвин** (1509-1564-жж.) андан да көбүрөөк радикалдуу теологиялык идеалын сунуш кылган: (солдат, жоокер Кудай сөзүнөн кийин гана) "Кудайдын жоокери" өзүн Кудайга кызмат кылууга арнашы керек. Куткаруу "Кудай сөзүнөн кийин гана болушу мүмкүн. Кудай жөнүндө каалаган элестетүү Библиядан эмес, адамдын аң-сезиминен чыгат. Акыл чындыкты жана эркти айтат, адамды жамандыкка жакпайт". Кальвин ишенүүчүнүн наадандыгы, акылдуулук кылуучусунун оройлугунан баалуураак дегенди колдогон. Ал Кайра жаралуунун гуманизмин "ишеничти булгаганы" үчүн айыптаган.

Кальвин диний фатализм позициясын колдогон. "кудай өзүнүн чечими менен толук бардык жашоочуларды башкарат, ал өзүнүн акылмандыгына жана өзүнүн эркине өзү мүмкүндүк бермейинче, эч нерсе болуп өтпөйт". Кальвин "Христиан динине насыят" деген эмгегинде "ар бир адам мурдатан Кудай тарабынан өлүмгө жана куткарууга белгиленген жана биз өз күчүбүз менен алдын ала белгилегенди өзгөртө албайбыз". Ошол эле убакта адам өзүнүн эмнеге мурдатан дайындалганын билбейт, өзүнүн эмгеги жана анын жыйынтыгы аркылуу гана аны көрсөтө алышы мүмкүндүгүн айткан. Эгерде адамга ийгилик жана байлык жолдосо, бул Кудайдын алдын ала белгилегендигинин белгиси.

Кальвин адам Кудайдын даңкы үчүн эмгектенүүгө милдеттүү, Кудайдын өкүм сүрүүсү жер жүзүндө: "Сыйын жана иште!" дегенди далилдөө менен аныкталат. Ишенген адамга эрктин эркиндүүлүгү керек эмес, анын ордуна "Кудайдын рух" күчү жеңилбеген, сынбаган күчү берилет деп ишендирилген.

Кальвин жашоонун жөнөкөйлүгүнө, адамдардын жүрүм-турумунун аныкталышына чакырган. 1541-жылы Кальвин кальвинизмдин борбору Женеванын башында турган. Шаардын магистраты католиктик салтты бекерге чыгарды, жаңы чиркөөлүк уюмду кабыл алды. Көбүрөөк укуктуу алгачкы диний ишенүүчүлөрдүн жамааты алды, өзүнүн пасторун жана анын жардамчы пресвитерлерин өз алдынча, ошондо да белгиленген мөөнөткө шайлоо укугун алышты. Чиркөө ак сөөктүк бийликке болгон мамилеси боюнча автономиясын сактап калды.

Кальвин Женеванын жараандарынын жашоосуна катуу көзөмөл жүргүздү. Көңүл ачууларга, оюндарга тыюу салынып, үгүттөргө баруу, салттуу жазууларды сактоо көзөмөлдөгөн. Ачык көрүнгөн башкача ойлоочулар үчүн кальвинизмге чыдамсыздык мүнөздүү болгон.

Реформатордук кыймылга карабастан, католицизм өзүнүн позициясын толук сактап калды. Контрреформациянын жүрүшүндө католик чиркөөсүн борборлоштуруу күчөгөн, иезуиттердин (1534-ж.) ордени түзүлгөн. Ордендин негиздөөчүсү жана 1541-жылы ордендин генералы **Игнатий Лойола** "Рухий көнүгүүлөрүндө" абсолюттук жана ой-жүгүртпөөчү күнөөлүү принцибин башкы кишичилик "Иисус коомунун" мүчөлөрү катары колдойт. 1542-жылы борбордук инквизициялык трибунал пайда болгондон кийин ерестерди куугунтуктоо күчөтүлгөн. 1559-жылы биринчи "Тыюу салынган китептердин индекси" жарыяланган; жаңы китептерди басып чыгаруу үчүн чиркөөлүк цензура орнотулган.

Өздөрүнүн аракеттеринин идеялык-философиялык негизделишин Контрреформациянын өкүлдөрү томистикалык-схоластикада көрүштү. Бул убакытта анын жаңы теоретиктери иезуиттик мектептен чыгуучулары – **Лун де Молин** жана **Франциско Суарес** пайда болушкан. Суарес себептүүлүк жөнүндөгү окууну деталдаштырган, ал жалпы себепти, өзгөчө жана жекече, материалдык жана формалдык, алгачкы жана соңку себептерди бөлгөн. Социалдык маселеге кайрылуу менен Суарес табигый укук законду Кудайдын "түбөлүк законуна" тийиштүү. Табигый абал үчүн бир адам башканын үстүнөн ээлик кылышы мүмкүн эмес. Үстөмдүк кылуу коомдук абалда пайда болот. Адамдар өздөрүнүн жашоосун жеңилдетүү үчүн коомго биригишет, закон укуктарды жаратышат. Залимдер аркылуу закондуу бузууда эл каршы туруу укугуна ээ.

**Галилео Галилей** (1546-1642-жж.) Кайра жаралуу доорунун натурфилософиясын бир жагынан аяктайт, башка жагынан Жаңы мезгилдин табият таануусуна негиз салуучулардын бири болуп калат. Галилей механиканын принциптерин иштеп чыккан, бир канча астрономиялык ачылыштарды жасады. Биринчилерден болуп ал көрүүчү түтүктү контурлаган жана анын жардамы менен Айда "тоолорду" жана "деңиздерди" тапты, Юпитердин спутнигин байкаган, Саманчынын жолу сансыз жылдыздардын топтолушунан турат жана башка ушул сыяктуу Галилей органикалык-

гилозоистикалык жаратылыштын трактатын геометриялык-механика менен алмаштырды.

Кампанелла сыяктуу Галилей 2 китеп – Ыйык жазуу Кудайдык ачылыш катары жана жаратылыш жөнүндө Кудайдын жаратканы китебиндей айткан. “Жаратылыштын философиясы биздин көзүбүздүн астында дайыма ачык болгон улуу китепте жазылган”. «Мен Ааламды аңдап сеземин, бирок аны алгач ал жазылган тилди үйрөнүп жана жазууну билген гана түшүнө алат. Бул китеп математика тилинде жазылган жана анын жазуулары – үч бурчтуктар, айланалар жана башка геометриялык фигуралар, аларсыз адамча анын сөздөрүн түшүнүү мүмкүн эмес: аларсыз караңгы лабиринтте айлануу».

Библияга кандай мамиле жасоо керек? Галилейдин оюу боюнча принцибинде Ыйык жазуу туура, бирок анын башкы максаты – билимсиз адамдардын деңгээлине ылайыкталган моралдык окуу экендигин эске алуу керек. Билимдүү адамдар болсо жазуунун маанисине, өзгөчө, ал маани илимий изилдөөнүн жыйынтыгына каршы келсе, алар карманып тура алышпайт.

Галилей жаратылышты түшүнүүдө антропоморфтук моменттерден баш тартат. Жаратылыштын маңызы “жашырылган сапат”, “ички формалар” жана “жагымдуу жана жалгыз” жана башка ушул сыяктуу жолдорунда ачылбайт. Жаратылыш жөнөкөй жана тизмектелген жана анын бардык көрүнүштөрү тынымсыз жана керек. Ал жасалган математиканын закондоруна ылайык аракет кылат.

Жаратылыштын рационалдуулугунун булагы – Кудайдык аң-сезим. Кудай дүйнөнү жаратууда адамдар эмгек аркылуу жетишүүчү катаал математикалык зарылдыкты салган. Жаратылышты изилдөөдө Библияны: “кудай жаратылыштын кубулуштарында биздин алдыбызда турганы да, Библиянын ыйык саптарында жазылган. Анын рухунан кем эмес суктанууга татыктуу” окуудай эле атак даңктуу жумуш.

Галилей жаратылышты түшүндүрүүдө атомисттик концепцияда тутунат. Ал материянын өлчөөгө мүмкүн болгон, андан кийин алардын ортосуна математикалык закондор аркылуу айтылган көз карандылыкты тургузуучу мүнөздөмөлөрдү бөлүп көрсөтүүгө аракет кылган. Мындай мүнөздөмөлөр мейкиндик убакыт, күч, импульс, тартылуу, ылдамдык, ылдамдануу, инерция болуп саналат.

Галилей байыркы атомизмде болгон сапаттарды ажыратуу концепциясын улантат. Галилей илим изилдөөнүн мүнөзү жөнүндө ой

жүгүртүп, анда анализ менен синтездин аралашуусунун зарылдыгы жөнүндө айтат. Анализдин жүрүшүндө изилденип жаткан кубулуш жөнөкөй элементтерге ажырайт. Синтез процессинде гипотеза сунушталып, анын жардамы менен фактыны түшүндүрүү мүмкүнчүлүгү пайда болуп изилдөөнү жүргүзүүдө төмөндөгүнү эске алуу зарыл: жаратылыштын бардык кубулуштарынын негизинде универсалдуу себептин байланышы жатат. Галилейдин оюу боюнча кубулуштарды изилдөөдө идеализацияга басым жасоо зарыл. Илимий таанып билүүдө кубулуштардын негизги касиеттерин бөлүп алып, аны ченеп, андагы сандык айкалыштарды табуу зарыл. Галилей жаратылыштын закондорунун обњективдүүлүгүн белгилеп көрсөтөт.

## Кайталоо үчүн суроолор

1. Кайра жаралуу доорунун философиясынын антропоцентристтик мүнөзүн аныкта.
2. Гуманизм концепциясынын маңызы эмнеде?
3. Н.Макиавеллинин мамлекеттин жаңы концепциясы окуусу эмне жөнүндө?
4. Т.Мордун идеалдуу мамлекетин анализде.
5. Натурфилософиянын өзгөчөлүгү эмнеде?
6. Т.Кампанелланын «Күн шаары» чыгармасынын мазмуну эмнеде?
7. Реформациянын мазмунуна анализ жаса.
8. Г.Галилейдин философиялык көз карашын анализде.
9. Н.Коперниктин окуусунун маңызы эмнеде?
10. Италиядагы кайра жаралуунун маданияттагы ордун аныкта.

## Өз алдынча иштердин темалары

1. Кайра жаралуу философиясынын антропоцентриттик мүнөзү.
2. Кайра жаралуу философиясындагы гуманизм идеялары.
3. Эразм Роттердамский жана анын философиялык көз караштары.
4. Э.Роттердамский менен М.Лютердин эрктин эркиндиги проблемасын чечүүсү.
5. Т.Мор жана Т.Кампанелланын идеалдуу мамлекетинин модели.
6. Натурфилософиянын пантеисттик мүнөзү.
7. Н.Коперниктин философиялык көз караштары.

8. Г.Галилейдин илимий көз караштары.

9. Дж.Брунонун философия тарыхындагы орду.

10. Реформация кыймылы жана анын социалдык турмушка тийгизген таасири.

**Сунуш кылынган адабияттардын тизмеси**

1. Валла Л. Об истинном и ложном благе. О свободе воли. – М.: Наука, 1989.

2. Горфункель А.Х. Философия эпохи Возрождения. – М.: Высшая школа, 1980.

3. Кузнецов Б.Г. Идеи и образы Возрождения. – М.: Наука, 1979.

4. История философии в кратком изложении. – М.: Мысль, 1994. – 590 с.

5. Макиавелли Н. Государь / Жизнь Макиавелли. –Спб.: лениздат, 1993.

6. Ойзерман Т.И. Проблемы историко-философской науки. – 2-е изд. – М.: Мысль, 1982.

7. Соколов В.В. Европейская философия XV-XVII веков. – М.: Высшая школа, 1984.

8. Спиноза Б. Избранные произведения. – Т. 1-2. – М.: Госполитиздат, 1957.

9. Спиркин А.Г. Основы философии. Учебное пособие. -М., 1988.

10. Философия. Уч пособие. Под ред. В.И.Лавриненко. -М., 1996.

11. Философский словарь. М.: Издательство политический литературы, 1986.

12. Философский энциклопедический словарь. – М.: Политиздат, 1983.

13. Философский энциклопедический словарь. / Редкол.: С.С. Аверинцев, Э.А. Араб-Оглы, Л.Ф. Ильичев и др. – 2- е изд. – М.: Сов. Энциклопедия, 1989. – 815 с.

14. Философия. Учебное пособие. Жалалабат, 2003.

# Жаңы доор философиясы

1. **XVII-кылым философиясы**
2. **Агартуучулук философиясынын негизги идеялары**
3. **Немецтик классикалык философия**

Англия жаңы доордогу философиянын мекени катары белгилүү болгон. Ал эми ошол доордогу философиянын баштоочусу катары англис философу **Френсис Бэкон** (1561-1626-жж.) эсептелет. Френсис Бэкондун көз караштары Кайра жаралуу доорунун философиясы менен жаңы доордун философиясын байланыштыруучу звено болуп эсептелет. Гуманисттер адамды аракетке келтирүү билимди орто кылымдагы билим идеалына каршы коюшкан болсо, ал эми Бэкон бул идеяны өнүктүрүп аягына чыгарган.

Ф.Бэкон боюнча философиянын негизги үч предмети бар. Алар: Кудай, жаратылыш жана адам. Ал чындыктын эки жактуулугу жөнүндөгү концепцияга таянган. Теология – кудай таануучу ыйык китепке жана чиркөөгө таянат. Философия – жаратылыштын закондорун үйрөнөт, жаратылышты таанып билүүнүн методдорун иштеп чыгат жана ой менен чындыктын дал келиши болуп эсептелген чындыкка негизделет. Жаратылыш жана ыйык китеп - экөө тең кудай тарабынан берилген, ошондуктан алар бири бирине каршы турбайт. Экөө тең чындык. Бирок Ф.Бэкон жаратылышты изилдөө менен алектенген. Анын оюу боюнча кудай жөнүндө кам көргөн кызматчылар жана аны коргоочулар толуп жатат. Ошондуктан ал кудайдын бар экендигин тааныйт, бирок анын философиясында кудай эч кандай маани-маңызга ээ эмес.

Ф.Бэкон билим жөнүндө ой жүгүртөт. Билим же асмандан берилет, же жерден суу сыяктуу атып чыгат. Билим же кудай тарабынан берилет, же сезүү органдары аркылуу башталат деп ой жүгүртөт. Ф.Бэкон боюнча билим экиге бөлүнөт: теология жана философия. Анын оюу боюнча ушул эки билимдин аракеттенүү мейкиндигин айырмалоо зарыл.

Ф.Бэкондун философиясынын негизги мотиви болуп жаратылышты таанып билүү жана адамдын бийлигине баш ийдирүү. Ал жаратылышты таанып билүүгө чоң маани берген, анткени чындык жаратылыштан алынат, бул адам үчүн эң жогорку зарылдык. Ф.Бэкондун ишмердүүлүгү илимди даңазалоого багытталган. Ал

билимдин түзүлүшүн, классификациясын, изилдөөнүн максаты жана методдору жөнүндөгү көз караашты далилдөөгө аракет жасаган.

Ф.Бэкондун оюу боюнча табигый илимдер адам турмушуна анчалык аралаша алган жок. Философия болсо илимдердин башатында туруп оор абалга келди, кызматчылык милдетти аткарып калды. Ошондуктан философия азыркы формасын алып таштап табигый илимдер менен тыгыз байланышта өнүгүшү зарыл.

Илимдин маани маңызы адам үчүн пайдалуулугу аркылуу ачылат. Анткени илимдин түпкү максаты болуп – ойлоп табуулар жана ачылыштар эсептелет. Ойлоп табуулардын максаты – адамдын ийгилиги, алардын керектөөлөрүн канааттандыруу жана адамдардын жашоо-турмушун жакшыртуу.

Ф.Бэкондун оюу боюнча илим сферасында алектенгендер же эмпириктер же догматиктер болушкан. Эмпириктер, кумурскалар сыяктуу, фактыларды гана чогултушкан, ал эми экинчилери болсо жөргөмүш сыктуу диндик окууларды өзүнө тартып, чулгап алышкан. Чыныгы окумуштуулардын ишмердүүлүгү бал топтогон аарылар сыктуу, тажрыйба менен акыл таанымын айкалыштырууга багытталыш керек. Илимий таанымдын негизи болуп тажрыйба эсептелет. Бэкон тажрыйбаны экиге бөлөт: 1) жемиш берүүчү тажрыйба 2) жарык берүүчү тажрыйба. Биринчиси түздөн түз практикалык жыйынтык берет. Бирок экинчи тажрыйба өтө баалуу, анткени жыйынтык бербей туруп эле жаратылыштын «ички катмарынын байланышына жарык берет».

Жаратылышты таанып билүү жолундагы негизги кыйынчылык – адамдын акылында, анын пайдаланышында жана колдонушунда. Анын оюу боюнча эски дедуктивдүү ыкма пайдалуу болбостон, тескерисинче зыян алып келет. Ошондуктан илимий таанымдын жаңы ыкмасын түзүү зарыл. Ушул проблемага анын «Жаңы органон» деп аталган эмгеги жана «Илимдин улуу калыбына келиши» деген эмгегинин айрым бөлүктөрү арналган.

Бэкондун оюу боюнча жаңы философиянын айрым оң мааниге ээ болгон бөлүгүн экинчи бир талкалоочу мүнөздөгү терс маанидеги бөлүгү толуктап туруш керек. Бул бөлүк себепке каршы багытталып акыл жактан прогрессти кечеңдетет. Анын себеби толуп ар түрдүү «идолдор», «призрактар» ой жүгүртүүлөр эсептелет, булар адамдын акылын ажырымга алып келет. Бэкон 4 түрдөгү «идолдор» менен «призрактарды» айтат.

1. «Урук» идолу (idola tribus). Адам жаратылышы акылынын чектелгендигин жана сезүү органдарынын калыптанбагандыгын мүнөздөйт. «Түз эмес күзгү шооланын агымын өзгөрткөн сыяктуу акыл сезимдин таасири аркылуу болгон буюмдардын таасирине кабылып, өзүнүн түшүнүктөрүн иштеп чыгууда чындыкка каршы туруп, өзүнүн жаратылышын жаратылыш буюмдарына аралаштырат жана чатыштырат». Бул төмөндөгүдөн көрүнөт: Адам жаратылышка чоң тартипти таандык кылат, натыйжада «терс маанидеги жана аракетсиздикке караганда, оң маанидеги аракеттикти» кабылдайт. «Адамга окшоштуруп» жаратылышты анализдеп, ага түпкү максаттар таандык кылынат. Адамдын акылын эрк жана эңсөө курчап турат, бул илимде бардыгына таандык экендигин пайда кылат.

2. «Үңкүр» идолу (idola specus). Бул ар түрдүү индивидуумга тиешелүү болгон жаңылыштык. Ар бир адам өзүнүн жеке өзгөчөлүктөрүнө, тарбиясына, адатына ылайыктуу «өзүнүн өзгөчө үңкүрүнө ээ, ал жаратылыштын жарыгын сындырат жана кыйшайтып турат». Бирөөлөр буюмдардан айырмачылыктарды көрүүгө жакын болсо, экинчилер окшоштугун, үчүнчүлөрү традицияга жакын, башкалар жаңынын сезимине чулганган ж.б. «Үңкүр идолу» адамдарды терс жакка түртөт. Мындан чыгуунун жолу болуп коллективдүү тажрыйба эсептелет.

3. «Аянтча» же базар идолу (idola fori). Бул адамдын социалдык турмушунун өзгөчөлүктөрүнөн келип чыгат. Бул негизинен сөздөгү чаташуу, эскирген түшүнүктөр. Сөздөрдүн туура эмес жана ыңгайсыз түзүлүшү акылды талдоого алып келет. Бул идолдор жаңы тажрыйба, сөздөргө жаңы маани бергенде үстөмдүк кылат. Буга болсо традиция тоскоолдук кылат. Сөздөр акылды зордукка түртөт, баарын аралаштырат жана адамдарды маңызсыз, эсепсиз талаш-тартышка жана түшүндүрүүгө алып келет.

4. «Театр» же «теория» идолу (idola theatri). Буга ойлонулган жасалма дүйнө жөнүндө болгон жалган теория жана философиялык окуулар кирет. Бул комедия болуп эсептелет. Адамдар авторитетке сокур ишенишет, буюмдарды кандай болсо ошондой кабыл албастан, туура эмес кабылдашат. Ар кандай штамп, догма акылды адаштырат, аны бузат.

Биринчи, экинчи идолдор акылдын табигый касиетине кирет. 3-4 идолдор болсо өздөштүрүлөт. Булардын баары илимий таанып жолунда чоң тоскоолдук болуп эсептелет, ал адамды ар дайым жандап жүрөт жана туура эмес идеяларды ой жүгүртүүлөрдү жаратып,

жаратылыштын чыныгы жүзүн жашырат. Ошондуктан идолдордон кутулуу Ф.Бэкондун оюу боюнча жаңы ыкманы түзүүнүн жана илимди кайра жаратуунун негизги шарты.

Тубаса идолдорду, Ф.Бэкон боюнча толук жок кылуу мүмкүн эмес. Бирок адам акылына болгон аракетин аңдап билип, кемчиликтердин көбөйүшүнө тоскоолдук кылып, таанымды туура уюштурса болот. Ал эми кабыл алынган идолдорго келгенде Ф.Бэкон философиялык окуулардын ролун жогору баалайт.

Ф.Бэкондун оюу боюнча жеке предметтер жана алардын ортосундагы мамилелер гана реалдуу жашайт. Ошондуктан илимий таанымдын гана турушу зарыл. Ф.Бэкон илимий билим сезимдерден эмес максатка багытталып уюшулган тажрыйбадан, эксперименттен келип чыгат дейт. Тажрыйба гана сезимдик кабылдоонун каталыгын жана жетишпегендигин оңдоп түздөйт. Бирок тажрыйбанын маалыматтарын билүү аздык кылат. Анализ жүргүзүүнүн жана тажрыйбанын маалыматтарын жыйынтыктоонун туура ыкмасын иштеп чыгуу зарыл. Мындай ыкма болуп индукция эсептелет.

**Индуктивдүү ыкма.** Ф.Бэкон өзүнүн индуктивдүү ыкманы түшүнүүсүн жаратылышты иликтөөдөн, жылуулуктун «формасынан» издейт. Изилдөө төмөндөгүчө жүрөт: Үч таблица түзөт. Биринчи таблицада («катышуу таблицасы») изилдене турган кубулуш катышкан (күндүн нуру, чагылган, жалын, сынык металлдар) предметтер чогултулуп берилет. Экинчи таблица («жоктоо таблицасы») биринчи таблицага окшош бирок жылуулук жок (ай, жылдыз нурлары, фосфордун жарыгы ж.б.) предметтер көрсөтүлөт. Үчүнчү таблицада (таш, металл, жыгач ж.б.) жылулуук сезимин пайда кылбаган, бирок баскычка ээ болгон предметтер көрсөтүлүп, бул предметтердин жылуулугунун баскычы белгиленет.

Индуктивдүү ыкманын жардамы менен изилдөө Ф.Бэконду төмөндөгүдөй жыйынтыкка алып келет: «форма» жашайт алар: тыгыздык, оордук (салмак) ж.б. Жөнөкөй форманын саны 19. Ар түрдүү аралашуу жана комбинациядан ар түрдүү татаал буюм турат. Мисал катары Ф.Бэкон тилди алат. Сөздөр тыбыштардан түзүлөт, тело жөнөкөй формалардан турат жана башка ушул сыяктуу. М; алтын сары түстө, салмагы бар, катуу, ээритсе ээрийт ж.б. Ар түрдүү сапатта, ал формага ээ.

Ошентип Ф.Бэкон жаратылышты түшүнүүдө материалист, таанымдагы индиктивдүү методдун негиздөөчүсү болгон, ал эми коомду түшүнүүдө ошол мезгилдеги башка бардык философтор

сыяктуу идеалисттик көз караште кала Берген. Анын философиядагы негизги ролу болуп метафизикалык материализмди негиздегендигинде турат.

**Рене Декарт** (1596-1650-жж.) дворяниндин үй бүлөсүндө туулган. 1600-жылдан баштап 9 жыл Ла Флештин иезуиттик коллегиясында окуган. Андан кийин Пуатьеде университетте укук менен медицинаны үйрөнгөн, натыйжада укук бакалавры баскычына ээ болгон. Кийинчерээк ошол мезгилдеги экономикалык жактан алдыңкы орундагы өлкө болгон Нидерландыга келет. Бул жерде ал протестанттык армияга өз эрки менен кирип, аскер окуу жайында окуган. Андан кийин Германия, Австрия, Богемия, Венгрияда жалданма офицер болуп кызмат кылган. 1622-1628-жж. Францияда жашаган. Андан кийин Нидерландыга келип, 20 жыл ушул жерде жашап калган. Ушул убакта 3 жолу өз Ата Мекенине келип кеткен. Ушул убакытты ал илимий иш жазууга арнаган. Анын негизги эмгектери: «Акылды жетектөө үчүн эрежелер», «Ыкма жөнүндө ой жүгүртүүлөр», «Метафизикалык ой жүгүртүүлөр», «Философиянын башбашаты», «Рухтун кумары» жазылган. Ал протестанттык чиркөө кызматкерлери менен полемиканы жараткан. Бул аны 1649-жылы Швецияга кетүүсүнө мажбур кылган. Ал 1650-жылы 11-февралда дүйнөдөн кайтат.

Рене Декарт жаңы доордогу илимдин жаратуучуларынын бири болуп саналат. Ал алгебрага, латын алфавитине, башкаруу теориясынын негизине, геометрияга чоң салым кошкон.

Рене Декарт Френсис Бэкон сыяктуу илимий ойломду реформалоо зарыл деп белгилеген. Адамдардын практикалык ишине жардам бере турган жана адамдар жаратылыштын кожоюну боло турган философия зарыл деп айтат. Андай философияны түзүш үчүн ыкмадан баштоо зарыл, анткени туура ыкмага ээ болгондо гана бардык нерсени таанып билүүгө болот.

**Рене Декарттын рационалисттик методологиясы**. Рене Декарт Френсис Бэкондун индуктивдүү метологиясы менен тааныш болуп аны колдогон. Бирок Р.Декарт өзү рационалисттик методологияны иштеп чыгат. Анын оюу боюнча «Жалпы математика» бар, ал кандайдыр бир тартипти же ченемди изилдейт. Белгилеп кетүүчү нерсе Р.Декарт математиканын закондору бар экендигин жана алар жаратылыштын бардык кубулуштарынын негизинде болоорун, ал закондор аларды табууга аракеттене тургандыгын айтат.

Рене Декартттын ишеними боюнча адамдар фактыларды кабылдоодо эле адашпастан, алар жөнүндө ойлоодо да адашууга дуушар болушат. Мында традициялуу логика жетишсиз болот. Фактыларды ойлоодо «жалпы математика», рационалисттик математика зарыл.

Рене Декарт өзүнүн методунун негизги өзөгүн төрт эреже түрүндө берген.

Биринчи – эч нерсени чындык катары кабыл албоо зарыл. Шашмалыктан же ойлонбостуктан баш тартуу жана өзүңдүн ишенимдериңди акылга карата туура жакка гана буруу.

Экинчи – каршы турган кыйынчылыкты зарыл болгон бөлүккө чейин бөлүктөргө бөлүү, анткени кыйынчылыктарды ушундай жол менен чечүү зарыл экендигин көрсөтөт.

Үчүнчү – өзүңдүн оюңду белгилүү ырааттуулукта жайгаштыруу: эң жөнөкөй жана жеңил-желпи тааныла турган предметтерден баштап, акырындык менен баскычтар аркылуу, татаал предметтерди таанууга багыттоо.

Акыркысы – бардык жагын камтуучу толук жана жалпы санак жүргүзүү, мында эч нерсе унутта калбай турган болушу зарыл.

Мына ушундай ыкманы колдонгондо ой жүгүртүүнүн дедуктивдүү ырааттуулугу жаралат. Ушул чынжырчада бир эле звено эске алынбай калса анда ал үзүлүп калат. Ошондуктан бул болбош үчүн убак-убагы менен дедукциянын бардык звенолорун санап чыгып энумерацияны түзүү зарыл. Төртүнчү эреже ушуну сунуш кылат.

Рене Декарт эң жөнөкөй, жеңил проблемалардан баштоону сунуш кылат. Предмет канчалык жөнөкөй болсо, ал жөнүндө ойлонуу ошончолук оңой. Чындыкка карай жол жөнөкөйдөн башталып татаалга карата жүрөт. Р.Декарт сезимдик тажрыйбанын ролун жогорулатууга каршы турган. Бирок ага такыр каршы болбогон. Эгер туюмдар акыл тарабынан «жакшы жетекчиликке алынса» анда алар таанымга жооп берет.

Таанып билүүдө, Декарт боюнча, үч түрдөгү идея катышат: тубаса, сезимдик тажрыйбадан келип чыккан, «ойлонуп табылган» (адамдын ойлом ишмердигинен келип чыккан).

Рене Декарттын түшүнүгүндө интуиция жана тубаса идеялар жакындашат. Абсолюттук чыныгы идеялар толугу менен сезимге көз каранды. Ал идея ал кудай идеясы, субстанция, кыймыл, мейкиндик, убакыт, тубаса аксиомалар жана башкалар кирет. Адамдагы тубаса

идеялар жашыруун, анын актуалдуу болушу адамдын жетилишине, анын интеллектинин өнүгүшүнө байланыштуу.

Таанымдын жолу интуитивдүү ачык абалдардан башталып дедукция аркылуу өтөт. Системалык түрдө философияны түшүндүрүү интуитивдүү ачык элестетүүдөн баштоо зарыл. Анын оюу боюнча ачык элестетүү – «cogito» («Я мыслю») бар. Ар ким өзүнүн жеке ойлому бар экендигине ишенет. Эгер биз өзүбүздүн ойломубуздун факты экенине күмөн санасак, анда күмөн саноо өзү сөзсүз бар. Бирок күмөн саноо деген эмне? – ой жүгүртүүнүн ишмердиги. Эгер күмөн саноо жашаса, анда ой жүгүртүү да жашайт. Ошондуктан «cogito» - баштапкы чындык. Ой жүгүртүүнүн факты экендигине таянып Рене Декарт ой жүгүртүүчү субңект жашай тургандыгы жөнүндөгү жыйынтыкка келет. «Cogito ergo sum» («Мыслю, следовательно, суүествую»). Бул күмөндү жаратпайт. Ошентип, «мен деген эмне?» Ой жүгүртүүчү буюм. «Ой жүгүртүүчү буюм» деген эмне? Бул кандайдыр бир күмөн саноочу, түшүнүүчү, бекемдөөчү, таануучу, каалоочу, каалабаган, кыялдануучу жана сезүүчү нерсе» деп жыйынтыкка келет.

Р.Декарттын философиясы экиге бөлүнөт: физика жана метафизика, физика – жаратылыштын жалпы теориясы, ал эми метафизика болсо жан жана кудай жөнүндөгү жалпы окуу. Жаратылыш менен кудайдын ортосундагы мамилени айтып жатып, Р.Декарт деизм позициясында турган. Кудай жаратылышка кыймылдын баштапкы закондорун берген, аларды ишке ашыруу табигый жол аркылуу жүрөт. Ал мындай дейт: «Кудай жаратылыштын мыйзамдарын жаратып, ага өзүнүн агымын ыйгарган». Рене Декарт боюнча кудай өзгөрбөйт жана жаратылыш закондору да туруктуу. Кудай алгач материяны жана анан алгачкы кыймылынын башатын жараткан жана бул дүйнөдө андан башка кереметти жаратпайт. Рене Декарттын физикасында кудай катышпайт. Ал мындай деген: «Биз билебиз кудай дүйнөнү жаратты, бирок көрөбүз, дүйнө кудайсыз кандайча көрүнөт».

Жаратылыш телолордон турат. Алар биздин ой жүгүртүүбүзгө көз карандысыз жашап турат жана өзүнүн бытиеси үчүн биздин жашап турушубузга муктаж эмес. Ал «буюм деген эмне?» деген суроону коет. Биз ойлойбуз буюм муздак же жылуу, катуу же жумшак, ачуу же таттуу ж.б. Бирок бул аныктама буюмдардын сапаты эмес, ал биздин сезүү органдарыбыздын туюму. Ошондуктан, биздин жаратылыш менен буюм жаратылышын так айырмалообуз зарыл.

Буюм, нерсе жөнүндөгү чыныгы билимди ойлом аркылуу гана алабыз. Эгер телодон (нерседен) ага тиешелүү болбогон нерселерди алып салса, анда анын атрибутивдик сапаттары гана калат. Материянын негизги атрибуту – анын жайылышы белгилүү болот.

Жайылыш – бул телонун белгилүү бир мейкиндикти ээлеши. Ошондуктан абсолюттук маанидеги боштук жок. Боштук жөнүндө салыштырмалуу гана айтсак болот. Декарт атом жөнүндөгү окууну танат. Анын оюу боюнча ар кандай эле буюмдук бөлүкчө чексиз бөлүнүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. Телолор формага, жайылышка жана кыймылга ээ. Ал мындай дейт: «Мага жайылыш (мейкиндик) жана кыймыл бергилечи, мен ааламды курамын».

Нерселердин кыймылы – орун алмашуу, бирок бир дагы нерсе (буюм) кыймылга келбейт, эгерде башкалар кыймылсыз болсо. Эгер нерсе өзүнүн ордун таштап кетсе, аны башка нерсе ээлеши зарыл. Ошондуктан кыймыл массалык мүнөзгө ээ, кыймылдын өзүндө буюмдардын комплекси жатат. Бардык кыймыл телолордун кагылышуусунун жыйындысы болуп саналат. Буюм дүйнөсүндө ички жашыруун себеп жок.

**Адамдагы эки субстанция.** Рене Декарт адамды түшүндүрүүдө дуалисттик позицияда турган. Биринчиден, адамда жаныбарлар сыяктуу эле күтүлбөгөн рефлектордук кыймыл аракеттер болот, мында адам кандайдыр бир механизм, автомат болуп эсептелет. Экинчи жагынан, анда эрктүү аракеттер болот, бул жаныбарларда жок. Адамда акыл менен байланышкан эрк бар. Натыйжада, адамда эки субстанция кошулат алар: материалдык жана рухий.

Бул эки субстанция ар кандай белгилер менен мүнөздөлөт. Алар бири-бирине көз карандысыз. Тело жанга таасир эте албайт жана тескерисинче.

**Томас Гоббс** (1585-1679-жж.). Дин кызматкерлеринин үй бүлөсүндө туулган. Алгачкы билимди жеке менчик мектептен алган. 15 жашка чыкканда Оксфорд университетинин студенти болгон. 5 жылдан кийин аны аяктап, искусство бакалавры деген илимий даража алган. Ал тарбиячы-гувернер болуп эмгектенип Франция, Италияда 3 жыл жүргөн. Ал Англияга кайтып келип Френсис Бэкон менен таанышкан. 1629-жылы бир жарым жылга Францияга барып, мында ал Евклид, Галилей, Декарттын чыгармалары менен таанышат. 1640-жылдан баштап ал Францияда эмиграцияда жүрөт. Кромвелдин диктатурасы 1651-жылы орногондон кийин ал мекенине келет. Анын негизги чыгармалары: «Философия негиздери» 3 бөлүктөн турган:

«Тело жөнүндө», «Адам жөнүндө», «Гражданин жөнүндө», «Левиафан» ж.б.

Томас Гоббс Френсис Бэкондун идеяларын уланткан. Ал: «билим бул күч, ал философия башында турган илимдерге жеткирет», - деген. Философия адамдардын практикалык кызыкчылыгына жана керектөөлөрүнө кызмат кылышы керек. Ал тааным теориясында эмпирикалык жана рационалисттик ыкмалардын карым катышын аныктоо милдетин койгон. (Мында Ф.Бэкондун эле эмес Р.Декарттын да таасири көрүнөт). Анын оюу боюнча философиянын негизги милдети болуп жаңы ыкманы түзүү эсептелет.

Томас Гоббс философияны экиге бөлөт: 1) «табигый философия» - жаратылыш телолорун изилдейт; 2) «граждандык философия» - адам коомун (жасалма телолор) изилдейт. Философия акылга гана таяныш керек. Ар кандай тааным – бул материалдык дүйнөнү таанып билүү. Ал философия менен теологияны кескин айырмалайт.

Өзүнүн философиясында Гоббс сенсуализмге чоң маани берет. Тааным процесси сезимдик тажрыйбадан башталат. Биздин туюмдарыбыздын себеби – бизден сырткары. Сырткары буюмдар, нерселер сезүү органдарына таасир этип, механикалык процесстер аркылуу туюмдарды пайда кылат, мээде образдарды жаратат. Мында, – дейт Т.Гоббс, – тело менен бизде пайда кылган туюмдарды айырмалоо зарыл.

Күнүмдүк турмушта сезимдер аркылуу берилген фактыларды гана билүү жетиштүү, бирок илимий билим үчүн бул аздык кылат, анткени илимде жалпы, зарыл мүнөзгө ээ болгон теориялык бекемдөөлөр уюшулат. Илимий билимге болгон жол – бул ой жүгүртүү жана тил.

Ой жүгүртүү – образдардын чынжырынын түзүлүшү. Образда берилген телолор жана алардын касиеттерине ат (белги) берилет, ойлом болсо ошол белгилердин байланыштарын аныктайт. Сөздөр (ысымдар) ойломдо бириккенде чындык же жалган пайда болот. Буюмдар чын же жалган болбостон, биздин идея, түшүнүк, ойломубуз же жалган болот. Сөзсүз идея болбойт, чындык же жалган болбойт.

Томас Гоббс номинализм линиясын улантып, жеке буюмдар гана обҷективдүү жашай тургандыгын тааныган. Жалпы түшүнүктөр акылда гана жашайт.

Ал өзүнүн онтологиясында материяны жеке материалдык телолордун жыйындысы катары карайт: «Тело – бул биздин

ойломубузга көз карандысыз турган нерселер». Томас Гоббс боюнча материя түбөлүктүү: «Материяны жаратса, жок кылса, чоңойтсо же кичирейтсе, кыймылдатса болбойт. Материянын жеке түрлөрү гана убактылуу жана өтмө, материя бардык буюм-нерселердин жыйындысы катары түбөлүктүү.

Телолор майда бөлүкчөлөргө ажырайт, өзүнүн касиетине ээ. Кээ бир касиеттер – өңү-түсү, жылуулугу, катуулугу ж.б. пайда болот жана жоголот. Бирок телолорго таандык болгон касиеттер, акциденция бар, алар: мейкиндиктеги жайылыш, кыймыл жана тынч абал.

Томас Гоббс абсолюттук боштук жөнүндөгү түшүнүктү четке каккан. Мейкиндик – бул боштук эмес, ал телолордун жайылышы.

Жашоо – бул кыймыл. Акыл тубаса болбойт, ал эмгек менен өнүгөт. Адам – жаратылыштын жандыгы гана болбостон, акыл эстүү жандык, ал сезимге жана сүйлөө речине ээ. Адам – аракеттенген жандык, мораль менен саясаттын субњектиси.

Адамдын моралдык ишмердүүлүгү эркиндиксиз мүмкүн эмес. Эркиндик – бул каршылыктын жоктугу. «Эркин адам – бул эч нерсе тоскоолдук болбогон каалаган нерсе, анткени ал өзүнүн дене түзүлүшү жана акыл жөндөмдүүлүгү менен аны жасай алат». Т.Гоббс адамдын эркиндигин абсолютташтырууга каршы чыккан. Эркиндик зарылдыкка каршы коюлбайт. «Анткени ээн-эркин аракет адамдардын эркинен улам келип чыгат, алар эркиндиктен келип чыгат, бирок адамдын эркинин ар кандай эле актысы сыяктуу ар кандай каалоо (умтулуу) жана жакындык кандайдыр бир себептен улам пайда болот. Ал эми бул болсо үзгүлтүксүз чынжырдан, анткени алар зарылдыктан пайда болот. Адам бир жерде эркин болсо, экинчи жерде эркин эмес».

**Томас Гоббстун социалдык-саясий концепциясы**. Томас Гоббс коом жөнүндө илимди түзүүдөгү тоскоолдуктар жана кыйынчылыктарды айткан. Адамдардын жаратылышы – керектөөлөрдүн, кызыгуулардын, жөндөмдүүлүктөрдүн жана күчтөрдүн жыйындысы. Т.Гоббс боюнча биринчи планда адамдын эгоисттик жаратылышы турат. «Адамдар жаратылышында коркунуч, кызыгуу, кыжырдануу, ж.б. жандыктарга тиешелүү аффектерди башынан өткөрүшөт. Ар кандай эле коом кандайдыр бир пайда үчүн, даңк үчүн, өзгөлөргө эмес өзүн сүйүү сезими менен курулат». Мында Т.Гоббс адамдар жаратылыштын жандыгы катары теңчиликте болоорун белгилейт. «Жаратылыш дене жана акыл жагынан адамдарды тең кылып жараткан». Ал утилитаризм концепциясын

тутунган. Ал үчүн «жакшылык» адамдар үчүн пайдалуу жана жаккан нерселер жана ага адамдар умтулушат, ал эми «жамандык» – бардык карама каршы турган абалдар.

Томас Гоббс адам коому эки: табигый жана мамлекеттик, граждандык абалдан турары жөнүндөгү идеяны айтып, социалдык-саясий концепциясын өнүктүргөн. Табигый абалда адам өзүнүн сезими, каалоосу, кызыгуусу, умтулуусу менен жашайт. Бул абалда кандайдыр бир бийлик пайда болгонго чейин ар бир адам өзүнүн жеке эркиндигин сактоону гана каалабастан, башкалардын үстүнөн үстөмдүккө жетишүүгө да аракеттенет. Эки каалоо тең өзүн-өзү сактоо инстинкти тарабынан берилет. Мына ушундан башкаларга каршы согушуу келип чыгат, жашоо «ачык эмес», мыкаачы жана убактылуу болот. Өз ара кагылышуунун натыйжасында адамдар жырткыч мыкаачы жаныбарга айланышат. Пайда үчүн болгон умтулуу жана эсептешүү адамдарды ар кандай жалганчылыкка, ал турсун чындыкты алмашууга да алып келет.

Табигый абалда ар бир адамдын жашоосу үчүн коркунуч пайда болот. Мындай абал адамзаттын өзүн жок кылуусуна алып келет. Адамдардын өзүнүн жашоосу үчүн коркунучтун болушу табигый абалдан граждандык, мамлекеттик абалга өтүү зарылчылдыгын аңдап билүүсүнө алып келет. Анын негизги белгиси – бардык граждандардын эркин өз алдынча, милдетүү түрдөгү бийлигинин болушу. Бул бийлик, Т.Гоббстун оюу боюнча, **коомдук келишим** аркылуу орнойт. Адамдар коомдук келишимди түзүп, алар жогорку органды шайлашат, анткени ал бардыгына каршы багытталган жалпы согушту токтотот. Гоббстун оюу боюнча табигый абалда деле табигый закондор болот. Ал закондорду Томас Гоббс 19 түргө бөлүштүрөт.

Табигый закондор адамдардын акыл жаратылышын чагылдырып, табигый абалда аракеттенет, бирок алардын аракети умтулуу, каалоо аркылуу жок кылынат. Граждандык абалда гана адам чыныгы моралдык жандык болуп эсептелет. Мамлекет жок жерде умтулуп-каалоонун үстөмдүгү, согуш, коркунуч, жакырдык, жалгыздык, варвардык, жапайычылык үстөмдүк кылат, ал эми мамлекетте – акылдын үстөмдүгү, тынчтык, коркунучсуздук, байлык, өз ара жардамдашуу, илим, жакшы тилек чоң ролго ээ. Мамлекет адамдардын коркунучсуздугун камсыз кылыш керек.

Т.Гоббс айтат: мамлекет менен катар жеке менчик жана акча («мамлекеттин каны») пайда болот. Т.Гоббс нейтралдашкан бийликтин жактоочусу, бийликтин бөлүнүшүнө каршы болгон. Гоббс

мамлекетти «улуу Левиафан» (библиядагы адамдар тарабынан жаратылган кандайдыр бир каардуу кара мүнөз жандык). Адамдар тарабынан түзүлгөн мамлекет – Левиафан, текшерүүдөн чыгып кетет. Мына ушул мамлекеттик, граждандык абалдын жаман жагы. Эгер башкаруучу чектен чыкса, адам башкаруучунун алдында милдеттүү болуп калбайт. Т.Гоббс күчтүү мамлекеттик башкарууну айтуу менен, адамдардын жашоосун чеги жок эле жөнгө салууга каршы чыккан, анткени ал граждандардын жеке инициативасын басып, жашоого болгон эркин өлтүрөт деген.

**Джон Локк** (1632-1704-жж.) пуритандык үй бүлөдө төрөлгөн. Ал Оксфорд университетинде окуган. 1656-жылы бакалавр степенин алган, 1658-жылы магистр болот. Ал университетте окутуучу болуп жүрүп, химия, минерология, медицина менен алектенет. Оксфорддо Уилкинсон, Лоувэ, Бойл менен жакындашат, Декарттын философиясына кызыгат. 1672-жылдан баштап О лорд Эшлинин сунушу менен үй бүлөлүк врач, тарбиячы, секретарь кызматын аткарат. Андан кийин жогорку мамлекеттик мекемелерде кызмат кылат. Эшли менен бир нече жыл эмиграцияда жүргөн. Вильгелм Оранский Англиянын королу болгондон кийин ал мекенине келет да өкмөттүк кызматтарда иштеген. 1671-жылдан тартып 19 жыл «Адам акылы жөнүндө тажрыйба» деген эмгегинин үстүндө иштеген.

Локктун философиялык кызыгуусунун борборунда билим булагы, тажрыйба структурасы, абстракциянын түзүлүшү жөнүндөгү проблема турат. Бул жерде белгилеп кете турган нерсе XVII-кылымдагы философиядагы негизги болуп билимдин булагы жөнүндөгү маселе болгон. Англияда көптөгөн философтор жана жазуучулар тубаса идеялар («нативизм») концепциясын тутунушкан.

Бул концепцияда тубаса билимдер өтө жалпы жана биринчилик мааниге ээ. Ал эми тубаса эмес билимдер экинчилик мааниде. Мында идея жана принциптер адам акылында рухий башталыш, кудай тарабынан берилет деп айтылат. Тубаса моралдык принциптер өзгөчө белгиленген.

Джон Локк боюнча тубаса идеялар концепциясы жетишсиз деп белгилейт. Бул идеянын жактоочулары теориялык жана практикалык (нравалык) негиз бар дешет. Теориялык негизге, мисалы, логиканын принциптери кирет. Бирок, Локк боюнча балдарга жана илимий билими жокторго принциптер тааныш эмес.

Нравалык абалдар да тубаса эмес. Ар кандай адамдарда жана түрдүү мамлекеттерде нравалык ишенимдер ар түрдүү жана карама каршы болушу мүмкүн.

Кудай жөнүндөгү элестөөлөр да тубаса эмес: кээ бир элде кудай жок, кудай жөнүндө политеисттик жана монотеисттик көз караштар үстөмдүк кылат, ал турсун бир эле элде кудай жөнүндөгү элестөөлөрдө айырмачылыктар бар.

Тубаса идеялар жөнүндөгү концепцияны четке кагып, Джон Локк төмөндөгүдөй 3 негизги идеяны айтат:

1. Тубаса идеялар жок, бардык билимдер тажрыйбада болот жана тажрыйбадан жаралат;

2. Адамдын «жаны» (же акыл) төрөлүп жатканда tabula rasa («таза такта»);

3. Эгерде сезимдерде, туюмдарда мурда болбосо анда акылда эч нерсе жок.

Ал мындай дейт: «Элестетип көрөлү, жан эч кандай белгиси, чиймеси, идеясы жок ак кагаз. Бирок ал кандай жол менен толот? Жан ой жүгүртүүнүн жана билимдин материясын кайдан алат? Мен буга бир сөз менен жооп берем: тажрыйбадан. Биздин бардык билимдерибиз тажрыйбада, тажрыйбадан билим келип чыгат». Локк тажрыйбаны индивидуалдуу процесс катары түшүнөт. Адам өмүрүнүн бардык бөлүгүндө тажрыйба менен тыгыз байланышта болот. Акыл эстүү жөндөмдүүлүк турмуштук тажрыйбада жана ар бир индивиддин эркин аракетинин натыйжасында калыптанат.

Дж.Локк тубаса билимдерди четке кагуу менен керектөөлөр, кызыгуулар, аракеттешүүлөр жана аффекттер тубаса экендигин танган эмес. Логиканын закондору, мораль принциптери, диндин догмалары тубаса эмес деп белгилейт.

Бардык билимдерди сырткы дүйнөнүн таасиринин натыйжасында туюмдар аркылуу алабыз. Сырткы дүйнө деген эмне?

Материалдык обьектилердин көп түрдүү дүйнөсү бизди курчап турат. Обңектилер корпускулалардан же атомдордон турат. «Телолордон пайда болгон бардык кубулуштар формага, массага, структурага сезилбеген бөлүкчөлөргө ээ».

Джон Локк материя түшүнүгүн субстанция, буюмдардын жалпы негизи катары кабылдап, аны ачык айкын түшүнүк катары карабайт, ал эми анын түзүлүш ыкмасын күмөн саноо менен караган. Субстанция идеясы – кыялдануунун продуктысы: адамдар өздөрүн

көп сапаттуу, аларга таяныч болгон буюмдардын «астындагы» катары эсептешет.

**«Биринчи» жана «экинчи» идеялар**. Джон Локк ушул идеяны улантат жана жыйынтыктайт. Локктун оюу боюнча «телодон такыр бөлүп каралбаган» сапаттар, «алгачкы» же «биринчи сапаттар болуп эсептелет, алар бизде жөнөкөй идеяларды, башкача айтканда, тыгыздыкты, жайылышты, форманы, кыймылды, тынч абалды, эсепти пайда кылат». Алгачкы сапаттар телолордун өзүндө гана «реалдуу жашайт», алар баарына тиешелүү жана дайыма болот. Алгачкы сапаттар сезүү органдары тарабынан макулдашылган жана алар анықтык, тактык түрүндө кабылданат.

Экинчи сапатка – түс, үн, жыт, даам татуу, жылуулук, суук, ооруу жана башка ушул сыяктуулар кирет. Бул идеялар жөнүндө алар тышкы телолор кандай болсо ошондой кылып чагылдырат деп толук ишенимдүү айтса болбойт.

Локк боюнча тааным жөнөкөйдөн татаалга карата жүрөт. Анын ой жүгүртүүсүндө татаал идеялар төмөндөгүчө пайда болот:

1. Идеяларды түздөн түз суммалаштыруу.
2. Жөнөкөй идеялар салыштырылат, анализденет, бири-бири менен окшоштурулат.
3. Жыйынтыктоо. Бул мындайча жүрөт. Бир түргө кирген жеке предметтер жөнөкөй касиеттерге бөлүштүрүлөт, кайталанганы бөлүнөт жана алынып салынат. Андан кийин кайталанганы суммаланып татаал жалпы идеяны берет.

Джон Локк таанымдын 3 баскычын көрсөтөт: төмөнкү, биринчи, алгачкы: Бул сезимдик тааным – биринчи жана экинчи сапаттардын идеясын берет. Сезимдик тааным сырткы дүйнө жөнүндө чыныгы билимди берет. Бирок бул таанымга кандайдыр бир үмүтсүздүк таандык. Ишенимдүү таанымдын жогорку деңгээли болуп – интуиция эсептелет. Локк боюнча интуиция – сезимдик же жөнөкөй рационалдык идеялардын бири-бирине дал келишин же келбешин акыл тарабынан түздөн түз кабылдоо.

Таанымдын үчүнчү баскычы – демонстративдик тааным. Бул түздөн түз идеянын жардамы менен эки идеянын дал келишин жөнгө салуу. Таанымдын жүрүшүндө чындыкка жетилет.

Джон Локк социалдык-саясий көз карашында табигый укук концепциясында болгон. Анын педагогикалык идеясы жаңы көз караштарды сунуштаган.

**Барух Спиноза.** Барымталуу соодагердин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Атасы аны диндик окуу жайга жөнөткөн. Барухтун жөндөмдүүлүгү зор эле, бирок ал аны бүткөн эмес, анткени атасы жардамдашыш үчүн баласын алып кетип калган. Атасы өлгөндөн кийин Спиноза башында туруп анын ишин уланткан. Бирок Барухтун кызыгуусу болуп илимий жана философиялык билим эсептелген.

Ал соодагердик ишмердиктен баш тартып, еврей обүинасынан алыстайт. Обүинанын жетекчилери аны эскертишет, чоң суммадагы акчага сатып алууну аракет кылат, аягында аны өлтүрүүнү да буйрушат. Барух артынан түшүүдөн качыш үчүн Амстердамдан кетет да караңгы айылга келет. Бул жерде достору материалдык жактан жардам көрсөтүп турушкан, өзү болсо линзаларды жымсалдоо иши менен да алектенет. Кийинчерээк Рейснбург, Ворбург шаарларына келген.

1663-жылы «Декарттын философиясынын негизи» деген эмгеги жарык көрөт. Бул анын тирүү кезинде жана өз аты менен чыккан эмгек. 1670-жылы «Диндик саясий трактаты» деген анонимдүү эмгеги жарык көргөн. Дин кызматкерлери бул чыгарманы курч сынга алып, аны динден алыстоо катары кабыл алышкан. Автору ким экендиги такталып, китепке тыюу салынган. 1675-жылы Спиноза эң негизги эмгеги – «Этикасын» аяктаган. Аны жарыкка чыгара алган эмес. Спиноза 1677-жылы 21-февралда өпкө оорусунан каза болот.

**Спинозанын рационализми.** Спиноза жаңы доордогу философиянын рационалисттик линиясын уланткан. Ал Декарттан айырмаланып тубаса идеяларды четке кагат да, адамда билим алууга карата тубаса жөндөмдүүлүк болорун айтат.

Адамдын дүйнөнү изилдөөсү сезимдик, чектелген жана буюмдарды ачык эмес элестетүүдөн башталат. Сезимдик тааным субңективдүү ассоцияларга, так эмес, бир жактуу идеяларга, «универсалийлерге» алып келет. Спиноза жаман нерсе катары түс, жыт, даам, жылуулук, суук, боштук, сулуулук, көрксүздүк, жакшылык жана жамандык, тартип жана хаос түшүнүктөрүн көрсөтөт. Булардын баары – субңективдүү пайда болуш, туюмдарды касиетке айландыруунун жыйындысы.

Сезимдик идеялар – адам телосунун курчап турган нерселер менен болгон карым-катнашынын жыйындысы, алар сырткы телолордун жаратылышын гана эмес адам телосунун жаратылышын да камтыйт. Мына ушулар «мээлүндүктү» алып келет. Буга кошумча сезимдик таанымдын негизинде алынган образдардын байланышы

кокустук болуп эсептелет. Ушуга байланыштуу Спиноза «Этика» деген чыгармасында көпчүлүк философиялык карама-каршы ойлор «адамдар өз оюн тура эмес билдиргендиктен же башкалар туура эмес кабыл алгандыктан» келип чыгарын айткан.

Таанымдын экинчи деңгээли рационалдык тааным. Спиноза боюнча рационалдык-акыл, биринчи кезекте математикалык-геометриялык билим субңективизмдин элементтеринен алыс турат. Эгерде элестетүү ишмердиги кокусунан болгон ассоциацияга баш ийсе, акыл ишмердиги логикалык ырааттуулук законуна таянат. Логикалык тааным буюм жөнүндө, алардын ички жашыруун мазмуну жөнүндө билимди берет. Спиноза интуицияны таанымдагы үчүнчү жак катары кабылдайт. Ал негизги жыйынтыктоочу ойду билдирет. Рационалдык таанымдын негизинде турган – субстанция идеясы. Интуитивдик билим нерселердин маңызын таанууга мүмкүндүк берет. Спинозанын оюу боюнча дүйнө бул китеп, аны адам руху окуйт: жеке буюмдар тамгаларга окшош, алардын байланышы сүйлөмдөр, ал эми субстанция болсо китептин бүтүндөй мазмуну. Сезимдик тааным тамгаларды көрөт, интеллект аларды окуйт, интуитивдик тааным бүтүндүккө жетишет.

Спинозанын ой жүгүртүүсүндө математикада колдонулган дедуктивдүү ыкма чыныгы таанымга алып келүүчү бирден бир туура жол.

**Субстанция, атрибуттар, модустар**. Эгер дүйнө түзүлүшү математикалык чындыктын системасына окшоштурулуп каралса, анда нерселердин түзүлүш тартиби натыйжанын системасы катары кабылданыш керек: ар бир нерсе башканын зарыл болгон жыйындысы, бул натыйжалар байланышы алгачкы себепке алып келет. Мындай алгачкы себеп болуп субстанция эсептелет. Ал өз алдынча, эч нерсеге көз каранды эмес, өзүндөгү себеп (causa sui) катары каралат. Эгерде Декарт субңектти ой жүгүртүүдөн баштаса, Спиноза болсо субстанциядан баштаган. Анын оюу боюнча субстанция эч нерсеге көз каранды эмес, андан сырткары эч нерсе жок, эмне бар болсо ошонун баарын өзүнө камтыйт. Анын башка аталышы – кудай. Ал мындай дейт: «Мен кудай деп абсолюттук чексиз жандыкты же субстанцияны түшүнөм».

Спиноза бир нече жолу эскертет, кудай менен субстанциянын (жаратылыш) окшоштуруу – анын философиясынын негизи. Бул позиция ошол мезгилдеги диндик идеологияга каршы турган. Субстанция мейкиндик менен убакытта чексиз, жеке буюмдарга кээ

бир убакыт жана мейкиндик таандык. Субстанция болсо жеке убакыт жана мейкиндиктен сырткары турат. Субстанциянын түбөлүктүүлүгү Спиноза тарабынан өзгөрүлбөс, чексиз реалдуулук катары кабылданат, ал пайда болбойт жана жок болбойт. Субстанцияда өткөн чак, учур чак жана келер чак тыгыз байланышкан. Өткөн чак учур чак үчүн жок болбойт, келечек сөзсүз өз убагында боло турганды билдирет.

Спинозанын ой жүгүртүүсүндө субстанция бирден бир жана жалгыз. Эгерде субстанция көп болсо, анда алар кээ бир белгилери боюнча бири-биринен айырмаланмак, натыйжада, ар бир субстанцияга бытие эмес, жетишпестик же чек таандык болот, бул анын чексиздигин жана өзүн да жок кылат.

Субстанция жалгыз гана болбостон, бирдиктүү да болот. Спиноза мындай дейт: «жаратылыш бардык жерде жана ар дайым өзүндөгү бойдон калат, анын аракет күчү жана чоңдугу, башкача айтканда жаратылыш закондору жана эрежелери бир формадан экинчисине өзгөртөт. Бардык жаратылыш бир индивидуумду түзөт, анын бөлүкчөлөрү, башкача айтканда, бардык телолор, индивидуумду өзгөртүүгө алып келбестен, көп ыкма, жол жоболор менен чексиз өзгөрүп турат.

Жаратылыш субстанциясы – анын атрибутунан көрүнөт. Атрибут маанилүү, жалпы касиеттерден көрүнөт. Субстанция чексиз көп атрибутка ээ. Бирок Спинозанын оюу боюнча эки гана атрибут белгилүү – созулуш жана ойлом. Эгерде Декарт боюнча ойлом менен созулуш эки ар түрдүү субстанция катары каралса, Спинозанын ойломунда бул бир эле субстанциянын эки атрибуту.

Спиноза боюнча субстанция бардык нерселердин ички себепчиси болсо, созулуш жана ойлом аракеттеги өзгөчө алгачкы күчтөр. Өз алдынча атрибуттар сыяктуу алар бири-бирине көз карандысыз, ал эми субстанциянын атрибуту катары алар биргеликте аракеттенишет: созулуш ойломсуз болбойт, ойлом – созулушсуз жок. Мындан жыйынтык чыгарабыз: жан (рух) бар жерде тело бар; материалдык жаратылыштан ажырым жашаган идея дүйнөсүн жана рухтун үстөмдүгүн жаратуучу ойлом болбойт.

Созулуш менен ойлом бири-биринен көз карандысыз аракеттенгенине карабастан, бир субстанциянын атрибуту катары экөө тең бир эле кубулушту, бир эле байланышты пайда кылышат.

Субстанция жана атрибут түшүнүктөрүнө модус түшүнүгү да кошулат. Субстанция өзүнө өзү себеп катары биринчилик мааниде,

шартталбаган, чексиз. Субстанция түшүнүгүнө модус түшүнүгү каршы коюлат: модус – бул башкалар аркылуу шартталган, чектелген, чеги бар. Ар кандай чеги бар касиет чексиздиктин белгилүү жана чектелген көрүнүшү, ошондуктан модустар – атрибуттардын кээ бир жекече формасы. Созулуш атрибутунун модусу болуп тигил же бул конкреттүү созулуш эсептелсе, ойломдун атрибуту болуп тигил же бул жеке ой, идея же жеке адамдын акылы эсептелет.

Бардык телолор модустар сыяктуу кыймылы жана тынч абалы боюнча, кыймылынын чоң же кичине ылдамдыгы боюнча айырмаланышат. Бирок ар бир телонун кыймылы жана тынч абалы сырт жактан аныкталат. Ошондуктан буюм дүйнөсүндөгү кубулуштар механикалык себептүүлүк законунун негизинде пайда болот. Кыймыл жана тынч абал, бири экинчиси менен алмашышы буюмдардын бир абалда туруусуна жол бербейт. Ошондуктан, кыймыл чексиз модус. Ушуга окшоп ойломдун атрибуту да чексиз модуска ээ. Ал адамдардын акылындагы бардык идеялардын жыйындысы болуп эсептелет.

**Кокустук жана зарылдык. Эркиндик**. Ошентип бардык нерсе субстанция менен аныкталды, «жаратылышта кокусунан болгон эч нерсе жок, кокусунан болуп кала турган болсо, анда ал биздин билимибиздин калыптанбагындыгы». Кокустук жок, бир гана зарылдык бар, ал каузалдык детерминация менен дал келет. Ар кандай себеп-натыйжалык байланыш өтө зарыл. Бардык келечек өткөн абал менен детерминацияланган.

Спиноза телеологияга каршы чыгат. «Адамдар бардык табигый буюмдар кандайдыр бир максат үчүн аракеттенет деп ойлошот». Бул жаратылышты түшүнүүнү четке кагат. «Буюмдардын бардыгы сырткы себеп менен шартталган». Себептүүлүк керемет жаратылышынан алыстатылат. «Керемет – бул таза түрдөгү абсурд» - деп айткан Спиноза.

Себептүүлүк, себептик байланыш процесси – зарылдык. Спиноза төмөндөгүдөй идеяны айтат: «Бардык мүмкүндүк жана кокустук – биздин акылыбыздын жетишсиздиги гана».

Спинозанын этикасында негиз болуп зарылдык менен эркиндиктин карым-катнаш концепциясы эсептелет. Ал эркиндикти «өзүнүн жаратылышынын жөнөкөй зарылдык күчү менен жашаган жана өзүнүн аракети менен аныкталган, зарылдыктан айырмаланып» турган нерсе катары аныктайт.

Субстанция, анын шартталышынын ички мүнөзүнө карата алганда, эркин, башкача айтканда сырткы мажбурлоонун жок болушу – эркиндик. Модустарда эркиндик жок, анткени мажбурлоо сырттан болот. Бул ой адамга карата алган туура ой жүгүртүү. Анткени адам – «рухий автомат».

Адам – жаратылыштын бөлүкчөсү, анын закондорунун аракетине толук баш ийет. Адам өзүнүн оюнда, чечимдеринде, аракеттеринде «эркин» сезет, ал чындыгында терең жаңылышат жана ташка окшош: Адам тоодон кулап бара жатса ал өзүн «эркин» кулап бара жатам деп ой жүгүртө албайт, кыялданбайт.

Жаратылыштагы бардык башкалар сыяктуу адам да өзүнүн жашап туруусуна далалат жасайт. Мындай аракет аффект – өтө күчтүү каалоодон көрүнөт (каалоо, канааттануу, кумардануу, канааттанбоо). Аффекттер ар түрдүү ыкмалар менен камыр-жумур болуп турат. Адам сезимдик таанымдын деңгээлинен жогору көтөрүлө албаган болсо, анда ал өзүнүн каалоосун эркин тандайт. Бирок чындыгында эле андай эмес. Адам өзүнүн каалоосуна баш ийсе, анда ал анын алдында алсыз, кул абалында калат.

Спиноза эркиндикти зарылдыкка каршы койбостон мажбурлоого, зордукка каршы коет. Анын оюу боюнча эркин зарылдык жашайт. Адам сырткы шартталышты кабыл алат, ойлойт, талдайт, аны өзүнүн жеке эркин чечими катары кабылдайт. Адам сырткы күч тарабынан мажбурланбаган болсо эркин, бирок анын иш аракетинде зарылдык бар. «Жашоого болгон, сүйүүгө жана башкага болгон аракет күч менен берилбейт, ал зарылдык». Спинозанын оюу боюнча адамдын үстүнөн үстөмдүк кылып турган нерсе – эркиндик.

Мындан сырткары Спиноза эркиндикке жетүүнүн жолу, граждандык абал, коомдук түзүлүн, тартип жөнүндө да ой жүгүрткөн. Бул идеялары азыркы күндө да актуалдуу бойдон калууда. Ал коомдо «Адам адамга карышкыр болбостон, «адам адамга кудай» деген принцип болушу зарыл экендигин билдирет. Динге карата да өз оюн билдирип чиркөөнүн мамлекеттен сырткары болушун талап кылган.

**Готфрид Вильгелм Лейбниц** (1646-1716-жж.) Рационализмдин дагы бир өкүлү болуп Г.В.Лейбниц эсептелет. Ал окумуштуу жана мамлекеттик ишмер гана болбостон нукура философиялык системанын түзүүчүсү болуп эсептелет. Ал «түшүнүктүн же идеянын 3 баскычы бар» - деп айткан. Алар: демейки, математикалык жана метафизикалык. Метафизика – билимдин өтө терең түрү. Адамдар ар бир кадамында метафизикалык терминдерди колдонушат жана ой

менен камтылат жана аны айтууга үйрөнгөнүн түшүнүшөт. Метафизикадан бир да адам кутула алышпайт.

Бирок Лейбниц боюнча метафизикалык окуулардын өткөн мезгилдегиси жана азыркы окуулары канааттандырбайт. Ошондуктан илимдин ачылыштарына жана чыныгы методологиялык таанып билүүчү принциптерине ылайык метафизика кайра түзүлүшү зарыл. Жаратылыш буюмдарынын рух жана тело болуп бөлүнүшү Лейбницти канаттандырбайт. Ошондой эле аракеттеги себептердин аяктоочу, бүтүүчү аракетке каршы коюлушу аны канааттандырбайт. Лейбниц физикадагы күч жөнүндөгү окуусунда жаңы метафизикалык концепцияны түзүү зарылдыгын көрөт.

**Философиялык системасынын түзүлүш принциби**. Лейбниц философиялык системаны түзүү үчүн колдонулуучу бир нече принциптерди калыптандырган, философ үчүн дүйнөнүн байланыштары жана карым-катнашы өзүнүн түзүлүшү боюнча логикалык байланышка окшош. Ал мындай принциптерди көрсөтөт:

*1. Жалпы айырмачылыктар принциби.*

Бул принцип боюнча эч кандай окшоштуктар эч жерде болбой тургандыгы айтылат. Дүйнө бири биринен айырмаланган нерселердин жыйындысы катары кабылданат. «Эгерде абсолютук түрдө окшош болгон эки нерсени алсак, анда алар бир эле нерсе болуп кабылданат», - дейт философ. Эки нерсени айырмасы жок жеп эсептесек, анда бир эле нерсени эки ат менен атагандыкка жатат.

*2. Үзгүлтүксүздүк принциби.*

Буюмдар байкалбай өтүү жолу менен калыптануу баскычын басып отуруп жогору көтөрүлөт. Кыймыл менен тынч абалдын, катуу менен суюк абалдын ортосунда чексиз баскыч бар, аны Кудай менен жок нерсенин ортосундагы каршылык көрсөтпөйт. Лейбниц боюнча эки жак менен тең чектелбеген нерселердин тизмеги бар. Анткени эч кандай нерсе нөл болбойт, эң кичинекей жана жөнөкөй буюм болушу мүмкүн. Ушуга байланыштуу Лейбниц жаратылыш эч кандай секирик жасабай тургандыгын айтат.

*3. Дискреттүүлүк принциби.*

Бардык нерселер майда секириктерден пайда болуп, монадалардан турат. Монадалар өзүнүн нукуралыгында рухий атомдор, алар бөлүнбөйт жана чексиз майда, алардын өзүнүн мазмуну жана активдүүлүгү бар.

Лейбниц дүйнө мүмкүн болгон нерселерди камтып турарын, бардык мүмкүн болгон нерседе, буюмдарда кыймыл жана касиеттер болот жана бул мааниде алганда ал калыптанган деп эсептейт. Мүмкүн болгон нерсе логикалык каршылык эмес экенин Лейбниц айтат. Бардык буюмдар мүмкүнчүлүктөн чындык абалга, калыптанган абалга өтүүгө аракеттенишет.

*4. Жалпы байланыш принциби.*

Кубулуштардын бардыгында жалпы байланыш боло тургандыгын билдирет. Ал байланыш физикалык өз ара аракеттенүү катары кабылданат. Нерселердин маңызында өз ара байланыш «атайын коюлган гармония» түрүндө көрүнөт.

*5. Максимум жана минимум принциби.*

Маңыз минимуму максимум жашоону пайда кылат. Лейбниц боюнча: «Жаратылыш өзүнүн аракетинде өтө март жана ал колдонгон себептерде сарамжал». Дүйнөдөгүнүн бардыгы минимум каражаттын жардамы менен максималдуу жыйынтыкка келет. Мисалы, тамчы суу шар түрүндө, башкача айтканда минималдуу көлөмдө максималдуу сандагы суюктукту камтыйт.

**Монадология.** Лейбництин монадологиясынын маңызы төмөндөгүчө. Дүйнөнүн негизинде субстанция жатат, ал монадалардын жыйындысы катары каралат. Монада – кээ бир рухий түзүлүш. Лейбниц мындайча ой жүгүртөт: «Кудай субстанцияны жаратты жана ага зарыл болгон күч кубат берди… андан кийин алардын өз алдынча аракеттенүүсүнө мүмкүндүк берди, ал эми өзү болсо аларды сактап турат жана алардын аракетинде эч кандай жардам бербейт». Кудай монаданы эле жаратпастан материяны да жаратат; материя монаданын сырткы кабыкчысы. Эгерде материянын принциби каршылык көрсөтүү, бөлүнбөстүк, механикалык кыймыл болсо, монаданын принциби болуп активдүүлүк, энтелехия эсептелет. Ар бир нерседе материя жана рухий субстанция (монада) бар, алардын ортосунда келишүүчүлүк жашайт, ал алгач монадада жаткан болот.

Субстанция (монада) индивидуалдуу жана кайталангыс, алар жөнөкөй. Монадалар созулуу мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес, ошон үчүн алар «эч нерсе эмес, бирок ошол эле учурда мазмунга жык толгон жана бөлүнгүс, башкача айтканда мазмундуу жана кандайдыр бир нерсе». Монадалар – «жандуу нөлдөр». Ар бир монада өзгөрүүлөрдүн тынымсыз агымы.

Монадалардын кыймыл күчүнүн негизинде тело дайыма кыймылда болот жана тынч абалда турат. Тынч абал менен кыймыл –

карама-каршылык болбостон, айырмалоонун баскычтары. Тынч абал – чексиз майда кыймыл. Бардык жаратылыштын каршылыктары үзгүлтүксүз өзгөрүүдө жок болот, ал эми өзгөрүү деген чексиз майда түшүнүгүн өзүнө камтып турат.

Лейбництин оюу боюнча монадалардын 3 түрү бар.

1. Төмөнкү монадалар – буларды «жыланңач» монадалар деп атаган. Булар чектелбеген жаратылышты түшүндүрөт. Алар жандуу да, жансыз да эмес, жөн гана «түш көрбөстөн уктап» турушат. Бул монадалардан таштар, жер жана башкалар турат. Бирок «бардык жаратылыш жашоого жык толгон, уйку да анын бир түрү».
2. Монадалардын экинчи классы – туюм, сезимге ээ болгон монадалар. Буларга жаныбарлар кирет.
3. Монадалардын үчүнчү классы – адамдардын жаны. Бул монадалар – эс тутум, ой жүгүртүүгө жөндөмдүү, өзүн өзү аңдап билүүгө ээ болгон активдүү аң сезим.

Ар бир монада өзүнчө алыстап турат, өз алдынча аракеттенет. Бирок монадалар «Ааламдын жандуу жана түбөлүктүү чачылып көрүнүшү, айнеги. Ар бир монада бардык чексиз татаал жаратылышты чагылдырат». Монада, - Лейбництин оюу боюнча, - өзүнүн элестетүүсүндө макрокосмосту өзүнө камтыган микрокосмос.

Бардык монадалар окшош, анткени алардын ар биринде бүтүндүк жөнүндө элестетүү жатат. Бирок алардын арасында толук теңдик жашабайт. Бардык монадалар бир эле дүйнөнү элестетишет, ар бири ар түрдүү көз караш менен элестетет.

Чексиз сапаттык ар түрдүүлүктөр, монадалар кандайдыр бир системаны түзүшөт. Алардын өнүгүүсү төмөндөн жогору карай жүрөт. Бирок бири экинчисине өтпөйт, өз алдынча өнүгөт. Айта кетчү нерсе монадалар «кайра каттуу абалында» болушу мүмкүн: алар төмөнкү баскычка кайра кайтышат.

Монадалардын өнүгүшү чексиздикке багытталган. Ал эми чексиздик монаданын өнүгүүсүнүн, калыптануусунун, өзүн өзү аңдап билүүсүнүн өлчөмү катары каралат. Булар кудай түшүнүгү менен окшоштурулат. Кудай жогорку монада катары каралып өтө ачык өздүк аң сезимге, ойломго, билим жана күчкө ээ. Анын телосу жок эркин, бирок Лейбниц монада телосуз болбойт деп айткан.

Лейбництин концепциясында кудай 3 аспектиде көрүнөт. Ал бардык монадалардын «жетишээрлик деңгээлдеги негизи», ал жаратылыштын жанданышынын жана рухийлигинин, негизи, монадалардын өнүгүүсүнүн чексиздикке тең келген жогорку чегинин

негизи. Лейбництин ой жүгүртүүсүндө кудайдын негизги ролу болуп монадалардын ишмердигине бириктирүү жана шайкештигине алып келүү. Мындан сырткары философ дүйнөлүк гармониянын (шайкештик) дүйнө түзүлүшүндө белгилүү бир орунду ээлеши. Шайкештик атайын берилет, ал кудай эркинин актысы. Улуу дүйнөлүк шайкештикти таануу төмөндөгүдөй жыйынтыкка алып келет: дүйнө акыл эстүү түзүлүш. Жаратылышта пайдасы болбогон эч нерсе жок, бардык адашкан нерсе кайра кайтышы керек. Атайын берилген шайкештиктин натыйжасы болуп биздин дүйнө гармониялуу, эң сонун дүйнө деген ой келип чыгат. Бул дүйнө акырындык менен өнүгөт жана жашоосун улантат.

Кудай акылмандыгы монадалардын аракетинин келишүүчүлүгүнөн жана физикалык менен рухийликтин келишүүлүгүнөн көрүнөт.

Рух менен телонун шайкештиги же дал келүүчүлүгү тынымсыз керемет болуп эсептелбестен, жаратылыштагы нерселер сыяктуу эле башбашталманын аракети же натыйжасы болуп саналат.

Нерселердин жогору карай көтөрлүү тизмегинде адам точка болуп эсептелет, табигый дүйнөдөн мораль дүйнөсү жаралат. Адам телосу да монадалардан турат, алардын ичинен бир үстөмдүк кылуучу монада айырмаланат, ал адамдын жаны. Бул адамда үстөмдүк кылып, адамдын телосундагы өзгөрүү ошого байланыштуу болуп турат.

Лейбниц тубаса идеялар концепциясынын жактоочусу. Анын оюу боюнча жан – ак алдамы же, закым сыяктуу көп нерсенин өзүндө жашырып турат. Адамдын аң сезиминин жана таанымынын формасы сырткы дүйнөгө көз каранды эмес, алар тубаса. Тубаса идеялар интеллекте түйүлдүк абалында кездешет жана акырындык менен өнүгүп толук аңдап билүүгө чейин жетет.

Адамдын жаны бардык жерде. Бирок дайыма эле аң сезимдүү түрдө көрүнбөйт. Жандын аймагында аң сезимсиздик элестөөлөр бар. Аң сезимсиздик элестөөлөр бардык убакытта, ал турсун аң сезимдүү аракет жок мезгилде да аракеттенет. Жанда аң сезимсиздиктен ачык аң сезимдүүлүк сферасына өтүү ишке ашырылат.

**Лейбництин рационалдык жана эмпирикалык чындык окуусу.**

Лейбниц рационалист катары таанымдагы эң негизги нерсе – чыныгы, жалпы, зарыл чындыкка жетүүнү эсептейт. Анын оюу боюнча биздин бардык билимдерибиз же рационалдык же эмпирикалык чындыктан турат. Алгачкы рационалдык чындык

интуитивдүү. Мисалы: «Бүтүн бөлүктөн чоң» принциби интуитивдик жактан түшүнүктүү. Бул принципти интуктивдүү, тажрыйба жолу менен билүүгө болбойт, акылдын чындыгы жалпы жана зарыл жагы. Алар логиканын окшоштук жана карама-каршылык закондоруна таянат. Окшоштук закону белгилейт: ар кандай буюм өзүнө гана тең абалда. Ал эми каршылык закону айтат: бир дагы буюм өзүнө өзү каршы турбайт.

Акылдын бар болуп турушу чындыкты дайыма эле көрсөтө билбейт. Акыл мүмкүн болгонду, каршы эмести ойлойт. Карама каршылык акыл чындыгына логикалык жактан жетишсиз.

Акыл чындыгынан сырткары факт чындыгы, эмпирикаык чындык жашайт. Факт чындыгы кокусунан болгон чындык, алар болот же болбойт. Ар кандай тажрыйба фактысына каршы ой жүгүрүтсө болот. Факт чындыгы логиканын жетишээрлик негизи законунун негизинде ой жүгүрүтүлөт. Бул закон боюнча бардык нерселер жана болуп жаткан процесс кандайдыр бир нерсенин негизинде жашайт жана жүрөт.

Ошентип, Лейбництин ой жүгүртүүсүндө акыл чындыгы факт чындыгынан жогору турат. Чындыктын 3 критерийи бар: идеянын карама-каршы эместиги; тажрыйбага дал келүү; чыныгылыгы аныкталган идеядан жаңы идеянын келип чыгышы.

Мындан сырткары Лейбниц маңыз жана жашоо жөнүндө, теодицея проблемасынын үстүндө ой жүгүртөт. Анын философиясы кийинки доорлордо негизги окуу катары кабыл алынган.

## XVIII кылым философиясы

Англис буржуазиялык революциясынан кийин Англияда материализмден баш тартуу жана идеализмге багыт алуу ачык көрүнөт. XVIII-кылымдагы материализмге жана атеизмге каршы чыккан ойчулдардын бири Джордж Беркли болгон.

**Джордж Беркли** (1685-1753-жж.) көп балалуу дворяниндин үй-бүлөсүндө Ирландиянын Келкени шаарына жакын жерде төрөлгөн. Өзүнүн билимин Дублин университетинде алган. Ирландияда Клойнеде епископтук кафедрага башчылык кылган. Жаш чагынан баштап ошол учурдагы алдыңкы илимий ой-пикирлерге каршы күрөшкөн. Ж.Беркли англиялык философ, субңективдүү идеализмдин көрүнүктүү өкүлү, англиядагы чиркөөнүн кызматкери (епископ) болгон. 15 жашка толгондо колледжге тапшырып математика,

байыркы жана учурдагы чет тилдери менен алектенген, философиялык кружок уюштурган. Ал Рене Декарт, Ф.Бэкон, Т.Гоббс, ДЖ.Локк, Мальбранштын чыгармаларын окуп таанышкан. 1710-жылы анын негизги философиялык чыгармасы «Адам билиминин принциптери жөнүндө трактат» жарык көрөт. Философиялык көз карашы жаңы доордогу субңективдүү идеализмдин алгачкы формасын чагылдырып турат. Өзүнүн көптөгөн философиялык чыгармаларында: «Жаңы көрө билүүнүн теориясынын тажрыйбасы», «Гилас жана Филонустун ортосундагы үч пикир алмашуу ж.б.у.с. чыгармаларында Локктун сенсуалисттик идеясына таянган, бирок аны идеалисттик мааниде бурмалаган.

Ж.Берклинин философиясынын негизинде – «биз жалаң гана өзүбүздүн сезүүбүздү билебиз» деген идея турат. Материалдык нерселерди жана ошол нерселер чагылдырган сезимдин ортосунда айырма жок деп карап, материалдык нерселер өзүнчө, адамдын сезимине байланышсыз болбойт деп караган. Биз материалдык нерселер, заттар деп атаганыбыз, болгону гана биздин сезимдерибиздин ошол нерселер тууралуу касиеттеринин жалпы жыйындысы, алсак: материалдык заттардын өңү-түсү, даамы, жыты, түзүлүшү, көрүнүшү ж.б.у.с. «Предмет жана сезим бирдей эле, айырмасы жок, ошондуктан, аларды бири-биринен ажыратып кароого болбойт жана алар ажырашпайт. Ушуга байланыштуу Ж.Берклинин субңективдик–идеалистик философиясынын борбору болуп – ар кандай нерсенин бар болушу – бул «субңекттин аны кабыл алып чагылдыруусу» болот деген тезис жатат. Ж.Берклинин философиялык концепцпиясын чечмелеп айтсак – нерселер – реалдуу түрдө бар болгону, анын кабыл алынышы. Ж.Берклинин ою боюнча «адам өзүнүн гана идеясын, пикирин, оюн, сезимин кабыл алып, чагылдырат. Мен ушундай деген жыйынтыкка келдим, – дейт ал, – ар кандай нерселердин, заттардын болушу – бул алардын кабыл алынууга жөндөмдүүлүгү, ал эми кабыл алуу болсо адамдын гана сезими аркылуу болот, ошондуктан, адамдын сезим кабыл алуусунан тышкары эч нерсе болбойт. Менин сезим туюмумсуз эч нерсе жок».

Ж.Берклинин пикири боюнча көптөгөн «руханий субстанциялар» бар, ошондой эле «чексиз жан» кудай бар. Идеялар (ой-пикирлер) кудайдын акылында сакталып турат, бирок алардын ачык көрүнүп жарыкка чыгуусу адамдын акыл сезиминде. Ж.Беркли кийинчерээк обңективдүү идеализмге жакын позицияга өткөн, анткени, ой-пикирлердин түбөлүк жашашы – кудайдын акылында, - деген

жыйынтык ойду айткан. Ж.Беркли материя деген түшүнүктү таптакыр четке каккан, анын оюу боюнча, материя ички мааниси боюнча карама-каршы жана таптакыр таанып-билүүгө пайдасыз түшүнүк, анткени материянын сапаттары жөнүндөгү түшүнүк бүтүндөй субңективдүү мааниге ээ.

Ж.Берклинин идеясы боюнча окумуштуунун негизги максаты – бул «бардык нерселерди бир гана материалдык себептер аркылуу түшүндүрүүгө аракет кылбастан, жаратkандын тилин түшүнүп үйрөнүүдө». Ж.Беркли өмүр бою материализмге жана атеизмге каршы күрөшкөн субңективдүү идеалист философ, ал субңективдүү идеализмдин негиз салуучуларынын бири, мына ушундай ой жүгүртүүсү аркылуу философия илиминде өз изин калтырган.

**Дэвид Юм** (1711-1776-жж.) Дж.Берклинин философиясына таянып субңективдүү идеализмди агностицизм духунда өнүктүрөт. Д.Юмдун философиясындагы негизги ой – факт туюмдар жана эмоционалдык кыйноолор аркылуу берилет.

Адамдар өздөрүнүн тубаса инстинктинин негизинде туюмдарга ишенет, буюмдардын жашап тургандыгына ишенет. Бирок, Д.Юмдун оюу боюнча инстинктивдүү ишенимди рационалдуу негиздөөгө болбойт.

Д.Юм материя түшүнүгүн сындоодо Беркли менен макул болот. Ал мындай дейт: «Материянын жашап турганын же жашабаганын далилдөө мүмкүн эмес». Мындан суроо келип чыгат: Материалдык субстанция жөнүндөгү биздин элестөөлөрүбүз кайдан келип чыгат? Бул биздин кабылдоолорубуздун себеби жөнүндөгү маселе менен байланышкан. Мисалы, лампа жөнүндө кыялдануу пайда болот, натыйжада «лампа» деп аталган материалдык обңект аныкталат. Д.Юм мындай дейт: «Сезимдик кабылдоо дүйнөсүнөн сырткары буюм дүйнөсү, материалдык субстанция жашайт. Субстанция идеясы дегенде акылга эч кандай туюмдар же сезимдер келбейт, ал ар түрдүү жана өзгөрүлбөс сапаттын кошулуш чекити катары кыялдануу болуп эсептелет».

Дэвид Юм үчүн материалдык же рухий субстанциянын кабылдоонун себеби катары жашоосу күмөн саноону пайда кылат. Биздин акыл, биздин Мен калат. Бирок биздин Мен эмнени билдирет? Мен – кандайдыр бир субстанция эмес. Д.Юмдун оюу боюнча акыл – биздин идеяларыбыздын, ойлорубуздун жыйындысы. «Акыл» ушуларды билдирген термин болуп саналат. Натыйжада таң каларлык дүйнөнүн картинасы келип чыгат, эч жерде обңект да, субңект да

жок, идеялар менен ойлордун агымы алынат. Бирок бул ойлордун агымы адамда, субһектте жүрөт. Субьектте ойлор бирдиктүү жана алардан психикалык уюшулмалар келип чыгат.

«Көңүлдөө калган из», таасир – бул туюмдар, эмоциялар (тынч абалдагы жана каттуу кыймылдагы), моралдык жана эстетикалык мүнөздөгү кыжалаттануулар. Ойлордон сырткары идеялар бар, алар – эстутумдун образы, кыялдануунун продуктысы, түшүнүктөр. «Бардык идеялар ойлордон копияланат». Идеялар ойлордун ассоциация болушунун жардамы менен түзүлөт, мындан сырткары татаал идеялар бар. Алар ойлор жана жөнөкөй идеялардын негизинде түзүлөт.

Д.Юм ассоциативдүү байланыштардын үч түрүн айырмалап көрсөтөт: окшоштугу боюнча, мейкиндик менен убакыттагы аралашуусу боюнча жана себеп-натыйжалык көз карандылыгы боюнча.

**Динди сындоо**. Менди субстанция катары тануу жанды танууга алып келген. Д.Юм биринчи кезекте динди сындайт. Ал диндин келип чыгышы жөнүндөгү маселени коөт.

Адамда толук бакытка жетүү каалоосу бар. Адамда бул ишке ашпаганда, анда канаттандырылбаган керектөөлөр келип чыгат, ал иллюзияларга, фантазияларга кайрылат. «Бакытка жана бактысыздыкка алып келүүчү себептер өтө эле ачык эмес белгиде жана өтө туруксуз, өзүнүн жеке тагдыры жөнүндө камкордук көрүү бизди аракеттенүүгө, себептер жөнүндөгү идеяларга алып келет. Биз «эң жакшы жолду таба албайбыз» - деп айтат Д.Юм. Натыйжада сурануу, сыйынуу практикасы келип чыгат. Фетишизм, андан кийин политеизм келип чыгат. Бул өз кезегинде монотеизм менен алмашат.

Д.Юм динге терс көз караште болгон. Ар кандай сыйынууга сынчыл көз караш менен караган. Дин адамдар үчүн пайдасыз эле болбостон, зыян да. Ал дайыма терс көрүнүштөрдү жанына алып жүрөт. Дин – адам жашоосундагы эң чоң жамандык, эгер адамдар диндик фанатизмден арылса, өздөрү жана анын тукумдары үчүн жыргалчылыкты алып келет. Бирок Юм диндин оң жактарын да көрө билген. Анын оюу боюнча дин моралдык нормалардын аракеттеги гарантиясы болуп саналат. Натыйжада 1761-жылы рим папасы католиктерге Юмдун чыгармаларын окууга тыюу салат.

**Д.Юмдун этикасы жана эстетикасы.** Д.Юмдун бир нече чыгармалары этика жана эстетикага арналган. Өзүнүн этикасында нравалык нормалар жана иш аракеттер ой жүгүртүүгө гана эмес,

интуиция жана сезимге таянат деген ойду айтат. «Моралдын эрежелери биздин акылдын жыйынтыгы эмес, биздин аракеттерибиздин баалуулугу акыл менен макулдукта турбайт». Д. Юмдун чыгармаларында төмөнкү үч мотив үндөшөт: гедонистик, утилитаристик, альтруистик.

1.Гедонистик – сезимдик канаттанууну чакырган нерселердин баарын жакшылык дейт, жамандык – бул азап-тозок, оору, кайгы-капа алып келген нерселер. «Жакшылык канаттануунун негизинде айырмаланат, жамандык – азап-тозоктун негизинде көрүнүп, ар кандай иш аракетти жаратат.

2.Утилитаристик – моралдык жакшылык болуп адамга, жалпы эле коомго пайдалуу болгон нерселер, моралдык жамандык – адамдарга зыян болгон нерсе. Пайдалуу нерсе канаттанууну алып келет, ал кыска эле убакытка созулбайт ал узак убакытта жана туруктуу болот.

3.Альтруистик – моралдык аспекте алганда жакшылык – адамдарга пайдалуу болгон нерселер. Д.Юмдун ою боюнча адамдарды социалдык инстинкт, симпатия, кыжалаттануу сезими бар, ал коллективизмге өтүп кетет. Адамдардагы бакытты туюп сезүү адамдын аң сезиминде кыжалатанууну пайда кылат.

Д.Юмдун эстетикасынын негизги милдети болуп сезимдерди, кыжалаттанууларды сүрөттөп жазуу эсептелет. Эстетикалык сезимдердин өзүн теориянын рамкасында анализдөө өтө кыйын. Д.Юм эстетиканы таанымдан алыста, өз алдынча тургандыгын негиздөөгө аракет жасайт. Анын оюу боюнча искусство үчүн таянып билүүчүлүк функция жашабайт.

Д.Юмдун ой жүгүртүүсүндө сулуулук аң сезимде гана жашайт. «Чыныгы сулуулукту же чыныгы көрксүздүктү издөө эч кандай жемишин бербейт».

Ошентип, Д.Юм XVIII-кылымда Англия философиясынын акыркы оргиналдуу философу. Анын философиясынын негизинде позитивизмге өтүү байкалган. Д.Юмдан кийин Англиядагы буржуазиялык философиялык ойлордун кулоо мезгили башталат.

**Француз агартуучулугу**. Франциядагы революциянын болор алдында Агартуучулук калыптанат. Ал феодализмге каршы багытталган коомдук-саясий агым. Анын өкүлдөрү коомдогу үстөмдүк кылып турган кемчиликтерди жок кылууга, анын нравасын, саясатын, турмуш-тиричилигин өзгөртүүгө жана жакшылык, адилеттүүлүк, илимий билимдерди жайылтууга аракет жасашкан. Агартуучулук алгач Францияда пайда болот жана ал Англияда, Германияда, Россияда, Польшада, Америкада жайылат.

Агартуу кыймылынын баштоочулары болуп Пьер Бейл жана Жан Мелье эсептелет. П.Бейл (1647-1706-жж.) динге ишенүүдө чыдамкайлыкты талап кылат. Табигый акылдын жардамы менен жаратылыш инстинктери жана адам эркинин аракет закондору адамды чыныгы моралга алып келет, ал диндик көз караштарга көз каранды эмес. Атеист адам нравалык касиеттерге ээ. Атеистердин коому, – П.Бейлдин оюу боюнча, – өздөрүнүн граждандык жана моралдык милдеттерин так аткарат.

П.Бейл ишеним менен акылды каршы коөт. Акылдын көз карашы менен айтканда рухий кутулуу жөнүндөгү догмат сынга туруштук бере албайт. Ал жандын өлбөстүгү жана эрктин эркиндиги жөнүндөгү окууга скептикалык көз караш менен караган. Ошондой эле ал субстанция, кыймыл жөнүндөгү философиялык окууларга да скептиктик көз караашта караган.

Ал эми Жан Милье (1664-1729-жж.) өзүнөн кийин «Менин осуятым» деген эмгегин калтырып кетет. Анда христиандык окууну сынга алат да, андагы көп сандаган келишпес пикирлерди, карама каршылыктарды белгилеп көрсөтөт. Анын сырынын ири предмети болуп кудай жөнүндөгү окуу жана дүйнөнүн кудай тарабынан жаратылгандыгы эсептелет. Ал кудай бытиесин четке кагат. Ж.Мелье Б.Бейл сыяктуу акыл менен ишенимди каршы коюп, динди четке каккан да атеистик жана материалистик дүйнөтаанымды чыныгы тааным деп эсептеген. Ал эми адам тарыхы азап-тозоктун тарыхы деп кабылданат. Ж.Милье идеалдуу коомдук түзүлүштүн картинасын сүрөттөп көрсөтөт. Адамдар жаратылышы боюнча баары тең, теңчилик коом – адептүү коом.

Француз Агартуучулугу XVIII-кылымдын экинчи чейрегинде калыптанган. Ал алдынкы көз караштагы табият таануучуларды, философторду, искусство кызматкерлерин, юристерди жана башкаларды өзүнчө бириктирген.

Агартуучулук кыймыл көп түрдүү, бирок жалпы белгилерге ээ. Бул феномен боюнча адамдар жаратылышы боюнча бирдей, адамдардын азап-тозоктору адашуулардан улам келип чыгат. Ошондуктан агартуучулардын оюу боюнча социалдык өнүгүүдө билимдин жана агартуучулуктун ролу чечүүчү мааниге ээ. Алар эркин ойлоону, адамдын өз алдынча ой-жүгүртө билүүсүн, өз алдынча чечим чыгаруусун жогору баалашкан. Өкүлдөрү ишенимге карата алганда акылдын ролун жогору баалашкан, чиркөөгө, абсолюттук бийликке каршы чыгып, илимий жана философиялык ой-жүгүртүүнү, көркөм чыгармачылыкты жогору баалашкан.

Француз агартуучулугунун көрүнүктүү өкүлдөрү болуп Вольтер жана Монтескье эсептелет.

Франсуа-Мари Аруэ-Вольтердин (1694-1778-жж.) философиялык көз караштары (1716-жылдан баштап өзүн Вольтер деп атаган) Дж.Локктун таасири астында калыптанган. Ал тубаса идеялар, тубаса принциптер жок деген жана Локктун гносеологиялык концепциясын жактаган. «Күмөнсүз, чындыгында биздин алгачкы идеябыз – туюмдар. Акырындык менен биз идея алабыз, алар биздин органдарыбызды дүүлүктүрөт; эс тутум кабылдоону кармайт. Андан кийин аларды жалпы идеялар аркылуу бөлүштүрөбүз. Мындай табигый жөндөмдүүлүктөн адамдын кеңири түрдөгү таанымы келип чыгат», – дейт.

Вольтер Берклинин концепциясына каршы чыгып, «чындыгында эле сырткы предметтер жашайт» деп белгилейт. Жаратылышты изилдөө процессиндеги бирден бир маанилүү ыкма болуп – байкоо жана эксперимент эсептелет. Ал философия менен табигый илимдердин союзун колдогон. Атом жөнүндөгү концепцияны колдогон. Материалдык телолор мейкиндикте жайгашкандыгы, тыгыздыгы, салмагы менен мүнөздөлөт, Материянын көп сандаган касиеттери бар. «Алар кыймылда жана аракетте болушат». Бардык материалдык телолордун кыймылы баш аламан эмес, ал жаратылыш законуна баш ийет. Анткени жаратылыш закону обңективдүү, аны эч ким буза албайт, ошондуктан жаратылышта «керемет» жок. «Себеби жок аракет жок, негизи жок жашоо жок, бул чыныгы философтордун биринчи прициби» – деген философ. Себептүүлүк принциби психиканын областына да таралат. Ал эми эркиндик адам каалоосунун аткарылуусунун мүмкүнчүлүгү. Ал мындай жыйынтыка келет: «Буттун жардамы менен баскан сыяктуу, биз мээнин жардамы менен ой жүгүртөбүз».

Вольтер философ катары коомдогу адам проблемасына көп көңүл бурат. Ал Паскальдын «адамдын эч нерсеге окшобогондугу» жөнүндөгү тезисине каршы чыккан. Ал адамдын таанып билүүчүлүк жөндөмдүүлүгүнүн чектелгендигин айтып, адам аз биле турганын жана анын билишинин чектери кеңейип тура турганын айтат.

Паскаль адам кудайга ишенүүгө муктаж: анын үстүнө кудай сүйүүнүн бирден бир предмети болуш керек дейт. Ал эми Вольтер болсо мындай дейт: «Сүйүү керек жана ал өтө назик болуш керек» - өзүңдүн мекениңди, аялыңды, атаңды, өзүңдүн балдарыңды сүйүү керек.

Вольтердин көз карашында «бардык жандыктардын ичинен адам эң бир жогорку калыптанган, бардык жашап жаткандардын арасында бактылуу жандык». Бирок адам жашоосунда жамандык да бар. Аны кантип түшүнсө болот, анын булагы кайсы? – деген суроо коөт. Вольтер жамандык проблемасын чечүүдө адегенде Лейбництин таасири астында болгон: Маңызында жамандык жашабайт, анткени кээ бир азап-тозок дүйнөлүк гармонияда сиңип жоголуп кетет, баары– жыргалчылыкка. Бирок Вольтер кийинчерээк бул концепцияга каршы чыккан.

Жамандык физикалык жана моралдык болот. Физикалык жамандык: ooру, майып болуу, өлүм – табигый себептерден улам келип чыгат. Моралдык жамандык: зордук-зомбулук, мыкаачылык, адилетсиздик, эзүү – адамдардын жаман оюунун негизинде келип чыгат.

Ошондуктан Вольтер адамдын активдүү ишмердүүлүк принцибин турмуш шарттарын жакшыртууга багыттоосун туура көрөт. Бир гана туруктуу, күжүрмөн тынч ишмердик адамдын жер бетиндеги жашоосун жакшыртат. Ушул гана физикалык жамандыкты азайтат жана моралдык жамандыкты жок кылат.

Вольтердин ой жүгүртүүсү боюнча бардык адамдар материалдык жактан жетиштүү турмушта жашаш керек. Ал феодалдык менчикке каршы болуп, буржуазиялык менчикти колдогон.

Вольтер динге каршы чыккан философ. Жалган идеялардын негизги булагы болуп чиркөө эсептелет. Бир гана монархтарга бийлик Кудай тарабынан берилет жана ошонун алдында гана жооптуу деп чиркөө жалган ойду берген. Мындан монархтын коомчулук алдындагы жоопкерчилигин четке какканын жана элдин керектөөлөрүн жокко чыгаргандыгын көрүүгө болот. Натыйжада Вольтер Христиандык клерикализмге катуу сокку урган. Анын

көптөгөн каттары динди жок кылуу идеясы менен аяктаган. Көп кылымдар бою чиркөөнүн үстөмдүгүнүн натыйжасында миллиондогон адамдар өлгөн. Вольтер мындай суроо коөт: «Нравалык принциптер адамдарга Кудай ачылышы тарабынан берилегенби же ал адамдардын өздөрү тарабынан иштелип чыкканбы?» Вольтер диндик концепциянын жаңылыштыгын белгилейт. Нравалык принциптер ар бир адамдын аң сезиминде турмуштук тажрыйбанын натыйжасында калыптанат. Адамдарда бирдей турмуштук керектөөлөр жана психофизиологиялык белгилер болот, аларда бирдей нравалык көз караштар калыптанат.

Нравалуулуктун фундаменти болуп төмөнкү принцип эсептелет: «Сага башка адамдар эмне кылуусун каалабасаң, башкаларга ошону жасаба», Вольтер боюнча чыдамкайлык – ишенүүнүн, ойдун жана сөз эркиндигинин негизи. Ал эми чиркөө нравалуулуктун булагы боло албайт. Бирок Вольтер кудайга ишенүү моралдын негизги таянычы болот деген.

**Вольтердин тарых философиясы**. Вольтер тарых философиясынын негиздөөчүсү. «Тарых – чындык катары берилген фактор жөнүндө аңгеме, жомокко каршы турат». Өткөн жөнүндө сын менен кароо зарыл. Өткөндү реконструкциялоодо тарыхчынын таянычы болуп адамдардын турак жайынын калдыктары, өндүрүш жана турмуш-тиричилик предметтери, искусство чыгармалары, курал-жарактар, илимий инструменттер, диндик ишенимдин аксессуарлары, жазма маалыматтар эсептелет.

Вольтер элдерди «тарыхый» жана «тарыхый эмес» деп бөлүүгө каршы чыгат. Ар бир эл акыл эстүү башкаруучулардын мээриминде өзүнө тиешелүү жогору өнүккөн цивилизацияны жаратат.

Коомдук түзүлүш закон системасы менен аныкталат, закон системасы закон чыгаруучулар тарабынан жаратылат. Бардык адамдардын тарыхый аракеттери ой пикирлер менен аныкталат, ошондуктан Вольтердин оюу боюнча адамдын рухий маданияттынын тарыхын түзүү негизги милдет болуп эсептелет. Бул материалдык маданиятты жаратуу дегенди да билдирет. Дүйнөлүк тарыхта туруктуу тенденциялар аракеттенет: адамдардын бакытка умтулуусу, адам акылынын чыныгы идеяларды иштеп чыгуу жөндөмдүүлүгү. Ошондуктан тарых – бул алгачкы жапайычылыктан биздин мезгилдеги цивилизацияга болгон кыймылы, башкача айтканда, прогресс.

**Жан-Жак Руссо** (1772-1778-жж.) – француз агартуу философиясынын көрүнүктүү өкүлү. Ал 1712-жылы саат оңдогучтун үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Жаш кезинен эмгектенүүнү баштаган. 1728-жылы Женевадан качып кетип, лакей, музыка мугалими болуп иштеген. Ал Декарт, Лейбниц, Мальбранш, Локк, Вольтердин философиялык чыгармаларын окуган. 1741-жылы Руссо Парижге келген да нота жазуу, адабий ишмердүүлүк менен алектенген, Дидронун «Энциклопедиясы» менен кызматташ болгон.

1750-жылы алгачкы чыгармасы жаралат. Андан кийин «Теңсиздиктин себеби жөнүндө» (1754), «Юлия, же жаңы Элоиза» (1761), «Коомдук келишим жөнүндө же саясий укуктун принциптери» (1762), «Эмиль же тарбиялоо жөнүндө» (1762) жаралган. Руссонун радикалдуу саясий көз караштары бийлик тарабынан аны куугунтуктоого алып келген. Ал Швейцарияга качууга аргасыз болот. «Эмиль же тарбиялоо жөнүндө» деген чыгармасы Париж парламентинин чечими менен өрттөөгө буйрулат.

Швейцарияда Руссо реакционерлер тарабынан куугунтукка алынат. Женеведа туруусуна тыюу салынат. 1776-жылы Юмдун чакыруусу менен Англияга келет. Бул жерде ал өзүнүн ири көлөмдөгү автобиографиялык «Өз оюн ачык жазуу» чыгармасын баштайт, бирок ал ошол эле жылы өлөт.

Жан-Жак Руссо – тарых философу, моралист, педагог жана психолог болгон. Аны түйшөлткөн эң негизги маселе – жамандыктын булагы жөнүндөгү проблема, теңсиздик проблемасы.

Эгерде башка агартуучулар күнөөнү жаман закон чыгарган закон чыгаруучулардан издесе, Руссо адамдар өздөрүнүн ишмердүүлүгүндө өздөрүн боштондукка жана азап-тозокко алып келишти деген ойду айткан. Ал айтат: «Адам! Сырттан күнөөкөрдү издебе, ал күнөөкөр сен өзүң». Коомдо прогресс бар, бирок ал карама каршылыктуу. Адамдар өздөрү, адамдардын каалоолору, кулдукка алып келет жана жамандык кылат. Ал өзүнүн «Теңсиздиктин себеби жөнүндө» деген чыгармасында теңсиздиктин келип чыгышы жана цивилизациянын кемчиликтерине жооп берүүгө аракет жасаган.

**Теңсиздиктин проблемасы**. Руссо физикалык, саясий жана мүлктүк теңсиздикти көрсөткөн. Физикалык теңсиздик жаратылыштан келип чыгат, аны жок кыла албайбыз. Саясий теңсиздик коомдогу сословиялык абал жана юридикалык привилегиялар менен байланышкан. Аристократтар жакшы турмушта,

ал эми эл массасы зарыл нерселерге муктаж абалда. Руссо ошол цивилизацияны теңсиздик цивилизациясы деп, аны сындаган.

«Гипотеза» катары Руссо адамдардын алгачкы табигый абалы жөнүндөгү ойду сунуштайт. Бул абалды адамдар мүлк жагынан тең болгон. Адамдар эркин, бири-бирине көз карандысыз жашайт, закондоштурулган жеке менчик жок, саясий турмуш да жок. Ар ким өзүнүн кызыкчылыгы менен алекте кошуналар ортосунда уруш-талаш жок, жер байлыгы баарына жетет. Табигый абалдагы мүнөздүү белги болуп нравалык жактан адамдардын бузулбагандыгы эсептелет.

Руссо суроо коѳт: «Табигый абалдан граждандык, теңсиздик абалга кантип өттү? Адамдын «калыптанууга» болгон жөндөмдүүлүгү жана калктын өсүшү адамдарды жашоо каражаттарынын запасын топтоого, куралдарды ойлоп табууга, отурукташкан жашоого өтүүсүнө мажбур кылды. Чарбалык турмуштагы өзгөрүүлөр адамдарды жеке менчик жүргүзүүгө түрткү берген.

Жеке менчик келечектеги граждандык коомдун негизги жана мүлктүк, саясий теңсиздиктин келип чыгышынын себеби болгон. Жеке менчиктин пайда болушунун натыйжасы – адамдардын бай жана кедейлерге бөлүнүшү. Теңсиздиктин биринчи баскычы ушундай болгон. Жеке менчик мамлекеттин келип чыгышынын булагы болуп эсептелет.

Мамлекеттин негизинде, Руссо боюнча аң сезимдүү план, келишим турат. Антагонизмден кутулуу жана граждандык тынчтыкты орнотуу үчүн «байлар» «кедейлерге» мамлекеттик бийликти уюштурууну сунуш кылышкан. Мамлекет келишим түзүү жолу менен келип чыккан, башкача айтканда, коомдук келишимдин негизинде пайда болгон. Мамлекеттин закондору жеке менчикти биротоло бекемдеген, көпчүлүк адамдарды эмгекке, кулчулукка, жакырчылыкка тарткан. Байлар менен кедейлердин ортосундагы каршылык жаңы каршылык менен толукталган – үстөмдүк кылуучу жана көз карандылардын ортосундагы каршылык. Бул теңсиздиктин экинчи баскычы.

Теңсиздиктин үчүнчү баскычы укуктук бийликтен деспоттук бийликке өтүү. Мамлекетке кызмат кылган башчылар эми өздөрүн мамлекетке карата менчик ээси катары карап калды. Деспотизм элге жана закондорго чейин жайылды. Бул теңсиздиктин жогорку баскычы алгачкы абалга алып келет: мында адамдардын бардыгы бирдей абалга келет, деспоттун алдында алар эч ким эмес.

Ошондуктан Руссо деспотизмге каршы курал менен чыгуу укугун негиздейт. Ал элдик суверенитет идеясын сунуштайт. Мамлекеттеги

бийлик дайыма жана бардык жерде элге таандык болуш керек. Өкмөт бийликти адамдардын колунан тапшырма катары алат, ошондуктан, өкмөт элдин эркине дал келе тургандай башкарыш керек. Эгерде өкмөт ошол эркти бузса зордук менен кулатууга татыктуу. Коомдук келишимди бузган кезде аны жоюу зарыл, анын негизги каражаты – революция.

Руссонун «Коомдук келишим жөнүндө» деген трактаты мындай сөздөр менен башталат: «Адам эркин төрөлөт, бирок ал бардык жерде басылып турат». Бул адамдар жамандыкты жеңил, эркиндикке жетишүүсү зарыл экендигин билдирет. Руссонун саясий идеалы – республика. Закон менен башкарган ар кандай мамлекеттин башкаруу формасы республика болуш керек. Башкаруунун конкреттүү формалары мамлекеттин өлчөмүнө байланыштуу: Кичине мамлекеттерде демокртия мүмкүн, чоң мамлекеттерде – монархия ылайыктуу. Келечекте идеалдык мамлекетте «граждандык эркиндик жана жеке менчик укугу болушу керек. Бирок Руссо андан ары мындай дейт: «Эркиндик теңдиксиз жашабайт». Мындан төмөндөгүдөй жыйынтык келип чыгат: Байлыкты башкарыш керек, четки баскычтарын жакындаштыруу зарыл, өтө өткөн бай же өтө кедей болбош керек». Бул майда буржуазиялык утопия, бирок бул өз мезгилиндеги революциялык ой болуп эсептелет.

Майда жеке менчиктен Руссо коомдук тартиптин негизин көргөн. Руссо самаган, идеал кылган мамлекет акыл үстөмдүк кылган коом катары кабылданган.

Философиялык көз карашында Руссо деистик позицияда турган. Ал бир жагынан официалдуу динге каршы чыккан, экинчи жагынан атеизмге каршы турган. Анын ой-жүгүртүүсүндө кандайдыр бир эрк, «жогорку акыл» бар, ал Ааламды кыймылга келтирип, жаратылышты жандандырат.

Руссо боюнча түбөлүк болгон эки башбашталыш – кудай жана материя бар. Бирөө активдүү, экинчиси пассивдүү жана өзгөрүлүүнүн обьектиси. Ошондой эле ал мындай дейт: Кудай материяны жараткан эмес жана аны жок кыла албайт. Адам жаратылышы эки жактуу: ал телодон жана жандын биримдигинен турат. Таанып билүүдө Руссо сезимдерге чон маани берген. Сезимдер гана күмөнсүз чындыкты берет. Ал эми ой жүгүртүү адашууларга алып келет. Руссо динге каршы чыкканы менен башка динди сунуш кылган. Ал дин храм, ырым-жырымы жок моралдык жана граждандык милдеттерди алып жүргөн дин болуш керек деген ойду билдирет.

**Табигый тарбиялоо концепциясы**. Руссо жаңы доордогу педагогиканы реформалоочулардын бири. Анын педагогикалык концепциясынын негизинде табигый тарбиялоо жөнүндөгү идея турат. Ал жаратылыштын үнүн укканга, баланын натурасын зордук-зомбулук кылбоого, ага толук кандуу личность катары мамиле жасоого чакырган. Тарбиялоонун максаты – эркин жана бүтүндөй толук кандуу адам личностун калыптандыруу. «Эмиль, же тарбиялоо жөнүндө» деген эмгегинде Руссо адамдар коомдо жашап туруп, бардык жакшы нерселерди бузушат, ал жаратылыш тарабынан түзүлгөн, ошондуктан балдарды жаман коомдон бөлүп алып тарбиялоо керек (жаратылыш менен баланы жалгыз коюп гана). Руссонун тарбиялоо концепциясы феодалдык мектепке, анын чиркөө алдындагы багынуусуна каршы багытталган. Анын ой-жүгүртүүсүндө адам жаратылышы боюнча ак көңүл жана ушуну өнүктүрүүгө жардам бериш керек. Ал адам жана гражданды тарбиялоо милдетин койгон, аны турмушка даярдоо, андагы чынчылдыкты, өз алдынчалыкты, адептүүлүктү өнүктүрүү негизги милдет.

Баланын жашоосунун ар бир мезгилинде тарбия берүүчү белгилүү таасир тийгизүү жемиштүү болуш керек:
- биринчи мезгилде дене түзүлүшү жактан өнүктүрүү керек,
- андан ары акыл жөндөмдүүлүктөрү өнүктүрүлөт,
- акырында нравалык түшүнүктөрдү камтыйт.

Руссо жекече тарбиялоонун маанисин баса көрсөткөн. Тарбиячыга терең урматтоону талап кылган. Ошондой эле экөөнүн ортосунда өз ара рухий таасир этүү болушу керектигин белгилейт. Эмгек тарбиялоочу чоң мааниге ээ, акыл жана нравалык өнүгүүнү айкалыштыруу зарыл, ал эмгекке болгон ыкмаларын өнүктүрөт.

Руссо искусстводо сентиментализмдин көрүнүктүү өкүлү болгон. Художниктин обьектиси болуп жөнөкөй кадимки адамдардын сезимдери эсептелет.

Ошентип Жан Жак Руссо XVIII-кылымдагы буржуазиялык революциянын идеялык даярдалышына чоң салым кошкон. Робеспьер, Сен-Жюст жана Марат өздөрүн анын окуучуларыбыз деп эсептешкен. 1789-жылдагы адам укугунун жана граждандарынын Декларациясы жана 1793-жылдагы Конституциянын теориялык негизи болуп Руссонун көз караштары кабыл алынган.

**Француз материализми.** Агартуучулардан айырмаланып XVIII-кылымдагы ойчулдар болуп эсептелген Ламетри, Гельвеций, Дидро,

Гольбах туруктуу материалисттер жана атеисттер болушкан. Алардан көз караштары XVIII-кылымдын 30-40-жылдарында калыптанган.

**Жюльен Офре де Ламетри** (1709-1751-жж.) Сан-Мало деп аталган порттук шаарда купецтин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Бала чагында диндик көз караштa тарбияланган, бирок 16 жашта теологиялык билимден баш тартып, энесинин макулдугу менен врач болуу мүмкүндүгүнө жетишет. Парижде медициналык факультетти аяктагандан кийин Голландиялык шаар болгон Лейденде иштөөгө кетет. Бул жерде белгилүү врач Г.Бургаве эмгектенген, 1735-жылы Францияга келип 8 жыл өзү туулган шаарда врачтык кесипте эмгектенет, бир нече эмгеги жарыкка чыгат. Андан кийин Парижге келип королдук гвардиянын врачы ызматына ээ болот.

Ламертинин философиялык ишенимдеринин калыптануу жолу психико-физиологиялык процесстер менен шартталганын белгилеп кетүү зарыл. 1745-жылы псевдоним менен «Жандын табигый тарыхы» деген эмгегин жарыялайт. Анын автордугу билинип, өзү куугунтукка алынат, кызматынан бошотулат, китеби өрттөлөт. Ал Голландияга качып кетет.

1747-жылы Ламерти «Адам – машина» деген эмгегин жарыкка чыгарат. Анда материализм бирден бир туура философиялык багыт экенин, спиритуализмге (башкача айтканда идеализмге), динге каршы экендиги айтылат. Мындан сырткары ал «Адам – өсүмдүк», «Анти Сенека, же Бакыт жөнүндө ой толгоолор» жана башка эмгектерин жараткан.

**Дени Дидро** (1713-1784-жж.) Лангре шаарында бай кол өнөрчүнүн үй-бүлөсүндө туулган. Атасы анын дин кызматкери болуусун каалаган. Адегенде Дидро жергиликтүү Иезуит мектебинде, андан кийин Парижде колледжде окуган. Андан кийин Дидронун дүйнө таанымында чоң өзгөрүш болот. Дин кызматкери болуудан баш тартып, атасынын юрист жана врач бол деген сунушун да четке кагат. Натыйжада материалдык жактан колдоодон ажырап калган. Дидро 10 жыл өзүнүн жеке жашоосу үчүн гана иштеп келген. 40-жылдардын башында ал Руссо менен таанышат, анын натыйжасы достукка алып келет.

Алгачкы чыгармасы «Философиялык каттар» (1746) деп аталып христиан динине каршы туруп, деисттик позицияда жазылат. Бул эмгеги өрттөлөт. 1749-жылы анонимдүү түрдө чыккан «Көрүүчүлөргө арналган сокурлар жөнүндө кат» басмадан чыгат. Бул чыгармасында Дидро атеизм позициясына өткөнүн жазган. Ал камакка алынып

Венсен замогунда 3 ай түрмөдө жатат. Бул чыгармасы анонимдүү чыккандыктан аны бошотушат, анткени далил жок эле, анын үстүнө достору, анын ичинде Вольтер жардамдашышкан.

Акыркы жыйырма жылда Дидро «Энциклопедия, же илим, искусство жана кол өнөрчүлүктүн түшүндүрмө сөздүгүн» басмадан чыгаруу менен алектенет. 1751-1790-жылдары анын 35 тому жарыкка чыгат. Анын 28 тому Дидронун редакциясы менен жарыкка чыгат. Ал өзүнүн Энциклопедиясына агартуу өкүлдөрүн, табигый илим изилдөөчүлөр, адабиятчылар, экономистерди тарткан. Анын оюу боюнча системалуу түрдөгү билим коомдук чындыкты өзгөртүүгө алып келет.

Дидро бир топ философиялык чыгармаларды жараткан. «Жаратылышты түшүндүрүү жөнүндө ойлор», «Д.Аламбердин Дидро менен болгон аңгемеси» жана башкалар. Бул эмгектери ал өлгөндөн кийин жарыкка чыккан. Дидро 1773-жылы Екатерина IIнин чакыруусу менен Россияга келген да, 1774-жылдын жазына чейин болгон.

Ал өмүрүнүн акыркы он жылын Парижде өткөргөн. Атеистик көз караште туруу менен чиркөөгө каршы болуу көз карашында туруп дүйнөдөн кайткан.

**Клод Адриан Гельвеций** (1715-1771-жж.). Парижде эшик алдындагы врачтын үй-бүлөсүндө туулган. Ал иезуиттик колледжде окуп жүргөн мезгилинде Локктун «Адам акыл жөндөмү жөнүндө тажрыйба» деген эмгегин окуп чыгып материалисттик сенсуализмдин жактоочусу болуп калган. Анын атасы Клодду Кан шаарына налог ишканасынын чиновниктик карьерасына даярдыкка жиберет. Окуу менен бирге ал адабият жана философияга көп убактысын бөлгөн. Вольтер жаш Гельвецийдин адабий-драмалык тажрыйбасына чоң маани Берген.

1738-жылы Гельвеций башкы налог чогулкуч кызматына ээ болот. Гельвеций иштеп жүрүп Франциядагы жумушчулар оор абалда жашап жатканын көрөт. Ал салык чогултуудагы адилетсиздикти жана законсуздукту жок кылууга аракет жасайт. Ушуга байланыштуу Гельвецийдин социалдык-философиялык проблемага болгон кызыгуусу күчөйт, 1751-жылы ал бул кызматынан баш тартат.

Гельвеций көптөгөн терең ой жүгүрткөн адамдарды бириктирген салон ачат, 1758-жылы «Акыл жөнүндө» деген эмгегин жарыялайт. Париж парламенти аны өрттөөгө буйрук кылат. 1770-жылы Гельвеций «Адам жөнүндө» деген чыгармасын аяктайт, бирок ал китебинин

келечектеги тагдырын ойлоп, жарыкка чыгарган эмес. Ал өлгөндөн кийин гана басмадан чыгат.

**Поль Анри Тири** (**Гольбах** фамилиясы эне тарабынан абасынын атынан алынган, 1723-1789-жж.) Германияда төрөлгөн. Ал абасы менен чогуу Парижге келген. Ал ири соодагер болгондуктан Полго ири көлөмдөгү байлыкты калтырган (жылдык киреше 60 миң ливр болгон).

Гольбах жогорку билимди Лейден университетинен алган. Ал химияны окуган. 25 жашында Парижге келип Дидро, Руссо, Гельвеций менен жакындашат, «Энциклопедияда» эмгектенип 375 статья жазган.

6 жыл бою Гольбах анонимдүү жана башка ат менен 10 ири атеисттик чыгармаларын жараткан, аны XVIII-кылымдын ири атеиси деп атаса болот.

Гольбахтын ири философиялык чыгармасы – «Жаратылыш системасы» 1770-жылы жарык көрөт. Анда жыйынтыкталган түрдө Гольбахтын жана башка бардык француз материалистеринин көз караштары чагылдырылат. Китеп Амстердамда басмадан чыгат, бирок титулдук барагында Лондон деп көрсөтүлүп, автору маркум Марабо деп жазылат. Бул китеп бат эле жалпы европалык белгилүү чыгарма болуп калган. Бул Париж парламенти тарабынан өрттөлүүгө буйрулат. Гольбах анын автору экендиги ал өлгөндөн кийин ачыкка чыгат.

Философиялык позициялары боюнча француз материалисттери бирдиктүү мектепти түзүшкөн. Ошондуктан алардын көз караштарын бирдиктүү окуу катары кароого болот. Төмөндө биз алардын негизги окууларын сунуштайбыз.

**Онтология.** Француз материалистери жаратылыш түбөлүктүү, ал жаратылбаган деген ойду айтышат. «Жаратылыш кандайдыр бир буюм, нерсе эмес; ал дайыма өзүнчө эле жашап келген; анын негизинде баары жаралат; ал – өтө чоң өнөркана, бардык материалдар менен жабдылган; ал өзү курал жарактарды даярдайт, алар өзүнүн аракетинде колдонулат; бардык буюмдар анын энергиясынын жана күчүнүн продуктысы же себепчиси, алар аракетти жаратат жана кыймылга алып келет» (Гольбах). Теологдор менен болгон талаш-тартышта материалисттер төмөнкүдөй ойду билдиришет: «Биз айтып жаткан жаратылыштан айырмаланып турган жана анын үстүндө турган жандыктар элес бойдон калат».

Ал эми материя болсо реалдуу жашайт, «майда бөлүкчөлөрдөн» жаралган материалдык телолордун чексиз көп түрүнөн турат. Ал телолор мейкиндикте туруп кыймылда, бөлүнөт, салмакка ээ, инерция күчү бар». Ошондуктан материя – биздин сезимдерибизге таасир эткен бардык нерселер; ошондой эле ар түрдүү буюмдарга таандык болгон сапаттар (Гольбах). Материяга онтологиялык аспект да таандык; «Материя – кандайдыр бир жылдыз эмес, жаратылышта телолор деп аталган индивиддер бар, жана материя деп бардык телолорго таандык болгон касиеттердин жыйындысы деп түшүнсөк болот (Гельвеций).

Француз материалистеринин оюу боюнча кыймыл – атрибут. Дидро деизимге каршы чыгып мындай дейт: «кыймыл – материянын башкы жана ажырагыс касиети». Ал эми Ламерти болсо «материя жандандыруучу жана кыймылдаткыч күчтү өзүнө камтып турат» дейт. Гольбах болсо «Бардык жаратылыш үзгүлтүксүз кеңейүү, аралашуу, өз ара алмашуу, молекулалардын кыймылынын негизинде жашап жана сакталып турат» деп айткан.

Кыймыл материянын модификациясынын бардык формаларынын булагы. Кыймылдын ар түрү бар. Биринчи кезекте молекула деңгээлиндеги кыймыл. Андан сырткары массалардын кыймылы, телолордун аралашуусу, химиялык жана биологиялык процесстер жүрүп турат. Кыймыл белгилүү турмуштук тажрыйбасынын жыйындысы болуп саналат. Гельвецийдин оюу боюнча «физикалык сезимдүүлүк» - тубаса жөндөмдүүлүк, натыйжада «өзүңө болгон сүйүү» пайда болгон. Андан «кызыгуу» жана «умтулуу» өсүп чыгып, личность калыптанат.

Гельвеций личносттун калыптанышындагы тарбиянын ролун баса көрсөтөт. Биз баарынан мурда тарбияга милдеттүүбүз. Тарбиялоо кеңири мааниде колдонулат: Бул атайын уюшулган педагогикалык процесс эмес, жаш адамды мамлекеттеги башкаруу формасы, достору, курчап турган адамдар, окуган китептери, болгон окуялар тарбиялайт. Дидро айтат: «Тарбиялоо көп несении түшүндүрөт». Адамдын көрүнүшү тарбиялоодон сырткары «физикалык жактан уюштурулушунан», анын тубаса кызыгууларынан байкалат. Кызыгуулар, Гельвецийдин оюу боюнча үч түрдө:

1) индивиддердин кызыгуусу (жеке кызыгуу),
2) адамдардын группасынын кызыгуусу («уюмдардын кызыгуусу»),

3) коомдун кызыгуусу. Эң негизги проблема болуп – кызыгуулардын дал келүүсү, адилеттүүлүктүн ченеми болуп кызыкчылыктардын дал келүүсү эсептелет.

Француз материалисттери социалдык-саясий жана атеисттик көз караштарын да чагылдырып бере алышкан. Мындан ошол кездеги прогрессивдүү ой пикирди көрүүгө болот.

## Немецтик классикалык философия

XVIII-кылымдын экинчи жарымы XIX-кылымдын башында Германия өзүнүн өнүгүүсүндө Англия жана Франциядан артта калган. Немец буржуазиясы көптөгөн себептерге байланыштуу алсыз болгон жана феодализм менен ачык күрөшүүнү ойлогон эмес. Ал эл массасынын активдүүлүгүнөн корккон. Бирок буржуазия феодалдык мамилелерден кутулууну ойлогон. Буржуазиянын мындай эки жактуулугу немец философиясында чагылдырылган, андан консервативдүү жана прогресивдүү жактарды көрөбүз. Бул мезгилдеги Германиядагы философия көп жагынан XVIII-кылымдагы француз философиясына окшошуп кетет. Анын негизи болуп абсолюттук бийликти, сословиялык артыкчылыктарды сындоо жана коомдогу мүчөлөрдүн граждандык укуктарын негиздөө эсептелет.

Немецтик классикалык философиянын негиздөөчүсү болуп **Иммануил Кант** (1724-1804-жж) эсептелет.

Иммануил Кант – немец философу жана окумуштуу, немецтик классикалык философиянын баштоочусу. Кенигсберг шаарында туулуп, ошол жерде жашаган жана иштеген. Кенигсберг университетинин доценти, профессору, болгон, ректору да болгон.

Канттын философиялык көз карашы эки мезгилден турат: - «Сынга чейинки» («докритический») 1770-жылга чейин жана «сынчыл» («критический»). И.Кант планеталардын пайда болуусунун космоногиялык божомолун иштеп чыккан. Бул божомолунда планеталар системасынын пайда болушу, эң биринчи тумандуулуктан башталат, б.а. эбегейсиз чоң диффузияланган нерселерден келип чыгат. Бул, ошол убактагы Коперниктен кийинки астрономиянын жетишкендиги болгон. Бул пикир табияттын жаралуу тарыхы жок деген пикирге сокку урган.

И.Канттын «Сынчыл» мезгилиндеги негизги философиялык чыгармалары болуп: «Таза акыл-эсти сындоо» («Критика чистого разума»), «Практикалык акыл-эсти сындоо» («Критика практического

разума»), «Ой жүгүртүүнүн жөндөмдүүлүгүн сындоо» («Критика способности суждения»). И.Канттын оюу боюнча таанып билүү «өзүнчө нерселердин» («веүи в себе») биздин сырткы сезүү органдарыбызга тийгизген таасиринен жана аны кабыл алуубуздан башталат. Бул көз карашында И.Кант материалист. Бирок таанып билүүнүн түрлөрү жана анын чеги жөнүдөгү пикири боюнча ал идеалист жана агностик. Башкача айтканда, И.Кант биздин түшүнүгүбүздө, элесибизге бизден көз карандысыз, бизден сырткары жаткан кандайдыр бир нерселер – «өзүнчө нерселер» дал келет дегени анын материалисттик позициясы. Ал эми И.Кант – ошол «өзүнчө нерселер» («веүи в себе») тигил жактык (потустороний), аны таанып билүүгө болбойт дегени – идеалисттик көз караш. Ошондуктан, И.Кант философия илиминин тарыхый өнүгүшүндө «агностиктик» окуунун өкүлү катары белгилүү болуп калган. «Агностик» деген грек сөзү, кыргызча – жок билбейм, б.а. таанып билүүгө болбойт дегенди түшүндүрөт. Агностицизм философияда ушундай терс мааниде колдонулуп келе жатат.

И.Канттын мындай көз карашы – эки жактуулугу – ал немец буржуазиясынын, анын саясий жактан биримдиги жок, феодалдардан көз карандылыгын чагылдырган.

И.Канттын «нерселердин өзүнчө болуусу» («веүи в себе») деген окуусу, философиялык көз карашы, анын бардык үч сынынын негизин түзөт. И.Кант, боюнча «нерселердин өзү үчөлүгүн» эч качан таанып билүүгө болбойт, ал нерселер, алардын купуя сыры, биз үчүн кол жеткис ошондуктан алардын сырын билүүгө болбойт деп айткан. Ал эми табият «биз үчүн нерселер» - («веүи для нас») бөлүгү биз үчүн кол жетип, аны таанып билүүгө болот деп ырастаган.

И.Канттын философия тарыхындагы дагы бир өзгөчө орду бул анын антиномиясы – (гр. antinomia – эки жактын карама каршылыгы, бирок эки жагы тең бирдей далилге ээ болушу). И.Канттын оюу боюнча карама каршы болгон эки жак тең барабар түрдө далилденет. Айтсак, аалам, дүйнө чектүү, бүтөт жана ал чексиз, бүтпөйт; бөлүнгүс майда бөлүкчөлөр (атомдор) бар жана андай бөлүкчөлөр жок; кандайдыр бир сөзсүз нерселер бар – жана андай нерселер жок. Же болбосо адам бир эле мезгилде эркин эмес жана эркин; Кудайдын болушун далилдөөгө болот, ошол эле мезгилде далилдөөгө болбойт ж.б.у.с. анын философиялык оюу – бул анын диалектикалык оюнан кабар берип турат.

И.Канттын философиялык ой жүгүртүүсү философия илиминде чоң орунга ээ, ал өзүнөн кийин көптөгөн анын көз карашын улантуучуларды пайда кылды.

**Иоганн Готлиб Фихте** (1762-1814-жж.) кол өнөрчүнүн үй бүлөсүндө төрөлгөн. Ал Йен, Лейпцигде окуган, андан кийин бай адамдардын үйүндө сабак берген. 28 жашында ал И.Канттын эмгектери менен таанышат. Анын анонимдүү түрдөгү «Ар кандай ачылышты сындоо тажрыйбасы» чыгармасын И.Канттын эмгеги катары кабыл алышкан. 1794-1799-жылдары Фихте Йен университетинде профессор болуп эмгектенген, атеизмди жайылткандыгы үчүн андан куугунтукталган. 1800-жылдан баштап Берлин университетинде иштей баштаган, 1810-жылы биринчи шайлоо жолу менен болгон ректор болуп эсептелет.

Фихте өзүнүн философиялык окуусун «илим жөнүндөгү окуу» («Илим окуусу») деп атаган. Ал 1794-жылы студенттер үчүн «Бардык илим жөнүндөгү окуунун негизи» деген окуу куралын чыгарган да анда «бардык илимдердин илимин» түзүү милдетин койгон. Илим жөнүндөгү окуу жеке предметтер божомолдогонду негиздеш керек, башка илимдер таянган шарттарды аныкташ керек.

**Эң биринчи абал – «Мен-бармын».** Фихтенин оюу боюнча барынан мурда биринчи абалды табыш керек, андан бардык башка нерселер чындык экенин алат. Мындай алгачкы абал болуп «Мен бармын» эсептелет. «Мен» адамдагы өздүктү билдирет, ал башталыш. «Мен» өзүнө өзү окшош экенин билдирет: Мен = Мен. Ошондуктан илим жөнүндөгү окуунун абсолюттук негизги абалы бул формула менен берилет: «Мен өздүк жеке алгачкы бытиени аныктайт».

Мен индивидуум жана Мен өздүк аң сезимдин ортосунда айырмачылык бар. Мен индивид катары сырткы себептердин таасири астында келип чыккан. Ал эми Мен өздүк аң сезим, рухийлик катары да көрүнөт. Өздүк аң сезим – башка эч ким мен үчүн аткара албаган иш, менин жеке ишим, менин бытиемдин тереңдиги, өзгөрүлүүсү. Ошондуктан ошол аракетти, өздүк аң сезимди чечүү зарыл. Фихте мындай чакырык жасайт: «Өзүңдүн Мениңди ары жылдыр да, өзүңдү аңда, өз алдыңча болууну каала».

**«Мен мен эмести аныктайт».** Ар кандай ишмердүүлүк анын алып жүрүүчүсүн гана эмес, предметти, анын каршысын аныктайт. Мен биринчи аныкталат, ушул Менге гана багыталат. Мендин экинчи аракети (Өзүн өзү аңдап билгенден кийин) – өзүнө каршы турганды

коюу. Мындан илим жөнүндөгү окуунун экинчи формуласы келип чыгат: «Мен – Мен-эмести аныктайт».

Мен-эмес Менсиз жашабайт. Субьект бар жерде обьект бар. Обьект – бул аң сезимдин өзүнө каршы коюлушу жана өзүн айырмалайт. Ошондуктан обьект Мендин шартында Мен-эмес катары кабылданат. Бул айтылганды Фихте мындайча сүрөттөйт. Сезимсиз (сезимдик Мен) сезим дүйнөсү жок. Угуу сезимин алып салсаңар дүйнө унчукпайт, чагылган жаркылдайт, үнү жок, угулган дүйнө жашабайт. Көздү алып салсаңар Көрүнгөн дүйнө жок. Акырында өздүк аң сезимди же Менди алып салгыла жана Мен-эмес андан ары жашабайт.

**«Мен өзүн жана өзүнүн каршысын аныктайт».** Бул илим жөнүндөгү окуунун кийинки кезектеги кадамы. Мында биринчи жана экинчи формуласы синтездешет. Бирок бул абал карама-каршылыктуу. Карама каршылык өз ара аныкталуу категориясында чечилет. Өз ара аныкталуу деген бул – Мен Мен-эмести аныктайт жана Мен-эмес Менди аныктайт. Анткени Мен Мен-эмести аныктайт, ал ишмер, практикалык мүнөздө. Ошол эле учурда Мен Мен-эмес аркылуу аныкталат, Мен-эмес – элестетүүчү же теориялык дегендик. Ошондуктан илим жөнүндөгү окуу эки аспектиден көрүнөт – практикалык жана теориялык.

Теориялык илим окуусу Фихтенин оюу боюнча Мендин өнүгүүсү, рухтун тарыхы жөнүндөгү окуу. Биринчи баскычта Мен туюп сезет, экинчисинде – аңдап билет жана кыялданат, үчүнчү баскычта ой жүгүртүүчү ишмердүүлүк башталат, бул – ой, ой жүгүртүү, акыл жөндөмдүүлүгүн камтыйт. Теориялык илим окуусунда Фихте таанып билүү жөнүндөгү түшүнүгүн билдирет.

Практикалык илим окуусу «Мен Мен-эмеске кантип себеби болот, Мен-эмес деген эмне?» деген суроого жооп бериш керек. Фихте минтип жазат: «Эгерде илим окуусуна буюм деген эмнени билдирет деген суроо коюлса ага мындайча жооп бериш керек: «Буюмдарды биз кандай кылышыбыз керек болсо ошондой деп түшүнүү». Ал кантип жүрөт? Фихте кыялдануу жөнүндө айтат, ал аң сезимсиз түрдө обьектилерди жаратат. Продуктивдүү кыялдануу сезимдик ой, ойлом, ой жүгүртүү аркылуу иштелип чыккан аң сезим болуп эсептелген материалды берет. Чыгармачыл-Мен Мен-эмести – жаратылыш жана адам маданиятынын дүйнөсүн – аныктайт.

Практикалык илим окуусуна, Фихтенин оюу боюнча, эркиндик, мамлекет жана укук, нравалуулук жөнүндөгү окуу кирет.

**Адамзат прогресси жана илим.** «Жер бетиндеги адамзаттын максаты – эркин жана акылга ылайык бардык мамилелерди түзүү». Адамзаттын прогресси, Фихтенин оюу боюнча, илимдин өнүгүшүнө көз каранды. Окумуштуулардын максаты, алардын милдети жөнүндөгү Фихтенин ой жүгүртүүлөрү көңүл буруунга татыктуу. Ар кандай доор өткөндөн белгилүү бир сандагы илимий билимдерди өзүнө мураска алат. Аны сактоо, көбөйтүү жана жайылтуу зарыл. Окумуштуулар бул баалуулукту сактоочулар. Алар доордун маданиятынын архиви, бирок ал архив жансыз эмес, ал өсүп, бекемделип жана өнүгүп туруш керек. Ошондуктан окумуштуунун биринчи милдети болуп маданиятты тарыхый жана философиялык жактан түшүнүү эсептелет.

Окумуштуу илимди кабылдап, аны андан ары өнүктүрүш керек, ал адамзаттын окутуучусу жана тарбиячысы болушу зарыл.

Фихте Берлинде иштеп жүргөн мезгилинде көз карашын өзгөртөт. Эгерде Йен мезгилинде чыгармачылык жөнүндөгү окууну айтса, эми кандайдыр бир абсолют жөнүндө айтып кетет. 1806-жылы Фихте мындай деп жазат: «Абсолют же Кудай менен билимдин турмуштук тереңинде эч кандай бөлүү жок, алар экөө тең бири бирине сиңип турат». Фихте өзүнүн окуусунун акыркы мезгилдеринде (1810) ар кандай обьективдүү бытие билимге негизделет, ал эми билим-абсолюттук бытиеге (Кудай) негизделет. Аң сезимдин бардык кубулуштары обьективдешкен билимдин маңызы, бул билим кудайдын образынын түздөн-түз көрүнүшү. Ошентип Фихте субьективдүү идеализмдин обьективдүү түрүнө өтүп кетет.

**Фридрих Вилгельм Йозеф Шеллинг** (1775-1854-жж) Штутгарттан анча алыс эмес Леонберг шаарчасында дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Семинарияны бүткөндөн кийин он беш жашында Тюбинген университетинин кудай таануу бөлүмүнө кирген. Окуп жүргөн мезгилинде өзгөчө саясатка, философия, мифологияга көңүл бурган. 17 жашында магистрдик диссертациясын коргогон. Шеллинг Фихте менен таанышып, бир нече чыгармаларын анын таасири астында жазган. 1794-жылы жарыкка чыккан «**Кандайдыр бир жалпы философиянын мүмкүн болгон формасы жөнүндө**» деген чыгармасында «илимдин илими» жөнүндө айтат жана төмөнкүдөй белгилүү триаданы билдирет: шартсыз, шартталган жана алардын биримдиги. (Мен, Мен-эмес, ал жана башка бирге).

1795-жылы университетти аяктагандан кийин чиркөө кызматкеринен баш тартып, үй окутуучусу болуп иштейт. Анын

«**Жаратылыш философиясына карата идеялар**» (1797), «**Дүйнөлүк жан жөнүндө**» (1798) деген эмгектери окумуштуулар дүйнөсүндө таанылышына алып келет.

Ушул убакыта Шеллингдин жаратылыш философиясына болгон кызыгуусу күчөйт. Йен университети аны экстраординардуу профессор кызматына чакырат.

1800-жылы Шеллинг **«Транценденталдуу идеализмдин системасы»** деген эмгегин чыгарат. Бул чыгарма мындай суроодон башталат: эмне биринчи – жанбы же жаратылышпы? «Ар кандай эле философия: жаратылыш интеллигенция тарабынан түзүлөт, же интеллигенция жаратылыш тарабынан түзүлөт деген ойдон чыгыш керек». Эгерде табигый илимдер жаратылыштан рухийликке өтсө, анда трансценденталдуу философия субьективдүү рухий башталыш биринчи деген ойдо турат. Бул – «билим жөнүндөгү билим» болуп саналат.

Бир нече убакыт бою Шеллинг Гегель менен биргеликте «Критикалык философиялык журналды» чыгарышат. 1803-жылы Шеллинг Вюрцбургка келет да анда ординардык профессор кызматын алат. Ушул жылдары ал «**Искусство философиясы**», «**Бардык философия системасы**» деген эмгектеринин үстүндө иштейт, псевдоним менен «**Түнкү кыраакылык**» деген романын чыгарат. 1806-жылы Шеллинг Мюнхенге келип орношот. Аны Бавария илимдер академиясынын мүчөсү кылып алышат, көркөм Академиянын башкы катчысы болот. 1827-жылы Илимдер Академиясынын Президенти болот. 1808-жылы анын аялы дүйнөдөн кайтат. 3 жылдын кийин кайрадан үйлөнөт, бирок анын жашоосунда терең өзгөрүш жүрөт. Ал белгилүү чыгармаларды жаратканды токтотуп, диний маанайга өтүп кетет да радикалдуу көз караштты билдирбей калат.

1841-жылы Прусс Королу карыган Шеллингди Берлинге философия кафедрасына чакырат. Ал «Ачылыш философиясы» курсун окуйт. Анын угуучуларынын катарында Ф.Энгельс, А.Гумбольдт, С.Кьеркегор, М.Бакулин бар эле. Бул лекциялары тез эле токтотулуп, Шеллинг окубай калат. Шеллингдин чыгармалар жыйнагын ал өлгөндөн кийин баласы чогултуп, 14 томдон турган чыгармалар жыйнагын жарыкка чыгарат.

**Шеллингдин натурфилософиясы.** Шеллинг жаратылыш философиясына чоң көңүл бурат. Бул философия эмпирикалык табигый илимдерден алыстабашы керек. Анткени ал табигый

илимдерге пайдалуу боло алат жана болуш керек. Көптөгөн табигый илим изилдөөчүлөр бул идеяны кабылдашат «Акыл менен тажрыйба бири бирине сыртынан гана карама каршы болуп көрүнөт.

Натурфилософия жаратылышты изилдөөнүн принциптерин билдирет. Баарынан мурда бул принцип – жаратылыштын биримдиги. «Бардык материя өз ара биримдикте». Жаратылыш – жандуу бүтүндүк. Андан ары Шеллинг «полярдуулук закону» жөнүндө айтат. Анын оюнда бул закон «Жалпы дүйнөлүк закон» болуп эсептелет. «Ар кандай чындык экилтикке ажыроону билдирет», кубулуштарда карама каршы күчтөр аракеттенет. Жаратылыш жөнүндөгү окуу жалпы эки жактуулуктун негизги принциби катары ырасталат. Мисалы, жашоо сыры – буюмдардын өлүмү менен калыптануусунун биримдиги болуп саналат.

Жаратылыш өзгөрөт жана өнүгөт. «Ар кандай тынч абал, ар кандай туруктуу абал салыштырмалуу. Тело материянын белгилүү абалына карата салыштырмалуу тынч абалда болот», - дейт Шеллинг. Жаратылыш өнүгөт, жаратылыштын баскыч менен жогору карай жылуусу болот: магнетизм – электричество – химизм. Жаратылыш өзүнөн аң сезимди пайда кылат, бул анын аң сезимсиз түрдө өзүнүн өнүгүүсү болуп эсептелет.

Шеллингдин натурфилософиясы анын окуусунун баалуу бөлүгү. Анткени ал тарабынан айтылган жаратылыштын биримдиги, анда карама каршы күчтөрдүн күрөшү, өзгөрүү жана өнүгүү жөнүндөгү идеялары табигый илимдердин жана философиянын өнүгүүсүндө чоң роль ойногон. Бирок анын натурфилософиясында идеалистик мотивдер да кездешет. Ал жаратылыштын максатка багытталгандыгы жөнүндө айтат. «Жаратылыштын ар түрдүүлүгү максатка багытталуучулук механизминин негизинде кармалып турат. Шеллингдин оюу боюнча жаратылыштын уюшулушун жогору көтөрүү багытында кандайдыр бир «алга умтулуу чыгармачыл күч, «жашоо» бар. «Маңыздуулук бардык буюмдарда… бул жашоо; акциденталдуулук – жашоонун мүнөзү, ал турсун жаратылыштагы өлүк нерсе өзүнчө турганда өлүк эмес, ал жөн гана жашоонун өчүшү. Натыйжада жашоонун себеби материядан мурда жашашы керек, ал жандуу, ошондуктан бул себепти жандуу материядан издебестен, андан сырткары нерседен издөө зарыл». Бул себеп, чыгармачыл күч болуп рухий күч эсептелет. Шеллингдин оюу боюнча эки фактор жашайт: жаратылыш жана интеллект, обьект жана субьект. Натыйжада мындай суроо коюлат: 1) Жаратылыш кантип интеллекте

болот? 2) Интеллект кантип жаратылышка берилет? Биринчи суроого жооп ушул натурфилософияда берилет. Ал эми экинчи суроого трансценденталдуу идеализм жооп издейт.

**Трасценденталдуу философия.** Бул философия интеллект (субьективдүү) обьективдүүлүккө кантип берилет жана алар кантип айкалыша турганын көрсөтүшү керек. Бул айкалыш, Шеллингдин оюу боюнча, эки жактуу: интелектин элестеттүүсү буюмдарга копия же үлгү катары мамиле кылат. Биринчисинде ар кандай билимдин мүмкүндүгү негизделет, ал эми экинчисинде эркин ишмердиктин мүмкүндүгү негизделет. Субьективдүүлүк менен обьективдүүлүктүн айкалышы интелектин копиялоочу аракетинин негизинде жашап, теориялык мүнөзгө ээ. Интелектин негиздөөчү максатынын негизинде болгон айкалыш практикалык мүнөзгө ээ. Ошондуктан философия теориялык жана практикалык болуп бөлүнөт.

Теориялык философия «өздүк аң сезимдин тарыхын» жаратат. Аң сезимдин эң жөнөкөй актысы – туюп сезүү. Субьект өзүнүн ишкер жаратылышынын күчү менен туюп сезүүчү болот. Андан кийин таанымдын тарыхый өнүгүүсү үч этапты басып өтөт: 1) жөнөкөй туюп сезүүдөн продуктивдүү туюп сезүүгө же интеллектуалдуу аңдап билүүнү туюп сезүүгө; аңдап билүү – предмет жөнүндө билүү; 2) продуктивдүү аңдап билүүдөн рефлекцияга (өзүң жөнүндө ой жүгүртүү); 3) рефлекциядан эркке чейин.

Биз жалпы түшүнүктөр, категориялар менен ой жүгүртөбүз. Шеллинг жалпы категория системасында категориялардын байланышын түзүү зарылдыгы жөнүндө айтат. Категориялар системасы «ар кандай чыныгы конструкция катары генетикалык мүнөздө болуш керек». Ар кандай категория системасы үчилтик структурага ээ: тезиске антитезис каршы коюлат, андан кийин синтез келет. Категория системасына төмөндөгүлөр кирет: мамиле, субстанция жана акциденция, мейкиндик жана убакыт, себеп жана аракет, өз ара аракеттенүү, мүмкүндүк, чындык, зарылдык. Шеллингдин бул идеясы Гегелдин философиясында улантылган.

Практикалык философияда Шеллинг интеллект бардык обьектилерден жогору турат, аң сезим эркин деген ойду айтат. Эркиндиктин алгачкы актысы болуп обьектилердин түзүүчү ишмердүүлүгү эсептелет, биринчи кезекте социалдык дүйнө эсептелет. Практикалык философия өз ичине мораль, укук, дин жана искусствону камтыйт.

Шеллинг этикалык окуусунда төмөнкүдөй ойду айтат: андан жакшылык менен жамандыктын башаты, моралдык тарбиянын негизинде жакшылык касиеттер тарбияланат. Шеллинг И.Канттын категориялык императивин колдогон. Анын оюу боюнча эрк, ишмердик жана ишеним байланышта, «Кайсы жерде эрк жана ишмердик жок болсо, ошол жерде ишеним жок, ишенүү жана ордуңдан жылбоо – бул каршылык. Эгерде ишеним максатка багытталган ишкердиктин составдуу бөлүгү болсо, анда ал чыныгы философиянын ичиндеги элементи». Интеллект, негизинен, эркин аракеттенет, бирок, ошол эле учурда эркиндикте кандайдыр бир закон ченемдүүлүк бар. Ал мындай суроо коет: Интеллект бир эле учурда чагылтуучу жана үлгү боло алабы? Ооба, - дейт ал, -обьектилерде чагылтуучу жана үлгүнү берүүчү чыгармачыл ишмердүүлүк бар, ал – көркөм ишмердүүлүк. Философтун ой жүгүртүүсүндө рухий башталыш жаратылышта аң сезимсиз аракеттенет. Искусство болсо аң сезимдин жарыгы менен берилет. Искусство жаратылышты адам аркылуу нравалуулук аркылуу карайт.

Шеллингдин оюу боюнча искусство сыйкырдуу күчкө ээ, ал адам аң сезиминин формаларынан жогору турат. Ал рационалдыкты иррационалдык, логикалыкты логикалык эмес менен алмаштырууга чакырат.

Окшоштук философиясы Шеллингдин философиянын көз караштарын жыйынтыктаган окуу болуп эсептелет. Анын оюу боюнча ой жүгүртүүнү да, бытиени да башбашталма катары кароого болбойт. Ал «Ой жүгүртүү – бытиеден эмес, бытие – ой жүгүртүүдөн эмес» деген. Обьект менен субьектин толук бөлүнүшү гана бар. Рух материясыз жашабаган сыяктуу, материя рухсуз жашабайт. «Буюмдардын чыныгы маңызы – жан же телодо эмес, тигил же бул окшоштукта». Анын ой жүгүртүүсүндө искусство адамдын обьект жана субьектин баштапкы окшоштугун түшүнүүсүнө алып келет. Обьективдүүлүк жана субьективдүүлүктүн окшоштугунан эркиндикке зор маани берилет да эркиндикке закон ченемдүүлүк мүнөздүү эмес.

Ал субьект менен обьектинин окшоштук абсолюту жөнүндө айтат. Абсолют – дух да, жаратылыш да эмес, ал экөөнүн окшош эместиги. Жалпысынан алганда окшоштук философиясы Кудай окуусунун эркиндиги болуп эсептелет да, натыйжада дин философиясына айланып калат.

**Гегель, Георг Вильгельм Фридрих (1770-1831-жж.).** Г.Гегель – немец философу, немецтик классикалык философиянын көрүнүктүү

өкүлү, көз карашы боюнча обңективдүү идеалисттик көз караштын негизинде тарыхта биринчи болуп философиялык ой жүгүртүүнүн диалектикасын системалуу түрдө иштеп чыккан.

Г.Гегель Германияда, Штутгарт шаарында мамлекеттик жогорку даражадагы кызматты ээлеген кызматчынын үй-бүлөсүндө туулган. Тюбинген диндик институтта окуган, Нюринбергде гимназиянын директору болгон, Гейделберг университетинде профессор, ал эми 1818-жылдан баштап, өмүрүнүн аягына чейин Берлин университетинде профессор, кафедранын башчысы болгон. Гегелдин философиялык көз карашы ички түзүлүшү боюнча бири-бирине карама каршы эки жактуу болгон. Мындай көз караштын болушу, биринчиден, Гегель ошол мезгилдеги өз доорунун бүткүл дүйнөлүк тарыхый окуяларды, өсүп келе жаткан немец буржуазиясынын прогрессивдүү убагын чагылдырган. Бул анын философиясынын консервативдүү мүнөзү, реакциячыл идеясы, ошол эле немец буржуазиясынын акырына чейин чечкиндүү, прогрессивдүү болбой, коркоктук кылып Пруссия монархиясы менен келишип алып, коомдогу эски тартипти сактап калып, коомдун өнүгүшүнүн негизин түзгөндүгүн чагылдырат. Ошентип, Гегелдин философиясынын бир эле учурда прогрессивдүү жагы – анын диалектиканы иштеп чыккандыгы жана консервативдүү жагы – бүтүндөй философиялык системасы.

Гегель бардык табияттын жана коомдун кубулуштарынын негизинде кандайдыр бир чексиз, б.а. руханий башталыш жатат деп эсептеген. Бул руханий башталышты ар түрдүү терминдер менен атаган: «Дүйнөлүк жан», «Чексиз ой пикир». Болгондо да бул «руханий башталыш» ааламдын, коомдун пайда болушуна чейин болот деп аныктаган. Бул башталыш мүнөзү боюнча өтө активдүү жана ишмердүү, болгондо да ишмердүүлүгү ой жүгүртүүнүн, ой-пикирдин чегинде, ичинде болот, тагыраак айтканда өзүн өзү таанып билет. Бул «Чексиз идея» (абсолютная идея) бир калыпта турбай, ар дайым өсүп өнүп турат, кыймылда болот. «Чексиз идея» өзүнүн өсүп өнүгүүсүндө үч тепкичти (этапты) басып өтөт: 1) ой-пикир өзүнүн ичинде бышып, өсүп-өнүгөт, ошол жерде өз мазмунун өзүнүн кучагында ачып, логикалык түшүнүктөр бири бирине системалык түрдө байланышат жана өтүшөт; 2) ой жүгүртүү «башкача болгон» түрдө өсүп-өнүгөт, б.а. табият түрүндө – табияттын философиясы, табият өсүп өнүкпөйт, болгону гана анын руханий негизин түзгөн логикалык түшүнүктөрдүн өзүнчө өсүп өнүгүшүнүн сырткы

көрүнүшү катары кызмат кылат; 3) ой-жүгүртүүнүн ой-пикирдин ичинде жана тарыхый өсүп өнүгүүсү (руханий дүйнө) – руханий дүйнөнүн философиясы. Ушул деңгээлде «Чексиз идея» адамдын ар түрдүү аң сезими жана ишмердүүлүгү түрүндө кайра өзүнө кайрылып келет жана өз мазмунуна жетет.

Гегелдин пикири боюнча, «Чексиз идея» ушундай жол менен өзүнүн өзүнчө өсүп өнүгүү процессинин жана ошону менен бирге өзүн өзү таанып билүүсүн аяктайт.

Гегелдин философиясы өтө татаал, түшүнүшкө кыйын. Анын философиялык оюн жөнөкөйлөтүп айтсак: бардык реалдуу жашап жаткан табияттын, коомдун негизинде «руханий дүйнө», «чексиз идея», «дүйнөлүк аң-сезим» жатат. Табият, коом өзүнчө өсүп-өнүгө албайт, тескерисинче «чексиз идея», «дүйнөлүк аң сезим», өсүп өнүгүп турат, табият, коомдук өсүп өнүгүүсү «чексиз идеянын», «Дүйнөлүк аң сезимдин» бир калыпта турбай өсүп өнүгүүсүн чагылдырып турат. Гегелдин оюу боюнча «Чексиз идея», «дүйнөлүк акыл эс» эч кимге, эч нерседен көз каранды эмес, бул идея обңективдүү түрдө болот да табияттын, коомдун өсүп өнүгүшүн аныктап турат. Ушуга байланыштуу Гегель обңективдүү идеалисттердин көрүнүктүү өкүлү болуп саналат. Бул Гегелдин философиясынын системасы. Ошол эле мезгилде, Гегель диалектикалык көз караште болгон, диалектиканы ар тараптан иштеп чыккан. Анын диалектикалык көз карашы – ошол «чексиз идеяны», «дүйнөлүк аң сезимди», «руханий дүйнөнү» тынбай, ар дайым кыймылда, ар тараптан өсүп өнүгүп турат, ошого байланыштуу табият жана коом өсүп өнүгүп турат – деген ой жүгүртүү. Ушул себептен, дүйнөлүк философия илимине кошкон салымы – Гегелдин диалектикалык методду иштеп чыкканы. Ушуга байланыштуу Гегель философиянын үч законун иштеп чыккан. Айтсак: «Санды өзгөрүүлөрдүн сапатка өтүү закону», «Биримдик жана карама каршылыктын ортосундагы өз ара күрөш». Болгондо да бул закон ар кандай өсүп өнүгүүнүн булагы катары каралышында. Үчүнчү закон – «Танууну тануу закону». Гегель мындан башка философиялык түшүнүктөрдү иштеп чыккан: алсак, карама-каршылык, сырткы түзүлүш менен ички маңыздын өз ара байланышы, ички маңызы менен сырткы көрүнүшү ж.б.у.с.

Гегелдин философиясында анын философиялык системасы (бардыгын «Абсолюттук идея» аныктайт) менен илимде кошкон

салымы өтө чоң жана ойчулдардын арасында татыктуу, көрүнүктүү орунда ээлейт.

**Фейербах Людвиг Андреас** (1804-1872-жж.) – немец философу. Ал 1804-жылы 28-майда Бавариянын Ландсгут деген жеринде белгилүү криминалист Ансельм Фейербахтын үй бүлөсүндө төрөлгөн. 1822-жылы жергиликтүү гимназияны он тогуз жашта бүтүрүп, Людвиг кийинки жылы Гейдельберг университетине тапшырган, келечектеги кесиби катары кудай таануу кесибин тандап алган. Биринчи жылы өзүнүн акылынын азыгы катары профессор Карл Даубанын лекцияларын пайдаланган. Анткени Карл Дауба өзүнүн теологиялык курсунда жандуу ойлорду, идеяларды берген жана лекцияларын логикалык мазмун менен жык толтуруп, ойлонууга мажбур кылган.

Людвиг негизги идеялык булак болгон Гегелге кайрылган. 1824-жылы Людвиг Берлин университетине тапшырууну чечет. Бул университетте ал өзгөчө атмосферага туш болот. Биринчи кезекте ал Гегелдин лекцияларына кызыгат. Анын лекциялары ачык, так жана акыл өстүрүүчү мүнөзгө ээ эле. Ал ойлонууга үйрөтөт, өзүнүн угуучуларынын теориялык ой жүгүртүүлөрүнүн өсүшүнө мүмкүндүк берген.

1828-жылы 13-декабрда Берлин университетин бүткөндөн кийин Эрланген университетинде Фейербахтын «Бирдиктүү жана чексиз акыл жөнүндө» деп аталган диссертациясынын ачык түрдө коргоосу болот. Диссертациясын ийгиликтүү коргогондон кийин жыйырма бештеги жаш философиянын доктору «Гегелдин философиясы» курсун Эрланген университетинде окутуу укугуна ээ болот. 1829-1832-жылдар аралыгында Людвиг логика, метафизика жана жаңы философиянын тарыхы боюнча лекция окуган. Окутуучу болуп иштей баштагандан бир жыл өткөндөн кийин 1830-жылы Нюрнбергде биринчи, алгачкы эмгеги жашыруун түрдө басмадан чыгат. Бул эмгек тез эле конфискация болуп, жашыруун жагы ачылып, анын автору Людвиг университеттен куулуп, окутуу мүмкүнчүлүгүнөн айрылат. Жыйырма сегиз жаштагы философко закон ченемдүү «эмне кылуу керек» деген суроо туулат, анын үстүнө 1833-жылы атасынан айрылып калат.

Окутуучулук мүмкүнчүлүктөн айрылгандан кийин Фейербах жаңы философиянын тарыхын окуй баштайт. Натыйжада 1833-жылы «Жаңы философиянын тарыхы» деген эмгегинин биринчи, 1837-1838-жылдары экинчи, үчүнчү томдору жарыкка чыгат. Фейербах 24 жыл

эч жакка чыкпастан Брукбергде гана жашайт. Бул жерде анын негизги эмгектери ойлонулуп жазылган. Анын аялы анча чоң эмес фарфор фабрикасынын ээсинин бири эле. Фейербах мына ошол фабриканын имаратынын флигелинде жашаган. Фабрика тарабынан алынган анча көп эмес пайда менен адабий гонорар анын үй бүлөсүнүн жашоосу үчүн каражаты болуп турган.

1859-жылы фабрикасы банкрот болуп, аукционго коюлуп сатылат. Фейербах эми негизги жашоо каражатынан ажырап калат. 1860-жылы Фейербах Нюрнбергден анча алыс эмес болбогон Рехенбергке көчүп келген.

Фейербах өзүнүн эмгекке болгон сүйүүсү менен айырмаланган. Анын жумушчу күнү таң эртеден башталып, кечки саат сегизде аяктаган. Лютер жөнүндөгү статьянын үстүндө иштеп жатып, ал анын жыйнактарынын 23 фолиантын карап чыккан. Ал эч качан окугандан, өзүнө сын көз менен кароодон, катачылыгы менен адашууларын оңдоодон чарчаган эмес.

Фейербахтын оюу боюнча философия сезимдик белгилерден башталат жана ал табигый илимдер менен байланышта болуш керек. Философия динди алмаштырат, ал адамдарга бакытка жетүүдө өзүнүн реалуу мүмкүнчүлүктөрүн түшүнүүгө түрткү берет. Философия антропология б.а. адам жөнүндөгү окуу болуш керек. Жаңы философия, Фейербахтын түшүнүгүндө, адамды да, жаратылышты да философиянын бирден бир предмети катары карайт.

Фейербах идеализмди жана динди сындоочулардан болгон. Ал жаратылыштын стихиялуу күчтөрүнүн алдындагы коркунучтан жана адамдардын жер бетиндеги кыйынчылыктарынан, жапа чегүүлөрүнөн дин пайда болот дейт. Диндин маңызы – адам жүрөгү, ал таза жана муздак ой жүгүртүүдөн айырмаланат, ал ишенүүгө жана сүйүүгө аракет жасайт. Адамдын кудайга ишенгенинин себеби, анда фантазия менен сезим гана болбостон бактылуу болууга аракет да бар. Адам өзгөчө ырахатка ээ жандыкка ишенет, анткени анда жыргалчылык жөнүндө түшүнүк бар, ал өзү калыптанган адам болууну каалайт: ал өлбөс жандыкка ишенет, анткени ал өлүүнү каалайт.

Фейербахтын бул ойлорунда дин антропологиялык жол менен түшүндүрүлөт. Фейербах үчүн кудайдын образы – бул адамдын маңызын алыстатуу. Кудай адамдан алыстатылат. Ага өз алдынча жашоону таандык кылат жана бардык нерселердин баш башталмасы деп түшүндүрүлөт. Бул алыстатуу концепциясы Фейербахтын динди сындоого болгон негизги окуусу болуп эсептелет. Фейербах жашап

турган дин тарабынан алынып келинген реакциячыл мүнөз менен зыяндуулукту белгилейт, ал адамдын жакшы турмушка болгон аракетин кесип салат да чыдамкай, ишенимдүү болууга мажбурлайт.

Фейербах мындай жыйынтыкка келет: чыныгы дин – бул кудайы жок дин. Диндик сезим – адамдын индивидуалдуу психологиясына таандык, аны жеңүүгө болот.

Фейербах үчүн жаратылыш – эң жогорку реалдуулук, ал эми адам – жаратылыштын эң жогорку продуктысы. Адам менен, адам аркылуу гана жаратылыш өзүн туюмдайт, сезет. Жаратылыштан жогору турган жана төмөн турган эч нерсе жок, жаратылыш түбөлүк болгон сыяктуу эле чексиз, мейкиндик жана убакыт ар кандай бытие менен маңыздын, ар кандай ой жүгүртүү менен ишмердиктин, ар кандай гүлдөп өсүш менен ийгиликтин негизги шарттары. Чындыгында эле сырткары турган эч нерсе жок, жаратылыш кубулуштары 2 жактуу жашоого ээ эмес. Фейербах мындай дейт: «Жаратылышта башталыш да, аякташ да жок, баары өз ара аракетте жашайт, баары салыштырмалуу, баары бир эле убакта аракет жана себеп абалында, анда баары ар жактуу жана өз ара жооп кайтаруу абалында турат».

Фейербах бытие менен ойломдун салыштырмалуу карама каршылыгын тааныйт. Адам – субңект да, обңект да. Ал «материализм» деген сөздү колдонбоого аракет жасаган, ал ойломдун бытиеге болгон маалыматына да каршы болгон. Фейербахтын этикалык окуусу, анын философиясында орчундуу мааниге ээ болгон. Эвдемонизм мүнөздө болуп «Мен» жана «Сендин» биримдиги менен өз ара байланышын көрсөтөт. Биринчи орунга адамды антропологиялык түшүнүүнү койгон. Ал үчүн негизги болуп индивиддер аралык аңгемелешүү эсептелет. Бакытка болгон аракет адамдын эркинин кыймылдаткыч күчү катары каралат, ал нравалык милдет аң сезиминен жаралат. Анткени «Мен», «Сенсиз» жашабайт жана бактылуу боло албайт. Бул аракеттенүү – эгоисттик сезим эмес, анткени ал башка менен биримдиксиз мүмкүн эмес.

Фейербахтын антропологизми анын социалдык-саясий көз караштарынан да көрүнөт. Ал мындай деп жазган: Дворецте алачыкка (кепе) караганда башкача ой жүгүртөт, шыбы төмөн болсо мээни кысат, сыгып турат. Эркин абада (бөлмөгө караганда) биз башкача адамдарбыз, жүрөк менен башты тардык, тарчылык кысат, мейкиндик кеңири кылып жайылтат.

Ошентип, Фейербахтын философиясы Маркс менен Энгельстин дүйнө карашынына чоң таасирин тийгизген. Андан кийинки философиялык окууларга да белгилүү бир деңгээлде булак болуп калды.

Фейербахтын өмүрүнүн аягында достору анын оор турмушта жашагандыгын билишкен. 1862-жылы Фейербахтын чыгармаларын басмадан чыгаруучу Отто Виганд Шиллердик фонддун генералдык секретары Веймарге белгилүү драматург К.Гуцковго жазган кайрылуусунда мындай деп жазган: «Фейербах Нюрнбергдин алдындагы Рехенберг деген кыштакта жашайт… Ал Рехенбергдик илимде жашайт, бирок ал философтун аш казанын, тамагын тойгуза албайт». Виганд карыган Фейербахка стипендия чегерип берүүнү өтүнөт. Фейербахка жылына 300 талер стипендия берүү жөнүндөгү маселе фонддун Советинде көп каршылыктарды пайда кылгандыгына карабастан, 3 жолку добуш берүүдөн кийин Шиллердик фонд ага стипендия берүүнү чечкен. Ал стипендия Фейербах, анын аялы жана кызын «байыркы республикалык сактоо жана кармануу шартында жашоого мүмкүндүк берген».

Фейербахтын жашоосунун акыркы убагында көп ооруп, паралич до болуп калган. 13-сентябрь 1872-жылы ал бул дүйнө менен кош айтышкан. Анын чарчабас, чалыкпас мээси ой жүгүртүүсүн токтоткон. Фейербах өлгөнгө чейин эки жыл мурда Гофман социал-демократиялык партиясынын Нюрнбергдик секциясынын катарына кирген. Фейербахты акыркы сапарга узатууга бир дагы немецтик университеттердин өкүлдөрү келген эмес. Аны Нюрнбергдик жумушчулар гана Ыйык Иоанн көрүстөнүнө алып барып коюшкан.

## Кайталоо үчүн суроолор

1. XVII-кылымдагы философиянын өзгөчөлүгү эмне менен байланыштуу?
2. Ф.Бэкон жана анын философиясынын үч предмети.
3. Ф.Бэкондун «идолдору» жана «элестери» жөнүндө эмне билесиң?
4. Р.Декарттын рационалисттик методологиясына анализ жаса.
5. Р.Декарттын философиясы кандай түрлөргө бөлүнөт?
6. Р.Декарттын адамдагы эки субстанциясы окуусу.
7. Т.Гоббстун социалдык саясий концепциясын анализде.

8. Дж.Локктун окуусундагы «биринчи» жана «экинчи» идеялар.
9. Б.Спинозанын рационализмин аныкта.
10. Б.Спинозанын модустары, субстанциясы.
11. Лейбництин монадологиясы.
12. Д.Юмдун этикасы жана эстетикасы.
13. Вольтердин тарых философиясынын маңызы эмнеде?
14. Жан-Жак Руссонун табигый тарбиялоо концепциясын анализде.
15. Гольбахтын онтологиясы жана гносеологиясын анализде.
16. И.Канттын трансценденталдуу идеализмин анализде.
17. Фихтенин философиясынын маңызы эмнеде?
18. Шеллингдин натурфилософиясы жана трасценденталдуу философиясын анализде.
19. Гегелдин философиялык окуусунун өзөгүн түшүндүр.
20. Фейербахтын антропологиялык материализминин маңызы эмнеде?

## Өз алдынча иштердин темалары

1. Ф.Бэкондун таанып билүүдөгү индуктивдүү методу.
2. Локктун убаса идеялар концепциясы.
3. Т.Гоббстун коомдогу табигый жана мамлекеттик абалдары.
4. Лейбництин философиялык системасындагы принциптер.
5. Берклинин «esse-percipi» принциби.
6. Д.Юмдун субстанция түшүнүшү.
7. Руссонун теңсиздиктин формалары жөнүндөгү окуусу.
8. Руссонун коомдук келишим концепциясы.
9. Руссонун табигый тарбиялоо окуусу.
10. Канттын категориялык императив жөнүндөгү окуусу.
11.Шеллингдин философиясындагы обьективдүүлүк жана субьективдүүлүк.
12. Гегелдин окуусундагы абсолюттук идеянын маңызы.
13. Фейербахтын антропологиялык материализми.

## Сунуш кылынган адабияттардын тизмеси

1. Антология мысли. Немецкая классическая философия. в 2 -х томах. М., 2000. –Т. 1-2.

2. Блинников. А.В. Философтордун кыскача создугу. -Б., 1997.
3. Введение в философию: Учебник для вузов. В 2-х частях. / Под ред. Фролова. – Ч. 1-2. – М.: Политиздат, 1989.
4. Гегель Г.В.Ф. Сочинения. – Т. 4. Феноменология духа. – М., 1959.
5. Гоббс Т. Сочинения: В 2 т. – М.: Мысль 1975-1977.
6. Гольбах П.А. Избранные произведения: В 2 т. – М.: Соцэкгиз, 1963.
7. Гулыга А.В. Немецкая классическая философия. –М.: Мысль, 1986.
8. Декарт Р. Сочинения: В 2 т. – М.: Мысль,1989-1991.
9. История диалектики. Немецкая классическая философия. – М.: Мысль, 1978.
10. История философии в кратком изложении. – М.: Мысль, 1994. – 590 с.
11. Кант И. Критика чистого разума. – М.: Мысль, 1994.
12. Кант И. Критика практического разума. – Спб., 1994.
13. Кант И. Критика способности суждения. – Спб., 1995.
14. Кузнецов В.Н. Франсуа Мари Вольтер. – М.: Мысль, 1978.
15. Кузнецов В.Н. Французский материализм XVIII века. – М.: Мысль, 1981.
16. Лейбниц Г.В. Сочинения: В 4 т. – М.: Мысль, 1982-1989.
17. Локк Д. Сочинения: В 3 т. – М.: Мысль, 1985-1988.
18. Фейербах Л. Избранные философские произведения в 2-х томах. – Т. 1-2. – М.: Политиздат, 1955.
19. Философия. Уч пособие. Под ред. В.И.Лавриненко. - М., 1996.

# XIX-кылымдагы жана XX-кылымдын башындагы философия

**1. Позитивизм жана анын тарыхый формалары**
**2. Прагматизмдин негизги идеялары**
**3. XIX-кылымдагы жана XX-кылымдын башындагы иррационализм**
**4. Марксисттик философия**

**Позитивизм.** XIX-XX-кылымдардагы философиялык агымдардын бири болуп позитивизм эсептелет. Ал XIX-кылымдын 30-40-жылдарында пайда болот. Бул мезгилде кол өнөрчүлүк өндүрүшү машиналык өндүрүш менен алмаштырылыт. Техникалык ачылыштар илимий-техникалык билимдин андан ары өнүгүшүнө өбөлгө түзөт.

Позитивизимдин негизги идеясы – материализм менен идеализмдин ортосундагы карама каршылыкты жоюуга чакыруу. Бул үчүн философияга үлгү катары эмпирикалык илимди алыш керек, анткени ал философиянын негизги маселесине карата нейтралдуу мамиледе турат. Позитивистердин оюу боюнча дүйнө, адам, коом жөнүндөгү билимдердин негизги массиви практикалык турмушта зарыл болуп атайын илимдер аркылуу алынат. Бул билим («позитивдүү билим») традициялуу философияга «метафизика» катары каршы коюлат. Бардык традициялуу философия алынып салынып атайын билимдер менен алмаштырылат. Позитивизм илимди догматикалык философиялык концепциядан бошоткон көз караш катары «оң мааниге ээ болгон» коргоочу катары мүнөздөлөт да илимдин жеңиши үчүн күрөшүүчү катары чыгат. Ошондуктан бул философиянын жаңы тиби – позитивдүү философия деп аталат. Бирок муну менен эле чектелип калбайт. Анын тарыхы материализм менен идеализмдин ортосундагы олку-солку болгон эклектикалык окуу болуп саналат.

Позитивизмдин узак убакытка созулган тарыхы бар. Мында биринчи позитивизм, махизм («экинчи позитивизм»), неопозитивизм айырмаланат.

Позитивизмдин биринчи этабынын өкүлдөрү болуп О.Конт, Э.Литтре, Е.де Роберти (Франция), Д.С.Милль, Г.Спенсер, Дж.Люис (Англия), Ю.Охорович (Польша), Г.Вырубов, В.Лесевич, Н.Михайловский (Россия), Г.Каттанео, Д.Феррари, Р.Ардиго (Италия) ж.б. эсептелет.

Позитивизмдин негиздөөчүсү – **Огюст Конт** (1798-1857-жж.). Ал чиновниктин үй бүлөсүндө төрөлүп, лицейде, андан кийин Жогорку техникалык мектепте окуган. 1818-1834-жылдары социалист-утопист Сен-Симондун секретары болуп иштеген. Анын негизги идеясы 6 томдуу «**Позитивдүү философиянын курсу**» (1830-1842) жана «**Позитивдүү философиянын духу**» деген эмгектеринде чагылдырылган. О.Конт традициялуу философияны илим менен алмаштыруу зарыл экенин айткан. Ал ар кандай теорияны «метафизика» деп, обьективдүү реалдуулуктун бар экенин жана тааанып билүүгө боло турганын айтат. Анын ой жүгүртүүсүндө илим кубулуштардын сырткы структурасын сүрөттөп жазуу менен чектелиши керек. «Эмне себептен» деген сөздү «Кандайча» деген сөз менен алмаштырыш керек да, кубулуштарды сүрөттөө структуранын элементтеринин ортосундагы мамилени, мыйзамды аныктоо зарыл. «Биз кубулуштарды жана анын закондорун билебиз». Алардын маңызы жана себеби – бизге белгисиз жана таанылбайт.

О.Конт мындай деп жазган: «Оң маанидеги философиянын негизги мүнөздүү белгиси болуп өзгөрүлбөс табигый закондорго баш ийген бардык кубулуштарды таануу жана анын себебин таануу зарыл.

Закондорду билүү окуялардын келечектеги агымынын алдын ала айтууга мүмкүндүк берет. Мындан О.Конттун белгилүү формуласы келип чыгат: «Алдын ала көрүш үчүн билүү керек, күч үчүн алдын ала көрүү керек», бул формула анын замандаштарынын зор кызыгуусун жараткан. Алдын ала көрө билүү кубулуштардын жөнөкөй ырааттуулугуна таянат, бул Юмдун себептүүлүк концепциясына алып келет. Илимдеги эмгектин бөлүштүрүлүшү терс натыйжаны алып келет, окумуштууларды бири биринен алыстатат. Ошондуктан өзгөчө илимди түзүү милдетин коөт.

**«Үч стадия закону».** Позитивдүү философиянын негизги окуусу болуп «Үч стадия закону», таанымдын үч методу эсептелет, бул адамзаттын акыл өнүгүшү аркылуу өтөт. Адамдын руху өзүнүн жаратылышы боюнча ойлордун үч методун колдонот: адегенде теологиялык, андан кийин метафизикалык, акырында позитивдүү (оң мааниге ээ болгон). Мындан бири бирин четке каккан философиянын үч түрү п.б.1 – адам акылынын зарыл баштапкы абалы; үчүнчүсү – аныктоо жана биротоло бүткөн абал, экинчиси өткөөл баскыч болуп эсептелет.

Адам руху теологиялык абалда буюмдардын ички жаратылышына багытталып дүйнөнү таанууга аракеттенет.

Позитивистердин оюу боюнча диний дүйнөкараштын ордуна философиялык көз караш болуш керек, андан кийин адамдар илимге багыт алышат. Конттун оюу боюнча позитивдүү стадия алдыңкы эки этапты алмаштырып биротоло адамдардын аң сезиминде бекемделиши зарыл. Позитивдүү ой жүгүртүүнүн стилинин жеңишинин натыйжасында кадимки философия жок болот да ордуна позитивизм бекемделет. Азыркы учурдагы интеллектуалдык анархия үч радикалдуу бири бирине дал келбеген теологиялык, метафизикалык, позитивдүү философияга көз каранды.

Позитивдүү ыкмага ылайык илим классификациясы түзүлүш керек. О.Конт бардык илимдерди теориялык жана практикалык, прикладдык деп бөлөт. Теориялык илимдерге – математика, физика, химия, физиология (биология), социология, этика кирет. Математика биринчи орунда турат, анткени ал барынан мурда позитивдүү стадияга өткөн. Конт тарабынан көрсөтүлгөн үч стадия ар бир жеке аң сезимдин өнүгүүсүндө, жеке илимдердин, граждандык жана саясий тарыхтын өнүгүүсүндө өзүнчө орунду ээлейт. Дин адамдын балалык чагын, философия – өспүрүм мезгилин, позитивдүү илим толук акыл жактан калыптангандыгын символдоштурат.

Позитивдүү философия социалдык жактан реорганизация кылуунун бирден бир негизи болуп калат деген ойду жыйынтыкташат.

О.Конттун социологиялык көз караштары да зор кызыгууну пайда кылат, ал «Социология» деген терминди кирзип, анын социологиясы «социалдык статика», «социалдык динамиканы», «социалдык саясатты» камтыйт. О.Конттун позитивдик идеяларын Англияда **Джон Стюарт Милль** (1806-1873-жж) уланткан жана өнүктүргөн. Анын негизги чыгармасы «Логика системасы» (1843) деп аталат. Юмдун агностицизминин негизинде Милль сырткы дүйнөнүн жашагандыгын далилдөө мүмкүн эмес деген ойду айтат, бирок ушул эле учурда сырткы дүйнө жашабайт деп да далилдей албайбыз. Милль материя белгисиз себеп же туюмдарды пайда кылуучу туруктуу мүмкүндүк, аң-сезим кыжалаттануунун туруктуу мүмкүндүгү деп айткан.

Дүйнө туюмдар аркылуу таанылат. Туюмдар аркылуу жаратылган жөнөкөй идеяларды биздин акыл аркылуу татаал түзүлүшкө бириктирилет. Милль жаңы билим эмпирикалык ыкмалар менен гана алынышы мүмкүн деп далилдөөнү каалаган. Ал турсун математика да эмпирикалык негизде келип чыккан, анын аксиомалары байкоо жана

жалпылооого негизделген. Миллдин көз карашы боюнча илимдин милдети болуп жаратылыш закондорун ачып көрсөтүү үчүн жеке кубулуштарды индуктивдүү түрдө тартипке келтирүү. Миллдин көңүлүнүн борборунда логикалык изилдөө турат. Формалдуу логика философиялык билимдин ичиндеги мазмуну болуп саналат. Ошол эле учурда логикадан ар кандай философиялык проблеманы алып салууну көздөйт, «Логика нейтралдуу булактын өзүн билдирет». Анын оюу боюнча жеке туюмдар гана жашайт. Логика – сезимдик ой жүгүртүүлөрү аныктоонун грамматикасы болуп саналат.

**Индукция метод катарында.** Милль индукцияны илимдин методу деп эсептеп индуктивдүү логиканы иштеп чыккан. Ал себептик байланыштарды изилдөөнүн методдорун калыптандырат.

- *Окшоштук методу*: Кээ бир кубулушту изилдөөдө бир нече окуялардын жалпы кырдаалы болсо, анда ал себептик байланыш кубулушу менен байланышкан.
- *Айырмалоо методу*: Кубулуш пайда болгондо, жана пайда болбогондо, бир кубулушта башка бардык кырдаал бирдей болот, ошол башка кубулуш анын себеби болуп эсептелет.
- *Калдык методу*: кубулуштан себеби белгилүү болгон бөлүктөр ажырап чыгат; анда калган факт – калган себептин натыйжасы.
- *Кошо жүрүүчү өзгөрүүлөр методу*: башка кубулуштун өзгөрүшү менен өзгөргөн кубулуш обңектин көз карандылыгы менен байланышкан.

Миллдин ой жүгүртүүсү боюнча индуктивдүү методдор адам таанымынын негизги принциби – жаратылыштын бирдиктүүлүгүнө ишенүүгө негизделет. Бул методдор изилдөөлөрдө колдонулат. Ошентип Милль индукция менен дедукциянын өз ара байланышын көрбөстөн, индукциянын ролун жогорулатат.

Милль адам таанымынын чыккынчылыгынан күмөн санайт. Туюмдар аркылуу алынган билим калыптанбаган; индукция ыкмасы менен алынган билим чындык эмес, ал мүмкүн.

Коомдук көз караштарында Милль бир топ кызыктууу ойлорду айтат. Адам жашоосунун негизги максаты – бакытка жетүү. Адам төмөнкү (сезимдик) жана жогору (интеллектуалдык) канаттанууну кечирет. Жогорку канаттануу адамдын нравалык жаратылышына дал келет.

Англис позитивизминин негизги өкүлү болуп **Герберт Спенсер** (1820-1903-жж.) эсептелет. Ал мугалимдин үй бүлөсүндө туулган, Лондон-Бирмингем темир жолунун курулушунда инженер болуп

иштөөдөн баштаган. 1846-жылдан баштап «Экономист» журналынын редакциясында иштей баштаган, андан кийин адабий ишмердүүлүк менен алектенген. 1860-жылы Г.Спенсер он томдон турган «Синтетикалык философия» деп аталган чыгармасынын проспектисин чыгарат. 1862-жылы «Негизги байланыштар» деген чыгармасы жарык көрөт. Толугу менен бул чыгарма 1890-жылы басылып чыккан.

Г.Спенсердин идеологиялык ой жүгүртүүсүнүн негизи – агностицизм булагында туруп ишеним менен билимди, илим менен динди келиштирүүгө болгон аракет. Анын оюу боюнча Ааламдын келип чыгышы жана жаратылышы жөнүндөгү бардык окууларды тааный албайбыз. Аң сезим дүйнөсү жана андан сыткары турган дүйнө бар. Алардын ортосундагы карым катнаш кандай? Ааламда бирдиктүү «күч» бар, ал адам акылы үчүн таанылбайт. Илимдин өзүнүн өнүгүүсү окумуштууларды чечилбес сырларга дуушар кылат, ал динге алып келет. Жашыруун сыр – илимдин акыркы кадамы жана диндин алгачкы кадамы. «Материя кыймыл, күч көрүнбөгөн реалдуулуктун символу». Илимге таандык болгон областын баары философияга таандык. Илим буюм, нерселердин маңызына сүңгүп кирбестен, ал жашоонун жана кубулуштардын ыраатуулугун таануу менен чектелет. Бирок илим – бириктирилген билим болсо, философия – чогултулган билим болуп саналат. Философиянын милдети – илимий билимди системага салуу. Философиядагы толук биригүү илим тарабынан топтоштурулган маалыматтардын негизинде ишке ашат.

Спенсер илимдердин классификациясын сунуш кылат. Ал абстрактуу илимдер (логика, математика), абстрактуу-конкреттүү илимдер (механика, физика, химия ж.б.), конкреттүү илимдер (астрономия, биология, психология, социология ж.б.) деп болот. Буюм, кыймыл жана күч түшүнүктөрү аркылуу чындык анализге алынат.

**Эволюция жөнүндө.** Спенсер боюнча бардык кубулуштарга эволюция закону таандык. Эволюция жөнүндөгү окуу философиянын бир бөлүгү. Эволюция – бардык нерселердин жогорку закону, прогрессивдүү өнүгүү жалпы мүнөзгө ээ деп айткан, эволюцияда төмөнкүдөй абалдар айырмаланат:

- интеграция (байланышсыздыктан байланышка өтүү);
- дифференциация (бир түрдүүлүктөн көп түрдүлүккө өтүү);
- тартиптин өсүшү (аныкталбагандыктан аныкталуулукка өсүп өтүү);

Г.Спенсердин эволюция законунун жыйынтыктоочу формуласы болуп төмөнкүдөй ой эсептелет: «Эволюция буюмдардын интеграциясы, ал кыймылдын жайылышы-агым менен коштолот, натыйжада белгисиз, аныкталбаган, байланышсыз абалдан белгилүү, байланыштагы ар түрдүү абалга өтөт, нерседе сакталган кыймыл окшош айланууну башынан кечирет».

Бул формулада өнүгүү бөлүштүрүү, группаларга бөлүнгөн материал катары сүрөттөлүп, эволюция өнүгүү процессинин кээ бир сырткы белгилери сүрөттөйт.

Эволюциянын өзүнүн чеги бар, ал ошол чектен чыга албайт, мында системанын тең салмактуулугу, карама-каршы күчтөрдүн теңелүүсү, ал эми коомдо – консервативдүү жана прогрессивдүү күчтөрдүн тең салмактуулугу түшүнүлөт.

Г.Спенсер өзүнүн социологиялык көз карашында коомду жандуу организм катары окшоштурат, коомдук жашоо биологиянын терминдери менен сүрөттөлөт. Социалдык организмдин ар түрдүү бөлүктөрү жеке организмдин бөлүктөрүнө окшош, бири бири менен тамактануу үчүн күрөшөт жана аз же көп сандагыны өзүнө алат. Коомдун структурасы, саясий түзүлүштүн формасы элдин мүнөзү менен аныкталат, ал адамдардын курчап турган чөйрөнүн шарттары менен өз ара аркеттенүү процессинин негизинде өзгөрөт.

**Махизм.** Позитивизмдин өнүгүүсүнүн экинчи этабы махизм же эмпириомонизм деп аталат. Ал Эрнст Мах (1838-1916), Рихард Авенариус (1843-1886), Карл Пирсон (1857-1936), Анри Пуанкаре (1854-1912) ж.б. ысымдары менен байланышкан. Мах менен Авенариустун алгачкы эмгектери XIX-кылымдын 70-жылдары жарык көрө баштаганына карабастан, 90-жылдары гана белгилүү боло баштаган.

Махтын оюу боюнча табигый илимдерден философияны бөлүп албастан, андагы эски, керектен чыгып калган идеяны алып салуу керек, субьект менен обьектинин, аң сезим менен бытиенин философиялык түшүнүктөрү күмөн саноону пайда кылат, алардын ортосундагы айырмачылык анча байкалбайт, булар пайдаланган философиялык системалар керексиз.

Махистердин ой жүгүртүүсүндө бардык жашап турган нерселер туюмдардын жыйындысы. Илимий анализдин предмети болуп түс, үн, кысым көрсөтүүнүн ар түрдүү баскычтары эсептелет.

Мах материяны обьективдүү реалдуулук деп түшүнүүгө каршы болот. Ал буюм, тело, материя элементтердин, түстүн, үндүн

байланыштары эмес, белгилер гана болуп саналат. Туруктуулуктун бир гана тиби – байланыш (же мамиле) гана калат. Субстанция да, материя да туруктуу боло албайт. Материя деп атаган нерсе элементтердин (туюмдардын) аныкталуу үзгүлтүксүз байланышы. Адамдын туюп сезүүсү, ар түрдүү адамдардын туюмдары сыяктуу өз ара көз каранды. Бул «материя».

Махистер өздөрүнүн идеализмин жаап-жашыруу үчүн «илимий терминологияны» пайдаланышат, туюмдар «дүйнөнүн элементтери» деп аталат. «Дүйнө элементтерин» махистер физикалык жана психикалык деп бөлүшөт. Бул аң сезимге жана материяга карата нейтралдуу абалда.

Махизм боюнча физикалык жана психикалык элементтердин ортосунда үзгүлтүксүз байланыш бар. Бул материя аң сезимсиз жашабайт дегенди билдирет.

Мах «**Тажрыйбаны тазалоо**» деген эмгегинде тажрыйбаны ар кандай антропологиялык жана баалуулук ой жүгүртүүлөрдөн тазалоого чакырат. Ал адамдын бардык ой жүгүртүүлөрүн эки түргө бөлөт: билим жана ой пикир. Билим «дүйнө элементтери» ээ болгон түстү, үндү, кыймылды туюп сезүүчү негизге ээ. Ал эми ой-пикир сезимдик кабылдоолорго ээ эмес.

Илим сүрөттөөдөн башка нерсени камтыбаш керек. Сүрөттөө ойдо фактылардын түзүлүшү. Махизм өзүн «XX кылымдагы табигый илимдердин философиясы» деп атаган. Бирок иш жүзүндө ал табигый илимдердин маалыматтары менен эч бир дал келбейт.

Авенариустун оюу боюнча адамдын аң сезими борбордук мүчө болуп эсептелет, ал эми сырткы дүйнө – каршы турган мүчө, алар бири бири менен тыгыз байланышта болуп «принципиялдуу координацияны» түзөт.

Махистер ой жүгүртүүнү экономдоо түшүнүгүн киргизишип аны илимий таанымдын максаты, чындыктын критерийи деп эсептешкен. Түшүнүк жана теория «ой жүгүртүүнү экономдоо» үчүн түзүлөт.

Натыйжада махизм философиянын негизги маселесин таанып, материализм менен идеализмдин карама каршылыгын четке кагат. Ал философияда үчүнчү линияны – нейтралдуу (физикалык жана психикалык) жолду айтып кеткен.

## Прагматизмдин негизги идеялары

Бул философиялык окуунун аталышы «прагма» деген грек сөзүнөн келип чыгып «иш», «аракет» дегенди билдирет. Бул окуу XIX-кылымдын 70-жылдарында АКШда пайда болгон. Анын негизги өкүлдөрү болуп Чарльз Сансерс Пирс (1839-1914), Уильям Джемс (1842-1910), Джон Дьюи (1859-1852); Англияда прагматизмдин өкүлү болуп Фердинанд Шиллер (1864-1937) эсептелет.

Прагматизм философияны реконструкциялоо программасы менен чыккан. Философия бытие менен таанымдын алгачкы башталышы жөнүндө ой жүгүртпөстөн, ар түрдүү турмуш кырдаалдарында кездешүүчү, практикалык ишмердүүлүк процессиндеги адамдардын алдында турган проблемаларды чечүүнүн жалпы методу болушу зарыл.

Прагматисттердин оюу боюнча алардын методу философиялык проблемаларга принципиалдуу жаңыча мамиле жасоого, анын чыныгы маңызын билүүгө мүмкүндүк берет, философия «адам проблемаларын» изилдеш керек, сырткы реалдуулукту аңдап аны копиялабастан адамга алдында турган проблемаларды чечүүгө жардам бериши зарыл.

Пирс боюнча ой жүгүртүү организмдин ыңгайланышкан ишмердүүлүгү, ал тааным ишмердигине каршы коюлат. Ой жүгүртүү менен тааным Пирс тарабынан организм менен чөйрөнүн ортосундагы мамилени жөнгө салуучу катары каралат. Качан күмөн саноо пайда болгон иш аракетке тоскоолдук кылганда ой жүгүртүү ишке киришет. Мындан ишенимди калыбына келтирүү, аракеттенүү жолдору изделе баштайт. Адам ар түрдүү типтеги аракеттерди, адатты иштеп чыгат. Бул адат аң сезимдүү түрдө болуп ишенимди түзөт. Пирс билим жөнүндө айтпастан, ишеним жөнүндө айтат. Ишеним – бул белгилүү кырдаалда аракеттенүүгө даяр болуучулук жана адат болуп саналат. Ишеним күмөн саноого каршы коюлат.

Ар түрдүү кырдаалга байланыштуу ишеним абалы бузулуп, күмөн саноо менен алмашышы мүмкүн.

Күмөн саноо – тынчсыз жана жагымсыз абал, биз андан эртерээк бошонууга аркеттенебиз. Пирс тааным процессин күмөн саноодон ишенимге өтүү деп түшүндүрөт.

Ишеним кубулуштун чагылышы болобу? деген суроого Пирс ишеним же пикир чындык менен эч бир дал келишпейт. Ишеним жетишкен жол эч бир мааниге ээ эмес. Ошого байланыштуу идея, ишеним, пикирдин чын же жалган экендиги алынып салынып, аларды күмөн саноону алып салуу жөндөмдүүлүгү жөнүндөгү маселе менен

алмаштырыш керек. Адам чыныгы билимге умтулбастан туруктуу ишенимге умтулушу керек. Ишеним туруктуу болуш үчүн, коомдун бардык мүчөлөрү аны мүмкүн болушунча бөлүштүрүш керек. «Ишенимди бир эле индивидуумда бекемдебестен, коомчулукта бекемдөө проблема болуп саналат». Ишенимди бекемдөө үчүн төмөндөгүдөй методдор колдонулат: а) жигердүүлүк (сынды четке кагуу), б) авторитет, в) априордук. Тарыхта бул проблема авторитет аркылуу чечилген. Окумуштуулар тарабынан колдонгон илимий изилдөөнүн жыйынтыктары адамдардагы күмөн саноолорду жок кылышы зарыл. Натыйжада Пирс обьективдүү билимди социалдык ишеним менен алмаштырат. Биздин идеяларыбыз кээ бир белги болуп саналып белгилүү бир мааниге ээ.

Прагматизмдин дагы бир өкүлү У.Джемс табигый билимдер менен диний ишенимдин ортосундагы карама-каршылыкты чечүүгө аракет жасаган. Анын көз карашы боюнча адам жашоосу динсиз мүмкүн эмес. У.Джемс материализмди күңгүрт, өөр, коркунучтуу болгон дүйнөкараш катары атайт. Дин адамды үмүтсүздүк коопсуздугунан сактайт, дин жашоо-күрөшүндөгү кошумча күчтөрдүн булагы катары каралат. Жамандык болсо да адам билет: Кудай бар болгондон кийин гармония жана тартип болот; «Кудай бар жерде трагедия убактылуу жана аз гана өлчөмдө». Кудай зор күч, чексиз деп ой-жүгүртүүнүн кажети жок, зарыл болгон учурда гана ал адамга пландарын ишке ашыруу үчүн күч берип, жакын болуп туруш керек.

У.Джемске тийиштүү көз караш болуп ал кудай жашайт деп айткандыгында. Ал диний сезим, кыжалаттануу адам жашоосунда чоң роль ойнойт деген. Ал «эркке ишенүү» жөнүндө айтат. «Мен ар ким өзүнүн жеке ишенимине берилүүсүн гана айтам» - деген У.Джемс. Эрк абсолюттук түрдө эркин жана альтернативасын тандоого жөндөмдүү. Философтун ою боюнча кудайга ишенүү пайдалуу. Эгер мен диндик гипотезага ишенсем, жана ал жалган болсо, анда мен эч нерсе жоготпойм, атеистке караганда начар абалда турбайм.

У.Джемс адам жашоосу жөнүндө айтат. Биздин жашообуз өзүбүзгө байланыштуу, динге ишенүүдөн жашоо жакшыра турган мүмкүнчүлүк бар. Ар бир адамдын жашоосу өзү кандай кылып түзсө, ошондой болот. Ошондуктан адам арман кылбастан, ийгиликке ишенип, аракеттениши зарыл, ишеним канчалык жогору болсо, ийгиликке карата мүмкүнчүлүк ошончолук көп болот.

У.Джемс Пирстин прагматикалык окуусун өнүктүрөт да чындыкты, идеяны ийгиликке жетишүү же ишке жөндөмдүүлүк деп түшүнөт.

У.Джемс ошону менен бирге адамдын сырткы чөйрө менен болгон байланышынын салыштырмалуулугун, тажрыйбанын салыштырмалуулугун айтат. Анын оюу боюнча философиянын максаты – максат коюп жогору жылууда адамга жардам берүү. Чындык тажрыйбанын бир бөлүгүнөн башкасына өтүүгө алып келет.

Адам үчүн курчап турган дүйнө кандай деген маселе болбостон эң негизги маселе болуп ааламда өзүңдү үйүндөгүдөй сезүү үчүн андан кантип орун алыш керек деген эсептелет. Бул У.Джемстин философиясынын негизги мотиви. Ал мындай дейт; «Биз ааламдан биздин эмоция жана активдүү аракеттерибизге дал келген мүнөздү талап кылабыз». Бизге түздөн-түз берилген дүйнөдөн бизде кызыгууну пайда кылат. Туюмдардын группасын талдап алабыз. Ар бир адам өзүнүн өзгөчө дүйнөсүн түзөт.

Пирс менен Джемстин идеялары XX-кылымда **Джон Дьюи** жана **Джорд Герберт Мид** тарбынан улантылган. Дьюи инструментализм деп аталган прагматизмдин вариантын сунуш кылат. Анын оюу боюнча философия социалдык стресс жана чыңалуулардын базасында пайда болгон. Анын негизги милдети – адамдардын жашоосунун жакшырышына өбөлгө түзүү. Буга жетиш үчүн тажрыйба түшүнүгүн анализ кылуу керек. Дьюинин философиясында негизги түшүнүк **тажрыйба.** Дьюи боюнча тажрыйба биздин аң сезимибиздин же биздин аракетибиздин предмети боло алган бардык нерселерди камтыйт. Тажрыйба адам жашоосунун да бардыгын камтыйт. Тажрыйба түш көрүү, саламатсыздык, оору, өлүм, эмгек, согуш, экианжылык, жалган, адашуу, трансценденттик система, магия, ишеним, илимди ичине камтыйт.

«Тажрыйба түшүнүгүнүн баалуулугу – ал төлөө, күн, булут, жамгыр, урук, түшүм, эмгектенген, план түзгөн, азап чеккен жана кубанган адам катары көрүнөт. Тажрыйбадагы ишмердиктеги, адамдын тагдырындагы кыжалаттануу тажрыйба болуп саналат».

Дьюи тажрыйба тобокел кылуу менен байланышта экендигин айткан. Адам туруктуулукка, чындыкка, абсолюттукка умтулат. Ал филосфиянын материализм жана идеализм деп бөлүнүшүнө каршы болгон. Мындай бөлүнүү күч эмгегинен акыл эмгегинин бөлүнүшүнөн улам келип чыккан. Натыйжада адамдардын эки тиби калыптанган: 1. күч эмгеги менен алектенгендер (буларга таанымдын төмөнкү түрү, сезимдик буюмдарды таануу мүнөздүү); 2. акыл эмгеги менен алектенген билимдүү адамдар (буларга идеяны таануу мүнөздүү).

Бүгүнкү күндө акыл жана күч эмгеги деп каршы коюуга негиз жок, ошондуктан идеализм жана материализм эскирди.

Азыркы учурда философия, илим жана илимий методдун милдети болуп адамдын курчап турган чөйрөдө эң жакшы жайгашышы, акыл аракеттеринин ийгилигин камсыз кылуу эсептелет. Анткени «адам коркунучтуу, укмуштай дүйнөдө жашап жатат, ошондуктан ал коркот. Дүйнө тобокел кылуучулукка жык толгон жана коркунучта». Ошондуктан мында дүйнөдөгү адамдын жашоосуна мүмкүндүк берген дүйнөкарашты иштеп чыгуу зарыл. Ал эми илимдин милдети болуп – келечекти пландаштыруу жана анын ишке ашышы үчүн каражаттарды табуу. Теориялар инструменталдык мааниге ээ. Териялар, идеялар – интелектуалдык инструменттер, алар тажрыйбанын негизинде пайда болгон проблемаларды чечүүгө жардам берет. Дьюи «прагматикалык» методдорду сунуш кылат, ал төмөнкүлөрдү өз ичине камтыйт:

- кыйынчылыкты туюп сезүү;
- проблеманы формулировкалоо;
- проблеманы чечүү үчүн гипотезаны сунуштоо;
- гипотезадан натыйжаны алып чыгуу;
- натыйжаны эксперимент аркылуу текшерүү.

Эгерде теория, идеялар ийгиликке жетишсе, анда алар чындык болуп эсептелет. Теориянын чындыгынын мерилосу (ченеми) болуп тажрыйба аркылуу берилген анын кырдаалдагы практикалык эффективдүүлүгү эсептелет. «Чындык пайдалуулук катары аныкталат».

Джон Дьюинин оюу өткөөл мезгилдерде философтор таанымды субьектинин таанып билүүчүлүк ишмердигиндеги кээ бир өзгөрүү катары түшүндүрсө, инструментализм боюнча «билим – дүйнөнүн ичиндеги багытталган өзгөрүш» болуп саналат. Тааным предметтин жашоосун өзгөртөт. Бул анын негизги функциясы.

Ошентип идея, теория, түшүнүктөр, Дьюинин оюу боюнча, иш аракеттин планы же куралы, инструменти. Ушуга байланыштуу Джон Дьюинин инструментализми келип чыккан.

## XIX-кылымдагы жана XX-кылымдын башындагы иррационализм

Иррационализм XIX-кылымдын башында материалисттик жана революциялык идеяларга, рационалисттик традицияга, баарынан мурда немецтик классикалык философияга реакция иретинде калыптанган. Анын көрүнүктүү өкүлдөрү Артур Шопенгауэр жана Серен Кьеркегор. Алардын негизги душманы – Гегель. Логикада алар эмоция, кыжалаттануу, кумарды каршы коюшкан.

**Артур Шопенгауэр** (1788-1860) европалык философиядагы прогресивдүү-оптимисттик традициядан алыстап, иррационализмди сунуштаган биринчи философ. Ал Гегелдин жакын замандашы болгон. Ал жаш кезинде Гегель менен конкуренция кылууга аракет жасап, (Берлин университетинде приват-доцент эле) тез эле угуучуларынан ажырап калат да университеттен кетет. Ал адабият менен алектене баштайт. 1819-жылы анын негизги чыгармасы болгон **«Дүйнө эрк жана элестеттүү катарында»** жарык көрөт. Анын эмгегине кызыгуу 1848-жылдагы төнкөрүштөн кийин гана пайда болгон. Ал өзүнүн философиялык концепиясын калыптандырып жатып «философиянын чыныгы таяныч чекити» Декарт тарабынан табылган деген ойду айтат. Ал Кантка каршы чыгып жатып аң сезим – мейкиндик, убакыт, себептүүлүк формасынын жардамы менен биз үчүн сырткы дүйнөнү түзөт деп ой жүгүртөт. Дүйнө элестетүүлөр аркылуу берилет. Кээ бирөөлөр үчүн дүйнө күңүрт, бош, жакыр катары элестетилсе, экинчилери үчүн байлык, маңызуу, көрктүү болуп көрүнөт, бул биздин элестетүүлөрүбүзгө байланыштуу.

Дүйнө субьект элестетүүлөрү жана обьект элестетүүлөрү катары бири бири менен тыгыз байланышта. А.Шопенгауэр суроо коөт: Обьект менен субьектин артында эмне турат? Бул суроону чечиш үчүн субьектиге – адамга кайрылуу зарыл.

Адамды анын элестетүүлөрү эле эмес анын телосунун аракети, кыймылы да мүнөздөйт. Анын телосунун кыймылы – эрктин обьективдешкен актысы, эрк адамдын терең, ар тараптуу көрүнүшү. Эрк – телонун «көрүнүшүнүн жана аракетинин» маңызы, тело – эрктин обьективдүүлүгү. Эрк интелекке салыштырмалуу алганда биринчи. Организм – өзү да эрк, топтоштурулган эрк. Интеллект болсо жөн гана мээнин функциясы. Ошондуктан, Шопенгауэрдин философиясындагы эң негизги түшүнүк – эрк.

Адам – дүйнөнүн бир бөлүгү. Философия дүйнөнүн маңызын аңдап билиш үчүн, адам сыяктуу эле, анын да негизинде эрк тургандыгын тааныш керек.

А.Шопенгауэрдин түшүнүгүндө эрк – «өзүндөгү буюм» («веүь в себе»), бул априордук иррационалдык интуиция аркылуу гана берилет. Интуиция эркти талдоого алып келет. Эрк – аң сезимсиз жашоо күчү; жаратылыштын жогору жагы, бөлүнбөйт, ажырабайт. Ал – бытиенин жашыруун түрдөгү башбашталмасы. Бул жерден төмөнкүдөй ой жаралат: Гегелдин көз карашында дүйнөнүн маңызы акыл эстүү, ал эми А.Шопенгауэр боюнча дүйнө – аң сезимсиз, акылсыз.

Эрк адагенде идеяларда, андан кийин жаратылыш кубулуштарында обьективдешет.

Адам жана анын таанымы – эрктин обьективдешүүсүнүн жогорку баскычы. Эрк кандайдыр бир орган менен байланышпастан организмдин бардыгында бар, эрк интеллектти түзөт. Эрк бүтүн, ажырабайт, ал эми интеллект болсо мээнин физикалык субстанциясы менен байланышып пайда болот жана аны менен кошо жок болот. Интеллект – эрктин куралы, А.Шопенгауэрдин адам жөнүндөгү окуусу пессимисттик рухта «үч дүйнөлүк күч бар»: акыл, күч, бакыт (тагдыр). Тагдыр – эрктин башкача аталышы, ага адам жашоосу көз каранды. Адамдын аракеттери эркке негизделет. «Ар кандай эрктүүлүк керектөөдөн улам келип чыгат». А.Шопенгауэрдин оюу боюнча, жашоо – бул азап тозок. Адамга жана жалпы адамзатка күч аракет, чексиз күрөш, дайыма болуучу стихия мүнөздүү. Адамдарды жашоого, аракеттенүүгө, чыдоого эмне түртөт? - деген суроого ал жашоого болгон эрк түзөт деген.

А.Шопенгауэр адамдарды өлүмдөн коркпоосуна чакырат. Жаратылышка кайрылалы, анда жашоо менен өлүмдүн күрөшү тынымсыз болуп турат, бири өлсө, экинчиси жаралат. Өлүм – акыркы жыйынтык, жашоонун резюмеси, анын бүтүшү.

**Сөрен Кңеркегор** (1813-1855) – даниялык философ, диний үй бүлөдө төрөлгөн, өмүрүнүн бардык бөлүгүн өзү төрөлгөн Копенгаген шаарында өткөргөн. Өспүрүм кезинде эркин жашоо образын өткөргөн, андан кийин этикалык ригоризм, кийинчерээк динге өткөн. Ал өзү философ деген атка жетүүгө умтулган эмес, анда бирдиктүү философиялык система да болгон эмес. Анын негизги чыгармалары «**Же же**» («Или или» 1843), «**Коркунучту түшүнүү**»(1844), «**Жашоо жолундагы баскычтар**» (1845), «**Акыркы илимий посткриптум**» (1846). Анын чыгармаларынын мазмуну диндик этикалык планда жазылган.

Кьеркегордун негизги кызыгуусу адам личностун жана анын тагдырын үйрөнүүгө багытталган. Анын чыгармасындагы каарман «Мен каердемин?», «Дүйнө деген эмне?», «Биздин сөздүн мааниси кандай? «Мен киммин? «Дүйнөдө мен кантип пайда болуп калдым?», «Мен кимге кайрылып, айта алам?» деген сыяктуу суроолорду коөт.

Философтун ой жүгүртүүсүндө адам өтө татаал проблема, анын жашоосу (экзистенция) – жашыруун сыр. Бул сырды ачса болот, ал өзүңдүн ички дүйнөңө кайрылуу аркылуу болот. Мында илимий рационалдуу методдор адамды таанып билүү үчүн жараксыз. Тааным рефлексия жана сезим аркылуу гана жүрөт. Адам жана анын экзистенциясы – илимден сыркары.

Кьеркегор Гегелге жана жалпы эле рационализмге каршы чыгат. Жашоо түшүнүк аркылуу берилбейт. Менин жеке жашоом турмуштан, сезимден, кыжаалатануудан берилет. Адам качан жашоонун оор кырдаалдарында жашаганда жашоонун маңызы түшүнүлөт, б.а. «же -же» деген зарылдыкты талдоодо жашоо маңызы аңдалып билинет. Анын оюу боюнча жашоонун үч деңгээли, үч стадиясы бар: эстетикалык, этикалык, диндик.

Эстетикалык стадияда – эротизм жана цинизм, хаос жана кокустук менен мүнөздөлгөн жашоонун сезимдик жолу. Бул деңгээлде адам сырткы дүйнөгө, сезим дүйнөсүнө багытталат. Бул стадиянын символу – Дон Жуан. Адам бул деңгээлде кумардануунун бардык түрлөрүн башынан кечирүүгө умтулат. Натыйжада канаттанбоо келип чыгат да кийнки стадияга өтөт.

Этикалык стадияда да кумардануга умтулуу үстөмдүк кылбастан милдетти сезүү неизги орунга коюлат. Адам сезимдердин эркиндигинен баш тартып, нравалык законго баш иет. Ал жакшылык менен жамандыктын айырмачылыгын билет. Бул стадиянын символу – Сократ, эгерде эстетикалык деңгээлде личность сырткы дүйнө менен байланышта болсо, этикалык деңгээлде адам ички жашоосу менен болот, өзүнө карата милдеттүү болуп эсептелет. Этикалык адам үчүн негизги болуп өзү менен өзү болуу эсептелет. Өзүң менен өзүң бол, өзүңдүн тандооңду жаса – Кьеркегордун неизги осуяты. Бул баскычта адамдын негизги маңызы – эркин тандоо, ушуга байланыштуу гана өзүн өзү биле алат. Индивид жакшылык жагында болот да эмгекти, эркти талап кылат.

Жашоонун жогорку баскычы – диндик баскыч. Бул баскычта адам «же–же» деген дилемманы чечип, түбөлүктүүлүктү тандап алат, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн толук ачып көрсөтүп, негизги максатын

түшүнөт. Бул баскычта адам жогорку күч менен мамилелешет. Бул стадиянын символу – Авраам, философтун оюу боюнча кудайды сүйүш керек жана анын алдында сыйынуу зарыл. Акыл менен сезимдин кагылышуусу болгондо кризистик абал келип чыгат, ушул учурда диндик стадияга өтүлөт. Адамга коркунуч ишеним менен ишенбөөчүлүктүн, ишеним менен акылдын ортосундагы тандоону пайда кылат. Мында адам ишенимди талдап алат. Адам ушундай талдоо жүргүзүп, өзүн табат, өзүнүн чыныгы Менин талдайт. Акылдан баш тартып, адам өзүнүн сакталып калуусун динден издейт. Ой жүгүртүү токтогон жерден ишеним башталат.

Кьеркегор моралдык жана гносеологиялык аспектиде билимдин обьективдүүлүгүнө, чындыктын обьективдүүлүгүнө каршы чыккан. «Чындык бул субьективдүүлүк», «ишенимдүүлүк бир гана субьективдүүлүктө, обьективдүүлүктү издөө – бул адашуу». Чындыктын критерийи – адам идеяны пайдаланган, ага ишенүүдөгү ак ниеттүлүк жана кызыгуучулук. Кьеркегордун антигуманистик жана антисоциалдык багыттагы көз карашы, иррационализми XX-кылымда кызыгууну пайда кылат. Экзистенциалисттер аны биринчи окутуучусу катары карашкан.

Иррационализмдин бирден бир көрүнүктүү өкүлү болуп **Фридрих Ницше** (1844-1900) эсептелет. Ницшенин чыгамалары логикалык, далилдөөчүлүгү жагынан айырмаланбайт. Анын эмгектери афоризмдер, ой пикирлер, үгүтөөлөрдүн жыйындысы түрүндө көрүнөт. Ницшенин оюу боюнча көп убакыттар бою адамдар өз алдынча жашап турган буюмдар, телолор бар жана обьективдүү себептер бар деп айтууга көнүп калышкан. Бирок иш жүзүндө андай эмес. Адам боюнча эркиндик бар. Бул да адашуу. Суунун шаркыратмасын көрүп, чексиз урулуу, бурулуудан эрктин эркиндиги бардай сезилет деп ойлойбуз, бирок андай эмес. Адам аракеттери да ошол сыяктуу. Биз ар бир аркетибизди, таанымдагы ар бир ийгилик, ар бир адашуу, ар бир жамандыкты алдын ала аныктай албайбыз» Ницше дүйнөдө эрк бар деген ойдо болгон. Ал Шопенгауэрден айырмаланып, бири бири менен болгон күрөштө көптөгөн эрк бар дейт. Дүйнө – бул хаос, тигил же бул законго баш ийбейт жана анда закон ченемдүүлүк жок. Ушундай хаостук дүйнөгө «түбөлүк кайра кайтуу» мүнөздүү. Чексиз убакытта мейкиндик убактылуу болот да көп күчтөрдүн, кубулуштардын комбинациялары кайталанып турат. «Бардыгы – Сириус жана жөргөмүш иши ойлорунда кайра кайтат». Дүйнөдөгү өзгөрүү адамдын пайда болушуна алып келет. Бул

прогресс эмес, тескерисинче, бизге кайра алып келген нерсе «кулоо» болуп эсептелет. Адам жүзүнөн башка жийиркеничтүү нерсени табуу күмөн саноону жаратат. Жердин өзүнүн териси бар, анын өзүнүн оорусу да бар. Анын оорусунун бири болуп адам эсептелет». Адам жаныбардан өтө эле алыстаган жок. «Анда жырткычтар чуркап жүрөт, силер анын бирисиңер. Курулган шаарлар, болгон согуштар, силердин баш аламандык, амалкөйлүк, азап тозогуңар, жеңишке кубануу – бардык жаныбардын башталмасынын уландысы - дейт Ницше. Адам маймылдан келип чыккан, кайра ошондой болуп калышы да мүмкүн.

Ницше аң сезимдин ролун төмөндөтүүгө аракет жасайт. «Аң сезимдин абалына жана бийиктигине караганда, телонун функциялары миллион эсе принципиалдуу маанилүү. Ал логикалуулукка, акылга, чындыкка умтулуучулукка каршы болгон. Баалуулуктарды кайрадан карап чыгууга чакырат, чындыкка эмес жалганга таазим кылуу керек, «жалган айта албаган адам чындык бар экенин билбейт». Чындык эмес тескерисинче жалган ыйык. «Жашоо таанымдын шарты. Адашуу – жашоо шарты. Биз адашууну сүйүп, кастарлашыбыз керек. Ницше мындай дейт: «Адамдар эң жогорку максат деп чындыкты ойлошот. Бул зор адашуу. Жашоонун негизинде, бардык коомдук жана маданий процесстин негизинде «бийликке болгон эрк» турат. Рационалдуу тааным «бийликке болгон эркти» жогорулатууга мүмкүндүк түзөбү? Жок. Интеллектин үстөмдүгү бийликке карата болгон эркти тушап салат. Социализм адамдардын теңдигин даңазалайт. Бирок бул бийликке карата болгон эркке каршы турат, ошондуктан социализм мүмкүн эмес, «негизинен кулчулук маданияттын маңызына таандык». Ницше согушту жана зордукту мамлекеттүүлүктүн булагы деп даңктайт.

Ницше Европадагы моралга каршы чыгып, моралдын релятивизмин бекемдейт. Ал: «өзүңдүн жакын адамыңды сүй» - дегенге каршы болгон.

XIX-кылымдын экинчи жарымында иррационалисттик багыттын чөлкөмүндө **жашоо философиясы** пайда болгон. Анын негиздөөчүсү болуп **Вильгельм Дильтей** (1833-1911) эсептелет. Анын дүйнө таанымына Ницше таасирин тийгизген. Ал Ницшенин пессимисттик маанайын колдойт.

Жашоо философиясынын негизги идеясы – толук бүтүндөй дүйнө караштарды билдирүүгө акылдын чамасы жетпейт, ошондуктан жашоону түшүнүү маселеси келип чыгат. Азыр илим жашоонун үстүнөн үстөмдүк кылууда, бул абалды радикалдуу өзгөртүү зарыл. Бул

философиянын негизги түшүнүгү – «жашоо». Бул кандайдыр бир интуитивдүү түрдө жетүүчү бүтүндөй реалдуулук, ал материяга да, рухка да окшош эмес. Жашоо – негизги башталыш; эч бир ой жүгүртүү жашоого сүңгүп кире албайт. Адегенде жашоонун өзүн түшүнүү зарыл, андан кийинки дүйнө жашоодон алынып түшүндүрүлөт. «Жашоо философиясынын» өкүлдөрү жашоону сүрөттөөдө дарыя, шамал ж.б. образдарын пайдаланышат. Жашоо таанымдын ойлоочу ыкмалары тарабынан кармалбаган агым. Аны кыжалаттануу, түшүнүү, интуиция, ишеним, сүйүү аркылуу гана таанууга болот.

«Жашоо философиясы» «таза акылдын» ролун кайра карап чыгууну, жашоону түшүндүрүүдө жана баалоодо анын маанисин азайтууну талап кылат. Адам жашоосу индивидуалдуу психикалык жашоо катары каралат. Ал коомдун рухий жашоосунун прообразы жана булагы.

Философиянын милдети – «жашоону» адам бытиесинин жолу катары ачып көрсөтүү.

Бул үчүн «түшүнүү» ыкмасын колдонуу зарыл. Ал «түшүндүрүүгө» каршы коюлат. Жашоону таануу – түшүнүү. Ал – чындык, бирок иррационалдуу, интуитивдүү. Ар кандай түшүнүүдө, жашоонун өзү иррацианалдуу болгон сыяктуу, иррационалдуулук бар. Бул логикалык ыкмалардын формуласы менен берилбейт.

Дильтей тарабынан коомду түшүнүү жаратылышты таанууга каршы коюлат. Коомдук турмушту Дильтей рухий жашоо катары түшүнөт.

**Анри Бергсон** (1859-1941) – жашоо философиясынын француз вариантынын өкүлү. Ал математикалык билим алган. 1881-1883-жылы математика жана механиканы окуткан. 1900-1914-жылдары престиждүү «Колледж де Франс» окуу жайынын профессору болгон. 1914-жылы аны француз Академиясынын мүчөлүгүнө шайлашкан. 1927-жылы адабият боюнча Нобель сыйлыгына ээ болгон. Анын белгилүү чыгармалары болуп «Аң сезимдин түздөн түз маалыматы жөнүндө тажрыйба», «Материя жана эстутум», «Чыгармачыл эволюция», «Узактык жана бир убактуулук», «Мораль менен диндин эки булагы» жана башкалар эсептелет.

А.Бергсон «**Чыгармачыл эволюция**» деген эмгегинде өзүнүн философиясынын негизги милдетин ачып көрсөтөт. «Тааным теориясын жашоо теориясы менен толуктоо» негизги идея болуп эсептелет.

Ал «сырткы реалдуулуктун» жашай тургандыгын тааныйт, бирок, аны «жашоо» кыймыл, «узактык», «байланыш» катары түшүнүү керек.

Материя жана аң сезим жашоонун жалпы «агымында» «сиңип жок болуп» кетет. Бул позиция аны материализм жана идеализмден жогору турууга мүмкүндүк берет. Ал «чыгармачыл эволюция» деп аталган өнүгүү концепциясын иштеп чыгат. Механицизмге каршы чыгып эволюцияны «жашоо» деп түшүнөт. Бирок А.Бергсондун түшүнүгүндө жашоо – биологиялык жашоо эмес, «узактык», «жашоо агымы». Убакыт жана узактык жашоонун негизги мүнөздөлүшү. «Таза узактык бул форма, ал биздин Мен активдүү иштегенде биздин абалыбыздын ырааттуулугун кабылдайт, узактык аң сезимди аныктайт, нерселерге убакытты таандык кылуу менен алардын тереңине аң сезимдин бөлүгүн да беребиз». Ошентип А.Бергсон убакыт аң сезимсиз мүмкүн эмес, жана анын абалдарынын мамилесин көрсөтөт деген ойго келет.

Анын философиясында эволюция сапаттык өзгөрүүнүн үзгүлтүксүз процесси катары берилет. «Ал өзгөрүүнүн булагы – кандайдыр бир агым, жашоо». Бул агым дүйнөнүн пайда болуусу менен келип чыккан. Дүйнө бүтүндүк катары өзгөчө барабар болуп эсептелет. Андан, эгер букет катары элестетсек, дүйнөлөр бөлүнүп чыгат». А.Бергсон идеализм духунда: «жашоо башаты болуп аң сезим эсептелиши керек. Аң сезим же жогорку аң сезим – бул ракета, анын өчкөн калдыктары материя түрүндө жерге түшөт, аң сезим ракетанын өзүндө сакталып калат, ал калган калдыктарды майдалап алардын организмин жандандырат. Материя – жашоо агымынын токтоп турган убагы. Интеллект жана интуиция – биздин аң сезимдин эки касиети» деген ойду айткан. Экөөнү салыштырып келип, булар «буюмдарды таанып билүүнүн эки башка ыкмалары» экендигин айтат. Интеллект обьектинин айланасында кыймылдабаганыбызды, экинчиси (интуиция) анын ичине кире турганыбызды билдирет. Интуиция – бул адамдардын кызыкчылыктарынан, практикадан көз каранды болбогонун аңдап билүү. Экинчи жагынан интеллект жана илим практика менен байланышкан, ошондуктан «таза» аңдап билүүгө жетүү мүмкүн эмес. А.Бергсон мындай деген ойго келет: «философия бул жанр, анын түрлөрү бар, ага ар кайсы искусство кирет».

Иррационалисттик мотивдер **Освальд Шпенглердин** (1880-1936) чыгармачылыгынан да кездешет. Ал XX-кылымдын башындагы белгилүү **«Европанын өмүр акыры»** («Закат Европы») деген

чыгарманын автору. О.Шпенглер философиянын негизги милдети болуп дүйнөнү «тарых катары» түшүнүү эсептелет деген.

Анын философиясынын негизи болуп чыгармачыл жашоо башталышы жөнүндөгү түшүнүк эсептелет. Ал идеализм духунда дүйнө Менге көз каранды деген. Эч бир реалдуу дүйнө жашабайт, дүйнө жөнүндө бир гана субьективдүү, индивидуалдуу элестетүү бар, ал адамдан адамга, маданияттан маданиятка карай алмашып турат.

О.Шпенглер дүйнөлүк бирдиктүү, закон ченемдүү ырааттуу процесс катары дүйнөлүк тарыхты четке кагат. Тарых циклы менен тегерек түрдө өнүгөт. Ал циклдер – төрөлүү, өнүгүп-гүлдөө, өлүп жок болуу – муну бардык маданият басып өтөт. Ар бир маданият адамдын жаш курагын алып жүрөт. Балалык чак, өспүрүм, калыптанган мезгил жана карылык убакка жетет. Чыныгы тарыхчы тарыхый процесстин жүрүшүн сезет, кыжалатанат, аны индуктивдүү аңдап билет.

О.Шпенглер аягына чыккан, бүткөн 8 маданиятты санап көрсөтөт: Кытай, Вавилон, Египет, Индия, античтик, араб, батыш, Майя. Орус маданияты келип чыгуу стадиясында. Ар бир маданияттын негизинде өзгөчө жан турат. М: Античтик маданияттын негизинде – аналогиялык жан, арабда – логикалык жан, батыш европалык маданиятта - фаустук жан турат. Диний ишеним жандын жашоосунун терең көрүнүшү болуп эсептелет.

## Марксисттик философия

Марксисттик философиянын пайда болушу коомдун жашоосунун материалдык шарттарынын өнүгүүсү менен шартталат. XIX-кылымдын биринчи жарымында капиталисттик өндүрүш жолу биротоло калыптанып бүтөт, капитализмдин антагонисттик карама каршылыгы ачык көрүнө баштайт. Бул антагонизм пролетариат менен буржуазиянын ортосунда болгон. Бул учурда жумушчу табы өзүнүн экономикалык жана социалдык кызыкчылыктары бар тап катары калыптанат.

Марксизм Германияда пайда болот жана ал немецтик кыймыл болбостон, бүткүл дүйнөлүк жумушчу табынын кызыкчылыгын көздөгөн окуу катары калыптанат. Анын башында К.Маркс жана Ф.Энгельс турган.

**Карл Маркс (1818-1883-жж.) –** гениалдуу теоретик жана улуу пролетардык революционер, жумушчу табынын идеологу, бүтүндөй

диалектикалык-материалисттик көз караштын, илимий коммунизм теориясынын негиз салуучусу, биринчи эл аралык жумушчу (пролетариат) табынын уюмунун негиздөөчүсү жана анын жетекчиси.

Карл Маркс Германияда Трир шаарында 5-майда 1818-жылы туулган. Атасы адвокат болгон, улуту боюнча еврей, үй бүлөсү маданияттуу, орто турмушта жашаган. Бонн жана Берлин университетинде юридикалык факультетинде окуган, ошол мезгилде эле аны тарых жана философия илимдери өтө кызыктырган жана аларды көп окуган. К.Маркс жаш кезинде көз карашы боюнча идеалисттик позициядагы солчул гегелчилердин катарында болуп, кийинки Фейербахтын материалисттик көз карашын толук кубаттап, материалисттик позицияга өтө баштайт. 1844-жылы Парижде Энгельс менен учурашып, пикирлеш болуп, ал экөөнүн ортосунда түбөлүк ажырагыс достук башталат. Ошондон баштап Маркс менен Энгельс биргелешип, түбөлүккө ажырашбай илимий, теориялык, революциячыл ишмердиктеринде өмүрлөрүнүн аягына чейин бирге болушат. Булардын достугу бүт адамзатка үлгү боюнча кала берет. 1849-жылы К.Маркс революциячыл көз карашы жана чыгармалары үчүн Германиядан куугунтукка алынгандан кийин, Парижге, андан кийин Лондонго кетет. Лондондо өмүрүнүн аягына чейин жашап, 1883-жылы дүйнөдөн кайткан.

Карл Маркс адамзаттын тарыхында көрүнүктүү, гениалдуу, илимге революциячыл көптөгөн жаңылыктарды киргизген адам. К.Маркс биринчи жолу философия илиминде диалектикалык-материалисттик көз карашты бир илимий система катары иштеп чыккан. Эгерде К.Марксreferences чейин диалектика менен материализм бири-бири менен байланышсыз, өз алдынча метод жана көз караш болуп келсе, К.Маркс аларды бири-бири менен илимдин негизинде өз ара айкалыштырып, байланыштырып, бүтүндөй бир философиялык илимий методикалык көз караш катары, илимий курал кылып, бүт илимдерди куралдандырды. Ушунун негизинде, К.Маркс биринчи жолу диалектикалык-материалисттик көз карашты жана методду коомду изилдеп таанып-билүүгө колдонуп (жайылтып), коомдун негизин материалисттик түрдө түшүнүп, аны илимий негизине койду. Ошондуктан, К.Маркстан баштап коом биринчи жолу материалисттик түрдө түшүндүрүлүп, билүүгө мүмкүнчүлүк алды жана коомдук өсүп өнүгүүнүн негизинде обңективдүү закондор жаткандыгын илим биринчи жолу системалуу түрдө өз далилин берди.

К.Маркстын эң негизги максаты – өзү жашаган доору – капиталисттик, буржуазиялык коомду изилдеп, анын бүтүндөй клеткасын ачып, өсүп өнүгүү законрун ачып берүү болгон. К.Маркс буржуазиялык коомду изилдеп, анын закондорун ачкандыгына байланыштуу, биринчи жолу илимде жалпы коомдун өсүп өнүгүүсүнүн жалпы закондорун ачкан, таптык күрөштөрдүн обңективдүү экономикалык негизде пайда болорун илимий жактан негиздеген.

К.Маркстын далилдөөсү боюнча коомдун өсүп өнүгүүсүнүн негизинде обңективдүү закон жатат, ал закон коомдогу материалдык өндүрүштүн өсүп өнүгүү закону болуп саналат. Коомдун негизин аң сезим, ой пикир түзбөйт, коомдун негизин коомдук өндүрүш, анын өсүп өнүгүү закондору түзөт, ал эми аң сезим, ой пикир коомдун өсүп өнүгүү мүнөзүн, анын реалдуулугун чагылдырат. Ошондуктан, К.Маркс «коомдук бытие коомдук аң сезимди аныктайт», анын негизин түзөт деген тыянакка келген. (Обүественное бытие определяет обүественное сознание).

К.Маркс бүтүндөй коомдук илимде төңкөрүш (революция) жасаган, коомду биринчи жолу илимий негизде түшүндүрүп, анын закондорун билип, башкарууга негиз салган. Ошондуктан, бул илим К.Маркстын ысмы менен аталып, марксизм деп айтылат. Марксизмдин негизин бүтүндөй реалдуулукка: табиятка, коомго, аң сезимге, диалектикалык-материалисттик көз караште болуу түзөт, б.а. реалдуулук: табият, коом, аң сезим чындыгында кандай болсо, ошондой боюнча, бурмалабай, алардын ички обңективдүү закондорун ар тараптан изилдеп ачып, үйрөнүп, турмушта, практикалык ишмердүүлүктө колдоно билүү дегенди билдирет.

Марксизмдин жүрөгү – диалектика менен материализмдин айкалышкан биримдиги жана аны колдоно билүү болуп саналат.

**Фридрих Энгельс (1820-1895-жж.).** Энгельс Фридрих – гениалдуу теоретик жана улуу пролетардык революционер, марксизм илиминин негиз салуучуларынын бири. К.Маркс менен бирге эл аралык жумушчу табынын кыймылына жол башчылык кылган. К.Маркстын жанбирге өмүрлүк ажырагыс досу. Ф.Энгельстин ысмы ар дайым К.Маркс менен бирге айтылып, бир деңгээлде бааланат. Бул эки улуу адамдын ысмы илимий теорияда, революциялык кыймылда, бардык коомдук ишмердүүлүктө бирдей. Ошондуктан, алардын аты бири биринен ажырагыс болуп саналат да, ар дайым илимий-

теориялык, саясий коомчулукта Маркс-Энгельстин чыгармалары, илимий ачуулары, саясий ишмердүүлүгү делип айтылат.

Ф.Энгельс 1820-жылы Германияда бай фабриканттын үй бүлөсүндө туулган. Гимназияда окуган, анын атасы Фридрихти диндик кызматкер кылууга аракет кылган, бирок ал жаш кезинен илимий китептерге көп жакын болгондуктан, атасынын оюндай болбой калды. Армияда кызмат кылып жүргөн убактысында, бош күндөрү университеттерге барып, эркин түрдө лекцияларды уккан, акырындап жаш гегелчилердин катарында да болгон, бирок көп узабай Л.Фейербахтын эмгектери менен таанышкандан кийин материалисттик көз карашка өтө баштайт.

1844-жылы К.Маркс менен жолугушкандан кийин, алардын биргелешкен илимий чыгармачылык жана революциялык иштери башталат, биргелешип жаңы илимдин негизин иштеп чыгышат. Бул илим философияда диалектикалык-материалисттик көз караштарды иштеп чыгуу болгон.

Ф.Энгельстин марксизмдеги салымы өтө баа жеткис чоң. Алсак, анын «Үй бүлөнүн, жеке менчиктин жана мамлекеттин келип чыгышы», «Людвиг Фейербах жана немецтик классикалык философиянын бүтүшү» аттуу эмгектеринде марксизмди толуктап, кеңейтип, тереңдетип, иштеп чыккан. Өзгөчө Ф.Энгельстин – «тарыхты материалисттик негизде түшүнүү, тарыхый процесстин жүрүшүндө жана анын акыркы аныктоочу моменти болуп коомдук өндүрүш эсептелинет» деген оюу марксизмдеги чоң ырастоочулук. Ф.Энгельстин оюу боюнча – бул деген, - коомдук өнүгүүдө коомдун башка тармактары: акыл-эс, ой-пикир, саясат, идеология, илим, искусство, мамлекет ж.б.у.с. коомдо эч кандай мааниге ээ эмес, алардын эч кандай ролу жок дегендикке жатпайт. Алардын да коомдук өнүгүүдө, шартка жараша, өз орду жана ролу бар. Бирок, коомдук өнүгүүнүн эң негизги аныктоочусу болуп коомдук өндүрүш болуп саналат деген оюу – Ф.Энгельстин Марксистик илимге кошкон эң зор салымы. Анын мындай салымы көптөп саналат.

Ф.Энгельс К.Маркс дүйнөдөн кайткандан кийин, анын бүтпөй калган эмгектерин аягына чыгарган. К.Маркстын барында «Капиталдын» 1 гана тому жарык көргөн, ал эми калган 2-3-4 томдорун Ф.Энгельс бүтүрүп, аягына чыгарган, ошондой эле башка кол жазмаларын да элге жеткирген.

К.Маркстан кийин Ф.Энгельс Эл аралык жумушчу табына, эл аралык жумушчу (пролетариат) табынын саясий уюмдарына

жетекчилик кылып, марксизмди бүтүндөй илим, теория, идеология катары аягына чейин иштеп чыккан. Ошондуктан, Маркс-Энгельстин ысмы илимде өчпөй, бүт адамзаттын илимий көз карашында ушул күнгө чейин сакталып келе жатат жана түбөлүккө кала берет.

**Ленин (Ульянов) Владимир Ильич (1870-1924-жж.).** В.И.Ленин – К.Маркстын жана Ф.Энгельстин ишин улантуучу, гениалдуу ойчул жана марксизм илиминин теоретигинин бири, эл аралык коммунисттик кыймылдын жана Россиядагы жумушчу табынын жол башчысы, россиядагы биринчи жумушчу табынын партиясы болгон коммунисттик (большевиктер) партиясын түзгөн жана биринчи дүйнөдөгү жумушчу дыйкан мамлекети – совет мамлекетинин негиз салуучусу.

В.И.Ленин 1870-жылы Россияда Симбирскиде (азыркы Ульяновскиде) эл агартуучунун үй бүлөсүндө туулган. Симбирскиде гимназияда окуган. 1887-жылы Казань университетинин юридикалык факультетине кирген, бирок университеттен окубай туруп (экстренно), анда эң жакшы деген баалар менен экзамендерди тапшырып, ушул университетти бүткөн. Самара шаарында биринчи марксисттик чыгармаларды окуп, марксисттик-материалисттик көз карашка өтө баштайт. Маркстын, Энгельстин, Чернышевскийдин, Плехановдун эмгектерин өздөштүрүп, чыныгы марксисттик-материалист болуп калат. 1895-жылы Ленин Петербугдагы бардык марксисттик кружокторду «Жумушчу табын бошотуу үчүн күрөшүү уюму» аттуу бир уюмга бириктирет жана ага жетекчилик кылат. Көп узабай камакка алынып, Сибирге сүргүнгө айдалат. 1900-жылдын башында чет мамлекетке эмиграцияга кетет, ал жерде жалпы орус марксисттеринин органы «Искра» газетасын уюштурат. 1903-жылы Лениндин жетекчилиги астында Россияда биринчи марксисттик жумушчу табынын партиясы түзүлөт. Ленин бүт өмүрүн жумушчу (пролетариат) табын эркиндикке чыгарууга жана бул тапты эзүүдөн куткарып, жумушчу менен дыйкандардын биригишкен союзун түзүп, алар башкарган мамлекет түзүүгө арнаган. Бул максатты ишке ашырыш үчүн бүт өмүрүн ревлюцияга арнаган.

В.И.Ленин революционер гана болгон эмес, ал марксизм илиминин гениалдуу теоретиги, марксизм илимине кошкон салымы өтө зор, ошондуктан бул илим марксизм-ленинизм деп аталат. В.И.Ленин илимий ишмердиги менен марксизмдин жаңы этабын түзгөн. Ал алгачкы илимий ишинде марксизмдин диалектикалык жана тарыхый материализмин жаңы тарыхый шартка пайдаланып, XIX-

кылымдын аягында XX-кылымдын башында табигый илимдердин жетишкендиктерин чыныгы илимдик-материалисттик мааниде түшүндүргөн. Физиктердин жана башка табият таануу жана коомдук илимдердин жаңылыштыктарына марксисттик-материалисттик түшүнүк берип, марксисттик-материалисттик илимди бурмалоодон сактап калган. 1908-жылда жазган «Материализм жана эмпириокритицизм» деген философиялык эмгегинде табигый илимдердин ачылыштарына материалисттик көз караш менен карап, аларга терең анализ берген. Ал илимий ачылыштардан кээ бир идеалисттер, махизмге окшогондор, туура эмес тыянак чыгарып, материалисттик көз карашты бурмалашкан. В.И.Ленин бул эмгегинде аларга сокку берген. Алсак, «материя» деген түшүнүккө лениндин берген аныктамасы – «материя» бул обңективдүү реалдуулук, ал чексиз, жоголуп, жок болуп кетпейт, ал эми илимдеги материянын жаңы түрлөрүн ачуу – бул материя жок болуп кетти дегендикке жатпайт, тескерисинче материяны мурдагыга караганда дагы тереңирээк билип, биз билим чегибизди дагы алдыга жылдырдык дегендикти билдирет. Ошого байланыштуу «адамдын таанып билүү жөндөмдүүлүгү чексиз» - деген философиялык тыянагы, илимдеги чоң жаңылык жана марксизмди жаңы деңгээлге көтөрүп байыткандыгы. Андан башка дагы В.И.Лениндин «Философиялык дептерлер», «Материализмдин келишпей күрөшүүсүнүн мааниси жөнүндө», «Карл Маркс», «Мамлекет жана революция», «Лев Толстой - орус революциясынын күзгүсү», ж.б. көптөгөн чыгармаларында диалектикага жана материализмге тарыхый анализ берип, аны турмушта, теорияда, коомдук өзгөрүштөрдө пайдалана билүүнү көргөзгөн жана россиялык революционерлердин руханий куралы катары иштеп чыккан. В.И.Ленин өзү жашаган доорго ылайык коомдук илимдерди жаңы идеялар, аныктамалар менен байыткан. Өзгөчө эл массасынын коомдук турмуштагы ролу: коомдук материалдык байлыктарды; бир коомдук түзүлүштөн экинчи коомдук түзүлүшкө өтүүдөгү; коомдо руханий баалуулукту жасоодогу; эл массасы түгөнбөс руханий байлык экендигине өтө басым көрсөткөн.

В.И.Ленин эл аралык жумушчулар уюмун жаңы деңгээлге көтөрүп, аларды бекемдөөгө көп эмгек жумшаган. III Интернационалдын шыктандыруучу жана жетекчиси болгон, анын программасын иштеп чыккан. Эл аралык жумушчулар – коммунисттик кыймылдын жол башчысы бүткүл дүйнөгө таанымал урмат сыйга ээ болгон.

В.И.Ленин өзүнүн чыгармаларында жаңы социалисттик коомду куруунун стратегиясын жана тактикасын иштеп чыккан. Ушуга байланыштуу элдердин достугуна, биримдүүлүгүнө, интернационалисттик өз ара мамиле катнаштарына өтө чоң көңүл бурган. В.И.Лениндин, ар бир улут өзүнүн тарыхый өсүп өнүгүүсүндө бай тажрыйбага, улуттук үрп-адатка, каада-салтка, руханий өзгөчөлүккө ээ, ошондуктан, ар бир элге, анын өкүлүнө өтө урмат сый, кылдаттык менен анын улуттук ар намысын басмырлабай мамиле кылуу, улуттарды жакшы-жаманга, өнүккөн-артка калганга бөлбөй, бирдей тең кароого чакыргандыгы жана аны турмушка ашыруунун жолдорун иштеп чыккандыгы, илимде эч убакта өз маанисин жоготпосун турмуш өзү далилдеп турат. В.И.Ленин бардык элди, улуттарды бирдей караган, алардын анда ар түрдүү биримдигин эң жогору баалаган, урматтаган чыныгы интернационалист болгон.

## Кайталоо үчүн суроолор

1. Позитивизмдин  пайда болушунун тарыхый шарттары.
2. Позитивизм жана анын тарыхый формалары
3. Махизмдин маңызы эмнеде?
4. Вена философиялык кружогунун философиясы эмнени изилдейт?
6. Прагматизмдин негизги идеялары
7. Иррационалисттик окуунун пайда болуш шарттары кайсылар?
8. Позитивизмдин негизги өкүлдөрү жөнүндө эмне билесиң?
9. XIX-кылымдагы иррационализмдин өкүлдөрүнүн кандай эмгектерин билесиң?
10. Марксисттик философиянын негизги окуулары
11. Марсисттик философиянын ордун аныкта.

## Өз алдынча иштердин темалары

1. О.Конттун «үч стадиянын мыйзамы» окуусу.
2. О.Конттун социологиялык көз караштары.
3. Миллдин философиясындагы индукция.
4. Дж.Дьюи жана анын философиясы.
5. А.Шопегауэрдин философиялык көз караштары.
6. XX-кылымдын башындагы иррационализм.

7. Ф.Ницшенин жашоо философиясы.
8. В.Дильтей жашоо философиясынын өкүлү катарында.
9. Г Спенсердин «эволюция закону».
10. С.Кьеркегордун чындыкты түшүнүү позициясы.
11. Ф.Ницшенин ой жүгүртүүсүндөгү адам.
12. Марксизмдин калыптанышынын негизги булактары.
13. Марксизмдин диалектикасы.
14. Марксисттик философиядагы кыймыл түшүнүшү.
15. Марксистик философиядагы практиканын ролу.

## Колдонулган адабияттардын тизмеси


1. Бергсон А. Собрание сочинений. – М.: Московский клуб, 1992.
2. История марксисткой диалектики. – М.: Мысль, 1971.
3. Конт О. Курс позитивной философии. – Т. 1-2. – Спб., 1991.
4. Кьеркегор С. Страх и трепет. – М.: Республика, 1993.
5. Ленин В.И. Материализм и эмпириокритицизм. / Изб. соч.: В 10 т. – М.: Изд-во полит. литер., 1985.
6. Ленин В.И. Философские тетради. / Изб. соч.: В 10 т. – М.: Изд-во полит. литер., 1986.
7. Маркс К. Ниүета философии / Избр. соч.: В 9 т. – Т. 7. – М.: Изд-во полит. литер., 1985.
8. Ницше Ф Сочинения: В 2 т. – М.: Мысль, 1990.
9. Современная западная философия: Словарь. М.: ТОН – Остожье, 1998. – 544 с.
10. Шопенгауэр А. Избранные произведения. – М.: Просвеүение,1992.
11.Энгельс Ф. Анти-Дюринг. / Избр. соч.: В 9 т. – Т. 5. – М.: Изд-во полит. литер., 1986.

# XX-XXI-кылымдагы философия

**1. Неотомизм жана анын негизги идеялары**
**2. Фрейдизм жана анын өнүгүүсү**
**3. Неопозитивизм жана постпозитивизм**
**4. Экзистенциализм жана анын негизги мазмуну**

XIX-кылымдагы философиялык концепциялар андан ары улантылат. Марксизм, позитивизм, иррационализм ж.б. көптөгөн философтор «натуралисттик» жана сциентисттик (илимий билимге таянган) философиялык концепцияларды сынга алынат. Философиянын бытие жана тааным теориясы катары мамилесине карата пессимисттик маанайлар күчөйт, антропологиялык маанай популярдуу болуп калат. 20-30-жылдары биринчи планга неотомизм, позитивизм, экзистенциализм чыгат. 60-жылдардан тартып франкфрут мектебинин социалдык философиясы, структурализм, герменевтика көрүнүктүү боло баштайт. Андан кийин фрейдизм популярдуулукка жетишет, ал эми 70-80-жылдары постмодернизм өнүгөт.

**Неотомизм.** Бул философиялык окуу XIX-кылымдын аягында пайда болуп католик чиркөөсү үстөмдүк кылган өлкөлөрдө философиялык ой жүгүртүүнүн модели катары үстөмдүк кылат. Анын Эл аралык борбору болуп Белгиядагы жогорку философия институту жана Римдеги Папалык католиктик Академия эсептелет. Неотомизимдин негизин орто кылымдагы схоластиканын негиздөөчүсү Фома Аквинскийдин окуусу түзөт. Неотомизм эмпиризм менен рационализмди, индивидуализм менен собордуулукту, дин менен илимди синтездештирүүгө аракет жасайт.

Неотомизмдин негизги өкүлдөрүнүн бири **Жан Мартен** (1882-1973) «Илим жана акылмандык», «Интегралдык гуманизм», «Искусство жана схоластика», «Граддагы философ» деген эмгектерди жараткан. 1919-жылдары «Томизмди үйрөнүү боюнча кружок» уюштурган, ал 1934-жылга чейин иш аракетте болгон. Дагы бир көрүнүктүү өкүлү **Этьен Жильсон** (1884-1978) Сарбонна университетинин профессору болгон. Орто кылымдардагы философияны изилдеген. Негизги эмгектери «Томизм», «Орто кылым философиясы», «Бытие жана маңыз» деп аталат.

Мындан сырткары белгилүү неотомистер болуп А.Ж.Сертийанж, Р.Гарригу-Лагранж (Франция), М.Грабман, А.Дениф, Ю.Бохеньски (Германия), Д.Мерсье, А.Дондейн, Ж.Лардьер (Белгия), Ф.Ольджати,

У.Падовани, К.Фебро (Италия), Э.Корет, Г.Веттел (Австрия), К.Войтыла, М.Кромлец (Польша) ж.б. эсептелет.

Жогоруда белгиленип кеткендей неотомизмдин негизги идеясы – акыл менен ишенимдин гармониялык биримдик принциби. Э.Жильсон образдуу түрдө философия менен ишенимдин ортосундагы гармонияга жетүү – томизмдин сыры деп айткан. Неотомисттердин оюу боюнча ишеним менен акыл бири бирине каршы турбаш керек, диний ишеним жана рационалдык тааным туура пайдаланган учурда бири бирин толуктайт. Ишеним акылдын өнүгүүсүнө тоскоолдук кылбашы керек, ал эми акыл болсо ишенимге жана диндин жашоосуна тийишпеси зарыл. Маритен жазат: «Бүгүнкү күндө акыл иррационалистик күчтөргө каршы күрөшүш керек, анткени ал цивилизацияны талкалоо коркунучун пайда кылууда. Бул күрөштөгү акылдын негизги милдети – интеграция милдети». Ошондуктан акыл менен ишеним чогуу иррационализмге каршы күрөшүшү керек.

Ишеним рухтун өзгөчө абалы болуп кудай ачылышын булак катары карайт. Кудай ачылышында жогорку күч жөнүндө чындык берилген анда адам бытиенин маңызына тереңдеп кирет. Ишеним аркылуу адам кудай билимине кирет. Рационалдуу билимдин булагы болуп – адам акылы эсептелет. Бирок акыл өзүнүн жаратылышы боюнча чектелген, бүтөт, ал үчүн баары таанылa бербейт, ошондуктан ага толук таяна албайбыз. Маритен мындай дейт: «Жашоо маңызы, жандын өлбөстүгү жөнүндөгү маселеде акыл «токтоп калат», «унчукпай туруу абалында» болот. Ушул жерде ишенимге болгон керектөө пайда болот.

Неотомизм боюнча ишеним акылдан жогору турат. Таанымдын «жогорку точкалары» Кудайга алып барат жана бул жерде ишеним акылдын кемчилигин жок кылат, анын таанып билүүчүлүк ишмердигин аягына чыгарат. Ишеним акыл ишмердигине өзүнүн таасирин тийгизет. Бир гана ишеним акылды анын адашууларынан, скептицизмден жана релятивизмден сактай алат.

Неотомисттер философиялык билимдин бардык областын – онтология, гносеология, адам жөнүндөгү окуу, коом жөнүндөгү окууну камтыган философиялык системаны сунуш кылышат. Биринчи орунга онтология коюлат. Кээде философия «бытие философиясы», алгачкы себеп жана абсолюттук башталыш жөнүндөгү окуу деп аныкталат.

Онтологиянын негизги маселеси – бытие деген эмне. Неотомисттер «таза бытие», («өзү менен өзү болгон бытие») «бар болуп жашап турган бытие» деп айырмалашат.

«Таза бытие» – реалдуу-материалдык эмес бытие, абсолюттук бытие, ал кудайга окшоштурулат. Бул бытие өзгөрүлбөс рухий субстанция кудайга окшошуп, материалдык дүйнөдөн айырмаланат. Чексиз жана абсолюттук «таза бытие» – бардык реалдуулуктун терең маңызы, ал өзүнө дүйнөнүн биримдигин камтыйт. Таза бытие жаратылган, бүтүүчү, жок болуучу бытиеге каршы коюлат.

Жаратылган бытиени анализдөөдө неотомистер маңыз жана жашоону айырмалашат. Маңыз – кандайдыр бир мүмкүндүк, нерсенин негизи. Эгерде кудайда маңыз жана жашоо биримдикте турса, конкреттүү буюмдар сферасында маңыз биринчи болот. Мында маңыз жашоону алып жүрө элек мүмкүндүк, жашоо – маңыздын конкреттүү көрүнүшү. Бардык маңыз алгач кудай акылында камтылган.

Кудай форманы жаратат, аны материя менен байланыштырат. Материя жана форма материалдык бардыкты, жандыкты түзөт.

Неотомистер кудай жок нерседен дүйнөнү жаратты (креационизм) деген принципти бекемдешет. Алар кудай жана материя түбөлүктүү дегенге каршы турушат. Адамдын жаны кудай тарабынан жаратылган, адам болсо кудайдын рухун материалдык дүйнөдө алып жүрүүчү болуп саналат, жан өлбөс. Дүйнөнүн жана адамдын эң акыркы максаты – Кудай. Ошондуктан баары кудайга карай умтулат.

Неотомистер тааным теориясында да бир топ ойлорду айтышкан. «Чындык бул акыл менен буюмдун ортосундагы дал келүүчүлүк. Тааным – материалдык эмес жандын бир жөндөмдүүлүгү. Таанымдын алгачкы этабы – туюмдар, сезимдик тааным, жекеликке жетүү. Сезимдик таануунун артынан абстрактуу-логикалык ишмердик келет. Логикалык тааным түшүнүктөрдө ишке ашырылат. Мында онтологиялык чындыкка жетүү мүмкүндүгү бар. Эгерде онтологияда Кудай – башбашталма болсо, гносеологияда «жыйынтык» болуп саналат.

Адамдын жанынын экинчи жөндөмдүүлүгү – эрк. Адамга эрктин эркиндиги берилген. Эрктин эркиндиги нравалык эркиндиктин зарыл шарты, жүрүм турумду белгилейт. Мында эркиндик милдет менен чектелиш керек да, ал транценденттикке умтулат.

Неотомизм төмөндөгүдөй жыйынтыкка келет: «Түбөлүк философия» «маданиятты борборго койгон» маанайда модернизация

болушу керек. Мында маданияттын өнүгүшүндөгү христиандык баалуулуктардын маанисин көрсөтүү зарыл. Э.Жильсон жана Ж.Маритендин оюу боюнча «түбөлүктүү» диний нравалык баалуулуктарды жандандыруу учурдагы маданиятты стабилдештирүү анын формаларын горманизациялоо үчүн негиз болуп берет.

Маданияттын материалдык жетишкендиги, техникалык каражаттар илимге негизделип эки мүнөзгө ээ болот: алар дүйнөнү бириктирет жана бөлөт, «Рухий фактордун» негизинде гана дүйнөлүк цивилизациянын биримдигин ишке ашырса жана адам проблемасын чечсе болот. Ошондуктан неотомистердин негизги темасы – маданияттын жана адамдын тагдыры, цивилизациянын кризисинин неизги себеби диндин четке кагылышы. Индивиддеги динге ишенбөөчүлүк «кайгыруу этикасына», иррационализмге алып келет. Кудайды жоготот, ал адашууга дуушар болот. Адам кудай алдында күнөөлүү. Анын күнөөсү болуп цивилизациялык иш аракеттери, радикалдык изденүүлөрү эсептелет, тескерисинче токтоо, макулук, аны уккан, таазим кылган адам болуш керек.

Ошентип чиркөө жана диндик философия дүйнөдөгү реалдуулукту эске алууга аракет жасап жатканына карабай неотомизм консервативдүү багыт бойдон кала берет.

## Фрейдизм жана анын өнүгүүсү

Фрейдизмдин негиздөөчүсү болуп Зигмунд Фрейд эсептелет. Ал 1856-жылы, 6-майда провинциалдык шаар болгон Фрейбергде майда соодагердин үй-бүлөсүндө төрөлгөн. Көп өтпөй эле Фрейддин үй бүлөсү Лейпцигге, андан кийин Венага көчүп келишкен. Фрейд диндик каада-салт жана традиция өзүнүн күчүн жоготуп койгон үй-бүлөдө чоңойгон. Анын атасы либералдык-агартуучулук көз караштa болгон, үйүндөгү жакындарынын айтуусунда «Эркин ойлоочу» катары эсептелген. Атасынын таасири менен Фрейдде китепке, билимге болгон кызыгуу ойгонгон. Ал ошол убактагы майда буржуазияга тиешелүү болгон билим алган: жеке менчик мектеп, андан кийин гимназия, университетте окуган.

Гимназияда окуп жүргөн мезгилинде З.Фрейддин дүйнө карашы рационализм менен табигый-илимий эмпиризмдин таасири астында калыптанган.

З.Фрейддин европалык рационализм жана эркин ойлоо идеясы менен таанышышы, анын дүйнө таанымынын калыптанышына

таасирин тийгизген. Ал адам акылынын күчтүүлүгү менен илимий дүйнө караштын жеңишине терең ишенген. Анын оюнча дин – адамдын адашууларынын негизги булагы, агартуучулук менен прогресстин душманы.

З.Фрейддин табигый илимдерди – физика, химия, биологияны окуп үйрөнүүсү дүйнө карашынын калыптануусунда чечүүчү ролду ойногон.

Болочоктогу ойчул-илимпоз гимназияда окуп жүргөндө эле Ч.Дарвиндин окуусу менен таанышкан. Ч.Дарвиндин эволюциялык теориясы менен тааныш болушу Фрейддин аң-сезиминде терең төңкөрүштү жараткан. Ал он жети жашынан баштап өзүн илимге арноону чечет. Бирок өзүнүн ички оюн орундатууга ошол мезгилде Австро-Венгриядагы мамлекеттик саясат тоскоолдук кылган, анткени еврейлерди коммерция, юриспруденция, медицина менен алектенүүгө тыюу салган. Илимге болгон жол жабык болгон, ошондуктан Фрейд медицинаны тандап алган, анткени ал табигый илимдерге жакын эле.

1873-жылы ал Вена университетитинин медицина факультетине тапшырган, 8 жылдан кийин медицина илимдеринин доктору деген даражага жетишкен. Окуу убактысын З.Фрейд Вена университетиндеги Эрнст Брюкке жетектеген физиология институтунда иштөө менен айкалыштырган. Мына ушул белгилүү окумуштуу менен кызматташуу З.Фрейддин илимий, рационалисттик ой жүгүртүүсүнүн чыңдалышына шарт түзгөн. Брюккенин жетекчилиги менен З.Фрейд нейрондордун материалисттик теориясынын калыптануусуна дал келүүчү бир нече оригиналдуу изилдөөлөрдү жүргүзгөн. Ал эми илимий изилдөөнүн логикасы аны табигый-илимий материализм позициясына алып келген. Психиканын органы болуп мээ эсептелет жана психикалык процесстер физиологиялык жак менен үзгүлтүксүз байланышта боло турганына ишенген, ал эми материалдуу предметтердин дүйнөсү адамдын аң сезимине көз карандысыз жана ал жөнүндөгү биздин билимдерибиз сезүү органдарынын (козголуусунан) дүүлүгүсүнөн башталат.

1874-1875-жылдары ал немецтик философ-идеалист Ф.Брентанонун лекциялар циклин уккан. Анын багытталган аракеттеги каралган психикалык акт жөнүндөгү окуусу менен англиялык психиатр Г.Моделинин аң сезимсиздик жөнүндөгү болгон полемикасы З.Фрейдде жандуу кызыгууну пайда кылган. Ушул мезгилде З.Фрейддин көз карашынын калыптанышына табигый-илимий материализм менен байланышта болгон позитивизмдин

таасири чоң болгон. З.Фрейд жаратылыштын закондорунун биримдигине жана универсалдуулугуна ишенген.

Бирок З.Фрейддин «материализми» чектелген мүнөзгө ээ болгон, б.а. стихиялуу, формага салынбаган. Мындай формаланбаган, чыныгы теориялык таанып билүүчү даярдыктын жоктугу, диалектиканы начар билгендиги «төмөндөн», (жаратылыштын кубулуштарын түшүндүрүүдө, социалдык жана гносеологиялык проблемаларды чечүүдө) материалист болушуна, ал эми «жогорку» жактан идеалист болушуна алып келген.

1881-жылдан кийин З.Фрейд өзүнчө медициналык кабинет ачып, психоневрозду дарылай баштайт.

Адам психикасы жөнүндөгү илим улуу ачылыштардын алдында турган. Бирок З.Фрейд аны күткөн жок, анткени анын пациенттери жардамга муктаж болушкан. Анын жаңы терапевтикалык каражатты табууга болгон каалоосу, энтузиазм жана иренжүүсү 1883-жылы кокаиндин таасирин өзүнө жана жакындарына болгон изилдөөсүнөн көрүнөт. Бирок З.Фрейддин эксперименти анын тажрыйба жүргүзүүчүлөрүнүн ден соолугуна зыян алып келген. Венадагы медициналык чөйрөдө З.Фрейдге карата авантюрист деген репутация таралган.

1879-жылы биринчи жолу психология институту түзүлгөн, З.Фрейд илимий иш менен алекте болуп невроздордун жашыруун себебин 15 жылдай изилдеген. 1885-жылы неврологиянын приват-доценти деген орунга конкурстан өтүп, бүткүл дүйнөгө белгилүү болгон Париждеги «Сальпенриер» клиникасына стажировкага баруუга мүмкүнчүлүк алат.

Ошол убакта клиниканы Жан Маритен, Шарко жетектеген, анын оюу боюнча функционалдык психикалык бузулуулардын себебин анатомиядан эмес, психологиядан издеш керек. Бул ой З.Фрейддин аң сезимине тескери таасир берет. Бер үче жылдан кийин Шарконун окуучусу – доктор Н.Бернгеймдин «Внушение и его применение в качестве терапии» деген эмгегине кездешет, анда невротиктерди гипноздук дарылоо ыкмасы менен дарылоонун жыйындысы баяндалат.

1889-жылы З.Фрейд Нансинге келет. Гипноз методу З.Фрейдде чоң кызыгууну туудурат. З.Фрейдде мындай ой болот: мээнин иштеши ар дайым эле аңдалбайт, адамдардын жүрүм-турумунун негизинде аң сезимсиздик мотивдер жатат, бир нече ыкмалардын

жардамы менен аларды тапса болот. З.Фрейд Венага кызыгуу идеясы менен кайтат.

Бирок ал гипноз менен дарылоо туруксуз натыйжа (эффект) бере тургандыгына жана невро-психологиялык оорулардын табигатын түшүнүүнү ордото турганына ишенет.

Изилдөөнүн негизинде З.Фрейд жыйынтыкка келет – ооруну билдирүүчү белги (симптом) басырыңкы абалда турган импульстун алмаштыргычы (заменитель) болуп эсептелет. Ал материяны дарылоонун жаңы методун (катарсический метод) ачкан. З.Фрейд «энергетикалык теория» жөнүндө жыйынтык чыгарат. Ал теория боюнча организмде белгилүү өлчөмдөгү психикалык энергия жайгашкан. Эгер ошол энергия өз убагында жана тоскоолдуксуз иштелбесе, ал кармалып же басылып турса анда күчү боюнча эквиваленттүү болгон патологиялык симптом пайда болот. Бул эмгек З.Фрейддин көп жылдык изилдөөлөрүн жыйынтыктайт. Бул эмгекте бир нече ойлор айтылган, алар – аң сезимдүү жана аң-сезимсиз жан дүйнө актылардын айырмачылыгы жөнүндөгү, эмоцияны маанилүү жөнгө салуучу ролу жөнүндөгү ойлор.

Изилдөө процессинин негизинде З.Фрейд биринчи жолу аң сезимсиздик проблемасы (проблемы бессознательного) менен кезигишет.

Неврозордун пайда болуу механизмдерин ачууга аракет кылып жатып ал канааттанбаган кумардануу менен реакцияланбаган конфликтик эмоциянын тийгизген натыйжасына көңүл бурат. Бул организмге жат, аң сезимдин биримдигине (бузуучу) ажыратуучу аффекттер З.Фрейд тарабынан аң сезимсиздиктин жашоосунун алгачкысы жана негизги деп кабылданат.

Психоанализдин өнүгүүсү менен З.Фрейддин аң сезимдер жөнүндөгү түшүнүгү такталып, толукталган. Ал өзүнүн аң сезимсиз психологиялык ишмердүүлүк жөнүндөгү окуусун түзө баштайт.

Фрейддин психоанализди иштеп чыгууга багытталган чыгармачылык эволюциясын 3 мезгилге бөлүүгө болот:

1. Алгачкы мезгил (1895-1905)
2. Биринчи психоаналитикалык система мезгили (1905-1920)
3. Экинчи психоаналитикалык система мезгили (1920-1939)

Алгачкы мезгилдеги теориялык жетишкендиги болуп психоанализ концепциясы жана аң сезимсиздик идеясына негизделген психикалык аппарат жөнүндөгү окуу эсептелет. Психикалык аппарат топографиялык жана динамикалык аспектиде каралат. Психикага

карата топографиялык мамиледе 3 область бөлүнүп каралат аң сезим, аң сезимге чейинкилик, аң сезимсиздик.

Аң сезимдик деген бул аң сезимсиз каалоолор топтоштурулган психиканын бөлүгү. Кеңири мааниде алып караганда субңектин аң сезими тарабынан берилбеген психикалык процесстердин, операциялардын жана абалдардын жыйындысы. Аң сезимсиздик концепциясы боюнча зарыл эмес идеялар өз ара конфликте болушат, анда өтө начарлары аң сезимден сыртка чыгарылат, бирок динамикалык касиетин жоготпостон ага таасир эте берет. Аң сезимдеги сырткы дүйнөгө карата болгон көрүнүш (окно) – аң сезимсиздик аң сезимге чейинкилик (предсознательное) областы менен чектелген.

Аң сезимге чейинкилик – адамдын акыл эстүү эске тутуусу, ой жүгүртүүсү. Аң сезимдин чегин Фрейд тышкы дүйнөнү кабылдоо менен байланыштырган. Психикалык динамиканын булагы болуп аракет түрүндөгү аң сезимсиздиктин каалоосу эсептелет. Ал үчүн жүрүм-турум актысынын ишке ашышын жөнгө салуучу аң сезимге кирүүсү керек. Бул аң сезимдиктин калоосун ишке ашырат. Кийинчерээк З.Фрейд мындай деп тактайт: аң сезимсиздиктин психикалык ишмердиги канааттануу принцибине баш иет, ал эми аң сезимге чейинкиликтин психикалык ишмердиги реалдуулук принцибине баш иет. Аң сезимге чейинкилик тышкы дүйнөнүн реалдуулугу менен кошулуп, дал келбеген каалоо менен идеяны (сексуалдык, эгоисттик, социалдык) сезимсиздик аң сезимсиздикке түртүп чыгарат, алардын аң сезимге сүңгүп кирүүсүнө каршылык көрөсөтөт. Мына ушундай жолдорго түш көрүү (аны Фрейд аң сезимсиздикке карай жүргөн «король жолу» деп атаган), жини келүү, кокустан болгон туура эмес аракеттер, тамаша жана сөздөгү жаңылыш жана психикалык патологиянын белгилери кирет.

З.Фрейддин теориясынын концептуалдык ядросу болуп психоаналитикалык система түзөт. Дагы бир башка негиз болуп либидо жана балдардын сексуалдуулугу жөнүндөгү окуу эсептелет. Либидо жөнүндөгү окуу менен байланышта психикага болгон энергетикалык мамиле эсептелет. Психикалык энергия алгачкы мезгилдерде (90-жж.) З.Фрейд тарабынан Либидо энергиясы деп интерпретацияланган З.Фрейд Либидого айлануунун жолдорун көрсөтүп жазган.

Инстинктивдүү импульс аракетке айлануусу мүмкүн же кайра аң сезимсиздикке түртүлүп чыгышы мүмкүн же реактивдүү

түзүлүштөрдүн (уялуу, мораль) аракети астында энергиясынан ажырашы мүмкүн.

Либидо жөнүндөгү окуунун көз карашы менен алганда адамдын психикалык өнүгүү процесси бул өзүнүн маңызы боюнча сексуалдык инстинкте айлануу процесси болуп саналат.

З.Фрейд өзүнүн «Я и Оно» (1923-ж.) деген эмгегинде психиканын структуралык концепциясын иштеп чыгат. Анда бардык психикалык динамика өз ара тыгыз байланышта болгон 3 инстанциядан – «Я, Оно, Сверх-Я» («Супер Его и турат).

Аң сезимсиздик «Ал» («Оно»)- З.Фрейд боюнча, - «инстинкттер кайнаган казан».

«Мендин» милдети социалдык реалдуулуктун талаптарына каршы чыкпаган. «Анын» («Оно») импульстарын канаттандыруу. Бул талаптардын сакталышын «Жогору мен» (Сверх-Я) көзөмөлдөйт. Мына ушундай жаңы ачылыштар менен биринчи психоаналитикалык система экинчиси болуп кайра түзүлгөн З.Фрейддин окуусу чыныгы философиялык болбосо да дүйнө караштык потенциалга ээ. Ал адам менен маданияттын өзгөчө ойлонуп аңдоо менен байланышкан. З.Фрейд боюнча адамдагы табигый башталыш, сексуалдык жана агрессивдүү импульстар жана маданият карама каршылыкта турат.

З.Фрейддин оюу боюнча маданият аң сезимсиздиктин каалоосун орундатуудан баш тартууга негизделген жана Либидонун энергиясынын эсеби менен жашайт. «Неудовлетворенность в культуре» (1930) деген эмгегинде мындайча тыянакка келет: «Маданияттын өсүшү адам бактысынын азайышына жана табигый каалоолорду реализациялоонун чектелинишинен күнөлүү деп сезүүнүн күчөшүнө алып келет».

Фрейддин окуусун улантуучулар – неофрейдисттер Фрейддин кээ бир концепцияларынын түрүн өзгөртүшөт.

**Карл Густов Юнг** (1875-1961) боюнча адамдын психикасы 3 деңгээлди камтыйт: аң сезим, жеке аң сезимсиздик, коллективдүү аң сезимсиздик. Акыркы түрү боюнча адамдын психикасы адамзаттын өткөн бардык тажрыйбасы тарабынан калтырылган эс тутумдун изинен уюшулат. Ал ар түрдүү деңгээлдерден турат жана улуттук, расалык, жалпы адамзаттык байлыктар менен аныкталат. Коллективдүү аң сезимсиздик адамга таасир тийгизет жана төрөлгөндөн берки жүрүм турумун аныктайт. Бул аң сезимсиздик жеке адамдарда архетип түрүндө көрүнөт.

Индивидуалдуу аң сезимсиздик – кыжалаттануудан турат, ал бир убактарда аң сезимдүү болгон, аң сезимдүү мүнөзүн жоготуп койгон. Коллективдүү аң сезимсиздик – жалпы адамзаттык тажрыйбадан, мифологиядан, динден, түш көрүүдөн көрүнөт.

Жогоруда айтылгандай коллективдүү аң сезимсиздик архетиптен турат. «Архетип, - деп К.Г.Юнг төмөндөгүнү түшүнөт, - өзүнүн жаратылышы боюнча коллективдүү болгон формалар жана образдар, булар жер бетиндеги бардык мифтердин составдуу элементи катары түшүнөм, алар аң сезимсиз пайда болгондордун автономдуу индивидуалдуу продуктысы. Архетиптик мотивдер адам акылындагы архетиптик образдардан башталат жана традиция, миграция жолу менен эле эмес тукум куучулук аркылуу да берилет. Прообраз же архетип чексиз муундардын техникалык тажрыйбанын калыптанган жыйындысы болуп саналат». Архетип болуп ата-эненин образы, жакшылык менен жамандыктын образы эсептелет. бул коомдук аң сезимде чагылдырылат.

Ал эми Фрейдин окуучусу **Альфред Адлер** (1870-1937) боюнча адамдагы негизги нерсе анын «жаратылыштык инстикти эмес, коомдук сезими» - «жалпылыкты сезүүсү» эсептелет.

Анын окуусунда «бийликке болгон эрк» түшүнүгү кездешет. Адам бала чагында ата-энеге, бир туугандарына карата «бүтүн эместикти» сезет. Бул андагы коркунучту, ишмердүүлүккө умтулууну, дене жана психикалык калыптанууга болгон умтулууну жаратат. Бул чыгармачыл күч, личностту жогорку ийгиликтерге жетишүүгө умтулууга алып келет. Адамда бийликке умтулуу, конфликке баруу, ооруга жакындашуу пайда болот.

А.Адлер «компенсация» деген теориясын өнүктүрүп мындай ойго келет: «Адамдар кандайдыр бир кемчилик менен азап чеккенде аны гипертрофирленген активдүүлүк менен компенсация кылууга, туруктуулукка жана максатка карай умтулушат. Булар кээ бир учурда принципсиз, так эмес, позицияда турушат. Адам өзүнүн кемчилигин жашырып чыгармачыл потенциалын күчөтөт. Бул «сверхкомпенсация» деп аталат». Мунун негизинде ири, белгилүү личносттор өсүп чыгат. М:, Наполеон өзүнүн боюнун кыскалыгын саясий карьерасында компенсация кылган.

**Карен Хорни** (1885-1952) адамдын ишмердигинин түрткү берүүчү мотиви болуп коопсуздукка умтулууну эсептеген, бул коркуу жана коркунучтан келип чыгат. Коркунучту сезүү, тынчсыздануу карама

каршы турган атмосферадан, бийлик тарабынан басынтуудан улам келип чыгат.

Неофрейдизмдин ири өкүлү болуп **Эрих Фромм** (1904-1980) эсептелет. Муну көпчүлүк учурда франфрут мектебине таандык кылышат. Э.Фромм Фрейддин концепциясындагы биологизатордук мотивдерди сындайт жана адам жашоосун мүнөздөөдөгү метафизикалык көз караштарга каршы болот. Адам уруусун жаныбарлар менен салыштырып, экөөндө тең жалпы агрессия болоорун көрсөтөт: ал «жашоого коркунуч» пайда болгон ситуацияда чабуулга (же качууга) болгон филогенетикалык импульс болуп саналат. Бул «коргонуучу» «оң сапаттагы» агрессия. Бирок адамга «терс сапаттагы» агрессия да таандык. Фроммдун оюу боюнча жаратылыш менен болгон алгачкы байланыш үзүлгөндө адам төрөлөт. Ал жалгыз. Изоляцияны сезүү эки жолдун бирин тандоосуна мажбур кылат: 1) бийликке баш ийүү (адамга, мамлекетке, институтка, кудайга) – бул мазохизм; 2) башкаларды баш ийдирүүгө аракеттенүү – бул садизм. Экөө тең адамдын жүрүм-турумунун патологиялык формалары. Фроммдун оюу боюнча адам – өзүнүн жакындарын жок кылган жана аны менен канааттанган бирден бир жандык. Бул «терс сапаттагы» агрессиянын себеби эмнеде? деген суроону коөт.

Адамдын жүрүм-турумун түшүндүрүүнүн эки позициясы бар: биринчиси тубаса инстинктерге маани берет, экинчиси – чөйрөнүн аракетине багытталат.

Э.Фромм Фрейдден айырмаланып мындай ойду айтат: «биологиялык нормалдуу кубулуш – бул биофимя: жашоого жана жандуу нерсеге болгон сүйүү, жакшылыкка багытталуу жана башка». Биофилиядан айырмаланып, некрофилия – психикалык патологиянын феномени некрофилия – өлгөн адамга, оорулууга, бөлүнүп ажырап бара жаткан нерсеге, талкалоого умтулуу, механикалыкка (биологиялык эмеске) болгон кызыгуу болуп саналат. Фроммдун оюу боюнча терс сапаттагы агрессия социалдык шарттарды өзгөртүү менен, бир таптын үстүнөн экинчисинин үстөмдүгү жок болгондо, укуктук тартип орнойт, үй бүлөнүн социалдык статусу өзгөрөт, адам тең салмактуулукка жетет, коркунучту сезбейт, гуманисттик баалуулуктарга ориентация жасайт.

## Неопозитивизм жана постпозитивизм

Бул ХХ-кылымдын белгилүү философиялык багыттарынын бири, өзүнүн багыты боюнча позитивизмдин идеясын улантат. Неопозитивизмдин чегинде логикалык позитивизм, логикалык эмпиризм, аналитикалык философия, лингвистикалык философия, илим философиясы турат.

Классикалык позитивизмден айырмаланып, неопозитивизм аң сезимдин тилдик формаларын анализдөө илимдердин философиялык милдети болуп саналат деген. Философиянын предмети болуп тил эсептелет. Баарынан мурда билимди билдирген илимдин тилин изилдөө – философиянын предмети болуп саналат. Биринчи планга маани берүү жана маңыз проблемасы коюлат. Неопозитивизм методологиялык проблемаларды анализдөөгө багытталган агым катары өнүккөн. Ал илимий таанымдагы белги-символикалык каражаттардын ролу, илимий изилдөөнүн эмпирикалык жана теориялык деңгээлдеринин катнашын изилдейт.

Неопозитивизмдин ичиндеги алгачкы негизи варианты болуп **логикалык позитивизм** эсептелет. Анын башатында Д.Э.Мур, Б.Рассел, Л.Витгенштейн турган. Б.Расселдин оюу боюнча «чыныгы философиялык» проблемалар «логикалык проблемаларга келип токтолот». Ал илимий билимдин логикалык структурасын анализдөөгө бардык күчүн жумшаган. Биринчи планга аң сезимдин мазмуну коюлбастан, тилдин эрежеси коюлат. Б.Расселдин ой жүгүртүүсүндө философиянын милдети – илимдин айтылышын, маңызын логикалык анализ кылуу жана билимди аныктоону камсыз кылуу эсептелет. Ошондуктан логиканын негизинде уюшулган жасалма тилге кайрылуу зарыл. Философия илимий билимди логикалык анализ кылууну негизги милдети катары карашы зарыл. Элементардуу сүйлөмдөр сезимдик маалыматтарды топтоштурат, ушул сезимдик маалыматтар дүйнөнүн картинасын түзүүдөгү логикалык «атомдор» болуп калат. Элементардуу сүйлөмдөр өз ара көз каранды эмес. Математика жана логика илимий билимди уюштурууда колдонулуп, дүйнө түзүлүшүнөн көз каранды болбостон априордук илимдер катары түшүндүрүлөт.

20-жылдары Б.Рассел «нейтралдуу монизм» концепциясын сунуштайт. Ал башбашталма болуп кандайдыр бир «нейтралдуу материя», «нейтралдуу элемент» эсептелет, анда материалдык жана рухий, физикалык жана психикалык айырмачылыктын чеги жок кылынат.

Людвиг Витгенштейн Б.Рассел сыяктуу философияны илим дебестен, илимдин тилине логикалык жактан анализ кылган ишмердүүлүк деген. «Чыныгы сүйлөмдөрдүн жыйындысы – толугу менен болгон илим (б.а. илимдердин жыйындысы). Философиянынк максаты – ойду логикалык жактан тактоо. Философия окуу эмес, ал ишмердик» - деген Л.Витгенштейн. Философия ойду ачып бериш керек, ансыз «караңгы», «туңгуюк» болушу мүмкүн. Л.Витгенштейндин тилдин логикалык структурасы дүйнөнүн логикалык структурасына окшоштурулат.

**Логикалык позитивизм. Б.**Рассел менен Л.Витгенштейндин идеялары Вена кружогу тарабынан улантылган. Бул кружок 1922-жылы Вена университетинин индуктивдик илимдер кафедрасынын алдында уюшулуп логикалык позитивизмдин идеялык жана уюштуруучулук борбору болуп калган. Аны кафедра башчысы Мориц Шлик негиздеген. Кружокко О.Нейрат, Г.Ган, Ф.Вайсман, В.Крафт, К.Гедель, Ф.Кауфман, Г.Фейгл ж.б. кирген. Бул кружокко 1926-жылы австриялык логик, философ Рудольф Карнап чакырылган. 1929-жылы кружоктун мүчөлөрү биргеликте, «Илимий дүйнө караш. Вена кружогу» деген эмгекти жаратышат. Бул кружок 1929-жылдан – 1938-жылга чейин 7 жолу конгресс уюштурушкан. Вена кружогунун концепциясын Львов-Варшава мектеби да бөлүштүргөн.

Р.Карнап «Илимдин тили логикалык анализ менен метафизиканы жоюу» деп аталган эмгегинде мындай дейт: «Философиялык окуулар сүйлөмдөрдөн (ой жүгүртүү) туруп, чыныгы ой жүгүртүү болуп эсептелбейт. Иш жүзүндө чыныгы ой жүгүртүү же чын, же жалган болот, ал эми философиялык ой жүгүртүү – «жалган сүйлөмдөр», алар илимий маңыздан ажырап калган».

«Эмне себептен философиялык сүйлөмдөр – жалган сүйлөмдөр?» – деген суроо коѳт да Р.Карнап анын үч себебин көрсөтөт: 1) алар «жалган түшүнүктөрдөн» түзүлгөн; 2) ага кирген түшүнүктөр грамматика менен логикага дал келбеген эрежелер менен сүйлөмдөргө бириктирилген; 3) бул сүйлөмдөр логикалык жыйынтык принцибин бузуу менен башка сүйлөмдөрдөн алынган. Жалган түшүнүктөргө мисал болуп «рух», «өзүндөгү буюм», «дүйнөлүк принцип» ж.б. кирет. Булар «мааниси жок метафизикалык сөздөр», чындыкка дал келбейт. Логикалык позитивизмдин эволюциясында биринчи планга верификация, физикализм же конвенционализм концепциясы коюлат. Верификация (лат. «чыныгы» жана «жасайм» дегенди билдирет) илим сүйлөмдөрүн түшүнүүчүлүк, маанилүүлүк көз карашы менен

текшерүү. 1929-жылы Вена кружогу сүйлөмдүн маңызы болуп верификация методу эсептелет деген тезисти кабыл алган. Верификациянын натыйжасында сүйлөмдөрдүн маңыздуулугу, чыныгылыгы же жалгандыгы такталат. М.Шликтин оюу боюнча илимий бекемдөөлөрдүн чыныгылыгын аныктоо процесс катары каралат.

Логикалык позитивизмде жеке адамдын өзүнө тиешелүү тили жана өзгөчө илими болот деп белгилешет. Бул анын өзүнүн тили. Бул илимдин жалпы мааниси деген фактыга каршы болот. Мындан чыгуунун жолу болуп «интерсубңективдүү» тилди – бардык адамдар үчүн жалпы деп атаган тилди табуу эсептелет. Ушуга байланыштуу физикализм концепциясы сунушталат.

30-жылдары Р.Карнап, О.Нейрат, Г.Фейгл, Ф.Франк жана башкалар универсалдуу (математикалык физиканын тилин) тилдин негизинде бардык илимди бириктирүүнү айтышыт. «Физиканын тили – илимдин универсалдуу тили» - деп Р.Карнап айткан. Ал физикализмдин мүмкүнчүлүктөрүн жогору баалап, ал турсун психология физиканын бир бөлүгү деп айтууга болорун да белгилейт.

Мындан сырткары конвенционализм мотивдери да өнүктүрүлөт. Анын себеби болуп верификация принциби мүмкүн эмес, өзү да верификация болушу керек. Ошондуктан аны шарттуу түрдөгү келишим (конвенция) деп айтса болот. Ошондуктан илимий билимдин структурасына конвенция элементтери да кирет.

**Лингвистикалык позитивизм.** Неопозитивизмдин 50-60-жылдарындагы экинчи негизги формасы болуп лингвистикалык позитивизм эсептелет. Эгерде логикалык позитивисттер формалдашкан тилге өзгөчө көңүл бөлүп илим тилин анализ кылса, лингвистикалык позитивизм тилдин прагматикалык аспектисине таянып табигый, турмуштук тилге көңүл бурушкан. Лингвистикалык философиянын программасы Мур жана Витгенштейн тарабынан сунушталган. Витгенштейн өзүнүн жаңы позициясын «Философиялык изилдөөлөр», «Философиялык кыскача жазуу», «Математиканын негизги жана кыскача жазуулар», «Чыныгылык жөнүндө» деген чыгармаларында баяндаган. Ал мындай деген жыйынтыкка келет: «Чындыгында элементардуу сүйлөмдөрдү табуу мүмкүн эмес, жөнөкөйлүк дайыма салыштырмалуу болот. «Идеалдуу тил» да болушу мүмкүн эмес. Ар түрдүү сөздөр түрдүү обңектилерди түшүндүрөт, сүйлөмдөр болсо фактыны же иштин абалын сүрөттөйт».

Ошондуктан Л.Витгенштейн турмуштук сүйлөмдөгү тилди анализдөөнү сунуштайт.

Л.Витгенштейндин философиялык концепциясынын борбордук түшүнүгү – коом тарабынан кабылданган тилдик оюн жана анын эрежелери. Турмуштук тилдин сөздөрү карым-катнаштын максаты үчүн инструмент катары каралат. Ар бир сөздү пайдалануу өзүнүн эрежесине ээ. Л.Витгенштейн тилди оюн менен пайдаланууну белгилүү эреже аркылуу өтөрүн салыштырылат. Ушул сыяктуу табигый тил тилдик оюндарды өткөрөт. Бул тилдик оюн табигый жолдор менен пайда болот. Жашоо канчалык ар түрдүү болсо, карым катнаш, тилди пайдалануу да ошончолук ар түрдүү болот. Ал мындай дейт: «Сөздүн мааниси – бул аны тилде пайдалануу. Бирок сөздү пайдалануунун көптөгөн ыкмалры бар». Философия тил түрдүү мааниде колдонула тургунын билбейт, аны чатыштырып, философиялык проблемага алып келишет. Философиянын милдети – сөздөрдүн, сөз айтылыштарынын колдонулушун ачып көрсөтүү. Мында, философтордун оюу боюнча, так аныкталган анализдин методу жана процедурасы жок.

Бул окууну көптөгөн философтор сынга алганына карабастан тилдин ролу концепциясын, тилди реформалоо маселелерин сунуш кылгандыгы менен белгилүү болуп калды.

**Постпозитивизм.** Неопозитивизмдин «антиметафизикалык» программасынын кризиси 60-жылдары постпозитивизм деп аталган жаңы методологиялык концепциянын клыптанышына алып келген. Бул окуунун башталышы катары К.Поппердин «Илимий ачылыштын логикасы» (1959) жана Т.Кундун «Илимий революциялардын структурасы» (1963) деген эмгектеринин жарыкка чыгышы менен байланыштуу.

Постпозитивизмде жалпы кабыл алынган методологиялык концепция жок, анын үстүнө анын өкүлдөрү бири бирин сындап да келишкен. Бирок анда жалпы мотив бар. Анда илимдин ар түрдүү образы жана анын өнүгүү модели сунушталат, илим логикасынан илим тарыхына өтүү байкалат. Эгерде логикалык позитивизмде илимий билимдин структурасы изилденсе, постпозитивизм илимий билимдин өнүгүшүн анализге алат. Ушундай планда жаңы теория кантип келип чыгат, ал кантип таанылууга жетишет, альтернативдүү теориянын жактоочуларынын ортосунда коммуникация мүмкүнбү? Деген сыяктуу суроолорду коөт. Постпозитивисттер эмпирикалык жана теориялык билимдин, факт менен теориянын, илим менен

философиянын ортосундагы өтө эле катуу чек коюга каршы болушкан.

Постпозитивизмдин көрүнүктүүү өкүлү болуп англис философу, социолог Карл Раймунд Поппер (1902-1994) эсептелет. 1937-жылга чейин Венада, 1937-1945-жылдары жаңы Зеландияда, 1946-жылдан баштап 70-жылдарга чейин Лондондун экономика жана саясий илимдер мектебинде профессор болгон. Ал философияга болгон мамилени кайрадан карап чыгат. Философия акыл-жөндөмүнүн системасы болгону менен илимий прогрессти стимулдаштырат, илимдин багытын жана тенденциясын көрсөтөт. К.Поппер ар тараптан илим үчүн болгон философиянын ролун көрсөтөт:

- метафизикалык теориялар аңдалган;
- алардын кээ бирлери – изилдөө программасынын тарыхый прототиби болуп саналат, билимдин өнүгүшү менен алар текшерилүүчү теория болуп кайра түзүлгөн (м: атомизм теориясы);
- психологиялык көз караш менен алганда ишенимсиз жаратылыш боюнча метафизикалык болгон идеяны изилдөө мүмкүн эмес;
- метафизикалык идеялар илимге таандык эмес болуп (фальсификация болбостон) сынга таандык.

К.Поппер илимий жана илимий эмес билимди чектөө проблемасын жаңыча койгон. Эгерде неопозитивизмде мындай чектөө верификация болсо, КПоппер фальсификацияны сунуштайт. Фальсификация – жалпы абал (гипотеза) жалган учурда, эмпирикалык шарттарды көрсөтүү жолу. Анын оюу боюнча теория илимий боло алат, качан гана ал фальсификацияга (тануу) жол бергенде. Анда интерсубьктивдүү байкоолор текшериле алганда, бул ишке ашат. К.Поппер эмпирикалык жана теориялык билимдин органикалык байланышын көрсөтүп алар гипотезалык маанайда боло турганын белгилейт. Ал индуктивтүү жалпылоо жолунда илимий билимдин динамикасын түшүнүүгө каршы чыгат. Илимий изилдөө гипотеза, жана алардын конкуренциясын, текшерилүүсүн сунуш кылуу процесси катары жүрөт. К.Поппер «үч дүйнө» концепциясын сунуш кылат. Анын оюу боюнча бири бирине дал келбеген 3 дүйнө жашайт: физикалык, менталдуу, обьективдүү маанилүү. К.Поппер социалдык закондордун жашай турганын четке кагат жана келечекти алдын ала айтуу мүмкүндүгүн да танат.

**Томас Сэмуэл Кун** (1922-1996) – америкалык тарыхчы, философ, батыш философиясынын лидери. Ал «чыныгы илимий теорияны» мүнөздөө жөнүндө айткан. Алар беш мүнөздөлүш; аныктык, карама

каршылыксыздык, таандык кылуу областы, жөнөкөйлүк, жемиштүүлүк». Бул мүнөздөлүштөрдү критерий, норма, эреже же баалуулук деп аташкан. Бул критерийлерден башкаларын да сунушташкан. Бирок Т.Кун айтат: «Тактык, жөнөкөйлүк, продуктивдүүлүк сыяктуу баалуулуктар илимдин туруктуу атрибуттарын түзүшөт».

Бирдиктүү система болгон илимдин образынын ордуна Т.Кун социалдык институт, илимий коомдордун ишмердиги катары илимдин образын сунуш кылат. Ар бир коомчулуктун ишмердигинин жолу, ой жүгүртүүсүнүн стили, илимийлүүлүктүн жана рационалдуулуктун өзүнүн критерийи бар. Буларды Т.Кун «парадигма» түшүнүгү менен белгилөөнү сунуштайт. Ал мындай дейт: «Мен парадигма деп белгилүү бир убакытта илимий коомчулукка проблеманы коюунун жана чечүүнүн моделин берген, бардыгы тарабынан таанылган илимий жетишкендикти түшүнөм». Тигил же бул илимдин областында изилдөө менен алектенген белгилүү коллектив парадигманы кабыл алат.

Кундун парадигмасы төмөнкүнү камтыйт:

- окумуштуулар коомчулук тарабынан кабыл алынган символикалык белгилөөлөр жана формалдашкан конструкциялар;
- «метафизикалык» жалпы методологиялык элестөөлөр;
- коомчулук тарабынан кабылдаган баалуулуктар (м: тактык, жөнөкөйлүк, илимий концепциялардын логикалуулугу).
- илимий жетишкендиктердин таанылган үлгүлөрү – «образдар».

Коомчулуктун окумуштуулары дүйнөнү өздөрүнүн парадигмасы аркылуу көрөт. Т.Кун илим тарыхы концепциясын сунуш кылат, ал төмөндөгүдөй этаптарды камтыйт: «кадимки илим» (белгилүү парадигманын үстөмдүк кылган мезгили), «илимий революция» (кадимки парадигманын кулап, жаңы альтернативдүү парадигмалардын ортосундагы күрөш, бирөөсүнүн жеңиши), кайрадан «кадимки илим». Мында Т.Кун илимий билимдин өнүгүүсүн түшүнүүдө кумулятивизмден баш тартат.

**Имре Лакатос** – илимий изилдөө программасынын идеясына негизделген илим концепциясын сунуштайт. Лакатостун илимий изилдөө программсы буларды камтыйт:

1. «Темирдей бекем ядро» - ойломдун стилинин теориялык негизи болгон ой жүгүртүүлөрдүн жыйындысы.

2. «Сактоочу белдик» - кошумча гипотезадан турат, ал «темирдей бекем ядронун» сакталышын камсыз кылат, илимий программаны эмпиризм менен байланыштырат.

3. «Негативдүү эвристика» - изилдөөнүн баш тарта турган жолдорун көрсөтүү.

4. «Позитивдүү эвристика» - изилдөөнүн мүмкүн болгон жолдорун сунуштоо.

Лакатостун оюу боюнча илимдин ички жана сырткы тарыхы бар. Ички тарыхы идея, методика жана илимий изилдөөнүн методологиясына таянат. Сырткы тарыхы илимди уюштуруу формаларына жана илимий изилдөөнүн личносттук факторуна таянат. Лакатос боюнча илим тарыхы программалардын алмашышы катары түшүнүлөт. Илимий ревалюция – жаңы илмий изилдөөчү программалардын эскини сүрүп чыгаруу процесси.

## Экзистенциализм жана анын негизги мазмуну

Бул жашоо философиясы XX-кылымдын биринчи жарымында пайда болуп, 40-60-жылдары Батыш Европадагы белгилүү философиялык багыт болуп калган. Биринчи дүйнөлүк согуштан кийин коомдук аң сезиминде зор өзгөрүүлөр болгон. Коомдо ишенбөөчүлүк, коркунуч, чочулоо, маанайдын пастыгы байкалат. Экзистенциализм цивилизациянын, акылдын, гумандуулуктун кризисине реакция катары пайда болгон. Негизги проблема катары адам проблемасы эсептелет. Экзистенциализмдин идеясын улантуучулар болуп Кьеркегор, Ницше, Гуссерль эсептелет.

**Эдмунд Гуссерль** – немец философу, математикалык билим алып, илим философиясы менен алектенген жана феноменологиялык мектептин негиздөөчүсү болуп калган. Гуссерль ойлом реформасынын зарылдыгы жөнүндө айткан. Ал сырткы дүйнөнүн жашай тургандыгын четке каккан эмес, бирок чындыкты сырткы дүйнөдөн издебестен, адам акылынын имманенттүү касиетинен издеш керек. Анын оюу боюнча жаратылыш жана тарых жөнүндөгү илимдер негиздөөнү талап кылат. Аны аң сезимдин феномени жөнүндөгү илим гана (феноменология) бере алат. «Рух өзү гана өзүнчө жана өзү үчүн бытие». Бул гана чыныгы илимий жана рационалдуу үйрөнүүгө карата автономдуу жана жеткиликтүү. Ошондуктан жаратылыш жөнүндөгү илим рух жөнүндөгү илимди

сунуштайт». Феноменологиядагы негизги түшүнүк – феномен түшүнүгү. Ал кубулуш дегенди билдирет. Бирок бардык эле кубулуш феномен боло албайт. Кубулушта буюмдардын жаратылышы көрүнгөндө феномен боло алат. «Кубулуш маңыздуу», маңыз, маңыздан ажырагыс болгондо феномен катары көрүнөт.

Феномен дүйнөсү чексиз. Гуссерль феномендин түрдүү катмарын көрсөтөт: сырткы катмар, психикалык кыжалатануу, аң сезимде ойлонулган предмет, маңыз. Феноменологиянын милдети – предметтин маңызын ачып берүү, негизги принциби – буюм нерселердин өзүнө гана кайрылып маңызын ачуу. Ал үчүн аң сезимди, эмпирикалык мазмундан бошотуу зарыл. Гуссерль интуицияга чоң көңүл бурат. Феномен интуиция аркылуу гана таанылбастан, интуиция аркылуу түзүлөт.

Гуссерлдин идеялары Р.Ингарден, Э.Штрекер жана экзистенциализмдин өкүлдөрү Хайдеггер, Ясперс, Марсель, Сартр, Камю тарабынан улантылган.

Экзистенциализм философиялык ой жүгүртүүнүн өзгөчө тиби жана анын негизги милдети болуп адамды, личносттун ички дүйнөсүн чагылдыруу эсептелет. Бул философияда пессимизм, кайгыруу, коомдук турмуштан качуу, адам жашоосунун драмасы негизги тема. Негизги категориясы – жашоо, экзистенция, «камкордук», «коркунуч», «чектеги кырдаал», эркиндик, коомдон алыстоо жана башкалар. Негизги түшүнүгү – «жашоо» түшүнүгү (экзистенция). Негизги проблемасы – жалпы жашоо структурасында адамдын жашоосунун ордун аныктоо. Экзистенциалисттер экзистенциянын логикалык корректүү аныктамасын бере алышкан эмес.

Экзистенционализмде диндик (Ясперс, Марсель, Бубер, Бердяев, Шестов) жана атеисттик (Хайдеггер, Сартр, Камю, С.де Бовуар) түрлөрү айырмаланат. Хайдеггер боюнча философия – илим эмес, ал ой жүгүртүүнүн өзгөчө ыкмасы болуп саналат. «Философия биз акылмандык кылганда» гана бар болуп турат. «Философия бул – философиялык кылуу». Анын оюу боюнча адам күнүмдүк турмушта конкреттүү жашоосу менен байланышат. Күнүмдүк карым-катнаш адамды зеригүүгө, кусалантууга, ал турсун коркунучка алып келет. Личность өзүн жалгыз, алыстаган болуп сезет. (Ясперс, Сартр, Марсель).

**Ясперс Карл (1883-1969-жж.)** Немецтик экзистенциализмдин өкүлү, психолог Карл Ясперс 1883-жылы 23-февралда төрөлгөн. 1901-жылы классикалык үлгүдөгү гимназияны аяктагандан кийин Ясперс

Гейдельберг университетинин юридикалык факультетине тапшырган. Аны үч семестр окугандан кийин медицина факультетине өтүп 1908-жылга чейин окуган.

1909-жылы Ясперс медицинанын доктору деген илимий даража алган. Анын медицинага болгон кызыгуусу башка себептерден сырткары анын тубаса бронхит оорусуна дуушар болгондугуна байланыштуу. Мындай коркунучтуу дарттын диагнозу Ясперске 18 жашында коюлган.

Медициналык факультеттин аяктоо менен Ясперске врач-психиатр деген кесип ыйгарылган. 1909-1915-жылдары ал Гейдельбергдеги психологиялык жана неврологиялык клиникада илимий ассистент болуп иштеген. Бул жерде ал өзүнүн «Жалпы психология» деп аталган биринчи чоң эмгегин жазган, аны диссертация кылып коргогондон кийин, психологиянын доктору деген илимий даража ыйгарылган. Диссертациясын коргогондон кийин ал Гейдельберг университетинде философиянын профессору болуп калат.

К.Ясперс философияга агартуу мезгилиндеги жазуучу гуманисттерге мүнөздүү болгон өтө зарыл ой жүгүртүүнү кайра кайтарып берүү аракетин жасайт. Анын экзистенциалдык философиясына Ницше менен Кңеркегордун таасири чоң болгон. Ясперс бул жөнүндө бир нече жолу өзүнүн эмгектеринде эскерген.

Ясперстин оюнда экзистенция эркиндикке окшош, ал предметтик дүйнөдөн сырткары турат. Ал эркиндикти билим, эрк, закон менен байланыштырат. Анткени буларсыз эркиндик болушу мүмкүн эмес, Ясперс кийинки чыгармаларында өзүнүн философиясынын темасы катары адам жана тарыхты эсептейт. 1931-1932-жылдары Ясперстин үч томдон турган «Философиясы» жарык көрөт. Бул эмгектин үстүндө ал он жылдан ашык иштеген.

Философтун чыгармачылык ишмердүүлүгүнүн өскөн мезгили катары 1930-1940-жылдар эсептелет, ал эми бул жылдар XX-кылымдагы немец тарыхы үчүн эң оор жана трагедиялуу мезгил болгон. Мына ушундай оор мезгилди ондоо анын «Жалпы психопотология» жана «Дүйнөкараштын психологиясы» деген эмгектеринде эле байкалат.

Бирок национал-социализмдин бийликке келиши менен анын жашоосунда оор мезгил башталат. 1937-жылы Ясперсти окутуучулуктан четтетишет жана Германияда өзүнүн чыгармаларын

басып чыгууга тыйуу салышат. Буга анын аялынын еврей экендиги себеп болот.

К.Ясперстин философиясында «камтып туруучу», «акыл-эс», «коммуникация» түшүнүктөрү өзгөчө көңүлдү бурат. «Камтып туруучу» деген бул биз камтылып турган өзүндөгү бытие. Мунун баарын акыл эс зомбулукка каршы каражат деп эсептелген. Ясперстин ишеними боюнча адам бытиесинин структурасын индивиддин башкалар менен болгон мамилеси – коммуникация түзөт, ал адам бытиесинин универсалдуу шарты. Ясперс мындай дейт: «Адамды адам кылган нерсенин бардыгы жана адам үчүн болгон нерсенин бардыгы коммуникация аркылуу жетишилет». Экзистенция коммуникациядан сырткары жашай албай тургандыктан, коммуникацияда эркиндик жетишилет. Анткени экзистенция жана эркиндик бирдей. Мындай экзистенциалдык коммуникация руханий карым катнаш катарында чыгат.

К.Ясперс өзүнүн экзистенция жөнүндөгү окуусунда анын тарыхыйлыгын көрсөтөт. Индивиддин тарыхыйлыгы анын дайыма белгилүү бир кырдаал-шартта тургандыгынан көрүнөт. Тарых Ясперстин оюу боюнча, бир гана жолу болуп өтүп кете турган, кайталанбай турган нерсе катарында түшүндүрүлөт. Тарыхты биз бүткүл жалпы мыйзамдар аркылуу эмес, индивидуалдуу көрүнүштөр аркылуу таанып билебиз. Ясперстин оюнда кайталана турган нерселер, башка менен алмашууга боло турган нерселер тарых эмес деп белгиленет.

1947-жылы Ясперс Базелге лекция окууга чакырылат. Бел лекциялары анын «Философиялык ишеним» деген китебинин негизин түзгөн. Ал бир жылдан кийин Мюнхенде басмадан чыгат. Бул эмгектеги негизги маселе «Акыл жана экзистенция» - «Философиялык ишеним» түшүнүгү. Философиялык ишеним диндик ишенимден (анын ичинде христиандык да) айырмаланат. Ишеним деген – бул адамдын ички дүйнөсүнүн тереңинде, түпкүрүндө жаткан, аны кыймылга келтирип, адам бытиенин түпкү булагы менен бириккенде аны жогору бийиктикке көкөлөтүп алып чыкчу нерсе. Философиялык ишенимдин, ойчул адамдын ишениминин белгиси ал ишенимдин илим менен биргелешип жашагандыгында турат. Ишеним билим билгенди билгиси келет жана өзүн да түшүнгүсү келет. Философиялык ишеним бардык адамдар үчүн маанилүү болуш керек, анткени ал динге таянбастан, бардык адамдар үчүн жетиштүү болгон тажрыйбага таянат. Аян динге ишенүүчүлүлөрдү, ага

ишенбегендерден алыстатат. Ошондой эле динге ишенүүчүлөрдү чыгаруу, алыстатуу доосун жаратып, өз ара түшүнүүчүлүккө жолтоо кылат. Ясперстин оюнда мындай доо кылуу христиандарды тарыхый жактан бузуп, фанатизм менен чыдамсыздыкты жараткан.

Согуштан кийинки жылдары Ясперс Германиядагы духовный лидерлерден болуп калган. Ал өзүнүн мекендештерине китептеринде жана статьяларында эле кайрылбастан, радиодон да чыгып сүйлөп турган. Анын негизги идеясы – адамзатты тоталитаризмден сактап калуу. Ал үчүн негизги жол болуп гуманисттик традицияларга – Лессинге, Гегелге, Кантка кайрылуу.

Бул баары үчүн эң бир ишенимдүү жол болуп эсептелет же тагыраак айтканда философиялык ишенимди калыптандыруу.

**Сартр Жан Поль** – француздук философ, жазуучу, драматург, эссеист. Ал 1905-жылы 21-июнда Парижде төрөлгөн. Анын атасы Жан Батист Сартр деңиз инженери болгон. Жан Поль 2 жашында атасы дүйнөдөн кайткан, ошондуктан ал тарбияны апасынын үй бүлөсүнөн алат. Таятасы Кароль Шейцер Сартрга чон таасирин тийгизген. Ал немец тили боюнча профессор болгон. Ал небересин мектептен бөлүп алып үй бүлөлүк мугалимдерге окуткан. Ушул жылдары Сартр көп окуйт, көпчүлүк убактысын жалгыздыкта өткөрөт. Ал өзүнүн балалык жылдары жөнүндө «Слова» деген повестинде абдан сонун сүрөттөп жазган. Бул эмгеги үчүн ал 1964-жылы Нобель сыйлыгынын лауреаттыгына татыктуу болгон. Ал Сарбонндо жана жогорку мектепте окуп жүргөн мезгилинде белгилүү ойчулдар катары калыптанышкан Р.Арон, К.Леви-Стросс, М.Мерло-Понти, С.Вейль, Ж.Ипполит, Э.Мунье сыяктуулар менен жолугушкан. Кээ бирлери менен достугун көп жылдарга чейин уланткан. Ошол жерде ал Симона де Бовуар менен таанышып, аны менен бүт өмүрүн чогуу өткөргөн.

1929-жылы 1-баскычтагы диплом алат да лицейлерде сабак берүү укугуна ээ болот. 1931-1936-жылдары метеорологиялык армияда аскердик кызматты өтөгөндөн кийин Гаврдагы лицейде философиядан сабак берет, ал эми 1933-1934-жылдары Германияда стажировкадан өтөт жана Берлиндеги Франция институтунда эмгектенет. Анда Эдмунд Гуссерлдин философиясын, Мартин Хайдеггердин онтологиясын окуйт, бул өз кезегинде Сартрга таасирин тийгизген. 1937-жылы Францияга кайтып келип, Парижде окутуучулук ишмердүүлүгүн улантат.

30-жылдардын аягында Сартр алгачкы чыгармаларын жазган, анын ичинде төрт философиялык эмгек да бар. Бул чыгармаларында

кубулуштардын жаратылышы жана аң сезимдин иштөөсү жөнүндө жазылган. Гаврда окутуучу болуп иштеп жаткан мезгилинде биринчи чыгармалары болгон «Ташнота» («Көңүл айнуу») романы (1938ж) жана «Стена» («Дубал») деген новелласы жарыкка чыгат. Бул эки чыгарма тең Францияда ошол жылдын китептери болуп калган.

«Ташнота» («Көңүл айнуу») деген эмгеги Антуан Рокентандын күндөлүгү болуп эсептелет, анда XVIII кылымдагы ишмердин өмүр баянынын үстүндө иштөө менен жашоонун абсурддугуна (маңызсыздыгына) токтолот.

Ишенимге ээ боло албаган Рокентан «көңүл айлануу» абалын сезет. Аягында каарман мындай жыйынтыкка келет: эгер ал өзүнүн жашоосун маңыздуу кылгысы келсе роман жаратыш керек. Жазуучулук эмгек, чыгармачылык ошол убактагы Сартрдын оюу боюнча кандайдыр бир мааниге ээ болгон бирден бир алектенүү. Рокентандын көп сандаган жолу жүрөк айланууну сезгендигин сүрөттөп жазуу менен Сартр окурманды жашоонун кокустук экенин сезүүгө мажбурлагысы келет. Рокентан нерселердин кумарсыз жашап турушун түшүндүрүүчү себептердин бар экендигине түшүнөт. Эгерде «жашоону» аныктоого аракет жасай турган болсок, анда кандайдыр бир жөн гана кокустук окуя болот деп айтуу керек: жашоонун себеби боло турган эч нерсе жок. Кээде ушундай да болот: нерселер бар болуп жашап турат, жашап тургандарды түшүндүрүүгө болбойт. Кокустук – негизги принцип. Ал ар кимдин жана нерселердин түшүндүрүлгүс түртө жашап турушу, эч кандай маңызы болбогон дүйнөнүн жашап турушунун маанисиздиги-баары кокустук.

Согуштун алдында алгачкы философиялык эмгектерин – «Эгонун транценденттүүлүгү» (1936-ж.), «Кыялдануучу» (1940-ж.) чыгарат.

Экинчи дүйнөлүк согуш башталган убакта көзүнүн начар көргөндүгүнө байланыштуу армияга чакыруудан бошотулат да метеорологиялык корпуста кызмат кылат, туткунга түшөт, Трирдеги концлагерде кармалып турат, 1941-жылы Парижге кайтып келет, анда окутуучулук иши менен жазуучулугун уланта баштайт. Негизги кызыгуусу болуп философия, психология, адабият эсептелет. Негизги эмгектери катары «Мухи» («Чымындар») (1943-ж.), «За запертой дверью» (1944-ж.) деген пьесалары, чоң көлөмдөгү философиялык эмгеги «Бытие и ничто» («Бытие жана жок нерсе») эсептелет.

Бул эмгегинин үстүндө Сартр 13 жыл иштеген. Ал оккупацияланган Парижде 1943-жылы чыккан. Ал эми 1945-жылы 2

томдуу «Дороги и свободы» деп аталган романы аягына чыкпай калган. Мында өзгөчө көңүлдүү театрга бурган.

Сартр жөнүндө айтып жатып анын коомдук саясий ишмердигине да кайрылуу абдан зарыл, анткени ал анын теориялык көз караштары менен изденүүлөрүнө дайыма эле дал келе берген эмес. Оккупация убагында «Социализм жана эркиндик» деп атаган жашыруун группаны түзгөн. Вьетнамдагы, Кореядагы согуш жылдарында Сартр согушка каршы болгон чыгууларга жандуу катышып, ошондой эле жумушчулардын, кызматчылардын жана студенттердин өздөрүнүн укуктары үчүн күрөшкөн демонстрацияларга катышат. Башкалар сыяктуу эле көчөлөрдө өзүнүн кызыкчылыгы үчүн адабияттарды сатат. Бүткүл дүйнөлүк тынчтык Совети түзүлгөндөн кийин анын Бюросунун курамына кирген.

1965-жылы Сартрды Америка Кошма Штаттарына лекция окуу үчүн чакырат, бирок ал андан баш тарткан. Анткени менен француз философу Советтер Союзуна бир нече жолу келген жана анын саясатына карата сын көз караште болгон.

Сартр өпкөсүнүн шишик оорусунан өлгөн. Анын акыркы сапарга узатууга 25 миңден ашык адам чогулган. Бирок Сартр тирүү кезинде эле бүткүл дүйнөгө белгилүү философ болгон. Англо-америкалык философиялык энциклопедияда ал жөнүндө мындай деп жазышат: «Бардык белгилүү, айтылуу философтордон Сартр баарынан көбүрөөк Гегелге окшошот». Азыркы учурда анын саясий көз карашынын жактоочулары анчалык көп эмес. Анын чыгармачылыгын изилдөө академиялык нукка түшкөн. Сартрдын чыгармаларын англис, немец тилдерине которуу сартрологиянын чөлкөмүн кеңейтти. Мына ушуга мисал болуп 1987-жылы Франкрут-на-Майнеде өткөн эл аралык конгресс эсептелет. Ошондой эле «Сартрдын коому» Түндүк Америкада, «Сартрды изилдөөчүлөрдүн тобу» Францияда пайда болду. Германияда, Англияда, Италияда мезгил мезгили менен Сартрдын чыгармачылыгын изилдөөчүлөрдүн жолугушуусу уюштурулуп турат.

Жогоруда айтылгандай Сартрдын негизги философиялык эмгеги «Бытие жана жок нерсе» деп аталат. Мына ушул чыгармасы жөнүндө токтолуп кетүүнү туура таптык. Сартр Симона де Бовуар менен болгон аңгемелешүүсүндө бул чыгарма эркиндик жөнүндөгү чыгарма экендигин айткан. Анын негизги идеясы болуп аң сезим менен бытиенин, субңект менен обңектин, эркиндик менен зарылдыктын, эркиндик менен мамиле түзүүнүн ортосундагы антогонизмди

констатация кылуу жана алардын синтези менен жарашууларын табууга аракет жасалат.

Сартрдын онтологиясынын булагы болуп Гуссерлден сырткары Декарттын, Гегелдин, Хайдеггерден көрүнөт. Декартта субстанциянын дуализмин, Сартрда бытиенин 2 сферасы катарындагы дуализминен көрөбүз: өзүндөгү бытие (бытие в себе) жана бытие өзү үчүн (бытие для себя) же аң сезим. Сартр боюнча өзүндөгү бытие бул жөн эле барлык. Ал бөлүнгүс чексиз тыгыздыкта жана ажырагыс. Мындай мүнөздөөнү биз Байыркы Грециядагы Элей мектебинин өкүлдөрүнөн да билгенбиз. Эгер өзүндөгү бытие өзүнүн жашоосу үчүн эч нерсеге муктаж эмес болсо, ал эми өзү үчүн бытие, аң сезим өзүндөгү бытиенин негизинде пайда болот жана өз алдынча субстанция катары көрүнө албайт.

Сартр мындай суроо коет: Адамдын жашоосу эмнеге окшош? Бул суроого жооп катары эмгектин жогорудай аталышы эсептелет. Адамдык реалдуулук жашоонун эки жолунан: бытиеден жана жок нерседен, бытиеден жана бытие эместен турат. Адам бытиеси «өзүндөгү нерсе» катарында (обңект же нерсе катарында) жана «өзү үчүн нерсе» катарында – аңдалып билине турган нерсе болуп эсептелбеген аң сезим катарында жашап турат.

**Камю Альбер (1913-1960-жж.)** Камю Альбер – француз философу жана жазуучусу. 1957-жылы адабият боюнча Нобель сыйлыгынын лауреаты болгон. А.Камю 1913-жылы Алжирдин Мондови шаарында айыл чарба жумушчусунун үй бүлөсүндө төрөлгөн. Ал Алжирде лицейде, андан кийин университетте окуган. Лицейде окуп жүргөндө Ж.Гренье менен жолугушкан, бул анын келечектеги жазуучулук ишмердүүлүгүнө чоң таасирин тийгизген. Университетти аяктагандан кийин адабият менен алектенген. Анын биринчи жыйнактары «Изнанка и лицо», «Бракосочетания» деп аталган. Ошол эле мезгилде ал журналистикага да киришет, өзүн театрда актер жана режиссер катары да сынап көрөт.

1940-жылы Камю Парижге келет. Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде жашыруун чыгарылып турган газетаны жетектейт. Ушул жылдары «Посторонний» деген повести, «Миф о Сизифе» деп аталган философиялык эссеси чыгат. Согуштан кийин Камю европалык интеллигенциянын ой пикиринде үстөмдүк кылуучу абалга жетишет. «Чума» деп аталган романы, «Бунтуюший человек» деген философиялык эмгеги жарыкка чыгат. Ушул эле мезгилде

публицистикага да кызыгып, 3 томдон турган публицистикалык жыйнагы жарык көрөт.

А.Камюнун алгачкы чыгармаларында адам менен дүйнөнүн ортосундагы мамилени негиздөөгө болгон аракет байкалат. Анда универсумдун бардык элементтери телонун түзүлүшү боюнча биримдикте турат деген ой жатат. Тарыхый жактан алганда адам дүйнөсү – дүйнөнүн бардыгы деп түшүндүрүлбөйт. Дүйнө адамга карата алганда индифференттүү. Ал эми жаратылыш – чындыкка орун бериш үчүн акыл өлүмгө учураган дүйнө. Дүйнө – бул «ооба жана жок» дегендин ортосундагы аралык.

Ал эми кийинки жарык көргөн «Миф о Сизифе» деген эмгегинде акылга көбүрөөк басым жасалат, абсурд философиясына кайрылат. А.Камю боюнча «ачык, тактыкка» умтулуудан абсурд пайда болот. Ал эии негизги философиялык эмгек болуп эсептелген «Бунтуюший человек» деген эсседе бунт негизги маңызын ээлейт. Эгер «Миф о Сизифе» чыгармасында өзүн өзү өлтүрүү проблемасы талданса ал эми акыркы аталган эмгекте адамды өлтүрүү маселеси каралат.

## Кайталоо үчүн суроолор

1. XX-кылымдагы диндик философиялык ой жүгүртүүнүн моделдери кайсылар?
2. Неотомизмдин негизги идеяларын белгиле.
3. З.Фрейддин философиялык көз караштарын эмнеден көрөбүз?
4. Фрейдизм жана анын өнүгүүсү.
5. Неопозитивизм аналитикалык философияга анализ жаса.
6. Лигвистикалык позитивизм жана постпозитивизмдин маңызы эмнеде?
7. Экзистенциализм жана анын негизги мазмунун эмнеден көрүүгө болот?

## Өз алдынча иштердин темалары

1. Герменевтиканын калыптанышы жана өнүгүшү.
2. А.Камюнун «Козголоңчу адам» чыгармасынын негизги мазмуну.

3. Ислам философиясынын XX-кылымдагы негизги мазмуну.
4. Неотомизмдеги Кудай маселеси.
5. Лингвистикалык позитивизмдин калыптанышы жана өнүгүшү.
6. З.Фрейддин аң сезимсиздик психологиясынын философялык маңызы.
7. Жашоо философиясынын XX-кылымдагы эволюциясы.
8. А.Камюнун философиялык чыгармалары.
9. Э.Фроммдун социалдык-философиялык көз караштары.
10. К.Хорнинин негизги философиялык ой жүгүртүүлөрү.

## Сунуш кылынган адабияттардын тизмеси


1. Герменевтика: история и современность (критические очерки). – М.: Мысль, 1985 .
2. История современной зарубежной философии: Компаративистский подход. – Т. 1-2. – Спб., 1988.
3. Камю А. Бунтуюүий человек. – М.: Политиздат, 1990.
4. Кун Т. Структура научных революций. 2-е изд. – М.: Прогресс,1974.
5. Маритен. Ж. Философ в мире. – М.: Высшая школа, 1994.
6. Поппер К. Открытое обүество и его враги. – Т. 1-2. – М.: Феникс, 1992.
7. Рассел Б. История западной философии: В 2 т. – М.: МИФ, 1993.
8. Сартр Ж.-П. Стена. Избранные произведения. – М.: Изд-во полит.литер.,1992
9. Философы двадцатого века. – Спб., 1999.
10. Фрейд З. Введение в психоанализ. Лекции. – М.: Наука, 1989.
11. Фрейд З. Психология бессознательного. – М.: Просвеүение, 1989.
12. Фромм Э. Душа человека. (Сборник). / Обү. ред. П.С.Гуревича.– М.: Республика, 1992. – 429 с.
13. Фромм Э. Здоровое обүество // Психоанализ и культура: Избр. труды Карен Хорни и Эриха Фромма. – М.: Юрист, 1995. – С. 273-610.
14. Хайдеггер М. Время и бытие: статьи и выступления. – М.: Республика, 1993.
15. Ясперс К. Смысл и назначение истории. – М.: Республика, 1994.

# Кыргыз философиясы

1. **Байыркы кыргыздардын дүйнө таанымындагы дүйнө түзүлүшү**
2. **Орто кылымдардагы социалдык-философиялык ойлор.**
3. **Легендарлуу ойчулдардын дүйнөкарашы**
4. **XIX-кылымдагы жана XX-кылымдын башындагы философиялык ойлордун өнүгүшү.**
5. **Совет доорундагы философиялык көз караштардын өнүгүүсү**

Кыргыз эли эң байыркы элдердин бири, анын тарыхы 2200-жылдан ашык убакыттан мурда эле башталып, өзгөчө өзүнө тиешелүү болгон материалдык, рухий маданиятты жараткан. Кыргыз элинин материалдык, рухий турмушу жөнүндө тарыхый-этнографиялык булактардан билүүгө болот. Этноним «кыргыз» б.з.ч. 201-жылы эле кытай летопистеринен кездешет. Кыргыздар байыркы эл болуу менен бирге оригиналдуу социалдык-философиялык ой жүгүртүүлөрдүн калтырышкан.

Байыркы кыргыздырдын дүйнөтаанымы социальдык-экономикалык турмуш шартына ылайык калыптанган көчмөн жашоо образы маданиятты да мүнөздөгөн. Көчмөн кыргыз элинин чарбасынын негизин малчылык түзгөн. Малчылыктагы негизги тармак болуп жылкы багуучулук жана кой багуучулук эсептелген. Ошондой эле кыргыздар аз санда болсо да төө багуу менен алектенишкен. Малчылыктагы дагы бир багыт болуп ири мүйүздүү малды багуу саналат. Мындай чарбачылык жүргүзүү жаратылыштык-географиялык шарттардан улум жана кыргыз элинин жашоо укладына байланыштуу болгон. Малчылык менен алектенүү кыргыз элинин тоолуу райондорунда, континенталдык климатта жашагандыгына байланыштуу эле. Малчылыктын ичинен жылкы багуучулук чоң мааниге ээ болгон. Анткени көчмөн кыргыз эли үчүн жылкы бир жерден экинчи жерге көчүү үчүн эле керек болбостон согуш иштеринде, мал багуучулукта да зор кызмат кылган. Анткени адам жашоосунун көп бөлүгүн жылкы коштоп жүргөн. Экинчи дагы бир чарбачылык болуп кой багуучулук эсептелет. Анткени бул бир эле эт менен камсыз кылбастан, тери, жүн менен да камсыз кылган.

Мына ушундай чарбачылык жүргүзүүнүн шартында кыргыз элинин дүйнө таанымы калыптанган. Дүйнө таанымдын

калыптануусунун неизги булагы болуп мифология эсептелет. Байыркы убуктан бери кыргыздар жашоо тиричилигинде курчап турган обьективдүү реалдуулукту кабылдап, кубулуш, буюм, нерселердеги байланыштарды чагылдырышкан. Ушундай шартта миф пайда болгон. Миф дүйнөнү туюп сезүүнүн өзгөчө түрү, жаратылыш кубулуштары, коомдук турмуш жөнүндөгү өзгөчө, образдуу-сезимдик түрдө, синретикалык элестетүү б.э. Ошондой эле миф коомдук аң сезимдин алгачкы формасы да болуп эсептелет. Мифологиялык аң сезим дүйнөнү түшүнүүнүн, аңдап билүүнүн натыйжасы жана дүйнөнү өздөштүрүүнүн, таануунун жолу, ыкмалары. Мифологиялык аң сезим дүйнөнүн биринчи жолу бүтүндөй картинасын берген аң сезимдин көрүнүшү. Бул көз караш адамдын өзүн өзү аңдап билүүсүн, дүйнөдөгү өзүнүн ордун аныктоого мүмкүндүк берген. Бирок мифологиялык көз караштa адамдын өзүнө карата болгон көз карашын, өзүнүн дүйнөдөн алган орду жөнүндөгү ой жүгүртүүлөрүн ачык түшүнүү кыйынчылыкты туудурат. Бул ага карабастан мифология – байыркы кыргыздардын дүйнө түшүнүшүнүн, аны таанып билүүсүнүн жыйындысы деп айтууга болот. Ошентип, коомдун өнүгүүсүнүн белгилүү бир этабында мифология пайда болуп, анын негизинде адамдардын керектөөлөрү турган. Бул тааным сезимдик-эмоционалдык баскычы катары каралып адамдардын реалистик көз караштарынын элементин ичине камтыйт да таанып билүүчүлүк функцияны аткарган. Ошону менен катар адамдардын жаратылыш жана социалдык дүйнөнү өздөштүрүүсү катары эсептөөгө болот.

Философиялык анализ көрсөткөндөй мифологиялык аң сезим бардык элдерге таандык. Анда дүйнө жөнүндөгү реалдуу билимдин элементтери камтылган. Кыргыз элинин мифологиясы байыртан бери алектенип келген малчылык кесиби менен тыгыз байланыштуу болгон. Мифтерде байыркы кыргыздардын реалисттик элестетүүлөрүнүн жыйындысы камтылат: дүйнө жөнүндө, адам, анын жашоосу жөнүндө ой жүгүртүүлөр кездешет.

Мифологиялык дүйнөтаанымда космологиялык көз караштар кездешет. Аалам анын түзүлүшү, адам жашоосу жөнүндө ой жүгүртүүлөр чагылдырылат. Бул көз караш боюнча адегенде «көк асман», «кара жер», адам пайда болон. Ал эми андан кийинчээрек космологиялык мифтерде аалам түзүлүшү үч сферадан турары жөнүндөгү ойлорду айтышкан. Жогорку катмар болуп асман эсептелген, ортоңку катмарга жерди киргизишкен, ал эми төмөнкү

катмарга жер алдындагы катмар киерин божомолдошкон. Негизинен байыркы кыргыздардын дүйнө кабылдоосуна асманга, жерге, сууга, отко ж.б. сыйынуу сакталып кала берген.

Кыргыз элинин космогониялык мифтеринде жөнөкөй-реалисттик дүйнө кабылдоо чагылдырылат. «Үркөрдүн кызы Үлпүлдөк сулуу», «Ак Сары ат, көк Сары ат» деген мифтеринде жети каракчы Үркөрдүн кызы болгон Үлпүлдөк сулууну уурдап кеткендиги жөнүндө айтылат. Бул үчүн кыздын энеси жети каракчыны дайыма түнкүсүн аңдып артынан жүрөт. Ал асмандын түндүк жагында жүрөт. Андан ары жети каракчы эки атты Кичи жетигенди аңдышат. Анын жибинин учунда Кут Жылдыз турат. Каракчылар аттарды уурдоого аракет кылышат бирок алардын тилеги эч качан ишке ашпайт. Анткени ар дайым таң атып кетет. Бул дайыма түбөлүк кайталанат.

Ушуга байланыштуу мындай жыйынтык чыгарууга болот: байыркы кыргыздар өздөрүнүн көз караштарында убакыт менен мейкиндиктин чексиздиги айтылат. Күн, жыл, ай, жылдыздар жана адам бүтүндүктүн бөлүгү катары каралат жана алар өз ара байланышта жана көз карандылыкта кабылданат.

Байыркы кыргыздардын дүйнө таанымы диндин алгачкы формалары аркылуу да ачык көрүнөт. Аларда мифологиялык жана иллюзордук чагылтуу кездешет. Исламга чейинки диний ишенимдер ар түрдүү болгон. Кыргыздар шаманизимге ишенип, жаратылыш күчтөрүнө жана өлгөндөрдүн арбагына сыйынышкан. Ошондой эле тиги же бул жаныбарды ыйык туткан тотемизм да үстөмдүк кылган. Кыргыздардагы кеңири таралган тотем болуп бөрү, бугу эсептелген. Бөрүнү ыйык тутуу көркөм образдуу формада «Манас» эпосунан көрүнөт. Эпостогу негизги каарман Манас тотемистик белги менен аталат да «көк жал» деп айтылат. Мындан сырткары байыркы кыргыздар асманга – Теңирге сыйынышкан. Теңир жогорку күч, кудай катары кабылданган. Жашоодогу кыйынчылык, оор турмуш, кайгы-муң, ийгиликтер, жетишкендик, бакыт Теңирге байланыштуу болгон. Кыргыздар Теңирдин колдоосун тилешкен, ошондой эле теңир жалгасын деп алкашкан.

Теңир – бул көк асман. Ал универсалдуу түшүнүк, бардык нерсенин себепкери. Теистик субстанция катары Кудайды түшүндүргөн, ал алгачкы башсебепчи, башкы булак, жакшылык менен жамандыктын булагы катары кабылданган.

Кыргыздар Умай-энени ыйык тутушкан. Байыркы кыргыздардын көз карашында жашоонун башаты, үй-бүлө, балдардын коргоочусу

катары Умай-эне кабылданган. Ал жакшылыктын башаты жана анын алып жүрүүчүсү.

## Орто кылымдардагы социалдык-философиялык ойлор

Орто кылымдардагы кыргыз элинин философиялык ой жүгүртүүлөрүндө белгилүү ойчулдар Жусуп Баласагын жана Махмуд Кашкаринин ролу жогору бааланат.

**Жусуп Баласагын (1018-1086-жж.).** Жусуп-Хас-Хаджиб Баласагын болжол менен 1018-жылы азыркы Кыргызстандагы Токмок шаарына жакын жайкашкан Баласагын шаарында туулган. Башталгыч билимди алгандан кийин жогорку билимди Кашкардан окуган. Ал өзүнүн негизги поэмасы болгон «Кут алчу билим» эмгегин элүүдөн ашып калган убагында жазган. Маалыматтарга таяна турган болсок ал эмгекти 1069-1070-жылдарда Кашкарда жазып бүтүргөн. Бул поэманы Харун Бугра ханга тартуулаган, ал болсо ага улуу даражалуу «Хас-Хаджиб» б.а. «эшик алдындагы кызматчылардын башчысы» деген наам берет. Ж.Баласагын мындан сырткары да эмгектерди жазган деп айтылат, бирок алар бизге жетпей калган.

Жусуп Баласагындын «Кут алчу билим» поэмасы түрк элдеринин маданий мурастарынын ичинен көрүнүктүү адабий эстелиги. Бул энциклопедиялык эмгек деп аталган поэма дидактикалык гана эмес, табигый жана гуманитардык илимдер боюнча да маселелерди камтыйт. Хас-Хаджиб акын эле болбостон, ойчул, философ да болгон. Анткени поэмада жалпы философиялык, социалдык, укуктук, саясий, этикалык жана эстетикалык көз караштары чагылдырылат.

Ойчулдун дүйнөгө карата пантеисттик көз карашы байкалат. Поэмада акын дүйнө түзүлүшүнүн негизи кудайга байланыштуу экендигин айтып келип, орто кылымдагы перипатетиканын өкүлдөрү сыяктуу (Аль Фараби, Беруни, Ибн Сина) дүйнө кудай тарабынан пайда болуп, ошол эле учурда өз алдынча жашайт жана өзүнүн закондорунун негизинде өнүгүп-өсөт. Бирок, дүйнө түзүлүшү анын өнүгүшү жөнүндөгү оюн айтуу менен материалисттик маанайдагы идеяларды да билдирет.

Жусуптун ааламдын түзүлүшү жөнүндөгү окуусу Аристотель, Птоломейдин системасына жакындашып кетет. Жердин шар формада экендигин, ал өз огуна айланып тураарын билдирет. Ал курчап турган дүйнө 4 материалдык телодон (жер, аба, от, суу) тураарын айтат жана

алар дүйнө негизи жана жер бетиндеги жашоонун негизи дейт. Бул 4 элемент сапат жагынан, бири биринен өнүгүү касиети боюнча айырмалануу менен, алар тыгыз байланышта экендигин белгилеп кетет. Анын оюу боюнча Жер борбордук орунда болуп, ушул 4 элементтин башаты катары каралат. Жусуптун мындай материализми стихиялуу диалектикалык материализм менен байланышкан. Анын оюу боюнча жаратылыш менен коомдун бардык кубулуштары закон ченемдүү түрдө өнүгүп, өсүп турат.

Тааным теориясында Жусуп Баласагын башка перипатетиктер сыяктуу рационалист катары белгилүү. Анын ой жүгүртүүсүндө акыл – материалдык дүйнөнүн предметтеринин байланышын таанып билүүнүн куралы жана чыгармачылык күчү. Жусуптун концепциясында акыл – билимдин жарыгы менен адамды жаркытат. Мында акын чындыкты таанууда сезимдик кабылдоонун ролун четке какпайт. Таанымда билимсиз мүмкүн эмес: дүйнөнү тереңирээк билиш үчүн үзгүлтүксүз билим зарыл. Ден соолук, ички дүйнөнүн жарыгы, даанышмандык, бакыт ж.б. чоң роль ойнойт.

Жусуп Баласагындын ой жүгүртүүсүндө адам жандыктардан акылы, билими менен айырмаланат. Даанышмандык, окуу жана билим, адам баалуулугунун жана аны урматтоосунун негизи, башаты. Билимдин өзү байлык.

Ойчулдун социалдык-саясий көз карашы чындыкка жакындыгы, конкреттүүлүгү, социалдык чындыкты, коомдук саясий надстройканы жакшыртууга болгон аракети менен айырмаланат. Ал коомду, мамлекетти башкарууну билим жана агартуу жолу менен гана өнүктүрүүгө боло турганына ишенет. Анын бул идеясы орто кылымдагы чыгыш акылмандарынын ой-пикирине жакындашып кетет. Жусуптун саясий ой жүгүртүүсүнүн негизи феодалдык коомдун социалдык-таптык түзүлүшү ири жана орто феодалдарга, кедейлерге бөлүнөт. Байлар менен кедейлердин ортосунда чоң ажырым болгон. Калктын өзү кылган иши боюнча дыйкандар, кол өнөрчүлөр, малчылар, соодагерлер ж.б. бөлүнгөн.

Жусуп гуманист катары хан менен бектердин деспотизмин, алардын карапайым калкка карата болгон зордук-зомбулугун сындайт. Коомдо бай менен кедейлердин ортосунда социалдык теңсиздик менен карама-каршылык үстөмдүк кылат. Бирок, акын социалдык карама-каршылыктан чыгуунун жолун, гармониялык мамилелерди түзүүнүн ыкмаларын биле албаган. Мамлекетти башкаруунун гумандуу закондорун иштеп чыгууну гана сунуштайт.

Анын оюу боюнча мамлекетти башкаруучу закондорду аткарууда, коомду башкаруу маселесин чечүүдө, адамдарды бектер жана кулдар деп бөлүүгө болбойт, ал баарына бирдей мамиле жасаш керек. Акындын поэмасында негизги каарман мамлекет башчы Күнтууду – адилеттүүлүктүн символу. Мамлекет башчысы закондун негизинде адилеттүү башкарса идеялдуу мамлекет пайда болот.

Философтун ой жүгүртүүсүндө мораль, этикалык көз караш негизги көңүл бурууну талап кылат. Акын адилеттүүлүк, жакшылык жана жамандык деген этикалык категориялардын мазмунун, алардын өз ара байланышын ачык көрсөтөт. Адилетүүлүк – жакшылыктын негизи жана анын маңызын билдирет.

Ошентип, орто кылымдын ойчулу Жусуп Баласагын Орто Азия жана жалпы эле түрк элдери үчүн коомдук, философиялык, этикалык, эстетикалык ойлорду калтырды. Ал 68 жашында дүйнөдөн кайткан. Анын сөөгү Кашкарга жакын жерде коюлган. Күмбөзү кайрадан калыбына келтирилген.

**Махмуд Кашкари (1028-1117-жж.).** Орто кылымдагы окумуштуу, философ Махмуд Кашкари 1028-жылы (болжол менен) төрөлгөн. Баштапкы билимди үй бүлөсүнөн алган. Анткени анын апасы Бүбү Рабия Ханум өз мезгилинин билимдүү аялдарынан болгон жана өз баласына жаш кезинен баштап өзгөчө көңүл буруп тарбиялаган. Андан кийин Махмуд билимин Опалда диний мектепте уланткан. Орто жана жогорку билимди жаш Махмуд Кашкардагы белгилүү мектептер «Хамидия медресеси» менен «Сажия медресесинен» алат. Жогорку окуу жайында Махмуд философия, логика, түрк тилдеринин грамматикасы, адабият, укук таануу, дин таануу, тарых, география, астрономия медицина жана башка предметтерди терең өздөштүрүүгө аракеттенет. Ал араб жана фарсы тилдерин жакшы өздөштүрүп, аларды өзүнүн эне тилиндей билген. Жаш окумуштуу өз мезгилиндеги ак сөөктөрдүн өкүлдөрүндөй эле жаа менен атуу, атта жүрүү ж.б. аскердик даярдыктын түрлөрүн өздөштүрүп денесин чыңдаган.

Ал 29 жашында Кашкардан кетип, көп убакыт жер кезип жүргөн. Бул Караханид мамлекетинин борборундагы бийлик үчүн кан төгүүлөргө байланыштуу болгон. Ал Багдадка келген. Бул жерде көпкө жашап, медреседе мударис болуп иштеп, көптөгөн жаш муундарды тарбиялаган. Махмуд Караханид мамлекетинин борборуна 60 жылдан кийин гана келген. Бул убакта ал 89 жашта эле. Ал Опал

шаарында өзү түзгөн медреседе мударис болуп, өмүрүнүн аягына чейин иштеген.

Махмуд Кашкаринин негизги эмгеги «Диван лугат ат-түрк» («Түркий тилдер сөз жыйнагы»). Бул эмгектин үстүндө узак убакыт иштеген. Изилдөөчүлөрдүн айтуусу боюнча бул эмгек үчүн он беш жыл материал жыйнаган. Ал түрк тилинде сүйлөгөн уруулар жашаган кеңири территориянын баарын кыдырып чыккан. «Диванды» автор 1072-жылы 25-январда баштап, 1074-жылы 10-февралда аяктаган. Эмгегин 20 жылдын ичинде 4 жолу редакциялап чыккан. Бул 4 томдон турган сочинение жөнөкөй эле арабдар окуй турган түрк тилинин сөздүгү болбостон, түрк элдеринин тарыхын турмуш чындыгын тааныштырган чыгарма болуп эсептелинет. Маданияттын өнүгүүсүнө салым кошкон. Анын негизги максаты – тилдик бай материалга таянып, экономиканы, саясатты, түрк элдеринин рухий маданиятынын өзгөчөлүгүн анын ичинде илимий билимдин жана техниканын искусствонун жана адабияттын жетишкендиктерин, элдик философиялык-этикалык жана эстетикалык дүйнөтаанымын, традиция, каада-салтын, диндик ишенимдерин көрсөтүү. Мына ушуга байланыштуу Махмуд Кашкари ар тараптуу өнүккөн окумуштуу деп жыйынтык чыгарууга болот.

Окумуштуу түрк тилдеринин сөздүк курамын алардын лексикасын үйрөнүп, «Диванда» адамдардын таанып билүүсүнүн деңгээлин чагылдырат. Эмгекте 7500дөн ашык терминдер жана сөздөр анализденет. Ар түрдүү сөздөрдү жана түшүнүктөрдү ар тараптуу ачып берүү үчүн Махмуд эмгекте адабий чыгармалардан 240 куплет ыр, 290 макал-лакаптарды мисал келтирет. Ошондой эле ошол мезгилдеги адамдардын дүйнөтаанымын чагылдырган жалпы категориялар жана түшүнүктөр да камтылган.

«Сөздүктө» ошол учурдагы түрк элдеринин илимий билимин, маданиятын чагылдырган категориялар кездешет.

Түрк урууларынын алгачкы лингвисти катары Махмуд Кашкари тил маселесине өзгөчө көңүл бурат. Анда тилдин социалдык функциясы, сөздүк запастын өзгөрүү проблемаларын, тилдердин өз ара өнүгүүсүн изилдөөгө аракет жасайт. Ал түрк тилдерин ар түрдүү группаларга бөлүп классификациялайт.

Фонетикалык-морфологиялык белгиси боюнча Махмуд Кашкари түрк тилдерин чыгыш батыш группаларга бөлөт. Чыгыш группасына чигил, огуз, хакан (уйгур) жана кытайдын чегине жакын жердеги түрк урууларынын тилдери кирген. Батыш группага йемек, кыпчак,

печенег, болгар жана башка уруулардын тилдери кирген. Тилчи ар түрдүү уруулардын тилдеринин жалпы окшоштугун, спецификалык өзгөчөлүгүн, айырмачылыгын көрсөтөт.

Негизинен, М.Кашкари чыгармасында дүйнө караштык түшүнүктөр менен категорияларды изилдеп, түрк элдеринин дүйнө таанымын жана адамдын дүйнөгө жана өзүнө карата болгон мамилесин, ишенимдерин, баалуулук ориентациясын, идеясын анализдейт.

М.Кашкаринин философиялык ой жүгүртүүлөрүнүн борборунда түрк элдеринин жаратылыш жөнүндөгү түшүнүктөрү турат. Ой туюмунда жер шар түрүндө. Анын география жаатында рельеф, климаттык шарттар, калктын жайгашуусу жөнүндөгү маалыматтары чоң мааниге ээ.

«Сөздүктө» түрк элдеринин медицина тармагы боюнча таанымдары чагылдырылат. Окумуштуунун эмгегинен түрк элдеринин медицинасы жөнүндө, ар түрдүү ооруларды дарылоо жөнүндө, минералдык жана өсүмдүктөн дары-дармектерди даярдоонун жолдору жөнүндө маалыматтарды билүүгө болот. Махмуд бул чыгармасында замандаштарына ар түрдүү ооруларды дарылоонун жол жобосун түшүндүрөт, дары өсүмдүктөрү жөнүндө системага салынып топтоштурулган маалыматтарды берет. «Сөздүктүн» 1-томунда эле 200дөн ашык дарынын түрлөрүн жана 30дан ашык кеңири таралган оорунун атын айтып анын өзгөчөлүктөрүн ачып көрсөтөт.

Ойчул өзүнүн эмгегинде түрк урууларынын жана аларга кошуна турган элдердин жайгашкан орду алардын тили жөнүндө маалыматтарды келтирет. Ал изилдөөсүн Византияга коңшу турган печенег урууларын, андан кийин кыпчак, огуз, йемек, башкыр, басмил, кайцылар, якобу, татар, кыргыз урууларын изилдөөдөн баштайт. Анын оюу боюнча кыргыздар Чинага (б.а.Кытайга) жакын жерде жайгашкандыгын айтып кеткен.

«Диванда» адамдардын ортосундагы өз ара моралдык-этикалык мамиленин негизин анализдеп келип, автор жалпы адамзаттык моралдык принциптерди, баалуулуктарды, идеалдарды чагылдырып берет. Моралдык гуманисттик нормаларына жакшылык, кайрымдуулук, адилеттүүлүк, теңдик, достук, адамга болгон сый-урмат жана сүйүү ж.б. кирет. Кашкаринин социалдык-этикалык ойломунун борборунда адам, анын дүйнөдөн алган орду, максат тилеги, өткөнү, учур чагы, келчеги ж.б. маселелер турат.

Ойчул адамды эң жогорку баалуулук катары карайт жана өз мезгилинин ири гуманисти катары бөлүнүп көрүнөт. Ал бардык талаш маселени кан төгүү жолу менен эмес, тынчтык жолу менен өз ара макулдашуу менен чечүүнү сунуш кылат. Анын оюу боюнча жашоонун маңызы – эмгекте, жакшылык жана нравалуу жүрүш-турушта.

Махмуд Кашкари жогорудагыдай баалуу ойлорду айтуу менен жакшылык, бакыт, жөнөкөйлүк, ар-намыс жана башка категориялардын маңызын ачып көрсөтөт. Ал ой туюмунда жакшылык менен жамандык сапаттык жактан айырмаланып турат, ошондуктан булар этиканын карама каршы категориялары. Ал жакшылыкты көкөлөтүп көтөрүп жамандыкты сындайт. Ал жамандыкка жакшылык менен жооп кылып айтат.

Ошентип орто кылымдын чыгаан ойчулу Махмуд Кашкари түрк элдеринин тарыхын, турмуш образын ой жүгүртүүлөрүн чагылтып берет, алардын рухий дүйнөсүнүн өзгөчөлүгүн, этикалык дүйнө таанымын, психологиялык өзгөчөлүктөрүн баяндайт.

Махмуд Кашкари 89 жашында дүйнөдөн кайтат. Анын Опал шаарында тургузулган күмбөзү «Улуу урматтуу окутуучунун күмбөзү» деген ат менен белгилүү.

## Легендарлуу ойчулдардын дүйнөкарашы

Кыргыз элинин дүйнөтаанымында белгилүү акылман-ойчулдардын – Асан кайгы, Санчы сынчы, Толубай сынчы, Жайсан ырчы, Кет бука ж.б. социалдык-философиялык көз караштары жогору бааланат. Алардын идеялары санат-насыят, моралдык аң сезимдин негизи, философиялык накыл сөздөр катары оозеки түрдө муундан муунга өткөрүлүп келген. Алар өздөрүнүн философиялык-этикалык көз караштарында дүйнө түзүлүшү, адам жашоосу, моралдык-нравалык баалуулуктар жөнүндө ой жүгүртүшкөн. Адам жана анын жашоосунун маңызы, максаты жөнүндө эмпирикалык деңгээлде, турмуштук практиканын негизинде ой жүгүртүшкөн.

Легендарлуу даанышман-ойчулдардын сап башында белгилүү акын, комузчу **Жайсан ырчы** турат. Ал XI-кылымда жашап өткөн, анын кайсы жерде жана качан төрөлгөндүгү жөнүндө маалымат жок, бир гана кушчу уруусунан экендиги жөнүндө айтылат. Ал Кыргызхан башкарган мезгилде жашаган. Акын хандын баатырдыгын, акылмандыгын ырдаган. Ошондой эле ал ханды «кыз келиндер

кадырлап, үкү менен сыйлагандыгын», чачылган элди чогултуп, басып келген душманды кууп чыгып, эли-жерин сактап калгандыгын ырдаган. Муну менен катар эл башкарган хан көптөгөн кыргыз урууларын бириктирип басып келчү душмандан кегин алганы, элин чогултуп бирдиктүү кылганы жөнүндө айтылат.

Ал көркөм-образдуу түрдө адам экзистенциясына, анын жашоосунун маңызына карата ой жүгүртөт. Анын философиялык ой жүгүртүүлөрүндө адам жашоосунун маңызы гумандуу мамиледен көрүнөт. Биримдик, ынтымак, боорукердик аркылуу максатка жетүүгө болот.

**Асан кайгы** – орто кылымдагы кеңири белгилүү даанышман-ойчул. Аны көпчүлүк учурда «көчмөндөрдүн белгилүү акылманы» дешет. Б.Аманалиевдин оюу боюнча Асан кайгы XVII-кылымда жашаган, жердеген жери катары Ысык-Көл өрөөнүндөгү Жыргалаң эсептелет. Ал эми А.Байбосунов Асан кайгы XIV-XV кылымдарда жашап өткөндүгүн айтат. Акыркы мезгилдеги изилдөөлөрдө ойчулдун жашаган мезгили XIV-XV-кылымдар деп белгиленет. Ал казак адабиятында да айтылып, тарыхый инсан болгондугу белгиленет.

Изилдөөчүлөрдүн оюу боюнча Асан кайгы Жаныбек хандын башкарган мезгилинде жашаган. Бул жөнүндө Асан кайгынын чыгармаларынан билсек болот. Анткени ойчул өзүнүн жашаган доору жөнүндө айтып, Жаныбек хандын башкаруусунун адилетсиздигин белгилеп кеткен.

Асан кайгынын дүйнөтаанымында адам жашоосу нравалык аспектиде каралат. Анын ой жүгүртүүсү боюнча жашоодо жакшылык менен жамандыктын күрөшү жүрөт, алар бири бирин жеңип турат. Жамандык үстөмдүк кылганда адам жашоосунда гармония бузулат, адамдар бири бирине сый урмат кылбай калат. Акындын философиялык көз карашында адамдык сүйүү жогору бааланат, социалдык теңсиздик сындалат. Качан гана адамдардын ортосунда гумандуулук, кайрымдуулук, ынтымак орногондо жамандыкты жакшылык жеңет.

Асан кайгынын көз карашындагы негизги идея болуп кубулуштардын, нерселердин, буюмдардын маңызын жана мазмунун анализдегендиги. Анын оюу боюнча ар кандай эле предметтин белгилүү бир мазмуну жана формасы бар. Эгерде мазмуну жок болсо анда формасы, маңызы да жок болот. Анын бул идеясы «пайдалуулук», «зарылдык» түшүнүктөрү аркылуу анализденет. Ал «калк алдына беттешип жоо келсе, же доо келсе, калк алдына чыгып,

калыс кебин айтпаса, анда чечендиктен не пайда» деп белгилейт. Ошондой эле «жоону сүрүп, тосуп барбаса, калкын сактай албаса, баатырдыктан не пайда» деп суроо коет да гумандуу, адилеттүү адамды калыптандыруу негизги баалуулук деп кабылдайт.

Легендарлуу ойчулдардын бири катары **Кет бука** эсептелет. Ал найман уруусунан чыккан ойчул гана болбостон, комузчу да болгон. Анын жашап өткөн доору Чынгызхан жана анын баласы Жучунун жашаган мезгилине дал келет. Ошондуктан ал XIII-кылымда жашагандыгын жана тарыхый инсан болгондугун айтышат.

Өз мезгилинде аны «улуу акын», ойчул деп айтышкан. Анын ойчулдугун ыр, күүлөрүнөн билүүгө болот. Мисал катары Чынгызхандын уулу Жучунун өлгөндүгү жөнүндөгү ырды айтсак болот. Кет бука Жучунун өлүмүн тулпар, шумкар, дулдул, туйгун, булбул менен салыштырып айтат. «Туу куйругу бир кулач тулпар качты, туурунан бошонуп шумкар качты, алтын така, күмүш мык дулдул качты. Алтын туур ордунан туйгун качты. Алтын ордо багынан булбул качты. Деңиз толкуп чайпалып, көл бөксөрдү. Касиеттүү башкача чырак өчкөнүн» ырдап айтат. Бул аркылуу Кет бука адам жашоосунун баалуулугун, ал бир гана жолу бериле турганын түшүндүрөт. Анын көз карашы боюнча жашоо менен өлүм диалектикалык байланышта. Өлүм табигый кубулуш, андан эч ким кутула албайт.

Дагы бир акылман – **Токтогул ырчы**. Белгилүү изилдөөлөр боюнча ал XIV-кылымда Жаныбек хан башкарган мезгилде жашаган. Алгачкылардан болуп «Манас» эпосун айткан акын катары белгилүү. Өзү жөнүндө «жалпы түркко сайраган булбул элем, чарчабаган аргымак дулдул элем, Толубайга жапжакын тууган элем» деп эскерип айтат.

Токтогул ырчы карапайым калктын арасынан чыккан, анын негизги байлыгы ыр болгон: «Ырымдан башка дүйнөм жок, ырдасам жүрөк күйгөн жок». Ал адилетсиздик, адамды эзүү жөнүндөгү ырларды ырдоо менен бирге адам жашоосу жана өлүмү жөнүндө ойлонот. Анын дүйнө кабылдоосунун негизинде адам бытиеси турат. Жеке адамдын жашоосу түбөлүк эмес, жашоонун маңызы адептүү, ыймандуу, туруктуу жашоодо. Эртеби, кечпи өлүм ар бир башта бар. Адам өлгөндөн кийин анын ишмердиги, кылган кызматы, эмгегинин жыйынтыгы гана калат. Ошондуктан, акыл эстүү жашоо – ар бир адамдын жашоосунун маңызын түзөт.

Даанышман-ойчулдардын ысымын **Толубай сынчы** толуктап турат. Кыргыз элинде аны сынчы, акылман, аналитик катары баалашат. Ал XIV-кылымдын аягы XV-кылымдын башында жашаган. Толубай сынчынын философиялык көз караштары учкул сөздөрүндө, акыл-насааттарында чагылдырылган. Анын дүйнө таанымы эмпирикалык тажрыйбага, турмуштук акылмандыкка негизделип калыптанат. Ага өзгөчө талант – жаныбарлар жөнүндө, адамдардын тагдыры жөнүндө, жаратылыш кубулуштары жөнүндө алдын ала айтуу таандык.

Толубай сынчынын ой жүгүртүүсү боюнча биримдик, элдин ынтымагы адам экзистенциясынын негизи. Эгерде ынтымак, өз ара түшүнүү болбосо адам коомунун өнүгүүсү болбойт. Ал мындай дейт: «Ырыс алды ынтымак, ынтымак барга ырыс токтойт, ынтымаксыздан ырыс качат». Ошондой эле адамдагы негизги баалуулук – анын акылы. Эл арасында «Токтогулдай ырчы бол, Толубайдай сынчы бол» денен накыл сөз бар, бул калетсиз айтылган.

Ошентип, легендарлуу акылман, даанышман аталган ойчулдар өз доорунда социалдык чындыкты айтуу менен философиялык проблемаларды тигил же бул аспектиде чагылтып берүүгө жетишишкен.

## XIX-кылымдагы жана XX-кылымдын башындагы философиялык ойлордун өнүгүшү

Кыргыз элинин бул мезгилдеги социалдык-философиялык ой жүгүртүүлөрү ошол учурдагы социалдык чындык, саясий окуялар, экономикалык өнүгүүлөрү менен шартталган. Ушуга байланыштуу «заманизм» жана демократиялык көз караштагы акын-ойчулдардын ой жүгүртүүнүн эки агымы калыптанган.

«Заманчы» акын-ойчулдар деп аталган агымдын белгилүү өкүлү болуп Молдо Кылыч эспетелет

**Молдо Кылыч (1866-1917-жж.).** Кыргыздын алгачкы жазгыч акындарынан болгон Молдо Кылыч Шамыркан уулу 1866-жылы Кочкор өрөөнүндө туулган. Молдо Кылычтын атасы – Шамыркан Төрөгелди уулу ал 5 жашка чыкканда дүйнөдөн кайтат. Кылыч атасы сыяктуу чыйрак, зирек бала болуп чоңоет. Ал арабча окуганды Молдо Баяндан үйрөнөт. Кийинчерээк Чүйдөгү Мамбетаалы, Ак Молдо, Токмоктогу Закир Халфа дегендерден сабак алып окуй баштайт. Ушуга байланыштуу чыгармаларынын көпчүлүгү диний багытта

болгон. Молдо Кылыч төбөлдөрдүн тукумунан болгондуктан феодалдык- патриархалдык көз караашта болгон. Анын оюу боюнча коомдогу социалдык иерархия – жогорку күчтүн эрки менен болгон. Молдо Кылычтын дүйнө таанымынын анализдеп келип коомдун кээ бир кубулуштарына пессимисттик көз караш менен карагандыгын байкоого болот. Патриархалдык-феодалдык мамилелердеги өзгөрүүлөр, капиталисттик мамилелердин элементтеринин пайда боло башташы адамзаттын жок болуу коркунучуна, замандын бузулуп, талкаланышына алып келе турган белги экендигин ынандырууга аракет жасайт. Уруу башчыларынын, төбөлдөрдүн ата-бабалардын жолун жолдобой, андан алыстоосун жалпы тартиптен баш тартуу деп белгилейт. Анткени анын оюу боюнча адамдын иш-аракеттери, жүрүш-турушу алдын-ала аныкталат.

Молдо Кылычтын чыгармаларындагы кайчы көз караштар андан мурдагы акындарга салыштырганда көп кезигип, кыргыз коомундагы ар түрдүү багыттагы идеялык агымдарды чагылдырат.

Мисалы, Кыргызстан Россиянын курмына киргенден кийин орустар менен кошо келген акча-товар мамилелери жана башка социалдык өзгөрүүлөр акындын чыгармаларында кездешет.

1911-жылы Молдо кылычтын «Кыса-и-Зилзала» деген поэмасы жарык көргөн. Анда 1910-жылы декабрда болуп өткөн жер титирөө жөнүндө жазып, жаратылыштын стихиялуу күчтөрү кудайдын кызмат көрсөтүүчү күчү катары баяндалат. Молдо Кылычтын оюу боюнча стихиялуу кырсыктар адамдарды диндин жолунан чыккандыгы, эрежелерди бузгандыгы үчүн аларды жазалап, кудайдын эркин аткарып жатат.

Молдо Кылычтын эң көлөмдүү чыгармасы «Зар заман». Айрым изилдөөчүлөрдүн оюу боюнча бул чыгарма бир убакта жазылган эмес, анда акындын көз караштарынын карама-каршылыгы байкалат. Бул чыгармасын анализдеп келип мындай жыйынтык чыгарууга болот: адамдардын жер бетиндеги жашоосу өтмө мааниге ээ. «Тиги дүйнө» деп аталган дүйнө түбөлүктүү. Ошондуктан бул дүйнө тиги түбөлүктүү дүйнөгө карата болгон даярдык. Бул чыгарма санат түрүндө жазылган. Мында дүйнө кабылдоосундагы карама каршылыктар жаштарга карата айтылган акыл-насааттар, гуманисттик маанайдагы ой пикирлер кездешет. Чыгармадагы орустарга болгон көз караш өзгөчө көңүл буруп, анализдөөнү талап кылат. Акындын аларга болгон мамилесинде, көз карашында эволюциялык процесс байкалат. Эгерде алгачкы кабылдоосунда жек көрүү, жерүү кездешсе,

кийинчерээк жаңы өзгөрүүлөр, чарбадагы жаңылыктар орустар менен кошо келгенин айтат:

Эми калаа орноду
Баш аягы базардын
Ат чабымдай болжолу
Тиккен багы, тереги
Тиктеп турса адамдын
Эсеп жетээр болбоду

Бул саптар акындын «Чүй баяны» деген ырынан алынды. Молдо Кылычтын дүйнө таанымын кененирээк ачып берген башка чыгармалары да бар. Алар: «Кол казалы», «Керме Тоо», «Жинди суу», «Алдамчы», «Кыз жигит», «Буудайык», «Бүркүт тою», «Канаттуулар» ж.б.

Социалдык-саясий өзгөрүүлөргө карата чочуркоо менен болгон көз караш Молдо Кылычта эле эмес башка акындардан кездешет. Анткени аны аң сезимдүү кабылдоо үчүн жогору өнүккөн билим жетиштүү эмес болгон.

**Калыгул Бай уулу (1785-1855-жж.).** Калыгул – кыргыз элинде аттын кашкасындай таанымал акын. Кыргыздар Калыгулдун сөздөрүн олуялыкка такагандан башкага барбагандыктары маалым. Калыгул чыгарган ырларын обонго салбай, жөн эле маселдентип айтып берген. Ал кезде ырларын обонго салып, комузга кошуп ырдагандарды «ырчы» дешкен. Ал эми Калыгул болсо, чечендик искусствосунун өкүлү катарында өзүнүн терең образдуу, санат, накыл, макал-лакап иретиндеги сөздөрүнө философиялык маани киргизип даанышмандык көркөмдүк бергендиктен, аны «акын» аташкан. Анын үстүнө анын манаптык даражасы да ырдап отурууга же комуз кармоого жол бербеген. Мындай даражадагы адамдардын ырдашы ал кездин шарты боюнча «чоң намыстын иши болгон» деп жазат Ыбырай Абдрахманов. Калыгул Бай уулунун жазган кээ казалдарын санат-насыят түрүндө жазгандарын атасак «Калыгулдун өмүр жөнүндө айтканы», «Калыгулдун масел-санаттары», «Калыгулдун хан Ормонго айтканы», «Санаттар», «Ысык-Көл жөнүндө айтканы». Калыгул ырчы даанышман болгондуктан тойго ырдабаган. Сөзүн көп ачылып, айта бербеген. Көп убактарда унчукпай отура берген. Сөзүн макалдатып, акырын токтоолук менен акыл-насыят катарында сүйлөгөн. Калыгул өмүрүнүн басымдуу көпчүлүгүн көл жергесинде өткөргөн. Туруктуу жердеген жери Кара-Ой, Сары-Ой, Көл күңгөйүндөгү жерлер болгон. Калыгул Бай уулу 1855-жылы жай айында 70 жашында көл

башындагы Ак-Сууга жол тартып бара жатып, Чолпон-Атага кире бериш жердеги жолдун жээгин көрсөтүп, «Менин сөөгүмдү ушул жерге койгула» деген керээзин айткан экен. Ал ошонун эртеси күнү Байсоорунда жол үстүндө каза табат. Керээзи боюнча да сөөгү коюлган күмбөз Кара-Ойдо. Бул күмбөз боюнча да бир катар легендалар бар. Мисалы: ушул күнгө чейин Кара-Ойлук карыялар мындай дешет: «Бул олуя аба каза тапканда ага күмбөз салыш үчүн көп киши келет. Эл күмбөздүн топурагын көл боюндагы беш-он чакырымдан алган экен. Ошондо кирпичти бири бирине берип эл он чакырымча катар турушкан экен. Элдин сүйгөнү ушунчалык экен».

Калыгулдун чыгармаларындагы башкы мүнөзүү көрүнүш анын насыятчы акын катарында чыккандыгында. Мындай көрүнүш чындыгында жалаң гана ага таандык болбостон, революцияга чейинки жалпы эле кыргыз оозеки поэзиясына жана анын алдыңкы өкүлдөрүнөн болгон көрүнүктүү акындардын поэзиясынын бардыгына таандык. Калыгулду көркөм сөздөн бөтөн турган кургак моралист катары кароого такыр болбойт. Анын поэзиясынын багытынын келип чыгуучу айрым бир түздөн түз айтылган предметтүү сөздөр менен бирге, Калыгул өзүнүн санаттарын эмоционалдуу көркөм боектор менен жаадырат да, айтып жаткан ойлорун образдуу түрдө туюндурууга жетишет.

Калыгулдун граждандык поэзиясынын бөтөнчөлүктөрүнүн бири анын драмасында. Акындын драмасы баарыдан мурда ал зат катары, обңект катары айтып жаткан нерселерине дайым өзгөргүч касиет бергендигинде. Ал үчүн баары убактылуу, түбөлүктүү материалдыктан башка эч нерсе жок, табият да, адам да, адамдын мамилелери да, эл да өзгөрүлөт, өөрчүйт. Ал турсун азыр өзгөрүлбөстөй болуп көрүнгөн нерселер анын тескери жагына өзгөрүлүшү да мүмкүн. Бардыгы кыймылда, бардыгы өзгөргүч. Бир калыпта турган нерселер жок. ушул ишенимдеги акын көрүнүштөрдүн бардыгын көп учурда ар кандай аналогия табат, же заттарды анын экинчи бир жагы менен карайт. Мындайча айтканда от менен суудай, күн менен түндөй карайт. Ошондуктан, диалектикалык мындай бирдиктүүлүк поэзияны жандандырат, ага дарман берет, анын элементтерин кадыресе күүгө келтирет да, ошол угуучунун көңүлүнө уюп калат. Акындардын санаттарынын идеялык жана формалдык өзгөчөлүктөрү мурдатан эле кыргыз поэзиясында келе жаткан нормаларды улантуу, же сактоого гана эмес, андан ары тереңдетүү да болуп саналат. Мындай тереңдетүү эки түрдүү планда жүргөн.

Биринчиден, акын өзүнүн санаттарына жаңы идеяларды, мотивдерди киргизген. Мисалы өзүнө чейинки санаттардын көбүнчө тиричилик, кадыреселик рамкасын андан ары кеңейтүү менен бирге, ага жаңы социалдык, саясий жана моралдык мотивдерди киргизип, мазмунун тереңдеткен. Ал ошол санаттарына философиялык жыйынтыкталган корутунду пикирлерди киргизип, аны элге өзүнчө бир форма катары жайылтууга аракеттенгендиги ачык. Экинчиден, ошол сапаттарын өзүнүн оригиналдуу таланты менен кайталангыстай поэтикалык күч берген. Калыгул өз заманынын изденгич, таланттуу уулу. Анын граждандык мүнөздөгү ырлары жалаң гана ошол доор менен жок болуп кетпестен, белгилүү түрдө азыркы учурда мааниси жоюла элек, ошондуктан аны ар түрдүү жана ар кандай тыюуларга карабастан, элдин айрым катмары али күнгө чейин унутпай, ырларын айтып келе жатат. Тарыхый адилеттүүлүк анын ырларындагы заманга жараша болгон чектелүүлөрдү жана ал чектөөлөрдү ачыктан ачык жашырбай, айтып урунттууларын элге берүүнү талап кылат. Калыгул Бай уулу дал ушундай саптар менен өз санаттарынын жана кээ бир ыр саптары менен философиялык ой жүгүртүүлөрдү өз ичине камтып турат. Негизинен философия бул адамдын дүйнөгө болгон көз караш жана адам жөнүндөгү окуу болуп эсептелип дал ошонун негизинде Калыгул акын өз чыгармалары аркылуу философиялык ой жүгүртөт.

XIX-кылымдын орто ченинде Кыргызстанга орустардын келиши менен турмушта прогрессивдүү жактар болбой койгон жок. Калыгул акын өзүнүн «сөзүндө» так ошол терс жактар жөнүндө айтат. Пейил бузулуп, баары теңирден тетири болушун, мусулманчылык бекем кармалбай, аганы ини, атаны бала укпай калган заман келерин эскертет.

Аяк адам баш болор,
Баш адамдар пас болор,

Мындан байыртан бери келе жаткан баалуулуктары эми бузулуп, ушундай бир нарксыз замандын келишин божомолдойт. Акын атыгып, чыгармачылыкты бел туткан ар бир инсан өз элинин түйшүгү менен жашабай кое албайт. «Эгер жерден жарака кетсе, ал акындын жүрөгү аркылуу өтөт» деген кеп бекеринен айтылбагандыр.

Калыгул Бай уулу Сарбагыш манабы Ормон хандын жакын тууганы жана курдашы болгон. Аны май-манаптардын мүдөөсүн жактаган адам катары эсептешкен.

Калыгул өткөн турмушту мактап, кедей-кембагалдарга камкордук көргөн мыкты жана мээрман уруу башчыларын жактайт.

Ошол эле мезгилде уруулардын ортосундагы чыр-чатакты, айрыкча Ормон хан менен Боромбайдын тирешүүсүн сындап, манаптарды бейкут турмушка үндөйт. Анын ырлары Кокондун зомбулугун, хандын чénемин жок алык-салыктарын санат-насыят түрдө айтылат.

Итин баккан ургаачы
Эрин багат дечү эле.
Атын баккан эр жигит,
Элин багат дечү эле.

Анын кээ бир ырлары терең лирикалуу. Алардын баарын элдин ар кандай катмары бай-манаптарда жана кедей-кембагалдарда терең урматтай турган. Калыгул Бай уулу ал өзүнүн укмуштуудай санат, насыят, ырларына жана терме-насилдерине адамдын философиялык ой-жүгүртүүлөрүн аны менен бирге жүрүш туруш жактарын көзөмөлдөп жана дагы дүйнө жөнүндөгү не бир ой жорумдарды албетте өз чыгармаларына жана санаттарына чагылдырган десек жаңылышпайбыз. Көп кырдуу акындын «Акыр заман» жана «Кыямат кайым» деген мистикалык философиялык ырлары эл оозунда айтылып калган.

**Арстанбек Буйлаш уулу.** XIX-кылымдын орто чениндеги Калыгул акындан кийин «Заман» темасында ырдаган акындардын бири Арстанбек Буйлаш уулу. Анын дүйнө таанымы, дүйнө карашы, чыгармачылык багыты патриархалдык-феодалдык коомдо түзүлүп жана калыптангандыктан, ошол мезгилде социалдык чындыкты ырдоодон сырткары боло алган эмес. Чыгармаларында өзү көргөн, күбөсү болгон реалдуулукту чагылдырат. Кыргыз коомундагы өзгөрүүлөр, жаңыдан пайда болуп келе жаткан акча-товар мамилелеринин өсүшү Арстанбектин «Заман» темасына кайрылып, ырдоосуна негиз болгон. Кыргызстан Россиянын карамагына кошулгандан кийинки реалдуулук, коомдук өзгөрүүлөр акынга «тар замандын» белгиси катары кабылданган. Падышалык Россиянын жүргүзгөн агрардык реформасы жана жергиликтүү ири феодалдардын бийлигине чек коюуга жасаган аракети кыргыз төбөлдөрүнүн ичинде да наразылыкты жараткан. Ушуга байланыштуу «Замана» темасында ырдаган акындардын чыгармачылыгындагы орустарга болгон бир беткей көз караштар белгилүү даражада ошол маанайдын чагылышы болгон.

Арстанбек Буйлаш уулу 1840-жылы жарык дүйнөгө келет. Ал азыркы Ысык-Көл областына караштуу Сырт деген жерде төрөлгөн. Жаш балалык кезин үй жумушу, ага-туугандарынын кой-козусун

багуу менен өткөрөт. Ошол учурдагы замандаштарынын айтуусу боюнча Арстанбек жаш кезинен чыйрак, зирек болгон экен. Комузга, ырга шыгы эрте байкалат. Ал «Кожожаш», «Бердикожо», «Беш казак» деп аталган кенже эпостроду жатка билип айтып жүргөн. Арстанбек атасын ээрчип Анжиянга чейин барышы анын ырчылык чеберчилигинин калыптанып, өсүшүнө, элге таанылышына өбөлгө түзгөн. Маалыматтаргы кайрыла турган болсок Арстанбек айтылуу Алымбек датканын жанында жүрүп, той-тамашалардын күбөсү болгон. Ал көптөгөн таланттуу ырчы-акындар, комузчулар менен беттешип, алар менен айтышып, жеңген учурлары болгон. Ошол эле учурда Арстанбек кыргыз элинин башынан өткөрүп жаткан турмушун, ачуу чындыкты көрөт. Башкача айтканда акын Кокон хандыгынын үстөмдүгүн, кыргыз элинин өзүнүн ич ара каршылыгын же болбосо бугу-сарбагыш чабыштарын, казактын Келенсарысынын кыргыздарга жана жалпы эле Кыргызстанга жүргүзгөн саясатын өз көзү менен көрүп, күбөсү болот.

Арстанбектин негизги чыгармасы «Тар заман» деп аталат. Бул Калыгулдун «Акыр заман» деген чыгармасына окшош. Бирок Арстанбек Калыгулду көргөн эмес, аны менен жолугуп, беттешип сүйлөшпөгөн. Ошентсе да Калыгулдун чыгармачылыгынын таасири болгондугун айтпай кетүүгө болбос. Анткени Арстанбектин ырларынын багыты мазмуну Калыгулга окшошуп кетет.

Арстанбек: «Ушу заман тар заман. Азуулуга бар заман, бечерага зар заман» деп өзү жашаган доорду теңсиздиктин, адилетсиздиктин заманы, башкача айтканда акыр замандын белгиси деп сүрөттөйт. Анын түшүнүгүндө мындай заман келгенде акча-теңге түгөнүп, тыйын чыга турганын, атаны бала укпай, андан кыйын чыга тургандыгын, адамдар бири-биринен обочолонуп, тегерете коргон курулуп өзүнчө жашай башташын белгилеп кетет. Акыр замандын белгисин орустун келиши, ал кыргыздын жерин алып, ал турмак жайыт, кокту-колотко чейин ээлик кыла башташы менен байланыштырат.

Арстанбек ушул эле чыгармасында коомдук өзгөрүүлөрдүн кыргыз журтуна тийгизген таасирин өз дүйнө таанымында төмөндөгүдөй чагылдырат:

Акыр заман болгондо
Кой азаят дечү эле
Журтка ургаачы көбөйүп,
Бай азаят дечү эле

Элечегин булгалап,
Зайып чыгып жыйынга
Чечен болот дечү эле

Арстанбектин жогорудагы чыгармасынан башка да бир топ чыгармалары бар. Алардын баары эле элге кеңири жетпей келе жатат. Анын башка чыгармаларынан карапайым калкты бир эле жергиликтүү бай-манаптар эмес, орус падышачылыгынын өкүлдөрү да оор турмушка дуушар кылып жаткандыгын байкоого болот. Ошентип, Арстанбектин дүйнө карашы патриархалдык-феодалдык коомдо калыптанып, ошол учурдагы реалдуулукту ырдаган. Кыргызстандагы капиталисттик мамилелердин пайда боло баштаган мезгилине болгон көз карашынын консервативдүү болушу ошол учурдагы тарыхый шарт менен байланыштуу.

Ушундай эле тарыхый шартта элдин мүдөөсүн, кайгы муңун, социалдык оор турмушун өздөрүнүн чыгармачылыгы аркылуу чагылдырган акындардын жаңы мууну пайда болот. Алар – Тоголок Молдо, Токтогул Сатылганов, Барпы Алыкулов жана башкалар.

**Тоголок Молдо (Абдрахманов Байымбет) (1860-1942-жж.).** Тоголок Молдо 1860-жылы июнда Нарын өрөөнүнүн Куртка деген жеринде туулат. Байымбеттин атасы Абдрахман кедей адам болгондуктан, өзүнүн үй бүлөсүн багууга каражаты жеткен эмес. Алты баланы багуу үчүн бардык күчүн жумшоо менен көп кыйынчылыкты өткөргөн. Байымбет 14 жашка чыкканда атасы Абдрахман дүйнөдөн кайтып, бул үй бүлөсү оор жоготууга учурайт. Ушундай оор жоготуу тууралуу акын мындайча эскерет:

Он төрт жашка келгенде
Атам өлүп айрылдым.
Арманым көп Байымбет
Андан бетер кайгырдым.
Энем – жесир, мен – жетим
Эсимден танып зо кылдым.

Болочок акын Байымбет жаш кезинен жетимдиктен жана жокчулуктун зарын аябай тартат. Ал Абдрахмандын атасынын бир тууганы атактуу комузчу, өз учурундагы белгилүү ырчы Музоокенин колунда калып, эптеп күн өткөрүп турган. Музооке Байымбетке уламыштардан тартып, кыргыз элинин тарыхынан кызыктуу жомокторуна чейин айтып берген. Байымбеттин эчен кооз ырга,

жалпы эле көркөм сөз өнөрүнө көңүл бурушу, акындык өнөргө дитин коюшу Музоокенин жардамы болду.

Т.Молдо – кат тааныган, сабаттуу акын жана төкмө акын эле. Ал өмүрүнүн көп бөлүгүн жалаң чыгармачылыкка арнады. Ошол мезгилде ар түрдүү темадагы чыгармаларды жаратты. Ал көбүнчө: кошоктор, армандар, сүйүү ырлары, тамсилдер, лирикалык жана эпикалык жанрдагы чыгармаларды, аллегориялык поэмаларды жараткан.

Тоголок Молдо жаш кезинен эле элдик оозеки чыгармачылыкка көп көңүл буруп, угуп келгендиктен анын элдик поэзия жана жомоктор, тарыхый санжырасы менен тыгыз байланышкан бир нече жомоктору, армандары бар. Алар элдик кошоктордон айырмаланбайт. Мейли кошоктордо болсун, мейли армандарда болсун, теңсиздик ашкереленип, эмгек даңазаланат. Армандарында болсо көбүнчө кыргыз кыздарынын, аялдарынын оор турмушу баяндалып, үмүт тилектери жазылган. Тоголок Молдо «Куштардын аңгемеси» деген чыгармасында адамдардын кадимки турмушун сүрөттөгөн. Негизинен бул поэма ошол маалдагы элет кыргыздарынын арасында жүрүп турган карым-катнаштарды эзүүчүлөр менен эзилген элдин ортосунда жүргөн күрөштөрдү баяндайт. Тоголок Молдо «Жер жана анын балдары» поэмасын бөтөнчө ыкма менен жазган. «Талым кыз менен Көбөктүн айтышында» биринин табышмагына экинчиси жооп берип, чыныгы айтыш түрү колдонулса, бул поэмада жердин балдары: жамгыр, суу, шамал, от – төртөө кезек менен өз пайдасы жөнүндө сөз кылышат. Тоголок Молдо жаратылыштагы кубулуштардын өз ара айланышы, башкаларга тийгизген пайдасы жөнүндө поэзия аркылуу чагылдырууну көздөгөн. Тоголок Молдонун чыгармалары бири биринен өзгөчөлүк жактары менен айырмаланат. Дүйнөлүк маданияттын тарыхына кайрылганда, өз элинин көз караш-духун чыгармаларында чагылдырып, ал калктын турмушун ар тараптан кеңири сүрөттөп, өлбөс мурасты жараткан залкар чоң таланттарды, сөз өнөрүнүн чыгаан чеберлерин бардык улуттан, дээрлик, ачып айтканда, улуу элден да жана саны аз кичине элден да учуратууга болот. Андай тубаса талантуу ойчул адамдар өздөрүнүн идея жана көркөмдүк жагынан жогору турган өлбөс-өчпөс көркөм чыгармалары, баа жеткис асыл мурастар менен бирге түбөлүккө жашай бермекчи.

**Токтогул Сатылганов (1864-1933-жж.).** XIX-XX-кылымдардагы кыргыз эл ырчыларынын көпчүлүгүнүн устаты болгон улуу акын Токтогул Сатылганов Кетмен-Төбө өрөөнүнүн түндүк

батыш тарабындагы Кутчу-суу деген кыштакта 1864-жылдын күз айларында дүйнөгө келген.

Токтогулдун атасы Сатылган оокаты тартыш кедей адам болгон. Жалгыз өгүзү менен эптеп жер тырмап алакандай жерине жүгөрү менен буудай сээп, ошону менен үй бүлөсүн бага турган. Сатылган сөзгө чебер, кээде үйгө келген балдарды күлдүрүү үчүн жамактап ырдап жиберер эле. Өзү куудул, жайдары киши болгон. Энеси Бурма – Майлысуулук Орозбай дегендин кызы. Бурма акылдуу, адамга мээримдүү, табиятынан данакер, таланты да бар аял эле. Ошол аймактагы эң мыкты кошокчу аялдардан болчу. Кыргыздын оозеки жомокторун да көп  билген, аны өз мааниси менен айта билген адам эле. Бала Токтогулга ар түрдүү темадагы ырлардан, жомоктордон, башка кызык окуялуу аңгемелерден дайыма айтып берип, анын аң сезиминин өсүшүнө, кыргыздын көркөм сөз өнөрүнүн байлыгы болгон оозеки элдик чыгармачылыгын сүйүүгө, болочок акындын талантынын түптөлүп, өнүгүшүнө чоң таасир берген.

Токтогул бала кезинен сергек, абдан зээндүү эле. Ал атасы сыяктуу тамашакөй, куйкум сөздүү куудул, жайдары мүнөз болгон.

Токтогул эки доордо өмүр сүрүп, чыгармачылыгын да ошол мезгилде улантып, ар кандай темадагы чыгармаларды жаратып, мезгил сыноосунан ийгиликтүү өткөн чоң талант. Анын калтырган мурасы тематикалык жактан көп кырдуу. Демек, улуу акындын чыгармачылыгы эки доордун тарыхый окуялары менен социалдык абалын камтыды. Ошого карап, биз акындын жалпы чыгармачылыгын эки доорго бөлөбүз. Токтогул даанышман акын катары да, философ катары да белгилүү. Философиялык бир катар ырларды жараткан. Анын акындар чыгармачылыгында өмүр темасына көп кайрылып, толуп жаткан чыгармаларды жазганы белгилүү. Кыргыздын Токтогул башында турган Тоголок Молдо Барпы, Коргоол сыяктуу акындары өмүр темасына бир топ ырды арнаганын, ушундай мазмундагы чыгармаларында тигил же бул кубулуштарды өз көз карашында түрдүүчө чагылдырганын билебиз. Токтогулдун «Балалык», «Күлгүн жаш өтүп эскирет», «Өмүр», «Карылык» деген жана башка өмүр темасына арнаган толуп жаткан ырлары бар. Булардын ичинен өмүргө, жаратылыштагы өзгөрүү кубулуштарына ой жүгүртүү жана көркөмдүгү жагынан «Өмүр» аттуу чыгармасы өзүнчө өзгөчөлүккө ээ. Бул акындын өмүрүндөгү акыркы чыгармасы. Анын: «Кайран өмүр жыйырма беш жашка барар болсочу» - деп, өмүрүнүн өткөнүнө кейийт. Мында жашоо менен өлүмдүн маңызы чечмеленет. Акындын

турмушка баа берүүдө философиялык оюнун тереңдиги, элге карата гумандуулугу төмөнкү ырдан ачык көрүнөт:

Өзөнгө элим толсочу
Өмүр өтпөс болсочу
Жашка ажал келбес болсочу
Жакшы адам өлбөс болсочу.

Токтогул бул ырында терең ой жүгүртүп, адамзат жөнүндө ичтеги жакшы тилегин билдирип жатат. Анын ою боюнча адамзат бул дүйнөгө жаралып келгенден кийин жарыкчылыкта узак жашаса дейт. Чыгарма философиялык ой менен ширетилген ыр десек болот. Токтогул адамдардын жүрөгүнүн тереңинде жаткан, көкүрөгүн өйүгөн ойлорду таап айткан. Токтогулдагы жакшы сапат – кайсы кубулушту же турмуштук көрүнүштү сүрөттөбөсүн, аны угуучуларга элестүү жеткире бергендиги. «Өмүрдү» окуганда акындын, философиялык ой жүгүртүүсү кенен экендиги даана көрүнөт. Ырдын ар бир сабында терең камтылган ой бар. Токтогулдун бүткүл ой санаасы адамдардын тилеги менен айкалышкан. Жаратылышта дайыма өзгөрүү болуп тураары, түбөлүккө жашаган эч нерсе жок экенине философиялык ой жүгүртөт.

Акындын философиялык ой чабыты улам тереңдеп, адам өмүрүнүн, жашоо маңызынын маанисин чечмелөө жагындагы нукура даанышман түшүнүктөрү «Дүнүйө» аттуу көлөмдүү чыгармасынан көрүнө баштайт. Токтогул дүйнөнүн чексиздигин учкай эскерип өтүп («Опосу жок дүйнөнүн, түбүнө ким жетерсиң»), улам оюн тереңдетип олтуруп, дүйнөнүн жарык жагы менен караңгы тарабы жөнүндө ой жүгүртөт. Дүнүйө келеринде «толукшуп чыккан айга окшоп, асмандагы күнгө окшойт», «өзөндөгү тал менен мөмөлүү дарак, шакка окшойт. Аргымак минип ойногон, алтымыш күнү тойлогон, байгеден чыккан атка окшойт». Токтогул мында төкмөлүк өнөрдүн зор күчү менен өзүнүн турмушка, дүйнөгө, адам жашоосуна болгон мамилесин айланага жүз берип жаткан табият кубулуштарына философиялык мамилесин, табият диалектикасын өз алдынча түшүнгөнүн билдирет.

Жашоо – бул жарык менен караңгынын, ак менен каранын, бийик менен жапыздын, жаратуу менен кыйроонун, өлүм менен өмүрдүн, сулуулук менен ырайсыздыктын, адилет менен жалгандын түбөлүк элдешпес күрөшү. Демек, өлүм көздү байлай электе адамда кайрат-күч барында жашоонун кубанычын көрүп, адамдык милдет-парсты аткарып, өрнөктүү өмүр сүрүш керек.

**Барпы Алыкулов (1884-1949-жж.).** Барпы Алыкулов 1884-жылы Жалал-Абад областынын Сузак районуна караштуу Ачы деген кыштакта туулган. Анын атасы Алыкул, чоң атасы Шамырза кедей үй-бүлөдөн болушкан. Келечектеги акын-ойчул Барпы жаш кезинен бай, оокаттуу адамдарда малайлыкта жүргөн. Барпы сегиз жашка чыкканда Назарбай деген байга жалчылыкка барат. Ушул мезгилден баштап ар түрдүү адамдарды мал багып, отун алып күнүн өткөрө баштайт. Ал турмуштун оорчулугун социалдык теңсиздикти жаштайынан көрөт. Турмуштук байкоолору, реалдуу чындык анын дүйнө кабылдоосуна чоң таасир тийгизген. Жаш кезинен көргөн кордугу жөнүндө «Мен көргөн күндөр» деген ырында мындай дейт:

Кубарды зарлай-зарлай кызыл жүзүм
Ооруду он бир жашта эки көзүм
Алты сомго он эки ай малай жүрдүм
Кедейлик кесириңди шондо билдим

Барпы он үч жашка чыкканда ошол учурдагы социалдык тартиптерге карата нааразычылык билдире баштайт. Ичкен тамагы «жүгөрүдөн атала», жаткан жери «саманкана» экендигин, кара кетмен колунан түшпөй жүргөнүн, кийген кийими жеңи жок чапан, бутунда чокой экенин ырында чагылдырат. Алгачкы чыгармаларынан болгон «Барпы жана Назар» деген чыгармасында жеке менчик ээсинин психологиялык белгилерин – ач көздүгүн, суктугун көргөзөт. Мындан Барпынын дүйнө таанымы эмоционалдык-поэтикалык сезимдерге таандык экендиги көрүнөт.

Октябрь революциясынын жеңишин Барпы Алыкулов кубануу менен тосуп алды. Ал Октябрдын жеңишин даңазалаган адамдардын катарында болгон, жаңы тартипти, совет бийлигинин жүргүзгөн саясатын чыгармачылыгында кеңири чагылдырууга аракет жасаган. Өзү Кыргызстандын Түштүгүндө Совет бийлигин орнотуу ишине катышып, «Кошчу» союзунда иштеген, социалдык кайра түзүүлөрдүн чыныгы куруучусу болгон.

XX-кылымдын 30-жылдары коомдогу социалдык, саясий, маданий өзгөрүүлөрдүн таасири менен Барпынын дүйнө карашы да өнүгүп өсөт. Ушул учурда анын көзү көрбөй калат, бирок талантынан ажыраган жок. Анын чыгармачылыгынын негизги тематикасы болуп социалисттик чындык, экономикалык жана социалдык шарттар, адам анын эмгеги эсептелген. Ал эми 40-жылдары, айрыкча согуш жылдарында, акындын дүйнө таанымында социалдык оптимизмди

көрө алабыз. Бир катар чыгармаларында адам жашоосунун баалуулугун даңазалап, аны барктай билүүгө чакырат.

Согуш жылдарында Барпы Алыкулов патриоттук маанайдагы чыгармаларды жаратат. Анын ырлары адамдарга шык берип, жеңишке үндөп турган. Көзүнүн көрбөй калганына карабастан согушка жөнөп жаткан жоокерлерди узатып, вокзалга келип ыры менен жеңишке үндөгөн.

«Кас душманды кармашта, жеңип алса баатырдык, борошолоп ок жааса, тосо билген баатырдык» - деп патриоттуулукка, эрдикке чакырат. Ал өзүнүн согуш майданына барып, душман бетме-бет келе албаганын түшүнүп, ыры менен жеңишке жетишүүгө жардам берет.

## Совет доорундагы философиялык көз караштардын өнүгүүсү

Совет бийлиги орногондон кийин кыргыздардагы социалдык-философиялык көз караштарынын өнүгүүсү ой жүгүртүүдөгү жаңы категориялардын системасынын, жаңы дүйнө караштын бекемделиши менен коштолгон. Октябрь революциясынын жеңиши менен социалисттик коомду куруу башталат. Калктын сабатсыздыгын жоюу, элге билим берүү, маданиятты өнүктүрүү боюнча иш чаралар колго алынат. Улуттук жазма пайда болот, алгачкы газета-журналдар басылып чыга баштайт. Китеп басып чыгаруу негизделе баштайт. Марксисттик философиянын негиздөөчүлөрүнүн чыгармалары, саясий адабият кыргыз тилине которула баштайт.

XX-кылымдын 20-30-жылдарында жаңы дүйнө тааным калыптанат.Ал диалектикалык-материалисттик дүйнө таанымга негизделеен. Философиялык ой жүгүртүүлөрдүн категориалдык системасынын калыптануусунда интеллигенциянын ролу чоң. Ушул жылдары Б.Солтоноевдин «Кызыл кыргыз тарыхынан», Т.Жолдошевдин «Көрктүү адабиятыбыз менен акындарыбыз», К.Тыныстановдун «Касым ырлар жыйнагы», Ю.Абдрахмановдун «Предвестник октября» деген чыгармалары тарых, адабият, тил проблемаларын көтөрүп чыккан. Белек Солтоноев чыгармасында «акыл», «илим», «эл», «тарых», «адабият» деген категорияларды колдонот да мындай деген жыйынтыкка келет: «Тарыхты эч ким жазбайт жоктон кайып, жазылса жалган кабар өтө айып». Анын түшүнүгүндө тарыхты үйрөнүү өтө узак убакытты кучагына алат анын

түбүн терең дарыя менен салыштырат. Б.Солтоноев чыгармаларында Маркс, Энгельс, Ленин жөнүндө да айтып кетет. Ал эми Точоро Жолдошев жогоруда аталган чыгармасында улуттук жазманын пайда болушу, көркөм адабияттын коомдун турмушундагы ролу, кыргыз адабиятынын өнүгүү өзгөчөлүктөрү анализге алынат. Т.Жолдошев бул чыгармасында «көркөм адабият» категориясын анализдеп келип адабияттын таптык мүнөзү жөнүндөгү тезисти негиздөөгө аракет жасайт. Ал «коомдук бытие», «коомдук аң сезим», «материализм», «идеализм», «мыйзам ченемдүүлүк», «тап», «искусство», «адабият», «көркөм адабият» деген түшүнүктөрдү колдонгон. Анын ой жүгүртүүсү боюнча 10 жыл ичинде жаңы турмушту куруу башталып, жаңы маданияттын негизи түптөлдү. Кыргыз адабияты да өзгөчөлүктөргө ээ. Биринчиден, улуттук адабияттын өнүгүшү орус маданиятынын таасири астында болуп жатат. Экинчиден, жаш кыргыз адабияты тажрыйбалуу жазуучулардын аздыгынан улам жабыр тартып жатат.

Кыргыз маданиятынын өнүгүүсүндө Касым Тыныстановдун салымы чоң. Анын биричилерден болуп улуттук алфавитти түзүүдө эмгеги зор болгон.

Ушул жылдары коомдук, мамлекеттик ишмер, бир нече эмгектин автору Ю.Абдрахмановдун ролу зор болгон. Ал республиканын экономикалык, саясий, маданий өнүгүүсүнө түздөн түз катышкан. «Предвестник Октября» деген макаласы, «Кыргызстандагы мал чарбачылыгынын абалы жана өнүгүү перспективалары жөнүндө» деген брошюрасы анын личностун ачып бере алган. Ю.Адрахманов жогоруда аталган биринчи эмгегинде 1916-жылдагы көтөрүлүш Октябрь революциясынын кабарландыруучусу болгонун айтат. Ошондой эле ал марксисттик көз караштa туруп байлардын эмгекчилерди эзүүсүнүн маңызын, өзгөчөлүгүн көрсөтөт. Ал экинчи эмгегинде ири советтик чарбаларды түзүүнү жана коллективдештирүүнү сунуштайт жана кадрларды даярдоо зарылдыгын белгилейт.

Ошентип, 20-30-жылдары жаңы илимий түшүнүктүн категориялдык системасы калыптанат. Бир эле экономикалык саясий милдеттер чечилбестен социалисттик маданияттын өнүгүүсү да жолго коюлат. Натыйжада жаңы дүйнөтааным бекемделет.

Согуштан кийинки жылдары илимий жактан изилдөөлөрдү жүргүзүү жолго коюла баштаган. СССРдин Илимдер Академиясынын Кыргызстандагы филиалы бир топ колго аларлык жетишкендиктерге

ээ болгон. Кыргыз мамлекеттик селекция станциясы кант кызылчасынын эки сортун алууга жетишкен, 3-сорту мамлекеттик сыноого жиберилген, токой чарбачылгы, мал чарбачылыгы боюнча да изилдөөлөр жүргүзүлгөн.

Эң негизгиси илимий кадрларды даярдоо күн тартибиндеги маселе болгон. 50-жылдардын ортосунда квалификациялуу илимий кадрлар өсүп чыккан, 1954-жылы СССРдин министирлер Советинин токтому менен Кыргыз ССРнин Илимдер Академиясы уюшулган. Анын биринчи Президените болуп окумуштуулардан И.К.Ахунбаев дайындалган. Илимдер Академиясында жаңы институттар, лаборатория, бөлүмдөр түзүлгөн. 50-жылдардын аягында 13 институт, 4 өз алдынча бөлүм, эки музей, 3 тажрыйба станциясы, Ботаникалык бак болуп, 450 илимий кызматкер эмгектенген. Анын ичинен 17 илимдин доктору, 130 илимдин кандидаты эмгектенген.

Кыргызстандын окумуштуулары өндүргүч күчтөрдүн өнүгүшүнө байланыштуу изилдөөлөрдү, тоо-кен жана металлургиялык изилдөөлөрдү, эл чарбасынын өнүгүшүнө байланышкан изилдөөлөрдү жүргүзүшкөн. Энергетика жаатындагы изилдөөлөр жергиликтүү энергоресурстарды пайдалануу, айыл чарбасын электрлештирүү маселелерин көтөрүп чыккан. Медицинадагы изилдөөлөр тоолуу аймактагы адам ооруларын, травматизм, сангигиена, проблемаларын анализге алган.

Эң негизги көңүл бура турган нерсе философия жана укук бөлүмү коомдук ой жүгүртүүлөрдү изилдөө менен алектенгендиги. XX-кылымдын 60-80-жылдарында коомдук илимдердин өнүгүшү менен бирге философия да бир топ өнүгүүгө жетишкен. Бул мезгилде кыргыз профессионал философтор өсүп чыгып онтология, гносеология, антропологиялык проблемаларды изилдөө менен бирге кыргыз элинин социалдык-философиялык ой жүгүртүүлөрү да изилдөөнүн предмети болуп калган. Философиялык изилдөөлөрдүн сап башында Асылбек Алтымышбаев, Баатырбек Аманалиев, Азиз Салиев, Аскар Какеев, Азиз Нарынбаев, Асанбек Таабалдиев, Таабалды Абдылдаев ж.б. турат.

А.Алтымышбаев 1954-1960-жылдары Кыргыз Илимдер Академиясынын Философия жана укук институтунун директору болгон. Философия илимдеринин доктору деген илимий даражасына 1960-жылы алгачкылардан болуп жетишкен. 1954-жылы Илидер Академиясынын Академиги болгон. Ал кыргыз элинин коомдук, философиялык, саясий ой жүгүртүүлөрүн изилдөөгө өзүнүн зор

эмгегин кошкон. Анын ири чыгармалары катары «Октябрь жана кыргыз элинин коомдук аң сезиминин өнүгүшү», «Революцияга чейинки Кыргызстандын коомдук саясий жана философиялык ойлорунун өнүгүү тарыхынын очерки» эсептелет. Бул чыгармалары XX-кылымдын 80-жылдары жарык көргөн. Мындан сырткары А.Алтымышбаев чыгыш элдеринин социалисттик маданиятынын калыптануу жана өнүгүү өзгөчөлүктөрүн, социалисттик маданияттын калыптануусундагы аң сезимдеги кээ бир терс көрүнүштөрүнө да анализ берген.

Ушул эле 60-жылдарда өзүнүн философиялык ойлору менен белгилүү болгон философ Баатырбек Аманалиев эсептелет. Ал 50-жылдары Москвада аспирантурада окуп кандидаттыгын коргогон, 1966-жылы доктордук диссертациясын коргогон. Ал биринчилерден болуп кыргыз философиясын изилдөөгө киришкен. Философтун ири чыгармалары болуп булар эсептелет: «Кыргыз элинин философиялык ойлорунун тарыхынан», «Токтогул жана Тоголок Молдонун социалдык-саясий жана философиялык идеялары», «Кыргыздардын эркин ойлоо жана диний ишенимдеринин тарыхынан». Бул чыгармалар кыргыз элинин байыркы мезгилдеги социалдык-философиялык ой жүгүртүүлөрү, орто кылымдагы легендарлуу ойчулдар – Асан кайгы, Санчы сынчы, Толубай сынчынын философиялык ойлору, акын-заманчылардын дүйнөтаанымы жана ошондой эле XIX жана XX-кылымдардагы демократиялык маанайдагы ойчулдардын дүйнөтаанымына философиялык анализ жүргүзгөн.

Кыргыз профессионал философу катары Азиз Салиевди өтө жогору баалоого татырлык. Анткени ал 50-жылдардан бери философиянын актуалдуу проблемаларын изилдөөнүн үстүндө алектенген. Ал теориялык маселелерди изилдөө менен өзүн чыныгы философияга берилген, терең ойчул катары көрсөттү. Анын «Ырдагы жашоо», «Ой деген эмне», «Ойлом система катары», «Адам психологиясы жана искусство», «Адам дүйнөгө кирүүдө», «Акыл жашоосу жана образды ойлоо», «Акыл жана убакыт», «Ой жөнүндө окуу» деген чыгармалары фундаменталдуу философиялык эмгектер болуп калды. Бул чыгармалры аркылуу ал тааным теориясын, логикалык проблемаларды изилдеген философ эле эмес психологиялык, педагогикалык проблемаларды да анализге алган окумуштуу болуп саналат.

Кыргыз Республикаынын Илимдер Академиясынын академик наамын алган философ Аскар Какеев да кыргыз элинин социалдык философиялык ой жүгүртүүлөрүн иликтөөгө зор салым кошкон. Анын «Кыргызстандагы марксистик-лениндик ойлор», «Кыргызстандагы коомдук ойлордун тарыхын үйрөнүүнүн жаңы аспектилери жөнүндө», «Кыргызстандагы марксисттик философиянын өнүгүүсүнүн тарыхый этаптары», «Кыргызстандагы философиялык ойлор», «Изденүүлөр жана проблемалар» деген чыгармалары Кыргыз философиясынын өнүгүү проблемаларын чагылдарган. Акыркы жылдары кыргыз элинин белгилүү инсандарынын дүйнөтаанымын, социалдык-философиялык, этикалык көз караштарын изилдөө жолунда болуп, ага филсофиялык анализ жасаган.

Совет доорунда белгилүү философтордун катарына Аманбек Карыпкулов, Асанбек Таабалдиевдин, Таабалды Абдылдаевдин келип кошулушу кыргыз философиясынын өнүгүү жолунда бара жаткандыгын күбөлөндүрөт. Азыркы учурда кыргыз философиясын өнүктүргөн философтордун ысымын атаганда А.А.Брудный, Теңдик Аскаров, Осмон Тогусаков, Жээнбек Жаныбеков, Кусеин Исаев, Асеин Исмаилов, Мэлс Артыкбаев, Мааметайып Жумагулов, Шайлообай Ниязалиев ж.б. өзгөчө бөлүнүп көрүнөт. Философиялык проблемаларды тигил же бул аспектиде изилдөө менен кыргыз илиминин өнүгүшүнө зор салым кошуп келишүүдө.

## Кайталоо үчүн суроолор

1. Байыркы кыргыздардын дүйнө кабылдоосунун өзгөчөлүгү эмнеде?
2. Мифологиялык дүйнөкараштын өзгөчөлүгү эмнеде?
3. Кыргыз элинин эстетикалык дүйнө кабылдоосун анализде.
4. Орто кылмдардагы социалдык-философиялык ойлордун өнүгүшү эмне менен мүнөздөлөт?
5. М.Кашкаринин «Диванынын» мазмунун анализде.
6. Ж.Баласагындын онтологиялык жана гносеологиялык көз караштары кайсы чыгармасында чагылдырылат?
7. XIX-кылымдын экинчи жарымы XX-кылымдын башындагы ой жүгүртүүлөрдүн өзгөчөлүгү эмнеде?
8. «Заманчы» акындар кимдер?
9. Акын-демократтардын чыгармачылыгынын багытын аныкта.

10. XX-кылымдын 20-30-жылдарындагы коомдук философиялык ой жүгүртүүлөргө анализ жаса.

11. Тоголок Молдонун философиялык маанайдагы негизги чыгармаларына анализ жаса.

## Өз алдынча иштердин темалары

1. Орто кылымдагы социалдык-философиялык ойлор.
2. Ж.Баласагын жана анын «Кут алчу билим» чыгармасындагы философиялык ойлор.
3. М.Кашкаринин чыгармачылыгындагы тааным проблемалары.
4. Ж.Баласагын жана анын «Кут алчу билим» чыгармасындагы адеп-ахлак маселелери.
5. Легендарлуу ойчулдардын дүйнө таанымы.
6. Заманчы акындардын коомдук-философиялык көз караштары.
7. Акын-демократтардын дүйнө кабылдоосу.

## Сунуш кылынган адабияттардын тизмеси


1. Арстанбек. Ырлар. / Түзгөн Б. Кебекова. Б.: Кыргыз Энциклопедиясынын башкы редакциясы, 1994. – 180 б.
2. Асмус В.Ф. Античная философия. – М.: Высшая школа, 1976. – 543 с.
3. Байбосунов А. Философские воззрения легендарных мыслителей. – Бишкек, 2001.
4. Барпы Алыкулов Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. – Т.1. – Б.: Кыргыз Энциклопед. Башкы редакциясы, 1995. – 319 б.
5. Женижок. Ырлар. / Чогулткан жана түзгөн А Жусупбеков – Ф.: Кыргызстан, 1982. – 264 с.
6. Какеев А. Ч. Философская мысль в Кыргызстане: Поиски и проблемы: Учебное пособие. / Ред. Кол. А.И.Нарынбаев и др., – Б., 1995. – 194 с.
7. Мукасов С. Традиции социально-философской мысли в духовной культуре кыргызского народа. – Бишкек, 1999.
8. Молдо Кылыч. Казалдар. – Фрунзе, 1991.
9. Ниязалиев Ш.М., Токоева Г.С. Мировоззрение Барпы Алыкулова. – Бишкек, 2003.

10. Обүественно-философская мысль народов Средней Азии. – Б.: Илим, 1991. – 282 с.

11. Салиев А.К. Разум и время: Избранные произведения. – Ф: Кыргызстан, 1984. – 437 с.

12. Тоголок Молдо. Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. – Т. 1-2. – Ф.: Кыргызстан, 1970

13. Токтогул. Чыгармаларынын эки томдук жыйнагы. – Т. 1-2. – Ф.: Адабият, 1989.

14. Уметалиев Т. Нукура талант. (100 ж.). // Советтик Кыргызстан, 1985, 27-октябрь.

15. Урманбетова Ж.К. Культура кыргызов в контексте развития цивилизации. Дис. ... доктора филос. наук. – Б., 1997. – 304 с.

16. Усенбаев К.У. Обүественно-экономические отношения киргизов: (Вторая половина Х1Х - начало ХХ вв.). – Ф.: Илим, 1980. – 320 с.

# Орус философиясы

**1. Орус философиялык ойлордун пайда болушу жана калыптанышы**

**2. XIX-кылымдагы философиялык окуулардын өнүгүүсү**

**3. XX кылымдагы философиялык ойлор**

Орус философиясынын калыптануу процесси узак убакытка созулган, ал X-кылымда башталып XVIII-кылымда аяктаган. Ушул учурда байыркы Русь мамлекети түзүлөт. Бул шаарлардын курулушуна, соода байланыштарынын күчөшүнө таасирин тийгизген. Айрыкча Византия менен тыгыз байланыштар болгон. Христиан дини кабыл алынганга чейин Байыркы Руста диндик-мифологиялык, пантеисттик дүйнө караш – («язычество») кеңири жайылган. Бул дүйнөтааным боюнча кудайлар жана мифтик образдар жаратылыш күчтөрүн жана кубулуштарын башкарган жана адамдардын жашоосуна таасирин көрсөткөн. Буюмдарда жакшы жана жаман күчтөр жашайт жана алар менен байланышуу үчүн түрдүү ритуалдар, төлгө салуу, курбандык чалуулар болгон. Язычниктер боюнча тело өлөт, ал эми жан болсо түбөлүктүү, адам өлгөндөн кийин жан телодон бөлүнүп чыгат.

988-жылы христиан дини мамлекеттик дин катары кабыл алынат. Ушул убакта христиандык көптөгөн ыйык китептер которулган. Диндик философиянын өнүгүүсүнө Иоанн Дамаскиндин авторитети чоң болгон, философиялык ойлор болгар ойчулдары Кирилл жана Мефодий аркылуу жайылган. Булар славян азбукасы «Кириллицаны» түзүшкөн, Ыйык китепти чиркөөлүк-славяндык тилге которушкан. Кириллдин оюу боюнча Кудай адамдарды периштелер менен жаныбарлардын ортосуна койгон. Жаныбарлардан акылы жана тили менен айырмаланат, периштелерден каары жана айбанча жакындашкысы келе берүүсү менен айырмаланат. Адам эмнеге жакындашат – жогору жаккабы же төмөнгөбү – бул анын жашоо образына, билим деңгээлине көз каранды. Ким билимдүү болсо, ал кудайга жакын, Кирилл боюнча ишенимге караганда акыл биринчи. Мында өзгөчө роль философияга таандык.

Мындан сырткары Иоанн Энзарх Болгарский, Иларион, Климент Смолятич, Кирилл Туровский жана башкалар кеңири белгилүү болушкан.

XVI-кылымдын башында «нестяжателдер» жана «стяжателдер» ортосунда күрөш жүргөн. Ошондой эле «традиционалисттер» менен «модернисттердин» көз караштары белгилүү болгон.

XVII-кылымда орто кылым мезгили аяктап XVIII-кылымда өлкөнүн тарыхында жаңы доор башталат. Москва падышасы Рустун ордуна Петербургдук императордук Россия келет. Петр I жүргүзгөн XVII-кылымдын аягы XVIII-кылымдын башындагы реформалар коомдук турмуштун бардык жактарын камтыган. Абсолютизмдин бекемдешин жана өлкөнү европалаштыруу процесси жүрөт.

Маданиятта ири өзгөрүүлөр жүрөт. Атайын жана жалпы билим берүүчү мектептер уюштурулат, жаштар чет мамлекеттерге окууга жибериле баштайт жана чет элдик окумуштуулар жана кесип ээлери чакырыла баштайт.

1725-ж. Петербург Илимдер Академиясы түзүлөт, көптөгөн эмгектер орус тилинде жарыкка чыгат, табигый илимдердин, инженердик, географиялык, тарыхый илимдердин, саясий экономиянын, юриспруденциянын, философия жана социологиянын негизи пайда болот.

Жаңы илимий философиялык идеялар Феофан Прокоповичтин кружогунда өнүгүүгө ээ болот. Бул кружокко В.Н.Татиүев, А.Д.Кантемир, А.М.Черкасский, Н.Ю.Трубецкой ж.б. кирген.

Феофан Прокопович (1681-1736) Петрдун ишенимдүү адамы болуп окуу жайларын, басмакана, китепканаларды уюштурган. Илимдер Академиясын түзүүгө активдүү катышкан, илимий адабияттарды жана инструменттерди сатып алган, жаш таланттарды колдогон. Ал көптөгөн эмгектердин автору болгон. Негизги чыгармасы «Рухий регламент», «Монархтын эркинин чындыгы» ж.б. Анын оюу боюнча демократиялык жана аристократиялык тартиптер элдин азап-тозогунун булагы, жеке бийлик формасындагы монархия – башкаруунун «пайдалуу» формасы болуп саналат жана коомдук жакшы жашоонун гаранты катары каралган. Монархтын бийлиги – элдин өзүнүн суверенитетинин көрүнүшү.

Ф.Прокопович «жалпы пайда» түшүнүгүн мамлекеттин негизги идеологиялык принциби катары киргизет. Биринчиден дыйкандарды ак ниет эмгектенүүгө жана мыйзамга баш ийүүгө чакырат. Экинчи жагынан помеүиктердин крепостной дыйкандарга болгон эзүүсүнүн чексиздигин жана мыкаачылыгын сындаган, анткени өз эрки менен болуу мамлекетти материалдык жана моралдык зыянга алып келет, бул «жалпы пайдага», кызыкчылыкка зыян болуп саналат.

Ф.Прокопович боярлар менен дин кызматкерлеринин мителигин, ичип-жеп жыргашын сындайт. Өнөр жайчылар, соодагерлер, кызматчы дворяндар, чиновниктер «жалпы пайданы» көбөйтүшөт.

Мүлктүк теңсиздик – «табигыйчылык», бул кудай тарабынан, жаратылыш тарабынан берилген. Мамлекет тынчтыкты, коомдук тартипти, чыныгы закондуулукту, өнөр жай менен сооданын, билим берүүнүн өнүгүүсүн камсыз кылыш керек. Жалпы билимдүүлүк нраваны жакшыртат, адам жетишкендигин жогору көтөрөт.

«Илимий дружинанын» көрүнүктүү ойчулу болуп Василий Никитич Татиүев эсептелет. Ал дворяндык үй-бүлөдөн чыккан, армияда кызмат өтөп, монета конторасынын башчысы, Сибирь, Ураль заводдорунун башкармалыгынын, Астрахань губернаторунун канцеляриясынын башчысы болгон. В.Татиүев тарых илиминин негиздөөчүсү болуп калган. Ал рухий жана светтик жашоону ажыратып караган. Рухий жашоо жанды сактоого аракеттенсе, светтик жашоо жердеги бакыт үчүн умтулат.

В.Татиүев социология менен саясатка чоң көңүл бурган. Социологияда агартуучулук идеяны жана табигый рух теориясын жактаган. Коомдун жакшы жашоосу билим берүүнүн деңгээлинен таптык мамилелердин, өлкөнүн байлыгынан, башкаруу формасынан көрүнөт. Кеңири аймакты ээлеген мамлекеттеги эң жакшы башкаруу формасы болуп монархия эсептелет (М., Россия).

В.Татиүев бийлик закондун негизинде жашап турарын белгилейт. Закон – элдин эркинин көрүнүшү. Ал илимдерди классификацияга бөлгөн, алар керек, пайдалуу жана зыяндуу да болушу мүмкүн.

Философиядагы алгачкы проблема – жан менен телонун проблемасы, тело өлөт, ал эми жан түбөлүктүү. В.Татиүев тубаса идеялар жөнүндөгү концепцияны жактайт. Акылдын өнүгүүсүнүн каражаты – билим, окутуу.

Антиох Дмитриевич Кантемир (1708-1744) Лондондо элчиликте жүргөн, светтик маданиятты жайылткан, билим жана илимди коргогон. Ал материяны буюм катары негиздейт, идея – сырткы предметтердин көрүнүшү. Философия – логика, этика жана физикага бөлүнөт.

«Илимий дружинанын» көптөгөн идеяларын Михаил Василиевич Ломоносов өнүктүргөн. Ал алгачкы дүйнөлүк атка ээ болгон окумуштуу болуп эсептелет. М.Ломоносовдун философиялык ой жүгүртүүсү онтологиялык проблемаларга багытталган. Ал – деист:

кудай бар, ал – башбашталма, ал эми дүйнө ички закон ченемдүүлүктөрүнүн негизинде жүрөт. Ал илим менен диндин компетенциясын чектеген М.Ломоносовдун дүйнөтаанымынын борбордук бөлүгүн атомдук-молекулярдык гипотеза түзөт. «Материя бар, ал тело анын маңызы бар». Бардык телолор материя жана формадан турат, форма материяга көз каранды. Материя телолордун негизин түзгөн атомдор катары түшүндүрүлөт. М.Ломоносов инерция жана кыймыл жөнүндө да айтат. «Телолордун жаратылышы кыймылда турат, ал эми телолор кыймыл менен аныкталат, кыймылдын булагы болуп сырткы факторлор эсептелет». М.Ломоносов кыймылды ички жана сырткы, макротело менен элементардык бөлүкчөлөрдүн, атомдордун кыймылы деп бөлгөн. Эң майда бөлүкчөлөр үч түрдөгү кыймылда болот: айланма, термелүү, баскычтуу.

М.Ломоносов материя менен кыймылдын сакталуу законун негиздеген. Илим методологиясында эмпиризмге таянып, тажрыйбанын ролун жогору баалайт. Тажрыйба – билимдин негизи. Тааным жолу жөнөкөйдөн татаалга карай жүрөт. Аналитикалык окуп үйрөнүү синтетикалык таанымдын жолун жолдоосу керек. Таанымдын деңгээлдери ырааттуу болушу зарыл.

XVIII-кылымдын экинчи жарымында светтик маданияттын жана билимдин жогорулоосу байкалат. Улуттук адабият, театр, драматургия, живопись, архитектура өнүгөт, журналистика пайда болот.

Бул мезгилде М.М.Үербатов, Н.Н.Новиков, И.В.Лопухин өзүнүн идеялары менен чыгышат. Диндик-идеалисттик идеологияга орус агартуучулугу каршы турган. Анын башында Я.П.Козельский турган. С.Е.Десницский, Д.С.Аничков, Д.И.Фонвизин ири ойчулдар катары өздөрүн көрсөтүшкөн.

Орус агартуучулугу боштондук кыймылга негиз салган. Анын башында А.Н.Радиүев турган.

## XIX-кылымдагы философиялык окуулардын өнүгүүсү

XIX-кылымдын башында өндүрүштүн өсүш темпи жогорулайт. Акча-товар мамилелери айыл чарбага да киргизилет. Крепостнойлук тартип кулай баштайт. 1812-жылдагы согуштан кийин помеүиктердин крепостной дыйкандарга карата болгон укугун кеңейткен токтомдор чыгат. Илим жана элге билим берүү чиркөөнүн көзөмөлүндө болгон,

экинчи жагынан оппзициялык маанайдагы кыймыл күчөйт, саясий уюм болгон – декабристтердин жашыруун коому пайда болот. Боштондук кыймылы башталат.

XIX-кылымдын биринчи чейрегиндеги философиялык ойлор бир нече багытта өнүккөн. Агартуучулук идеялар да өнүгөт. Анын өкүлдөрү болуп В.Попугаев, В.Малиновский, А.Кайсаров, А.Куницын, А.Бестужев, А.Лубкин, К.Ферельцт эсептелет. Булар француз агартуучулары менен Радиүевдин таасирин алышкан. Агартуучулук идеясын либералдык дворянствонун идеологдору бөлүшүшкөн. Өкүлдөрү катары эсептелген Н.Морозов, М.Сперанский, М.Бок туруп масондордун мистикасына, православянын идеологиясына скептикалык көз караштa болушкан.

Н.М.Карамзин философиянын негизги милдети деп адамды изилдөө, личносттун нравалык жактан калыптануусун анализдөө эсептелет деген. Н.Карамзин «Орус мамлекетинин тарыхы» чыгармасында тарыхый процессти күн мурун көрө билүү идеясын айтат. Ал агартылган монархияны жактап, жеке бийликтин зарылдыгын белгилеген. Декабристтик кыймылдын белгилүү жетекчиси Павел Иванович Пестель «Христиандык закон» жөнүндө айткан: жакындарыңа жана өзүңө карата сүйүү. Анын оюу боюнча монархиялык, жеке бийликке карата алганда элдик республикалык башкаруу христиандык чындыкка дал келет.

«Орус правдасы» деген эмгегинде П.Пестель Россиядагы жеке крепостнойлук тартиптерди ар тараптан сындап, революциялык жол менен бийликти кулатууну негиздейт. Ал жеке жана коомдук менчикти айкалыштырууну зарыл деп белгилейт. Жер жеке менчикте эле болбостон, коомдук фондуда болушун зарыл деп айткан. Саясатта П.Пестель жогорку закон чыгаруучу бийлиги бар болгон республиканы («Элдик вече») жактайт. Ал унитардык мамлекеттин жактоочусу болгон. Ушул эле мезгилде И.Д.Якушкин, Н.М.Муравьев, М.Ф.Орлов өздөрүнүн прогрессивдүү көз караштары менен белгилүү болгон.

XIX-кылымдын башында Россияга чет өлкөлүк профессорлор келип иштей башташкан. Алардын арасында философтор да болгон, натыйжада немецтик классикалык философиянын идеялары да тарай баштаган. Россияда Шеллингдин жактоочулары көп болгон, 1830-жылдары Гегелдин философиясына кызыгуу келип чыккан. Шеллингиячылыкты Д.М.Велланский, А.Н.Галич, М.Г.Павлов жайылткан.

Орус либералдык дворянствосунда эки партия жаралат: батышчылар жана славянофилдер. Батышчылар: П.Я.Чадаев, Т.И.Грановский, В.Г.Белинский, А.Н.Герцен, В.П.Боткин, Н.С.Тургенев ж.б. болгон. Ал эми славянофилдердин өкүлү катары И.Киреевский, А.Хомяков, К.Аксаков, Ю.Самарин ж.б. эсептелет.

XIX-кылымдын орто ченинде революциялык демократиялык кыймыл күчөйт. Бул кыймылдын идеялык жетекчиси болуп Виссарион Григорьевич Белинский эсептелет. Ал Пенза губерниясындагы Свеаборгдо туулган. Адегенде Чембар уездинде училиүада, андан кийин Пенза гимназиясында окуган. Ал Пушкин, Грибоедов, Рылеев, Радиүев, Вольтер, Байрон, Шиллер, Гөте ж.б. кызыгып окуган. 1829-жылы Белинский Москва университетине тапшырган. 1830-жылы «Дмитрий Камнин» деген драмасын жазган, анда крепостнойлук тартипке каршы туруп, агартуучулук идеяларды айткан. Бул чыгарма «нравасыз» жана коркунучтуу чыгарма деп табылат. Белинский «мүмкүнчүлүгү чектелген жана ден соолугу начар» деп университеттен чыгарылат. Белинский чыгармачылыгынын алгачкы этабында обңективдүү идеализмдин идеясында туруп, Гегелдин улантуучусу болгон. Анын оюнда философия тарыхый жактан өнүгүп келе жаткан илим. Философиялык системалардын ортосунда ырааттуулук бар, жаңы окуулар мурунку окууларга негизделип өнүгөт. Эгерде Гегель диалектиканы «абсолюттук идеянын өзүнүн өнүгүүсү» деп түшүнсө, Белинский жаратылыш коом жана тааным диалектикалык жактан өнүгөт деп жыйынтыкка келет.

Диалектика Белинскийди материалисттик позицияга өтүшүнө түрткү берген. 40-жылдардын орто ченинде идеализмге чечкиндүү каршы чыгат. Негизги философиялык маселе болуп өнүгүп жаткан материя ой жүгүртүүнү кантип жаратат, ой жүгүртүү менен жаратылыш кандай мааниде деген суроо болуп калган. Бул суроого илим гана жооп бере алат. Белинский адамдын рухий жаратылышын анын дене түзүлүшүнөн бөлүп кароого болбойт деген ойго келет.

Философияда Белинскийди гносеологиялык суроолор көп кызыктырган. Ал адабий сынчы жана искусстводогу теоретик катары искусство адамдын аң сезиминин жана таанып билүүсүнүн бир формасы деп эсептеген. Ал агностицизмге каршы чыгып адамдын акылынын таанып билүүчү күчүнө күмөн саноолорду сындаган. Сенсуализм позициясында туруп, эмпиризмге сынчыл ойдо турган.

Анын оюу боюнча адам ой жүгүртүүчү, ишкер жандык, адамга карата алганда ар кандай предмет таасир этүү обңектиси жана таанымдын обңектиси болуп саналат.

Белинский чындык жөнүндө да айтат. Чындыкты таанбай туруп илим, философия, искусство өзүнүн жашоосунун маңызын жоготот. Чыныгы илимпоз «Илимде бир гана кызыкчылыкты - обңективдүү чындыкты» таба алат. Предметтин обңективдүү чындыгынан сырткары турган илим жок, окумуштуулук жана жөн гана окумуштуунун кыялы, фантазиясы, кыялдануусу болот.

Чындык өзүнчө туруп «даяр», билимдердин жыйындысы боло албайт. Чындык өзү тарыхый жактан өнүгүп турат. Чындыкты адамдар издеп табат.

Белинский революциялык-демократиялык кыймылдын башатында турган инсан. 1839-жылы Петербургга келип, өзүнүн адабий-сынчыл чыгармаларын жарыялап турат. Ал деспотизм менен бюрократиянын көрүнүшүн таанып билүүгө жетишкен. Агартуучулук идеяларына басым жасап, Белинский эл массасына туура идеяларды жайылтууга даярдыгын айткан.

Демократиялык кыймылдын ири өкүлү болуп Александр Иванович Герцен эсептелет. Анын көптөгөн чыгармалары карама-каршы мүнөздө. Ал бүтүндөй философиялык системаны түзгөн деп айтууга болбойт. «**Илимдеги дилетантизм**» деген статьялар жыйнагында философия кандай болсо, анын максаты жана милдети да ошондой болот деген ойду айтат. Анын көз карашында философия – бытиенин жалпы закондору жөнүндөгү илим. Философиянын закондору жана категориялары обңективдүү мүнөзгө ээ. Философия илим катары – тирүү организм, анда чындык ачылып көрсөтүлөт.

Герцендин негизги философиялык эмгеги «Жаратылышты үйрөнүү жөнүндө каттар» деп аталат. Ал философия менен табигый илимдердин ортосунда тыгыз байланышты орнотуу зарылдыгын белгилейт. Анткени табигый илимдердин күчү болуп, алардын тажрыйбага, фактыга таянгандыгы.

Герцендин досу болуп Николай Платонович Огарев эсептелет. Ал философия тарыхынын проблемаларына кайрылган. Алгач идеалисттик көз караштa болгон, кийинчерээк Фейербахтын таасири астында материалисттик көз карашка өтөт, табигый илимдерди үйрөнөт. Анын оюу боюнча эки карама-каршы философиялык система – метафизикалык жана илимий философия жашайт. Материалдык

дүйнө адамдын билиминин жана бардык ойлорунун бирден бир жана обңективдүү булагы болуп саналат.

XIX-кылымдын 40-жылдарында Петербургда, Москвада, Казанда, Ростовдо, Тамбовдо революциялык демократиялык топтор пайда болот. Интеллигенция М.В.Буташевич-Петрашевскийдин айланасына чогулуп, батышчылар менен славянфилдерден өздөрүнүн көз карашы боюнча айырмаланышкан. Алар декабристтердин боштондук кыймылы традициясын улантууга аракет жасашкан. Кружок 1845-жылы уюшулган. Бул кыймылдын көптөгөн өкүлдөрү 1949-жылы 23-апрелде түрмөгө камалып, Петропавловск чебине кармалат, көпчүлүгү өлүм жазасына тартылат.

XIX-кылымдын 60-жылдарындагы демократиялык кыймылдын башында Николай Гаврилович Чернышевский турган. Ал өзүнүн диссертациясында жана адабий-сынчыл эмгектеринде Белинскийдин көз карашын коргогон жана өнүктүрөт. Ал Гегель менен полемикага барат. Ал «сулуулук – бул жашоо» деп айтып келип, «сулуулук бул биздин жакшы жашоо жөнүндөгү түшүнүгүбүзгө дал келген нерсе» дейт. Ичкусствонун чыныгы мазмуну болуп адам жашоосу эсептелет. Чернышевскийдин негизги философиялык позициясы «Философиядагы антропологиялык принцип» деген чыгармаында берилет. Ал фиолософияны илимдин ар түрдүү жалпы суроолорун чечүүчү теория деп мүнөздөйт. Мисалы, рухтун материяга болгон катнашы, адам эркинин эркиндиги жөнүндө, жандын өлбөстүгү жөнүндө ж.б. Бул маселелерди чечүүгө байланыштуу идеализм жана материализм жашайт. Ал дүйнө кандай болсо, кандай реалдуулук болсо ошондой кабыл алган. Фейербах, Герценден айырмаланып Чернышевский өзүн материалист деп эсептеген.

Чындык илимдин абсолюттук принциби. Ал материализмди идеализмден айырмалап, Беркли, Юм, Фихте, Шеллингдин идеалистик концепцияларын сындайт.

Философиянын негизги проблемасы – адамды түшүнүү. Адамдын организми бир бүтүндүк. Ал дуализм эмес. Адамды түшүнүүнүн негизинде антропологиялык принцип болуш керек. Жаратылышты түшүнүүдө Чернышевский дүйнөнүн материалдуулугун айтат. Жаратылыш бир бүтүндүк. Анын жалпы закон ченемдүүлүгүнүн негизин – жалпы байланыш жана жаратылыштын кубулуштарынын өз ара таасир этүүсү эсептелет. Жаратылыштын өнүгүшү жогору карай жүргөн кыймыл, ал

жөнөкөйдөн татаалга карай жылат. Дүйнө карама каршылыктын күрөшү аркылуу өнүгөт.

Чернышевскийдин замандашы болуп Николай Анександрович Добролюбов эсептелет. Ал атайын философиялык эмгек жазган эмес. Анын адабий сынчыл статья, рецензияларында философиялык көз карашы чагылдырылган.

Илимде жана философияда метод чоң роль ойнойт. Жаратылышты жана анын закондорун үйрөнүү үчүн «оң маанидеги метод» талап кылынат. Ал тажрыйбага, фактыга, илимдин ачылыштарына таянган. Адам бүтүн организм. Адамдын таанып билүүчүлүк ишмердиги анын сезүү органдарынын, мээсинин өнүгүшүнө, жана алардын курчап турган дүйнө менен өз ара таасир этишине көз каранды. Таанымдын максаты – чындык, ага карата жол татаал жана карама-каршылыктуу. Тааным жолунда сезимдерди жана акыл ишмердүүлүгүн колдонот.

XIX-кылымдын 60-жылдарында народниктик кыймыл күчөй баштайт. Анын алгачкы өкүлдөрү болуп Н.А.Серно-Соловьев, А.А.Слевцов, Н.И.Утин, Н.В.Шелгунов эсептелген. Революциялык народничествонун негизги идеологдору болуп М.А.Бакунин, П.Л.Лавров П.И.Ткачев эсептелет.

XIX-кылымдын экинчи жарымында идеалисттик филоофия да өнүгөт. Негизги фигура болуп В.Л.Соловьев эсептелет.

Ушул эле мезгилде неославянофильство пайда болгон. Көрүнүктүү өкүлдөрү болуп А.А.Григорьев, Н.И.Страхов, Н.Я.Данилевский, Ф.М.Достоевский, К.И.Монтьев эсептелет.

Орус космизми да өзүнүн идеялары менен чыгат. Негизги проблемасы – адамдын космостон алган орду, XX-кылымдын башында пайда болгон. Бул идея орус диндик-идеалисттик философияда чагылдырылат. Көрүнүктүү өкүлдөрү Н.Ф.Федоров, К.Э.Циалковский, В.И.Вернадский, А.А.Чижевский ж.б. эсептелет.

## XX кылымдагы философиялык ойлор

XX-кылымдын башында Россияда диний ренессанс жүрөт. Жаңы диндик-философиялык багыт пайда болуп негизги милдети катары жаңы диндик аң сезимди түзүүнү эсептеген. Бул багыттын өзүнүн ичинде ар түрдүү концепциялар жашаган. Анын ичинен жаңы диндик аң сезим (В.В.Розанов, Д.С. Мережковский Н.А.Бердяев), жалпы биримдик философиясы (С.И.Булгаков, П.А.Флоренский,

С.Д.Франк, Д.П.Карсавин), интуитвизм (Н.А.Лосский), иррационализм (Л.И.Шестов), жаңы метафизикага карата кыймыл (С.И.Гессен, Ф.А. тепун, Б.В.Яковенко, И.А.Ильин) бөлүнүп көрүнөт. Октябрь революциясынан кийин диндик философияга тыюу салынат, философтор жана окумуштуулар марксизм-ленинизм философиясын тутунууну милдеттендирилет. Кээ бир философтор Россиядан кетишет. 1922-жылы Н.А.Бердяев, С.Л.Франк, И.О.Лосский, С.И.Булгаков, И.А.Ильин ж.б. чет өлкөгө айдалат. Н.Бердяев Россиядан кеткенден кийин «Диндик-философиялык Академия» уюштурат. 1925-жылдан баштап диндик философиянын негизги идеялык күчү «Путь» аттуу журналдын айланасына чогулушат.

«Жаңы диндик аң сезимдин» калыптанышында В.В.Розанов чоң роль ойногон. Анын негизги кызыккан темасы – «адам метафизикасы». Адамдын жаны көз карандысыз, материалдык эмес маңыз, ал ар түрдүү форманы (идеяны) жарата алат. Жан өлбөс, тело ажырап, кыйрагандан кийин, жан «таза жашагандыктын формасы» катары көрүнөт.

Розановдун оюу боюнча адам – кудайлык менен жаратылыштын, жан менен дененин биримдиги. Адам маңызынын маанилүү көрүнүшү болуп сүйүү эсептелет, бул жан менен телонун синтези болуп саналат.

«Неохристианчылыктын» негизги өкүлү болуп Дмитрий Сергеевич Мережковский эсептелет. Анын «Толстой жана Достоевский», «Кудайлардын төрөлүшү», «Таанылгыс Иисус» ж.б. чыгармаларында философиялык көз карашы чагылдырылган. Д. Мережковскийдин оюу боюнча өткөнгө кайрылбастан, жаңы ачылыштарды изденүү керек, эски христианчылык өзүнүн доорун жашап бүттү. Ал материализмге каршы чыгып, дүйнөнүн көп түрдүү сыры бар экендигин айтат. Жандын, асмандын, личносттун жашыруун сырын ачууда акылга эле таянуу мүмкүн эмес. Ал үчүн рационалдуулук менен иррационналдуулуктун синтезине негизделиш керек.

Д.Мережковский Розановдун таасири астында жыныс проблемасына кайрылган. Личносттун идеалын эркек менен аялдын жакшылыгынын карым-катнашынан көргөн.

«Жаңы диндик аң сезимдин» көрүнүктүү өкүлү болуп Николай Александрович Бердяев эсептелет. Бул философту XX кылымдын диндик-идеалисттик философиясынын негизги фигурасы катары мүнөздөшөт.

Н.Бердяев системаланган философиялык окууну жараткан эмес. Аны эркиндик, чыгармачылык, адам жашоосунун маңызы, тарыхы, орус тарыхы, философиясы, орус интеллигенциясынын жана орус революциясынын тарыхы жөнүндөгү проблемалар кызыктырган.

Н.Бердяевдин философиялык позициясы идеалисттик маанайда эле. Анын философиясы эркиндикке багытталат жана дүйнөнүн сыры эркиндикте экендигин белгилейт. Ал онтологияда бытие эсептелбестен «бытиенин үстүнөн болгон эркиндик» эсептелерин айтат, Н.Бердяевди христиандык маанайдагы персоналист же экзистенциалист катары эсептешет. Анын көз карашында философиянын чыныгы предмети – адамдын ички рухий дүйнөсү. Анткени философия «Мен» дегендин үстүнөн, «Менин тагдырым» деп ой жүгүртүүдөн башталат. Ал философия менен илимди ажыратып кароо керектигин айтып кеткен. Тааным – рационализация менен рационализм болсо тааным менен окшоштурулат. Анын көз карашында таанымдын эки түрү жашайт: рационалдуу жана иррационалдуу, бытиенин сыры акыл менен таанылa албайт, ошондуктан Н.Бердяев философиянын кризиси жөнүндө айтат, рационализм менен иррационализм салыштырбастыгы менен шартталат.

Рух менен жаратылыш карама каршы коюлат. Рух – бул субьект, жашоо, эркиндик, от, чыгармачыл эркиндик; жаратылыш – обьект, буюм, зарылдык, аныктык, пассивдүү ишмердүүлүк; жаратылыштагы көп түрдүүлүк болот, мейкиндик менен убакытта бөлүнүү жүрөт, рухта сүйүүгө негизделенген биримдик өкүм сүрөт.

Кудай – бул Рух, ал акылдан жогору, аны символикалуу гана ойлой алабыз, символдор болсо чыныгы аныктык.

Кудай дүйнөнү жок нерседен жараткан. Бирок жок нерсе бул кандайдыр бир нерсе, ал Кудайга карай багытталган.

Адам – бардык жаратылганды алып жүрүүчү. Н.Бердяев боюнча адам кудайдын баласы жана эркиндиктин бел баласы. Ал кудайга окшоштурулуп, образ боюнча жаратылган. Ошондуктан кудайдын образын өзүнө алып жүрүшү керек.

Адам – микрокосм, анда баары бар. Ал көп түрдүү татаал, көп составдуу бытие, анда жөнөкөй таштан баштап кудайлык белгилер бар. Адам эки жактуу: төмөнкү жана жогорку дүйнөнү чагылдырат. Ал кудайдын образы жана окшошу катары личность болуп көрүнөт. Аны индивидден айырмалоо зарыл. Личность – рухий-диндик категория, индивид – табигый-биологиялык категория болуп саналат.

Личность коркунуч, кайгы, зеригүүнү башынан өткөрөт, ал бакытка умтулат, жалгыздык карым катнашка умтулуусун жаратат. Н.Бердяев кайгы менен зеригүүнү, коркунучту айырмалоо жөнүндө айтат. Кайгы жогору дүйнөгө умтулат, коркунуч менен эргүү төмөнкү дүйнөгө багытталган.

Адам бакытка умтулат. Н.Бердяев бакыт деген эмне? деп суроо коет да, ага жооп берген. Андан сырткары адам бытиесинин эки жактуулугун айтат. Жалгыздык негизги тема катары каралат. Анын тескериси – карым катнаш. Адамдын эркиндигинин үч түрүн көрсөтөт. Алгачкы иррационалдык эркиндик; рационалдык эркиндик (моралдык милдеттин аткарылышы); сүйүүгө ширелген эркиндик. Эркиндик да эки жактуу: «андан болгон» эркиндик, ошол үчүн болгон эркиндик. Биринчиси – танылган (четке кагылган) шайтандын эркиндиги, күнөөдөгү эркиндик; экинчиси – кудай эркиндиги, сүйүү, жакшылык, чындык үчүн эркиндик.

Н.Бердяевдин эркиндик программасы чыгармачылык жөнүндөгү окуусунда улантылган. Чыгармачылык окуусунда антроподицея идеясын айтат. Антроподицея – чыгармачылыкта жана чыгармачылык аркылуу адамдын актануусу. Чыгармачылык эркиндиктен жаралат, ал бүтпөйт, келечекке умтулат. Чыгармачылык менен жамандыктын карама каршы күрөшү тарыхтын маңызын түзөт. Дүйнө жамандык эркиндигинен жакшылык эркиндигине карай өнүгөт.

Н.Бердяев маданияттын кризиси, «орус идеясы» жөнүндөгү ойлорун чагылдырып бере алган.

XX-кылымда «жалпы биримдик философиясы» өзүнүн идеяларын улантат. Негизги өкүлү болуп С.Н.Булгаков, П.А.Флоренский, С.А.Франк эсептелет.

XX-кылымда интуитивизм пайда болуп өнүгөт. Анын башында Н.О.Лосский турган. Ал өзүнүн окуусун «идеал - реализм» же «интуитивизм» деп атаган.

Н.О.Лосский дүйнө жөнүндөгү эки окуу бар экендигин белгилейт. Биринчи окуу боюнча «элементтер» абсолюттуу, алгачкылык мааниде, салыштыруусуз эле жашайт. Бүтүндүк экинчилик мааниде, ал өз элементтерине көз каранды. Экинчи окуусу – «органикалык дүйнө караш» деп аталат. Мында алгач бүтүн жашайт, ал эми элементтер бүтүндүк системасында гана пайда болуп, жашайт.

Н.О.Лосский экинчи концепцияны жактайт да, «система бар жерде системадан жогору турган нерсе бар» деп айтат.

Ушул эле учурда иррационализм да өз ордун көрсөтө алды. Анын өкүлү болуп Лев Исакович Шестов эсептелет. Ал илимий логикалык ойломго жашоонун рационалдуу маңызына, чындыкка каршы чыккан. Жашоонун сыры көп, ал түшүнүк-логикалык ой жүгүртүү менен таанылбайт. Л.Шестовдун оюу боюнча акылга да, сезимдерге да ишенүүгө болбойт. Анткени чындыкка рационалдык жол менен жетүүгө болбойт, акылга да ишенүү мүмкүн эмес, ошондуктан адам ишенимге, кудайдын зор күчүнө гана ишенүүсү калды.

Орус философиясынын тарыхында укук философиясы да чоң мааниге ээ. Көрүнүктүү өкүлү болуп Иван Александрович Ильин эсептелет. Анын ой жүгүртүүсүндө адамдагы, коомдогу, тарыхтагы рухий башталыш биринчилик мааниде. Рухий багытталыш – негизги күч.

Адам ишенимсиз жашай албайт. Коомдук жашоонун негизинде өзүңдү кайра түзүү турат, жеке рухтун моралдык жактан бузулушу коомдун толук кандуу жашоосуна мүмкүндүк бербейт.

Коомдун кризиси – адамдардын рухий жашоосунун туура эмес жүрүш-турушунун натыйжасы.

И.Ильин динге ишенүүнүн негизинде рухий жаңылануууга чакырат. Ишеним – бул кудайга болгон сүйүү жана ага умтулуу. Мындан сырткары И.Ильин эркиндик, патриотизм, улутчулдук, адилеттүүлүк темаларына кайрылат. Ал аракеттүүлүктү адамдардын теңдиги жана теңсиздиги жөнүндөгү маселе менен байланыштырат.

И.Ильин укук, укуктук аң сезим, мамлекет концепцияларын иштеп чыгат. Анын ой жүгүртүүсүндө эстетикалык көз караш менен катар укук аң сезими да жашайт. Бул бардык адамдарда болот. Адамдардын баары укуктук нормалардын түшүнүүсү зарыл. Укук – бул жүрүм-турум нормаларынын жыйындысы. Укук нормалары мамлекеттик бийлик тарабынан берилет. Жаратылыш законнорунан айырмаланып, укук нормалары милдеттүүлүктүн нормалары, булар бузулушу мүмкүн, ал карама-каршылыкты жаратат.

XX-кылымдын башында мистицизмге, оккультизмге, теософияга, йогага кызыгуу күчөй баштайт. Интеллигенциянын көп бөлүгү революциялык ишмердиктен баш тартып, мистицизмге баш урушат. Бул багыттын өкүлдөрү болуп П.Д.Успенский, Д.Л.Андреев эсептелет.

Бул мезгилде марксисттик философия да Россияда өнүгөт. П.В.Плеханов, П.С.Юшкевич, В.А.Базаров, А.В.Луначарский,

А.А.Богданов, В.И.Ленин, Н.И.Бухарин, А.Ф.Лосьев, М.М.Бахтин, В.Ф.Асмус, Э.В.Ильенкова көрүнүктүү өкүлдөрү болуп калышкан.

## Кайталоо үчүн суроолор

1. Киев Русундагы философиянын калыптанышы жөнүндө эмне билесин?
2. XVIII кылымдагы философиянын өз алдынча илим катары калыптанышы эмне менен байланыштуу?
3. «Батышчылар» деген кимдер?
4. «Славянофилдердин» негизги идеялары эмне жөнүндө?
5. Декабристтердин кыймылы жөнүндө эмне билесин?
6. Революциялык-демократиялык кыймылдагы негизги идея кайсы?
7. «Народниктер» деген кимдер?
8. «Неославянчылардын» ой жүгүртүүсү эмнеге багытталган?
9. Космизм идеясы жөнүндө эмне билесиң?
10. Иррационализм жана интуитивизм деген эмне?
11. Укук философиясынын негизги өкүлү ким?
12. Интуитивизм окуусунун булагы эмнеде?
13. Россиядагы марксисттик философия жөнүндө эмне билесиң?
14. В.И.Лениндин кайсы чыгырмаларында философиялык ойлор жатат?

## Өз алдынча иштердин темалары

1. «Орус правдасындагы» коомдук-философиялык ойлор
2. Батышчылар менен славянчылардын философиялык көз караштары
3. Декабристтер жана Россиядагы революциялык-демократиялык кыймыл
4. Народниктердин философиялык ойлору
5. Н.Бердяев – көрүнүктүү философ
6. Н.Бердяевдин философиядагы эркиндик проблемасы
7. Н.Чернышевскийдин философиялык ой жүгүртүүлөрү
8. В.И.Ленин «Материализм жана эмпириокритицизм» чыгармасынын мазмуну.
9. В.И.Лениндин «Философиялык дептерлер» эмгегинин мааниси
10. В.И.Лениндин материя жөнүндөгү философиялык окуусу.

## Сунуш кылынган адабияттардын тизмеси

1. Бердяев Н.А. Истоки и смысль русского коммунизма. – М.: Наука, 1990.

2. Бердяев Н.А. Философия свободы. Смысль творчеств. – М.: Правда, 1989.

3. Герцен А.И. Сочинения: В 2 т. – М.: Мысль, 1985-1986.

4. Кропоткин П.А. Хлеб и воля. Современная наука и анархия. – М.: Правда, 1990.

5. Ленин В.И. Материализм и эмприокритицизм. // ПСС. – Т. 18. – С. 7-384.

6. Ленин В.И. Карл Маркс. // ПСС. – Т. 26. – С. 43-93.

7. Ленин В.И. Философские тетради. // Избр. соч.: В 10 т. – Т. 5. ч.II. – М.: Изд-во полит. литер., 1985

8. Ломоносов М.В. Избранные философские произведения. – М.: Соцэкгиз, 1950

9. Лосев А.Ф. Владимир Соловьев и его время. – М.: Прогресс, 1990

10. Лосский Н.О. История Русской философии. – М.: Советский писатель, 1991.

11. Новиков А.И. История русской философии X-XX веков. – СПб.: Лань, 1998.

12. Ойзерман Т.И. Проблемы историко-философской науки. 2-е изд. – М.: Мысль, 1982. – 301 с.

13. Плеханов Г.В. Избранные философские произведения. – Т.1-3. – М., 1956-1957.

14. Радиүев А.Н. Сочинения. – М.: Художественная литература, 1988.

15. Русская философия второй половины XVIII в.: Хрестоматия. – Свердловск: Изд-во Урал. Ун-та, 1990.

16. Ткачев П.Н. Кладези мудрости российских философов. – М.6 правда, 1990.

17. Философский энциклопедический словарь. / Редкол.: С.С. Аверинцев, Э.А. Араб-Оглы, Л.Ф. Ильичев и др. – 2- е изд. – М.: Сов. Энциклопедия, 1989. – 815 с.

18. Чернышевский Н.Г. Избранные сочинения. – М.: Художественная литература, 1989. – 527 с.

# Мазмуну

**Киришме ……………………………………………………………… 3**

**Байыркы дүйнө философиясы ……………………………………… 4**
Байыркы Индия философиясы …………………………………..
Байыркы Кытай философиясы ………………………………….
Античтик Греция философиясы …………………………………

**Орто кылымдар философиясы ……………………………….... 63**
Батыш Европадагы алгачкы схоластика. Схоластика жана Мистика …………………………………………………………….
Өнүккөн феодализм доорундагы философия ………………...
Византия философиясы ………………………………………..
Орто кылымдагы араб-ислам философиясы …………………….

**Кайра жаралуу доорунун философиясы ………………………. 101**
Кайра жаралуу доорундагы философиянын антропоцентристтик мүнөзү ………………………………………
Гуманизм идеяларынын жаралышы жана өнүгүшү ………………
Натурфилософия ……………………………………………………….
Реформация ……………………………………………………………

**Жаңы доор философиясы …………………………………….. 140**
XVII-кылым философиясы ……………………………………..
Агартуучулук философиясынын негизги идеялары ……………….
Немецтик классикалык философия …………………………………

**XIX-кылымдагы жана XX-кылымдын башындагы философия …………………………….……………. 207**
Позитивизм жана анын тарыхый формалары ……………………..
Прагматизмдин негизги идеялары ………………………………
XIX-кылымдагы жана XX-кылымдын башындагы иррационализм ………………………………………………….
Марксисттик философия ……………………………………...

**XX-XXI-кылымдагы философия ……………………………….. 237**
Неотомизм жана анын негизги идеялары ……………………….

Фрейдизм жана анын өнүгүүсү ……………………………………
Неопозитивизм жана постпозитивизм …………………………….
Экзистенциализм жана анын негизги мазмуну …………………..

**Кыргыз философиясы ………………………………………..……. 256**
Байыркы кыргыздардын дүйнө таанымындагы дүйнө түзүлүшү ………………………………………………………….
Орто кылымдардагы социалдык-философиялык ойлор …..
Легендарлуу ойчулдардын дүйнөкарашы …………………..
XIX-кылымдагы жана XX-кылымдын башындагы философиялык ойлордун өнүгүшү ……………………….
Совет доорундагы философиялык көз караштардын өнүгүүсү ……………………………………………………..

**Орус философиясы ………………………………………………….**
Орус философиялык ойлордун пайда болушу жана калыптанышы ……………………………………………….
XIX-кылымдагы философиялык окуулардын өнүгүүсү ………..
XX кылымдагы философиялык ойлор …………………………..

# Философия тарыхы

(окуу куралы)

**Токоева Гулдана Самидиновна** –
философия илимдеринин кандидаты, доцент,
ЖАМУнун философия жана гуманитардык илимдер
кафедрасынын башчысы.